63.3(0)6кыр
Ж 88

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Ош Мамлекеттик университети

Тарых факультети

Жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасы

Жумашова Гулзада Султановна

Жаңы мезгилдин тарыхы

(1871-1917-жж.)

Лекциялар курсу

38945

БЕЛГ
36106
№

Бишкек – 2018

УДК 94(100-87)
ББК 63.3 (0)6
Ж 88

Окуу куралы тарых факультетинин Окумуштуулар кеңеши,
Ош мамлекекттик университетинин окуу-методикалык кеңеши,
Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин
2018-жылдын 25-июнунун № 9 жыйынынын токтомунун чечими
менен басмага сунушталган.

Жооптуу редактор:
тарых илимдеринин кандидаты, профессор **Кадыров Т.Д.**

Рецензент:
тарых илимдеринин кандидаты, профессор **Адилбаев Ж.А.**
Саясат тануу илимдеринин кандидаты, доцент **Абазбек уулу Р.**

Жумашова Г. С.
Ж 88 Жаңы мезгилдин тарыхы. Лекциялар курсу.
(1871-1917жж.) . – Б.: Maxprint. 2018 – 274 б.

ISBN 978-9967-32-322-3

Окуу куралында Европа жана Америка өлкөлөрүнүн 1871-жылдан 1917-жылга чейинки кыскача саясий-экономикалык тарыхы жана социалдык абалы, жумушчулардын кыймылдары камтылган.

Эмгек тарых адистигиндеги студенттерге, тарыхчыларга, магистр-аспиранттарга арналат.

Ж 0503010000-18

ISBN 978-9967-32-322-3

УДК 94(100-87)
ББК 63.3 (0)6

© Жумашова Г. С., 2018

МАЗМУНУ

Киришүү 4

I. Лекция. Франктык-пруссиялык согуш 9

II Лекция. XX кылымдын башындагы Франция жана анын 1871-жылдагы согуштан кийинки мезгили 21

Лекция III. XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы Германия империясы. 36

IV Лекция. Австро-Венгрия монархиясы 48

V Лекция. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Италия 62

VI Лекция. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы Англия 73

VII Лекция. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы АКШ 91

VIII Лекция. Латын Америка өлкөлөрү XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында 102

IX Лекция. Испания жана Португалия 115

X Лекция. XIX-кылымдын аягы XX-кылымдын башындагы Түндүк Европа өлкөлөрү 131

XI Лекция. Түштүк Чыгыш Европа өлкөлөрү 146

XII Лекция. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Европадагы эл аралык мамилелер 166

XIII Лекция. Биринчи дүйнөлүк согуш 177

XIV Лекция. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башталышындагы илим жана техниканын өнүгүшү 191

Терминдер. 216

Тиркемелер 222

КИРИШҮҮ

Негизги түшүнүктөр: Европа жана Америка өлкөлөрүнүн жаңы тарыхы предмети жана анын максаты. Жаңы тарых мезгилинин хронологиясы жана анын кээ бир маселелери. Европа жана Америка өлкөлөрүнүн жаңы тарых мезгилинин тарыхынын тарыхнаамеси тарыхый булактары. Жаңы тарых мезгилинин тарыхынын үйрөнүүнүн өзгөчөлүгү. Курсту үйрөнүүнүн өзгөчөлүгү.

Лекция: Бул курстагы саясий процесстердин жүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү катары колониялдык саясаттагы эволюциялык өзгөрүүлөр жана реформалардын зарылдыгы, Европа жана Америка мамлекеттериндеги «индустриялдык коомдун» түзүлүшү жана өнүгүшү, улуттук көз карандысыздык үчүн кыймылдардын пайда болушу, суверендүү улуттук мамлекеттердин пайда болушу, аймактагы олуттуу саясий процесстердин жүрүшү жана анын атуулдук (граждандык) коомдун түзүлүшүнө тийгизген таасири саналат.

Демократиялык процесстер жана адам укугу, жаңы доордогу реформалар, революциялар жана анын маңызы, улут жана улуттук кыймылдар, европалык жаңыдан жаралуу жана европалык керемет, батыш европалык цивилизация, Европа мамлекеттүүлүгүндөгү эволюциялык кайра түзүүлөр мезгилдин жана курстун үйрөнүү өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

XX кылымдын башындагы революциялык кыймылдын жогорулашы, эл аралык жумушчу кыймылында революциялык жана оппортунисттик тенденциялардын ортосундагы күрөштүн курчушу, маданияттын өнүгүшүнүн негизги белгилери, илимдин эң маанилүү жетишкендиктери, агартуу, буржуазиялык маданияттын кризиси, демократиялык жана социалисттик маданияттын элементтеринин өнүгүшү - предметтин актуалдуу маселелери.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын 20-жылдарында Европа Америка өлкөлөрүнүн бардык мамлекеттери мамлекет катары калыптанып, илимде илимий чоң ачылыштарды ачканына күбөбүз. Мына ушул мезгилде англиялык физиктер тарабынан темир эритүүчү мештин ойлоп чыгарылышы, француздар тарабынан буу менен кыймылдаткычты ишке киргизилиши, Россиядагы капоттун ойлоп чыгарылышы жана башка ушул сыяктуу илимий техникалык ачылыштар өлкөлөрдүн бүтүндөй өндүрүштүк революциясын камсыз кылып, социалдык жана саясий коомдогу өзгөрүүнү

жараткан. Башкача айтканда, мануфактуралык жана цехтик өндүрүштөн фабрикалык өндүрүшкө өтүү процесси башталган. Мына ушундай өзгөрүүлөрдүн баарына капиталисттик системанын алгачкы өнүгүүсү түрткү берген.

XX кылымдын 50-жылдарында Европа, Америка өлкөлөрүндө жашаган калктардын 3/1 бөлүгү шаарларда жашап калган. Ал эми Англиянын калкы XIX кылымдын аягында 75% шаар тургунуна айланган. XIX кылымдын 70-жылдарына карата Европа континентинде революциялык толкундоолор токтотулуп, башкаруу чөйрөсүндө буржуазиялык мүнөздөгү улуттук мамлекеттер пайда болгон. Алар республикалык же конституциялык монархиялык формада бөлүнгөн. Мындан сырткары бул өлкөлөрдүн айыл чарбасында капиталисттик мүнөздөгү ишканалар пайда болгон. Жаңы доордун ушул мезгилинде бул өлкөлөрдө парламенттик система түзүлүп, граждандык коомдун элементтери бөлүнүп, адамдын жеке укукту сыйлоо институту калыптанып, башкача айтканда адамдын саясий укуктары көтөрүлүп, алардын индивидуалдуулугу сакталган жана граждандык коом алдыга авангард катары чыккан. Граждандык коом - бул белгилүү бир мааниге ээ болгон адамдар.

Европа, Америка өлкөлөрүнүн XIX кылымдын аягы XX кылымдын башталышындагы коомдук - саясий өнүгүүсүндө төмөндөгүдөй өзгөрүүлөрдү байкоого болот. Айта кетсек, Франциядагы социалисттик революцияга чейин бул өлкөдө республикалык башкаруу болгон эмес, Англиядагы монархиялык бийлик чектелип, мамлекеттик парламенттик бийлик калыптанган. Германия мамлекетинде бытырандылыктан бирдиктүү мамлекет пайда болгон жана жаңы конституция кабыл алынган. Болгария, Сербия, Черногория, Румыния, Греция көп жылдарга созулган Осмон империясынын баскынчылыгынан биротоло бошонгон. АКШда улам-улам иш таштоолор жүрүп, коомдук алга жылуу башталып, эл аралык жумушчулардын биримдиги түзүлүп, Интернационалдын пайда болушу менен шартталып, Куба элинин боштондукка чыгуусу да жаңы мезгилдин экинчи бөлүгүнүн маңызы болуп саналат. Италияда буржуазиялык монархиялык конституция кабыл алынган жана бүткүл өлкөнү жеңген бирдиктүү конституциялык парламент иштей баштаган. Испанияда монархиялык конституциялык парламент орноп, анын негизинде жаңы шайлоо системасын киргизген.

Башкача айтканда, бул өлкөлөрдө бийликке жаңы саясий илимдердин келиши менен жаңы илимдерди пайдаланылып, алар биринчи кезекте социалисттик мамилелердин пайда болушун жана орношун камсыз кылууга, аны ишке ашырууга аракеттенишкен. Бул реформалар мамлекеттерде эң биринчи адамдарды либерализация аркылуу башкара баштаган. Либерал - бул бир гана конституцияга баш ийген эркин адам. Ал эми либерализация – бул коомдогу адамдардын баарын конституцияга баш ийдирүү процесси.

Кээ бир тарыхый булактарда Европа Америка өлкөлөрүнүн жаңы доордогу тарыхын "Атлантика цивилизациясынын тарыхы" деп аташкан. Себеби, ушул мезгилде Атлантика океанынын жээгинде жайгашкан өлкөлөр болуп көрбөгөндөй ири өнүгүүлөргө жетишкен. Алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү колониялдык метрополиялардын эсебинен толукталып тургандыктан, бул системаны сактап калуу аракетиндеги иш чараларды жүргүзүп, колониялдык эзүүнү күчөткөн.

Дал ушул колониалдык ээликтердин талаш- тартышынан улам Германия, Австро-Венгрия жана Италиянын ортосунда үчтүктөр союзу, андан кийин эле ага карама каршы Россия, Англия, Франция биримдигинде Антанта согуштук блогунун түзүлүшү дүйнөлүк эки саясий-согуштук очоктун пайда болушуна шарт түздү. Ушул маселенин айланасында 1898-жылы испандык-америкалык, 1899-1902-жж. Англия-бурдук согушу, 1910-17-жж. Мексикадагы буржуаздык демократиялык революциялар болуп өткөн.

Ошентип карама-каршылыктуу маселелер чечилбестен курчуп отуруп, жыйынтыганда биринчи дүйнөлүк согуштун башталышына алып келди. Революциялык кырдаалдар боюнча бышып жетилген уюмдар, топтор мамлекеттерде андан жаңы коомду түзүүгө аракеттенип, анын айланасында бир топ алгылыктуу иштерди жүргүзүп, ал өз жемишин жетишээрлик деңгээлде бере алды.

XIX кылымдын 70-80-жж. көптөгөн өлкөлөрдө социалистик жумушчу партиялары пайда болгон. 1875-жылы Германияда А.Бебель жана В. Либнехт жетектеген социал-демократиялык партия түзүлгөн. 1879-жылы АКШ да социалдык партия уюшулган. 1879-жылы Францияда түзүлгөн жумушчусу партияларынын жетекчилери Ж.Гед жана П.Лафар болгон. Англияда , Австро-Венгрияда, Италияда, Белгияда, Голландияда жана Скандиновия өлкөлөрүндө пролетардык саясий партиялар пайда болгон. Профсоюздар жалпы элдик уюмдарга айланган.

Жумушчу кыймылынын уюмдашуусунун өсүп-өнүгүүсү эл аралык пролетардык жаңы уюмдун – II интернационалдык түзүлүшүн шарттаган. II интернационал 1889-жылы 14-июлда Париждеги эл аралык социолистик конгрессте мезгил-мезгили менен чакырылып туруучу эл аралык конгресс катарында түзүлгөн. Анда жумушчу кыймылынын тажрыйбасы жалпыланып, бир кыйла актуалдуу коомдук проблемалар боюнча чечимдер кабыл алынып турган. II интернационал жумушчулардын күрөшүү ыкмаларын жана анын жаңыча жолдорун иштеп чыгууга зор салым кошкон. Анын конгресстеринде социалдык мыйзам актылары боюнча маселелерге 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү, бирдей эмгек үчүн бирдей акы төлөө, жумушчулардын эмгек жана турмуш тиричилик шарттарын жакшыртуу өндүү маселелерге өзгөчө көңүл бурулган. 1889-жылы Париж конгрессинин чечими боюнча пролетардык тилектештиктин күнү 1- Май жыл сайын белгилене баштаган.

Куралдануу жана аскердик бюджетти кыскартуу, улуттук-боштондук кыймылдарды колдоо, колониализмге каршы күрөшүү жөнүндөгү талаптар II интернационалдык конгресстердин актуалдуу маселелери болгон. II Интернационал түзүлгөндөн көп өтпөй, обьективдүү себептер менен шартталган шектенүү пайда боло баштаган. К. Маркстын революциясы элди социалистик революцияга жана пролетариат диктатурасын орнотууга багытталган. Реформачыл кыймыл реформаларды жүргүзүүнү биринчи орунга койгон. Немис социал- демократы Бернштейн таптардын ортосундагы өз ара кызматташтыкты, реформалардын маанисин негиздеп көрсөтүп берген. Ал социализмге менчикти жалданма жумушчуларга бөлүштүрүү аркылуу тынчтык жол менен барса болорун, ошондуктан революциянын кереги жок деп эсептеген. Немис социал-демократы К.Каутский революциячыл марксчылар менен реформачылардын ортосундагы борборчул багытта туруп, капитализмге каршы реформалардын жардамы менен күрөшсө болоорун белгилеген.

Согуш коркунучу II интернационалдык согушка каршы ишмердүүлүгүн арткан. Бул иште II интернационалдык Штутгарт (1907), Копенгаген (1910), Базель (1912) конгресстери маанилүү роль ойногон. Аларда согушка көрүлгөн даярдыктарды тастыктаган жана каршы күрөшүүдөгү каражаттардын баарын колдонууга чакырган документтер кабыл алынган. Тилекке каршы, дүйнөлүк биринчи согуштун алдында Батыш Европадагы

өлкөлөрдүн социалистик партияларынын жетекчилеринде буржуазия менен кызматташууга ниеттенген реформачылар көп эле.

Согуш башталгандан кийин германиялык социал-демократтар, франциялык социалисттер парламенттерде согуш жүргүзүүгө каражаттарды бөлүү үчүн добуш беришип, "Жарандык дүйнө идеясын жакташкан". Бул болсо II интернационалдын кыйрашын алдын ала аныктап койгон.

Дүйнөлүк биринчи согуштун алдында АКШда 17 млн., Англияда 13млн., Германияда 11 млн., Францияда 3.7 млн., Италияда 3 млн. өнөр жай жумушчулары болгон. Бул аларда жашаган калктын басымдуу бөлүгү эле. Эгер аларга айыл-чарба жумушчуларын, соода-сатык жана тейлөө чөйрөсүндөгү жалданма жумушчуларды кошо турган болсок, андан да көп болоору бышык. 1914-жылы Европа, Америка өлкөлөрүндөгү профсоюздардын мүчөлөрү биригип 13.2 млн. адам болгон, ал эми социалистик партиялардын мүчөлөрү 4.2 млн. кишинин башын бириктирген. Бул көрүнүш социолисттик лагердин күч алып жаткандыгынан кабар берет. Ушул таптагы социал-демократиялык партиялардын эң кубаттуусу германиялык рейхстагдагылар болчу, андан кийинки орунда Франциянын палатасындагы депутаттар турган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

I. ЛЕКЦИЯ.

ФРАНКТЫК-ПРУССИЯЛЫК СОГУШ

Негизги түшүнүктөр: Франктык-пруссиялык согуштун негизги себептери. Согуштун башталышы жана жүрүшү. Франктык-пруссиялык согуштун мүнөзү. Франктык-пруссиялык согуштун тарыхый мааниси жана анын жыйынтыгы. Герман мамлекети согуштун демилгечиси катарында. Франциянын согуш алдындагы социалдык-экономикалык абалы. Герман мамлекеттеринин согуш башталар мезгилиндеги социалдык-экономикалык абалы. Герман мамлекеттери тараптын согушка сапаттуу даярдыгы. Согуштун адилеттүү жана адилетсиз болуп эсептелинген чечимдери. Франктык-германдык согуштагы Пруссиянын ролу. Эки өлкөнүн элдеринин согушка болгон мамилеси. Франциянын Седан согуштук чебинин талкаланышы. Франциядагы жаңы коалициялык өкмөттүн түзүлүшү. Германия империясынын түзүлүшү жана анын тарыхый мааниси. Пруссиянын Германия империясынын түзүлүшүндөгү ролу. Франциядагы саясий кризистер. Германиянын жана Франциянын согуштан кийинки мезгилдеги экономикалык абалдары. Франциядагы 1870-жылы 4-сентябрындагы революция. Германия менен Франциянын ортосундагы убактылуу тынчтык келишиминин түзүлүшү. А.Тьер – жаңы өкмөттүн башчысы жана анын мамлекетти башкаруудагы жүргүзгөн саясаты.

Лекция: Согуш бул бир мамлекет менен экинчи бир мамлекеттин ортосунда келишпестигинин натыйжасынан улам пайда болгон татаал жараян. Тарыхый булактарга таянганда Европа, Америка өлкөлөрүнүн тарыхынын экинчи бөлүгүнүн тарыхы Пруссия менен Франциянын ортосундагы согуштун башталышы менен негизделет. Мындан сырткары, биринчи пролетариаттардын революциясы, Париж коммунасынын тарыхы бул мамлекеттин тарыхын улантуучу катары эсептелет. Пруссия менен Француздардын ортосундагы согуш 1871-жылы Европада борбордук Германия жана Италия мамлекеттеринин пайда болуусуна шарт түзгөн. Бул согуш Европада эки ири улуттук мамлекет Германия жана Италиянын калыптанып бүтүшүнө чекит койду.

Тарыхта белгилүү болгондой 1866-жылы Австриянын үстүнөн болгон Пруссиянын жеңүүсү анын тегерегине түндүк-герман союзунун биригүүсүн шарттады, бирок бул союзга германдык мамлекеттер: Бавария, Баден, Вюртемберг жана Гессен кирген эмес. Себеби бул аймактарда Наполеондун бийлиги үстөмдүк кылып турган. Бул Франциянын бийлиги тарабынан жүргүзүлгөн сепаратизми болгон, себеби Герман мамлекеттеринин биригүүсүн Франциянын башкаруучу тобу каалабады. Алар Пруссия бул планды ишке ашырбоо керек деп эсептеп, ар түрдүү каршылыктарды жүргүзгөн.

Бул түзүлгөн жагдай түндүк герман союзунун эртерээк Францияга согуш ачып, анын таасириндеги бүт герман мамлекеттерди чыгарууну тездетүү планын алдыга койгон. Түндүк германдык рейхстаг тынч мезгилде эле армиянын саны жагынан көбөйтүү жана ага кеткен чыгымды жогорулатуу жөнүндө мыйзамды бекитти. Ал эми согушту баштоого Бисмарк шылтоо издеди. Шылтоо коргонуу маанисинде болуп, согушту баштоо үчүн бүт элдин колдоосуна ээ болууну көздөгөн.

Пруссия XIX кылымдын 60-жылдарындагы Австриянын үстүнөн болгон жеңиштин негизинде ал түндүк герман союздук мамлекеттин ичинде өзүнүн кадыр баркын болуп көрбөгөндөй өстүрүүгө жетишкен. Мына ушундай шартта Пруссиянын биринчи канцлери Отто Фон Бисмарк бүткүл немистик аймактарды бириктирүү саясатын баштаган. Европада жалпы герман рыногун түзүүгө аракеттенген, бирок бул жөрөлгөнү бардык Европадагы католик элдери кызыгуу менен колдогон эмес. Жалпы германдык рынок түзүүнү түндүк герман союзуна кирбеген, майда герман мамлекеттери жакшы колдошподу. Булардын көпчүлүгү католик, ал эми Пруссияда көпчүлүк элдин протестант болушу да биригүүдө чоң тоскоолдукту жаратты. 1871-жылы Пруссия менен алардын ортосунда түзүлгөн аскердик конвенциянын да мөнөтү бүткөн болчу. Вюртемберг жана Баден ландтагында пайда болгон оппозиция бул конвенциянын уланышына каршы чыгышты, ал эми Баварияның ландтагынын өкүлдөрү Хлодвиг Гогенлоэ башында турган пруссофилдик кабинетти 1870-жылы оставкага кетиришкен. Хлодвиг Карл Виктор цу (1819-1901-жж.) Гогенлоэ княздык үйүнүн өкүлү катары, 1846-жылы бавардык рейхстрагдан орун алып, андан соң, премьер-министр, тышкы иштер министри болуп, Герман империясынын биригүүсүн активдүү

колдоочулардын бири болгон. 1866-жылы Герман империясы бириккенден кийин мамлекеттик кызматка келген.

Ушул шартка карабастан Бисмарк интенсивдүү түрдө бир эле мезгилде коргонуу менен бирге чабуулга өтүүгө даярдана баштаган. Согушка болгон даярдык Бисмаркка болуп көрбөгөндөй кадыр-барк алып келет. Себеби, мыкты стратег болгон. Ал коргонуу жана чабуулга өтүү ишин бирдей ойлонуштурган. Францияга болгон согуштук даярдыгын төмөндөгүдөй жүргүзгөн: Француз германдары өздөрүнүн мурдагы согуштук ийгиликтери менен башташат деп эсептеген.

Франция да согушка даярдыгын көрдү. XIX кылымдын 60-жылдарынын экинчи жарымында өлкөдөгү экинчи империянын абалы туруксуз болду. XIX кылымдын 70-жылдарында Франциядагы Наполеон IIIтүн бийлиги өз башынан кризистик абалды өткөрүп жаткан учуру эле. Ири банктар талкаланып, ишин токтотуп, эркиндик жана укуктун чектелүүсү калк массасынын нааразычылыгын туудурду, коррупциянын кулач жайылышы мамлекеттик аппараттагы реакциячылдардын жана либералдардын кыжырына тийди. Мексикадагы алты жылга созулган аскердик интервенция талкалануу менен аяктады. Кытай, Индокытай, Жаны Каледония жана Сириядагы экспедициялар салыктардын жогорулашына алып келди, бул болсо калктын калың катмарынын нааразычылыгын жаратты.

Германдыктарды оңой эле талкалоого болот деген ишенимдин негизинде Франция согушка даярдануунда анчалык даярдык көргөн эмес. Франциянын согушка даярдануудагы тышкы дипломатиялык иштери ийгиликтүү болбогон. Англия өкмөтү экинчи империянын саясатына толук кошулган эмес. 1850-жылдарда Италиянын биригүүсүнө Франциядагы экинчи империя тоскоолдуктарды кылып турган. Ал эми Италия болсо, 1866-жылдын аягына чейин Римди "коргоого" алганын жана 1867-жылы гарибалдиецтерди талкалаганын, алардын биригүүсүнө түздөн түз ачык тоскоолдук жана каршылык кылган Францияны кечире алган эмес. Австриянын да Пруссияга каршы союз түзүү жөнүндөгү ою да ордунан чыккан эмес.

Ошондой эле тарыхый булактарга караганда ал мезгилдеги Француздардын аскерлери эң жөнөкөй болгон. Аскердик жабдыгы жана азык түлүктөрү жетишсиз болгондугу белгилүү. Бирок буга карабастан Франциянын согуш министри Наполеон IIIкө француз

армиясы согушка даяр деп билдирүү берген.Армиясынын ушундай шартынын татаалдыгына карабай Франциянын согушка даярданып жаткандыгынын негизги себеби, ал мезгилде герман мамлекеттеринин биригүүсүн каалаган эмес. Эгерде Герман мамлекеттери бириксе, Франция оор кризистен чыгуусу татаалдашат эле жана Европадагы кадыр-баркын бир топ жоготот эле. Анткени, бул учурда Бисмарк Европада Герман рыногун түзүүгө катуу даярданып жаткан. Согушка даярданган каршылаштар согушту баштоо үчүн көп айларга чейин шылтоо гана издеп туруп калышты.

XIX кылымдын 70-жылдарында Испаниянын падышалык такты мураскор жок болгондуктан бош калган. Мына ошол испандык тактыга Пруссия таасирин жогорулатуу же күчөтүү максатында кандаш тууганы ханзаада Гогенцоллерн Леапольдду падыша болуп келүүсүнө аракеттенип, өзүнүн адамын сунуштаган. Анткени бул мезгилде Испания Франция жана Пруссия үчүн деңизге түз чыгууга эң мыкты жол болчу. Ал эми Наполеон III Пруссияны бул сунуштан баш тартуусун каалаган жана ханзаада Леапольддун атасы Антон Гогенцоллерн менен сүйлөшүп, жагдайды туура түшүндүрүп, бул тактыдан өз ыктыяры менен баш тартууга ынандырган. Ошондуктан, 1870-жылы 12-июлда Эмседе дарыланып жаткан Пруссиянын королу Вилгельм I ге Франциянын тышкы иштер министри Винсент Бенедетти жолугушууга келип, эгерде ханзаада Леапольдду отставкага кетирүүгө буйрук бербесе, дароо согуш баштаарын айтып, аз күндө Рейнде болобуз деп билдирген. Ал Вилгельм Iге жазуу түрүндөгү ишеним кат берүүнү талап кылган. Бирок, падыша Вилгельм I мындай ишеним көрсөтө албаса да, бул тема боюнча сүйлөшүүнү Берлинде улантаарын айткан. Согуштун болушун каалабаган падыша Вилгельм Iдин кийлигишүүсү менен ханзаада Леопольд тактыдан баш тартты. Бул маселенин чечилгени менен согушууну каалаган мамлекеттерди бул жагдай канааттандырган эмес.

Мына ушундай шартта Отто Фон Бисмарк бүткүл герман мамлекетинин башчыларын чогулткан. Вилгельм Iдин Франциянын кийлигишүүсү менен испан тактысынан баш тартуусун кемсинтүү катары кабыл алган. Ханзаада Леапольд да жашыруун түрдө Бисмаркты колдогон. 13-июлда Бисмарк Германиянын аскер министри Роонго жолугуп, Вильгелм менен Бенедеттинин ортосундагы сүйлөшүүнүн пленкага жаздырылган

вариантын алган. Андан соң Бисмарк аскердик жана мамлекеттик ишмер, генерал-фельдмаршал Альбрехт Теодор Эмиль фон Роон жана герман империясынын негиздөөчүлөрүнүн бири, аскердик теоретик, Хельмут Карл Бернхард фон Мольтке менен макулдашып, бул жаздырылган сүйлөшүүнү төмөндөгүдөй деп редакциялаган. "Бул биринчи жеңилүү катары билинсе, ал эми азыр фанфара катары түшүндүрүлөт" деп газетага жарыялаткан. Бул каттын тексти каалагандай өзгөртүлүп, мында Франциянын сырткы иштеринин өтө начардыгын даана айгинелеп, Бенедетти менен падыша сүйлөшпөй, далысын салып туруп алгандыгы тууралуу жазылат. Франциянын дипломатиялык ишин сынга алган жана аларга болгон көз караштарын массалык маалымат каражаттарына жарыялап жиберген көрүнүштөр Франция империясынын калкынын кыжырына тийген.

Анткени, Бенедеттинин жакындашууга болгон умтулуусуна тескери бурулуп, сүйлөбөй коюу менен жооп кылды деп түшүнүшкөн. Ал эми Бисмарк ушундай натыйжаны күткөн эле. Бисмарктар императордон согуш баштоону талап кылышкан, бирок ал алгач каршы пикирин билдирген. Мыйзам чыгаруу палатасынын корпусунда 10 адам гана каршы чыгып, 245 адам макул деген добушун беришкен. Эмседеги сүйлөшүүлөрдүн өзгөртүлүшү провокация экенин Бисмарк жана анын айланасындагы аз гана адам билчү. Согушка катышууга эки өлкөдөн тең жумушчулардын аз эле бөлүгү чыккан. Эки өлкөнүн тең көпчүлүк жумушчулары жана интеллегенциянын өкүлдөрү, кол өнөрчүлөр, студенттер согуштун болуусуна каршы нааразычылык акцияларына чыгышкан.

Натыйжада, Наполеон III 1870-жылдын 19-июлунда ачык официалдуу түрдө Пруссия башында турган түндүк герман союзундагы мамлекеттерге согуш жарыялаган. Франциянын аскер күчү абдан жогорку деңгээлде болбогон, бирок Француз жөө аскерлери ал мезгилдин мыкты куралы деп эсептелген "шеспо" куралы менен куралданган. Бирок, алардагы "биз даярбыз" деген өзүн-өзү алдоосу алардын душман күчүн байкай албай калуусуна алып келген. Согуш жетекчилеринин "баары даяр" деген рапортту берүүсү да алардын чоң катачылыгы болчу. Ошол эле учурда Германиянын жана Франциянын миңдеген жумушчулары жана интеллегенция өкүлдөрүнүн согушка нааразычылыгы эске да алынган эмес. Себеби, алар француз армиясынын согушка даяр

эместигин жана аскерлердин тамак-аш, кийим кечеси толук кандуу жок экендигин баса белгилешкен. Бул мезгилдеги Францияга караганда Пруссиянын аскер күчү күчтүү эле. Себеби, Пруссия согушка кылдаттык менен даярдык көргөн. Ал эми Франция бир согуш бүтүрсө, башка согуш башталып отуруп, согуштук техникаларына анчейин көңүл бура албай калган.

Согуштун алгачкы күнүндө Франция Рейндин жанына 266 998 солдат менен келсе, Герман империясында 690 000 солдат болгон. Ал эми германдык армия бардык жагынан согушка мыкты даярдыкка жетишкен. Немистик алыска атуучу замбиректери, тез жана даана атуусу менен күчтүү эле. Пруссиялык армияларда аскердик иш жакшы даярдыкта жүргөн. Түндүк Герман союзунун армиясын согушка мобилизациялоо согушка чейин 4 күн мурун башталган. Ал эми союздан тышкары герман мамлекеттеринин армиясын 2 күн мурда мобилизациялаган. Бардык согуш менен байланышкан темир жол, телеграф, санитардык ведомстволорун өтө тыкандык менен уюштуруп согушка даярданган. Вилгельм согуштагы башкы командачы деп эсептелгени менен Бисмарк дипломатиялык ишти, Мальтке аскер иштерин жетектеген, ал эми Роон куралдар менен камсыз кылуу ишин алып барган.

1870-жылдын август айынын аягында Герман аскерлери Франциянын территориясына бастырып кирген. Августтун алгачкы күндөрү француздар бекем чеп деп эсептелген Вейсенбург, Фрешвилер, Форбахтагы үч күрөштө тең жеңилүүгө учураган. 6-августта немец армиясы Лотарингиянын аймагына кирип келген. Түндүк герман союзунун армиясында 908000 адам болгон болсо, Франциянын армиясында 600 000 киши болгон. Император Наполеон III Башкы командачы болуп, штабды жөндөмсүз Франциянын аскер министри, маршал Эдмон Лебеф башкарган. Парижде убактылуу башкаруучу болуп регентша императрица Наполеон IIIтүн аялы Евгения де Монтихо калган. Судан чебинде Француз армиясы оор абалга кабылып, жеңилүүгө учураган.

Париждеги мыйзам чыгаруучу палата согуштагы бул ийгиликсиздиктер жөнүндө официалдуу түрдө угушкан жана элге жарыялашкан. Бул жеңилүүлөрдөн кийин Парижде калган регентша Евгениянын чечүүчү кадамдарга барган, бирок эч кандай мааниге ээ болгон эмес. Ошентип, Франциядагы 1869-жылы 9-августта бийликке келген тарыхчы жана саясатчы Эмиль Оливьенин өкмөтү оставкага кетти, ордуна реакционер, мурунку

аскер министри Кузен-де-Монтобан Паликао келди. Ал Париждин провинциялардагы нааразы болгон социалистерге, республикачыл-демократтарга каршы террордук жолду карманган.

1870-жылы августтун аягында француздардын жаш маршалы Франсуа Ашиль Базенди 120 миң адамы менен Мууга портуна ташташат, бул жерде аларды 160 миң аскери бар немецтер курчоого алды. Ушундан кийин 120 миң аскерлүү Патрис де Мак-Магонду Базенге жардам берүү үчүн жөнөтүшкөн. Каршылаштары алардын жолун тосуп алгандыктан, айла жок Маасы дарыясы жактагы Седан тарапка кетүүгө туура келди. Мольткенин армиясы Француздарды тез эле кууп жеткен Мак-Магон Белгия чек арасы менен Маастын ортосунда курчоодо калып калган, алардын бул аракетинен да майнап чыккан эмес.

Пруссия 1-сентябрда 140 миң немец аскерлери менен 90 миң аскери бар француздарга согушка чыгышты. Согушта Мак-Магон женил жаракат алып, ордуна бешинчи корпустун генералы Эммануил-Феликс Вимпфен дайындалат. Француздар эки тараптан тең курчоодо калганы менен баатырларча согушуп жатты. Жеңилүү учурунда Француз императору Наполеон III да келип калган. Анын келгенин башында немис тарап билген эмес. Император чептин мунараларына ак желекти илүүнү буйрук кылды. Вимпфен тарабынан 2-сентябрда эрте менен жеңилгендиги туралуу капитуляциялоого кол коюлган. Бул жердеги салгылашууда Француз армиясында 17 миң адам өлгөн. Германдардан болсо 460 офицер жана 8500 солдат өлгөн. Седанда болгон катастрофа француздар өздөрү айткандай, согуш ишин бүт түндүк герман союзунун пайдасына бурулганын айткан. Согушту токтотуу император Наполеон III үчүн гана жакшы болгон.

Ал эми жалпы согуштун жүрүшүндө Герман империясынан 2 067 366 солдат катышып, анын ичинен жаракат алгандары 143 000, курман болгондору 139 000 болгон. Ал эми Франциядан 142 045 солдат катышып, анын ичинен жаракат алгандары 89 732, курман болгондору 89 732.

Седан катастрофасын француз калкы 4-сентябрда Парижде билишкен. Согуштагы ийгиликсиздикке нааразы болгон эл көтөрүлүшкө чыкты. Императрица-регентща борбордон качып кеткен. Эл республиканы орнотуу талабы менен Париж көчөлөрүнө толгон. Өзгөчө жумушчулар чечкиндүү чыгышкан. Монархист-орлеанисттер жана республикачылдар активдүү болуп, алар жаңы

бийликти түзүштү. Анын башчысы жана аскер генералы болуп орлеанист-монархист Луи Жюль Трошю келди, ички иштер министри болуп республикачылдардын лидери Леон Гамбетта шайланды, адвокат Жюль Фавр тышкы иштер министрлигине дайындалды.

Седандын жанындагы кыйроо – согушка жөндөмдүү армиянын кыңк этпей багынып бериши, экинчи империянын чирип бараткан тартибинин жана андагы баарын билбеген жетекчиликтин кесепетинен болду. Седан катастрофасы жана Франциядагы буржуаздык-демократиялык революциянын жеңиши франктык-пруссиялык согуштун мүнөзүн өзгөрттү. Эгер согушту Франция баштаганда түндүк-герман союзу коргоочулук согушун жүргүзмөк болчу, бирок согуш алар тараптан башталып калгандыктан түндүк-герман союзу согушту улантуу менен Францияны бөлүп, талап-тоноону көздөштү жана республикалык түзүлүшүнө коркунуч туудурушту, ушундан улам француз эли улуттук кызыкчылыгын коргоого өттү.

Бул кыйроо жөнүндөгү кабар Парижде бүткүл элдик кыжырдануусуна жаратты. 4-сентябрда миңдеген париждиктер республиканы орнотуу талабы менен борбордун көчөлөрүнө чыгышты. Алар мыйзам чыгаруу корпусунун имаратынын ичине чейин бастырып киришип, императордун тактан кулатылгандыгы жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышына түрткү беришкен. Мыйзам чыгаруучу корпустун имаратына, шаардык аянтка жык толгон Париждин эмгекчилеринин талабы боюнча Франция республика болуп жарыяланды.

Бул көтөрүлүп чыгуу бонапартчылардын бийлигин кыйратып, экинчи империянын системасын жок кылды да, элге демократиялык эркиндикти камсыз кылды. Франциянын тарыхындагы төртүнчү революция жумушчу табынын жана элдин башка катмарынын күчү менен ишке ашты. Бирок жумушчулардын бирдиктүү уюму жок болгондуктан, алардын арасындагы активдүү аракеттенишкен бытыранды революциячыл топтор али начар эле. Мындай абалдан тажрыйбалуу буржуазиялык саясий ишмерлер демилгени колго алышып, бул кырдаалдан өз кызыкчылыгына пайдалана алышты. Франциядагы үчүнчү республиканын түзүлүшүн алар өздөрүнүн ийгилиги деп эсептешкен.

1870-жылы 4-сентябрдагы революциядан кийин Парижде 20 комитет түзүлүп, аларга интернационалдын өкүлдөрү кирген. Эл

аларга көбүрөөк ишенген. Борбордук комитет улуттук гвардия түзүп, Парижди коргоо максатында куралдандырган.

Герман армиясы Францияга акырындап кирди. Басып алынган аймактарда каршылык көргөзгөн калкты атып да жатты. Бул калктын массалык каршылык көрсөтүүсүнө алып келди. Ал мезгилде Франция боштондук согушун жүргүзө алмак, себеби көп аймагы эркин эле жана Англия, АКШдан курал алса болмок Гамбетта, Луара аймагы 250 миң адамды согушка мобилизациялаган болчу. Бирок Гамбеттадан жана оңчул республикачылдардан башка бул идеяны эмес маселени сүйлөшүү жолу менен чечүүнү колдошкон. Бийлик чечкиндүү эч бир иш жасай албай калган. Эл бул бийликти "улуттун саткын бийлиги" деп аташкан.

1870-жылдын сентябрына чейинки герман мамлекеттеринин Францияга каршы согушу обьективдүү түрдөгү прогрессивдүү согуш болгон, анткени алар Германиянын бириктирилишине түрткү берген. Седандын жанындагы салгылашуудан жана 4-сентябрдагы бурулуштан кийин Германиянын бириктирилишине каршы аракет кылган бонапартисттик режим өкүм сүрбөй калган. А.Бебель жана В.Либкнехт башында турган германдык социал-демократтар согушту дароо токтотуп, Француз республикасы менен тынчтык келишимин түзүүнү талап кылышты. Бирок, Пруссиянын башкаруучу чөйрөлөрү менен анын союздаштары Францияны талап-тоноп алуу, Эльзасты жана Лотарингияны басып алуу үчүн гана согушту уланта беришти. Эми германдыктар тарабынан жүргүзүлгөн согуш талап-тоноочулук согуш болуп калды. Ал эми Франция буржуазиялык-демократиялык республика болуп калгандыктан, мындан ары агрессивдүү максаттарды көздөбөгөн адилеттүү коргонуу максатында согуш жүргүзө баштады.

Ал эми Париждин жашоочулары өздөрүнүн шаарын коргоо максатында атайын бригадаларды уюштурган жана жаңы убактылуу өкмөт түзүп анын башчылыгына Париж шаарынын буга чейинки комендanты, генерал Луи Жуль Трошю (1815-1896-жж.) шайланган. Алардын эсебинен түзүлгөн армия гана согушка кирген. Убактылуу өкмөт кырдаалды жана элдин патриоттук сезимдерин эске алып, өзүн "улуттук коргонуунун" өкмөтү деп жарыялады. Бирок бул өкмөт өзүнүн карамагында көптөгөн аскер жана ыктыярдуу патриоттор бар болсо да, басып алуучулуктарга

36106
№

каршылык көрсөтүүнү уюштуу үчүн тезинен жана иштиктүү чараларды көргөн жок. Өкмөттүн көпчүлүк мүчөлөрү элден жашырынып, баскынчылар менен тезирээк тынчтыкты түзүүгө умтулушту. Ушундан пайдаланып, германдык аскерлер Францияга тереңдеп кирип келген. 28-сентябрда 230 миң армия менен Парижди курчап алышкан. Ошентип бул учурда мамлекеттин ичинен бир саткынчы чыгып, армиянын бүтүндөй курал-жарактарын бир түндө Германияга берип жиберген. Натыйжада, сентябрдын аяк ченинде германдык армиянын өзүнүн штабы Версаль сарайында иштей баштаган.

Француз эли баскынчыларга олуттуу каршылык көрсөткөн. Курчоодон кутулуп чыгышкан солдаттар кайраттуулук менен салгылашып, "эркин аткычтар" отряддарына биригишти. Бул партизандык отряддар штабдарга кол салышып, душмандын байланыштарын үзүшүп, солдаттарын жок кылып турушкан. Германдык окупанттар, бүтүндөй айыл кыштактарды өрттөшүп, барымтага кармалгандарды атып өлтүрүштү. Бирок, бул жырткычтык элдин каршылык көрсөтүүсүнүн мизин кайтара алган жок.

Курчоодо калган Париждин эли туруктуулук менен салгылашты. Борбор шаарга азык-түлүк дээрлик алынып келинбей калган. Париждиктер ачкачылыктан каргалардын, чымчыктардын, мышыктардын этин жей башташкан. Кыштын келиши менен ачкачылыктан жапа чеккен түйшүккө сууктун түшүшү азап-тозоктун кошул-ташыл болуусуна алып келди. Колуна курал кармай алган эркектердин баары борбор шаарды коргоого чыгышты. 1870-жылдын октябрына карата Париждеги улуттук гвардиянын саны 250 миңден ашкан. Ал жумушчулар жана башка эмгекчилер менен толукталып турган. Ошондуктан, батальондордун көпчүлүгү пролетардык-демократиялык мүнөзгө ээ болгон.

Өкмөттүн баскынчыларга каршылык көрсөтүү ишин уюштурбагандыгы, азык-түлүк жана отун алып келип, аны адилеттүү бөлүштүрүү аракеттерин камсыз кылууну каалабагандыгы эл массасынын кыжырдануусун арттырды. Мецте курчоого алынган эң күчтүү француз армиясынын кыңк этпей багынып берүүсү нааразычылыкты күчөттү. Эмгекчилердин революциялык уюмдарынын демилгеси менен борбор шаарда "кыраакылык комитеттери" түзүлдү, алар бийликтин элге

берилишин уламдан улам чечкиндүү түрдө талап кылышты. Элдин толкундоолор куралдануу жана улуттук чыккынчылыктын өкмөтүн кулатуу аракеттери менен коштолуп турган. Мындай көтөрүлүштөрдү өкмөт тынымсыз басып салып, агрессорлор менен сүйлөшүүлөр аркылуу өз позициясын чыңдоого аракет кылган. Өкмөт мүчөлөрү элге билдирбей тымызын түрдө Бисмарк менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө даярдана баштаган.

Анткени, 1871-жылдын 18-январында Версаль сарайында салтанаттуу түрдө Европада Германия мамлекети пайда болгондугу жөнүндө официалдуу түрдө чет мамлекеттерге жарыялаган. Бул жердеги Рим папасынын области Италия менен бириккен. Ошону менен бирге Ватикан француздук корпустан биротоло чыгарылган. Франктык-пруссиялык согуш мезгилинде Германиянын биригүүсү да болду.

1871-жылы 28-январда Париж бийлиги Франкфурт-на-Майнда немистер менен тынчтык келишимине кол койгон. Париж баш ийип берген, бардык аскердик флоттор, соода порттору, куралдар жана борбордук гарнизон аскердик туткун абалында калган. Бордо шаарында улуттук чогулуш болуп, анда улуттук коргонуу бийлиги оставкага кеткен. Франциядагы жогорку бийлик улуттук чогулуш болуп калган. Улуттук чогулуштун өкулдөру: 200 легитимистер (монархистер-бурбондор династиясынын тарапкерлери); 40 монархист-орлеанистер; 30га жакын монархист-бонапартистер; 120 республикачылдар, 80 радикалдар, 20 социалисттин түрдүү өкүлдөрү болгон.

Германдыктар менен келишүүнү каалабаган генерал Трошю 1871-жылдын 13-февралында өз ыктыяры менен отставкага кеткен. 1871-жылдын башталышында Париждеги мыйзам чыгаруучу палата жаңы өкмөттү түзө баштаган. 16-февралда аткаруучу бийликтин өкүлү тарыхчы жана саясий ишмер, революциянын душманы Адольф Тьер улуттук чогулуштун ыйгарым укугун алып Версалга тынчтык жөнүндө сүйлөшүүгө жөнөтүлгөн. Ошондо ал 73 жашта эле. Ал "Карпуза" деген аталышка ээ болгон, себеби ал Наполеон Іден бою кичине эле. 1871-жылдын 18-февралында жаңы өкмөттүк комитетти Адольф Тьер жетектеп баштаган. Ал өзүнүн максаты деп Пруссиянын падышасы менен тынчтык келишимин түзүү деп билген. Адольф Тьер менен Отто Фон Бисмарк биргеликте Франко-германдык келишимди түзүп анын долбоорун Париж парламентине алып

келген. Парижди өзүнүн резиденциясы кылып, Адольф Тьердин өкмөтү Германиянын башкаруучу чөйрөлөрүн колдоого алууга убада берип, революциялык кыймылды басып таштоо үчүн күчтөрдү чогулта баштады.

Бул келишимге ылайык Франция өзүнүн Лотарингия жана Элзас провинцияларын Германияга берүүгө жана 1873-жылга чейин 5млд. франк согуштук контрибуция төлөп берүүгө мажбур болгон. Бул талоончулук келишимдин бекитилишине жетишүү жана бийликке бекем орношуп алуу үчүн башкаруучу чөйрөлөр шашылыш түрдө Улуттук чогулушка шайлоолорду өткөрүштү. Өлкөнүн калкынын негизги бөлүгүн түзгөн дыйкандардын артта калгандыгы монархисттерге Улуттук чогулушта көпчүлүккө ээ болуусуна мүмкүндүк берди.

1871-жылы 5-майда Франкфурт-на-Майнда кол коюлду. Ошондой эле, тынчтыктын негизинде Франциянын чыгыш жагы тегизделди, натыйжада 28 француз чебинен айрылды. Бул келишим Францияны алсыратып, душманын күчтөнттү. Мындай абалды Париж парламентинин бардык өкүлдөрү колдогон эмес, бирок көптөгөн талаш-тартыштардан улам 1871-жылдын 10-майында Париж парламенти теңсиз келишимди ратификациялаган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

II ЛЕКЦИЯ.

XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ ФРАНЦИЯ ЖАНА АНЫН 1871-ЖЫЛДАГЫ СОГУШТАН КИЙИНКИ МЕЗГИЛИ

Негизги түшүнүктөр: Франциядагы революциялык кырдаалдын түзүлүшү. 1871 Париж коммунасы, анын реформасы жана коммунанын талкаланышы. Париж коммунасынын тарыхый мааниси. Франциядагы үчүнчү республиканын бийлигинин орношу. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Франциянын социалдык-экономикалык жана саясий процесстердин жүрүшү. Париж коммунасынын жеңиши. Париж коммунасынын реформасы. Париж коммунасы жана бүткүл дүйнөлүк жумушчу кыймылы. Париж коммунасынын кыймылдаткыч күчү. Париж коммунасынын талкалынышынын негизги себептери. Франция менен Германиянын ортосундагы Франкфурт тынчтык келишими. Франциянын 1875-жылдагы конституциясы. XIX кылымдын башындагы Франциянын экономикасы. Франциянын колониялык саясаты. Колониялык саясаттагы Франко-германдык мамилелер. Колониялдык саясаттагы Франко-Англиялык мамилелер. Франциядагы саясий партиялар жана алардын коомдогу орду. Социалисттик кыймылдар. XX кылымдын башындагы Франциядагы саясий процесстердин жүрүшү. XX кылымдын башталышындагы Франциядагы ММК. Франция жана дүйнөлүк саясат. Франция жана биринчи дүйнөлүк согуш.

Лекция: 1871-жылдын алгачкы айларында немецтик аскерлер өлкөнүн көпчүлүк бөлүгүн окупациялоону улантып, Париждин дарбазаларынын алдына чейин кирип келишкен. Марттын башталышында борбор шаардагы абал өтө эле кыйындап калган. Соодагерлер азык-түлүктүн баасын көтөрүп, элдин арасында ачка калгандар көбөйдү. Көптөгөн кожоюндардын ишканаларды жаап салуусунан улам жумушсуздардын саны көбөйдү. Алар жашоо үчүн зарыл болгон бардык каражаттарынан ажырап калышты. Көптөгөн шаардыктар жашаган турак жай акысын төлөй албай калышты. Сүткорлорго карыз болгон кол өнөрчүлөр менен майда соодагерлер жакырланды. Эмгекчилер Франциянын душманы менен сүйлөшүп алган жана банкирлердин, ири ишкана ээлеринин, жер ээлери

менен соодагерлердин таламын гана жактаган башкаруучу чөйрөлөрдүн саясатына кыжырданышты.

Франция элинин нааразычылыгынан улам, айрыкча, алардын согуштагы ийгиликсиздиктери Париждин көчөлөрүндө көптөгөн дискуссиялык клубдардын пайда болушуна алып келди. Алардын көпчүлүгү интернациолисттерден туруп, алар Улуу Франциялык буржуазиялык революциясынын жүрүшүн (1848-1849-жж.) кайра эскеришкен. Дискуссиялык клубдардын либералдык-демократиялык жана улуттук боштондук идеялары шаардыктардын колдоосуна ээ болуп, 1870-жылдын аягында Парижде шаардыктардан эсебинен улуттук гвардия түзүлгөн (эч кандай саясий максаты жок, өздөрүн коргоо максатында гана). Парижде улуттук гвардия жана анын башчыларынын кадыр баркы күндөн күнгө өскөн, анткени карапайым француздардын бир гана мүмкүнчүлүгү герман мамлекетинин баскынчылык аракетинен өздөрүн сактап калуу улуттук гвардиянын колунда деп эсептеген.

Коммуна революциячыл адамдардын тобу болуп саналат, ал эми ошол мезгилдеги Франциядагы административдик аймактык бирдик коммуна деп аталган. 1871-жылы февраль айында улуттук гвардияга өз ыктыяры менен келип кошулгандардын эсебинен күндөн-күнгө сан жагынан өсүп, коргонуу максатында бир канча согуштук тактикаларды үйрөнгөн. Ал эми борбордук комитеттин мүчөлөрү интернациалисттердин мүчөлөрүн өз курамына кошкон эмес. Тьердин жетекчилиги астында герман мамлекеттери менен алдын ала түзүлгөн тынчтык келишими көптөгөн француздардын нааразычылыгын туудурган. Мамлекеттеги улуттук гвардиянын кадыр баркынын өсүшү Тьердин өкмөтүнүн тынчын кетирген.

Революциячыл уюмдар Жумушчулардын Эл аралык Шериктештигинин Париждеги федералдык кеңеши, көп сандаган союздар, клубдар менен комитеттер эмгекчилердин таламдарын жакташкан. Улуттук гвардиянын курамы, негизинен эмгекчилерден турган. Анын бөлүктөрүнө жоокерлер шайлашкан командирлер жетекчилик кылышкан, Улуттук гвардиянын башчылыгында Улуттук гвардиянын борбордук комитети турган.

Революциялык кыймылды тезирээк талкалоону чечип, Тьердин өкмөтү улуттук гвардиячыларга маяна төлөөнү да токтотту, квартира акысынын мөөнөтүн узартып төлөөнү жокко чыгарды, демократиялык газеталардын чыгышына тыюу салды жана революциячыл ишмерлерди камакка ала баштады.

Натыйжада, ал 1871-жылдын 17-мартында шашылыш түрдө өкмөттүк чогулуш өткөрүлүп, анда Париж улуттук гвардиясын куралсыздандыруу чечимин кабыл алган. Ушундан улам эртеси күнү өкмөттүк аскерлер бул операцияга киришкен. Алар улуттук гвардиянын курал-жарактарын күч менен мажбурлап тартып ала башташкан, каршылык көрсөткөндөрдү ок атып, камакка алышкан. Бул операциянын башталышы улуттук гвардиянын коргонуусу менен камтылган. Мындай шарттарда өкмөттүк армиянын жетекчилери массалык түрдө улуттук гвардияга жана шаардыктарга өтө баштаган. Тьер жетектеген өкмөттүк армия тез аранын ичинде өзүнүн калган армиясын Версаль сарайына алып чыгууга шашкан. Стихиялуу түрдө өнүккөн революциялык кырдаалда улуттук гвардиянын борбордук комитети бул ишти өз колуна алган. Жыйынтыгында, улуттук гвардия шашылыш түрдө Париждеги өкмөттүк имаратты басып алган.

Ошентип, 20-мартта Париж коммунасынын жеңишинин урматына бир канча замбиректерди атып, революциянын символу болгон кызыл желекти өкмөттүк имаратка илген. Мына ушул күндөн тартып, аз камсыз болгон шаарларга социалдык жөлөк пулдар таркатылып, анын көлөмү 1 млн франктан ашкан. Париж кошундары бийликке келгенде өз өкүлдөрүнөн Франциянын традициялык парламентине жөнөткөн. Алардын идеялары, реформалары жана адамдары бул парламентте эч кандай колдоого ээ болбостон кайтып келген. 1871-жылы 26-мартта Париждин муниципалдык жана жергиликтүү башкаруу өкүлдөрүнө болгон, жалпы шайлоонун жыйынтыгы 28-март күнү 200 миңден ашуун шаардыктардын катышуусунда демократиялык принциптер менен салтанаттуу түрдө угузулган. Ал эми Париж коммунасынын борбордук комитеттин башкаруу системасы ар түрдүү саясий фракциялардын негизинде түзүлгөн. Ушул салтанаттуу чогулушта төмөндөгүдөй реформалар кабыл алынган:

1. Париж коммунасынын армиясы деп улуттук гвардия эсептелет;
2. Шайлоонун негизинде башкаруунун борбордук структурасына башкаруучуларды дайындоо принциби киргизилген;
3. Чиркөө мамлекетти тааныган жана мамлекет тарабынан айлык акы төлөнгөн;
4. Сот системасына шайлоо принциби киргизилген;

5. Билим берүү жана маданият тармагында о демократиялык жана мамлекеттик олуттуу камкордук жүргүзүлгөн.

Мына ошентип Париж коммунасы идеялары жана социалдык утопиялык маңыздагы көз караштар менен жашап калган. Анткени, улуттук гвардия Франция борбордук банкын жана анын байлыктарын мамлекеттин эсебине конфискациялаган эмес. Ушундай шартта өкмөт башындагы аскер Герман мамлекетинен туткунга түшкөн аскерлердин эсебинен кайрадан күчтүү армия түзүүгө жетишкен. Натыйжада, Тьердин армиясы Париж коммунасынын кошундарын талкалоо үчүн 1871-жылдын апрель айында Парижге чабуул баштаган. Париж коммунасы улуттук гвардиянын жана шаардыктардын колдоосу астында каршылык көрсөткөн. Бирок, согуштук тактикасы начар болгон улуттук гвардия күндөн күнгө жеңилип, май айынын аягынада улуттук гвардия талкаланган. 1871-жылдын 28-май күнү шаардыктардын акыркы бригадасы талкаланып, Париж коммунасынын борбордук комитети иштеп турган Форт Версун имараты өрттөлүп, 30000 ашуун шаар тургундары бул согушта өлтүрүлүп, 15000ге жакыны ар түрдүү мөөнөткө түрмөгө камалып, ал эми Париж коммунасынын активдүүлөрү өлүм жазасына тартылган. 1871-жылдын 10-май күнү Франко-германдык тынчтык келишими геосаясий кырдаалды татаалдаштыргын дагы бир кырдаалды түзгөн.

Тактап айтканда, Париж коммунасынын хронологиялык рамкасы 1871-жылдын 18-мартынан 28-майга чейин, жалпысынан 72 күн жашаган. Эмне үчүн Париж коммунасы жеңилип калды? Анын тарыхый мааниси эмнеде? Себеби улуттук гвардия Франция банкын жана мамлекеттик байлыктарын конфискациялаган эмес. Ошентип мындан пайдаланган өкмөт күчтүү армия түзүүгө жетишкен. Париж коммунасы либералдык негиздеги реформаларды жүргүзгөн. Париж коммунасынын жүргүзгөн реформалары бир эле Францияда эле эмес Европадагы жумушчу кыймылдарына жана революциялык күчтөргө белгилүү бир деңгээлде өз таасирин тийгизген. 72 күндүн ичиндеги демократиялык принциптер кийин да мамлекетти башкарууда чоң салымын кошкон. Ушул мезгилде Францияда республикалык кырдаал түзүлүп республиканын пайда болуусу үчүн негизги булактар пайда боло баштаган.

Бул Франциянын тарыхында үчүнчү республика болуп, тарыхый зор орду бар. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Франциядагы саясий экономикалык абал жана анын өнүгүүсүндө Париж коммунасынын орду жана ролу өзгөчө боло алды. Республика - бул өлкөнүн президент жана парламент, тарабынан башкарган, бийлик органы тарабынан башкарган өз алдынча территория.

Франктык-германдык согуштун натыйжасында Франция бул жортуулдун 15 млрд. франктан ашык жоготууга дуушар болгон. Мындан сырткары 1871-1873-жж. аралыгында Германияга 5млрд. франк согуштук контрибуция төлөп берүүгө милдеттүү болгон. 1873-жылы сентябрь айында контрибуция төлөнгөндөн кийин гана герман аскерлери Франциядан чыгып кеткен.

Ал эми өлкөнүн саясий ашканасында абдан татаал маселе турган. Париж коммунасы талкаланган соң, өлкөдө дагы эле монархияны жактаган саясий күчтөр үстөмдүк кылып турган. Мыйзам чыгаруу палата болгон улуттук чогулуш 1872-жылдын алгачкы айында социалисттерге жана социалисттик революцияны жайылткандарга каршы мыйзам кабыл алган.

Улуттук чогулуш кабыл алган мыйзамдын негизинде өлкөдө президенттик бийлик киргизилген. Натыйжада, улуттук чогулуш Тьерди президент кылып шайлаган. Бирок, Тьер өз ыктыяры менен бийликтен кеткен. Анткени, мыйзамдагы ишенимдер анын пайдасына бир аз гана чечилген.

Үчүнчү республикасынын конституциясын кабыл алууда көптөгөн талаш тартыштар болгон. Париж каммунасы талкаланып, чөккөндөн кийин Франциянын тарыхында бир канча кыйын мезгилдер башталат. Бул мезгилде Франциянын тактысына 3 династия өкүлдөрү аттана баштаган: Алар Бурбондор, Орлеандар жана Бонапартчылар болчу.

1870-жылдын 4-сентябрда түзүлгөн үчүнчү республикада негизинен "элдик чогулуш" деп аталган жыйынында монархисттер басымдуулук кылган. Өлкөдө "Республиканын ичинде республикачылар жок" деген сөздөр жана аларга каршы кыймылдар баштаган.

Бирден бир ийгиликтүү фактор Франциядагы монархисттердин монархияны калыбына келтирүү планы ишке ашпай калды. Анткени, элдин басымдуу бөлүгү республиканы орнотуу болгон. Ал эми монархисттерди бир да тап колдогон эмес.

Бул мезгилде Франциянын саясий түзүмүн бөлүп алуу узакка созулган эмес. Бир гана 1875-жылы элдик чогулушта бир добуш менен колдошуп, Францияны республика деп жарыялашкан.

1873-жылы жай мезгилинде өлкөнүн президенти болуп Мак Магон 7 жылга шайланган. Натыйжада 1875-жылы январда өлкөдө жаңы конституция кабыл алынган. Бул баш мыйзамга ылайык өлкөдө президент мыйзам чыгаруучу палатаны таркатып жиберүүгө, аткаруу бийлигин дайындоого, президент 7 жылга шайланууга, бир эле мезгилде ал мыйзам чыгаруучу палатадан көз каранды болгон. Себеби президент өкмөттү түздөн-түз башкара алган эмес. Мыйзам чыгаруучу палатанын өкүлдөрү түздөн-түз шайлоо жолу менен эмес, жергиликтүү муниципалдык башкаруу өкүлчүлүгүнө шайлангандыгынын негизинде өкүл катары палатага келишкен.

1875-жылы түзүлгөн үчүнчү республиканын конституциясынын негизинде монархисттер республикачыларды тааныганы аргасыз болушту. Ал эми бул мезгилде депутаттар палатасы 4 жылга шайланып, элдик чогулушта элдик жана аткаруу өкүлү президентти 5 жылга гана шайлашкан. Ага ылайык президентке бир канча укуктар берилген. Ал укуктар согуштарды жарыялоо, келишимдерди түзүү, ошондой эле мыйзам чыгаруу укуктарына ээ болгон.

Биринчи парламентке шайлоо болуп, натыйжада республикачылар жеңишке жетишти. Түздөн-түз жана жашыруун шайлоого жаңы мыйзамдын негизинде 21 жаштан ашкан эркектер гана укуктуу болушкан. Мындан сырткары аялдар, аскер адамдары жана колониянын гражданиндери шайлоо укугуна ээ болушкан эмес. Бул кабыл алынган конституция 1940-жылга чейин жашаган. Жаңы мыйзамга ылайык 1876-жылы парламенттик шайлоо өткөрүлүп, мында депутаттардын көпчүлүгү республикачылар түзгөн. Бирок, Мак Магон бул парламентти мыйзамсыз деп жарыялап, кийинчерээк таркатып жиберген. Жаны шайлоонун жыйынтыгы деле республиканын кызыкчылыгына чечилген соң, 1879-жылы Мак Магон бийликтен кетүүгө аргасыз болуп, өз ыктыяры менен отставкага кеткен.

Натыйжада монархиялык бийликтин калыбына келишине караманча каршы болгон республикачыл Жюль Греви кезектеги өлкөнүн президенти, Леон Гамбетта депутаттар палатасынын башчысы болуп шайланган. Греви бийликке келген күндөн тарта

жогорку мамлекеттик чиндерди (орден, медаль, ардак грамота) сатууну биринчи орунга коё баштаган. Ушундан улам республикачылар Леон Гамбеттага президенттин укуктарын азайтууну, чиркөөнү мамлекеттен бөлүп алууну жана башка программалары менен кайрылышкан. 1881-жылы Туниске Франциянын протектораты шайланган, 1885-жылы Франция Батыш Африка, Мадагаскардан чоң эсепте салык чогултткан.

Ошондон улам Жюль Греви 1887-жылы бийликтен кетүүгө мажбур болуп, анын ордуна өлкөгө аз эле таанымал болгон, бирок саясий талантка ээ болгон Сади Карно келген. Ал эми өкмөттү Фрейсилей башкарып турган. Республикачылар бийликке келери менен эле Версалдык сарайды Парижге көчүрүп келген. Ал эми улуттук дин деп католик динин жарыялаган, ошондой эле улуттук майрам катары 14-июлду белгилешкен. Анткени, бул күн Франциянын монархиялык символу болгон Бастилия чебинин талкаланган күнү чиркөө мамлекеттен ажыратылган.

Ушул мезгилде прогрессивдүү мыйзамдар кабыл алынып жана Париж коммунасына катышкан революционерлерге мунапыс жарыяланган. Өкмөт тышкы жана ички экономиканы өнүктүрүү үчүн көптөгөн иш-чараларды колдонгон, бирок өлкөнүн карызы көп болгондуктан алардын бири да иш жүзүнө ашпай, республикачылар тез эле мурунку принциптерден чыга алган эмес. Натыйжада, алардын жүргүзгөн саясатына көптөгөн нааразычылыктар пайда болуп, айрыкча монархиянын жактоочулары реваншизм саясатын жүргүзүшүп, Германиядан Элзас жана Лотарингия провинцияларын кайрадан тартып алуу маселесин коюшкан.

1802-1893-жж. Францияда дагы бир ири саясий Панама кризиси пайда болгон. Франция өкмөтү Европадагы Панама каналын куруп бүткөндөн кийин 1888-жылы Панама Акционердик коому түзүлүп, көптөгөн француз ишкерлери бул коомго өздөрүнүн акча каражатын таштаган. Алгачкы жылдары Панама акционердик коому акчасын таштаган ишкерлерге жакшы дивидент төлөгөн. Бирок, 1890-жылга карата Панама акционердик коому дивидент көлөмүн кыскартып койгон. Бул саясий кризисте бүтүндөй Европа өлкөлөрү анын ичинде Франция өтө көп зыян тарткан. Себеби, бул мезгилде Франциянын экономикалык абалы абдан оор эле.

Бул мезгилде өлкөдө Франциянын башкы штабынын жалпылоо офицери Дрейфустун иши маанилүү болуп, мамлекеттин

бардык тарабына жайылган. 1894-жылы Франциянын аскердик системасынын маанилүү маалыматтары Германияга кандайдыр бир офицер тарабынан сатылып кеткен. Мында мамлекет күнөөсү жок, бирок бул иш жалпы Франциянын коомчулугуна тарап кеткендигине байланыштуу капитан Альфред Дрейфусту күнөөлөп, эркинен ажыратышкан. 1906-жылы бул иш боюнча тыңчы күнөөлүү Эстергази табылган соң гана А. Дрейсфусту акташкан. Бул жерде мамлекеттин да чоң кызыкчылыгы бар эле. Министрлер кабинетинин башчысы Вальдеков Руссо, аскер министри Галифе, өндүрүш жана соода министри социалист Мильеран өлкөдө граждандык согуш чыгып кетпөөсү үчүн бул сырды сакташкан. Ошентип, XX кылымдын башында Франция Германия жана АКШга салыштырмалуу индустрализация процесси жай жүргөнүнө карабай, өлкө экономикалык жактан жогорку деңгээлде өнүгүүгө жеткен.

XIX кылымдын аягында Франциянын экономикасында чоң өзгөрүүлөр башталды. Тез ылдамдык менен оор өнөр жайлар өнүгө баштады. Көмүр өндүрүп алуу, чүгүндү өндүрүү, темир жана темир жолдорду куруу кызуу башталган.

Францияны индустрализациялаштыруу процесси башка капиталисттик өлкөлөргө салыштырмалуу жай жүргөн. Францияга караганда Германияда 3,5 эсе, Англияда 4,5 эсеп көп чүгүн өндүрүшкөн. XIX кылымдын 60-жылдарында Франция Англиядан кийин экинчи орунда турса, 80-90-жылдары өнөр жайынын өнүгүшү боюнча 4 орунга төмөндөгөн. Франциянын экономикасында башкы ролду айыл чарбасы түзгөн, себеби элдин басымдуу бөлүгү айылдарда жашашкан.

1870-1880-жылдардын аягындагы Франциядагы элдик жана социалисттик кыймылдар. 1876-жылы Парижде биринчи жумушчулардын уюму түзүлгөн. Алардын көпчүлүгү буржуазиялык идеологиянын күчү астында болушкан. Мындай идея менен журналист Барбар чыккан. Барбаристтердин профсоюзду жоюп, кооператив түзүү аркылуу гана өлкө өнүгүүгө жетишет деп эсептешкен.

1877-жылы Лиондогу жумушчулар уюмунун сьезди болот, муну социалист коллективисттер тайпасы жетектеп, бир канча өздөрүнүн резолюциялык талаптары менен чыгышкан. Бул социалист коллективисттердин башында Жюль Гед жана Поль Лафарг турган. 1879-жылы Марселде жумушчулардын III сьезди

болуп өтөт. Натыйжада, жумушчулар жеңишке жетип, өз алдынча жумушчулар партиясын түзүүгө аракеттенишкен. 1880-жылы Гаврда болгон сьездде жумушчулар партиясы түзүлгөн жана бир канча революциялык программаларды кабыл алынкан.

Кийинчерээк жумушчулар партиясынын башка райондордо (Па-де-Кале, Луарда) чоң жана майда уюмдары түзүлгөн.

Француз буржуазиясы элдин айлык акысын көтөрүүгө аракеттенген. Ал эми Францияда жумуш күнү 12 сааттан да көп бойдон кала берген. Ага карабастан жумушчулардын саны 1880-жылдарга чейин азайган эмес.

Буланжизм. Элдин басымдуу бөлүгү Франция саясатына каршы чыгышкан. Себеби, күжүрмөн эмгек элдин жашоосун өзгөртө алган эмес. Карама-каршы элдик тайпалар реокционердик аракеттер болгон. Бул кыймылдын жетекчилигинде антиреспубликачыл, реваншист саясий принциби жок генерал Жорж Эрнест Буланже турган. Бирок, чечүүчү мезилге келгенде бул генерал Белгияга качып кеткен. Ушундан улам кийинчерээк саясий өзгөрүүлөрдү жасаган авантюрист генерал Буланже аскер министри болуп шайланган. Бул мезгилде реваншисттик чөйрөдө Буланже Францияга Эльзас жана Лотарингияны кайтарат деген сөздөр айтылып, ага терең ишенишип, анын тарапташтары көбөйгөн.

Буланженин белгилүүлүгү өсүп, Франциянын майда буржуазиясынын арасында аброю жогорулаган. Өлгөн республикачылар Буланже кайрадан Германия менен согушка даярданып жатат деп ойлошкон. 1887-жылы Жюль Греви пара алгандыгы менен шектелип отставкага кетет. Анын ордуна анча эле белгилүү болбогон, саясий жактан таланттуу болгон Сади Карно келген.

Кийинчерээк Буланже парламенттик республикага өзүнүн кандидатурасын коюп, жеңишке жетишкен. 1887-жылы январда буланжисттердин кыймылы Парижде жеңишке жетишет. Элдин пикири боюнча генерал Буланже мамлекетти өзгөртө алат деп ишенишкен, бирок анын колунан келген эмес. Ал эми Буланжени камака алуу сөздөрү айтыла баштаганда, ал Франциядан качып кетүүгө аргасыз болгон. 1889-жылы Буланжисттер кыймылы токтогон.

1890-жылдардагы таптардын карама-каршылыктарынын күчөшү. Бул жылдарда жумушчу, дыйкандар, интеллегенция жана

башка майда буржуазия өкүлдөрүнүн каршылыктары өсө баштаган. Француз жумушчулары массалык түрдө каршылык көрсөтө башташкан. 1890-жылы 1-майда Франциянын 150 шаарында 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү үчүн демонстрациялар болуп өткөн. Демонстрация тынч өтүп, атышуу, кан төгүү катталбай, бирок алардын ичиндеги айрым катышуучулары туткунга алынган.

Көтөрүлүштөрдүн негизинде жумушчулар жалпы элдик шайлоого укуктуу болуусун каалашкан. Ал эми мунуципиалдык шайлоодо социалисттер мэрияны (Рубдагы, Монлюсондогу Нарбондогу) ээлеп алышкан. Натыйжада, 1893-жылы депутаттар палатасына болгон шайлоодо, жумушчулар партиясы 12 мандатка жетишти. Арасында депутаттардын лидери Ж. Гед да болгон эле.

Жумушчу партиясынын катачылыктары агрардык суроолордо каралган. Нанттагы болгон сьездеги программада майда менчиктер социализмдин коргоосунда болот, ж.б. бир канча программаларды кабыл алышкан.

Булар жалгыз депутаттар палатасын жана Францияны түзүүдө, жумушчулар табы жана башка топторду түзүүнүн натыйжасында XIX кылымдын аягында профсоюздук кыймылдардын түзүлүүсү жана башталышы менен коштолот.

Узак созулган доорлор Франция колониялык согуштарды да кошо жүргүзүп кеткен. 1894-жылы Мадагаскар үчүн болгон согуш башталган. Эки жылдык кан төгүү да болгон согушта Мадагаскар аралы француз колониясына айланган. Ири басып алуулар, айрыкча Батыш Африкада жүргүзүлгөн. XIX кылымдын аягында Франция Африка континентинен бир канча ээликтерге ээ болгон.

Бул мезгилде Франция чоң территорияларды Африкадагы, Индокытайдагы Океаниядагы аралдарды жана башка ири жерлерди ээлеген болчу. 1860-жылдан 1889-жылга чейин Франциянын колониялдык ээликтери 3.7 млн. кв.км. жеткен, ал эми колониянын калкынын саны 56.4 млн. го жеткен. Франция колониялдык державалардын ичинде дүйнөдө Англиядан кийинки экинчи орунда турган. Француз колониялдык саясатында Англиянын армиясы менен бир канча келишпестиктер пайда болгон. 1898-жылы Англиянын армиясы менен француз армиясы Египетте кагылышып, согушка айланып кетүү кырдаалы жаралган.

Андан соң 1899-жылы англис, француз келишимдери түзүлүп, Франция, Англия менен тең экендигин тааныган.

Француз эли унута албаган Прусия менен болгон согуш бир канча убакытка Пруссия менен мамилесин үзгөн. Француз жерлери Эльзас жана Лотарингия Германиянын курамында калган. Франция Германия менен күрөшүү үчүн өзүнө союздаш издеген. Мындай союздашы Россия болгон болчу. Өзүнүн катарында Франция үчтүктөр союзунун мүчөсү болууну каалаган эмес.

1892-жылы Франция жана Россиянын ортосунда аскердик конвенция, ал эми 1893-жылы аскердик союз түзүлгөн. Бир убакта эки өлкөнүн ортосунда экономикалык байланыштар өнүгүп турган.

XX кылымдын башындагы Франциянын экономикалык көрсөткүчү империализм стадиясына жетүүгө аракеттенген. Анын жалпы экономикалык тенденциясынын өнүгүүсү XIX кылымдын аягынан эле башталган.

Индустриализация процесси жүргөн: 1900-жылы Франция болотту 2.7 млн. тонна, ал эми 1913-жылы 3.6 млн. тонна өндүрүп алган. Ушуну менен бирге жаңы өнөр жайлар пайда болуп, автомобил жасоо жана электр энергиясын өндүрүү жолго коюлган.

Индустриализациялаштыруу Францияда башка өлкөлөр Англия, АКШга салыштырмалуу акырындык менен жүргөн. 1913-жылы болотту иштетүү боюнча Франция Германиядан 6 эсе аз, АКШдан 7 эсе аз иштеткен. Ал эми өндүрүп алуу боюнча АКШдан 10 эсе аз болгон.

1914-жылы чет өлкөгө 60 млрд. франк эсебиндеги капитал чыккан. Француз капиталы Европадагы кеңири орунду ээлеген. Франциянын Россиядагы капиталы 10 млрд. франк болгон. Ошону менен бирге эле Сервия Франциядан 45 млн. франк эсебиндеги курал жарактарды сатып алган.

Франциядагы индустриализация процессинин жогорку темп менен өнүккөндүгүнө карабай агрардык өлкө катары кала берген. 1911-жылы Франциянын айылдарында калктын 56% жашаган, ал эми 40% калк айыл чарба менен алектенишкен. Өнөр-жай иштеринде калктын 35.8% ы эл иштеген. Өлкөдө майда өнөр-жайлар, айыл чарбалары жана банктар көбөйө баштаган. Айыл чарбасында социалдык поляризация процесси жүргөн: майда жер

ээликтери өскөн, ири жер ээлегендер 50-200 гектарга чейин жер алган.

Банк ишинин консентрациясы француз империализминин өнүгүүсүнө чоң түрткү болгон. Радикалдардын ички жана сырткы саясаты XX кылымдын башында Францияда империализм стадиясында бир канча таптын карама каршылыктары пайда болгон. Бул убакта көпчүлүк элдин колдоосунда, парламенттик шайлоодо сол жактуу радикалдар жана социалисттер жеңишке жетишкен. Социалисттердин башында Жан Жорес турган.

Ал эми өкмөт башчысы сыйынуучулардын жетекчилиги астындагы мектепти жабууну буюрган. Бирок, Парижде аристократтар монархтарды коргоп чыгышкан. Өкмөт болсо чиркөөнү мамлекетке кошууну каалаган эмес. Чиркөө үчүн 5млн. франк акча жылына иштетилип турулган. Ошондой эле монархтардын саны 19 миңге кыскарса, ал эми 3 миңден ашуун монастрдык чиркөөлөрдү жабышкан.

Радикалдардын тышкы саясаты агрессивдүү мүнөздө болгон. 1904-жылы Франция Англия менен достук келишимге кол коет, себеби англия-француз достуктары Африка континентинде түзүлө баштаган. Келишимге ылайык Египет Франциянын колониясына айланган. Египеттин ордунда Англия Франциянын Мороккодогу жана Испаниянын бөлүнүүсүн тааныган. Англия менен болгон келишим анча деле мааниге ээ болгон эмес, себеби Франция Россия менен келечекте Германия үчүн Антантага каршы союздаш болуусун түшүнгөн. 1906-1909-жж. өкмөт башчысы болуп реакционер Жорж Клемансо турган.

Өкмөттүн макулдугуна ылайык радикалдардын жетекчиси француз банкирлери Россиядагы революцияны токтотуу үчүн 1907-жылы орус падышасына 3.5 млрд. франк берген. 1905-1907-жж. Францияда таптык карама-каршылыктардын натыйжасында жана Россияда ревлолюциялык түшүнүктөгү жумушчу, демократиялык кыймылдардын көтөрүлүшү башталган.

Париждеги орус элчиси А.И. Нелидовдун айтымында Петербургда 9-январда жумушчулар кыймылынын массалык митинги болгон деп айтат. Париж шаарынын жумушчулары революция – баарынын жүрөгү менен деп айтышат. Алар социалисттик революция кут болсун деп кыйкырып чыгышкан.

Ал эми Францияда массалык кыймылдар күч алган. Байкоого алсак XIX кылымдын акыркы 10-жылдыгында өлкөдө орто эсеп

менен 22 миң адам жумуш таштаса, ал эми XX кылымдын баштапкы 6 жылдыгында алардын саны жылына 180 миң адамга жеткен.

Ал эми 1906-жылы өзүндө эле 507 миң адам жумуш таштаган. Өлкөдөгү куралданган курам саясий түзүм менен күрөшүүгө алып келген. 1906-жылы Францияда массалык түрдө жумуш таштагандардын саны өскөн. Булар менен бирге шахтерлор, металургдар, куруучулар жана башкалар катышышкан. Өзгөчө Па-де-Каледеги департаментте шахтерлордун чоң жумуш таштоосу болгон. Бул департаментте 50 миң адам жумуш ташташкан болчу. 1906-жылы мартта Па-де-Кале провинциясындагы шахтада жардыруудан 120дай жумушчу каза болгон. Тоо -кен жумушчулары айлык акыны көтөрүүнү, кенди күзөтчүлөр менен кароону, 8 сааттык жумуш күнүн талап кылышкан. Жумушчулар ишенимдүү көтөрүңкү маанайда болуп, тик турушкан. Жумуш таштаган райондордо жандармерия отряддары жана аскер бөлүктөрү коюлган. Эки ай убакыт өткөндөн кийин чоң кагылышуудан кийин шахтерлор жумушун улантканы, Буга жумуш акысын 10% көтөрүү себеп болгон. Натыйжада, Франциянын башка шаарларында да толкундоолор бир аз азайган.

Жумушчулар кыймылынын массалык түрдөгү көтөрүлүшү социалдык уюмдардын биригүүсүнө алып келген. 1905-жылы Амстердамдагы 2 конгресстин негизинде Интернационал, социал партиялары (гедиктер жана жоресттер). Бирдиктүү Француз партиясын түзүшкөн. Бул партиянын лидерлери Вивиани, Зеваэс, Лефевр, Бриан жана башкалар болушкан. Бул лидерлердин негизги иш аракети жума сайын эки жолу гезит чыгарып турушкан. 1905-жылы жумуш таштоо кыймылы токтогон. Революциялык күрөштө дыйкандар көтөрүлө башташкан.

1907-жылы Франциянын түштүгүндөгү дыйкан-виночулардын көтөрүлүшү башталды. Бул көтөрүлүштө кысымга алынган дыйкандар ири вино чыгарган фирмаларды талкалашкан. Ушул эле жылы Нарбондо чоң кагылышуулар болгон. Натыйжада, мугалимдер жана почта кызматкерлери айлык акысын көтөрүүнү талап кылышып, 1909-жылы Парижде почта кызматында да жумуш таштоолор башталган. Почта, телеграф, телефондук станцияларда иштегендер жумушка чыгууну токтотушкан. Революциянын жүрүшүндө темир жолчулар, 1910-жылы тоо кен

жумушчулары да иштерин ташташкан. Франциядагы тынымсыз иш таштоолор саясий стабилсиздикти жана экономикалык артта калууну шарттаган.

1912-жылы өкмөт кимде-ким жумушун таштаса, аскердик кызматта 2-4 жыл кызмат өтөө мыйзамын кабыл алган. Натыйжада, Францияда биринчи дүйнөлүк согушка чейин таптык карама-каршылыктар өскөн. Жумушчу партиялардын абалы начарлап, бир канча жолу жеңилүүгө учурап, көп учурда жетекчиси жок көтөрүлүшкө чыгып турушкан.

Реакциянын күчөшү жана Франциянын согушка даярдануусу. 1913-жылы президенттик шайлоодо оңчулдар партиясынын мүчөсү, реакционер Раймон Пуанкаре президент болуп шайланган. Ал согушту жактаган президент болгон. Раймон Пуанкаре (1860-1934-жж.) республикачылардын бирден бир оң жактуу лидери болгон. Жумушчулар кыймылы жана согушка даярдануу президенттин башкы максаты болгон. Ал герман милитаризми менен аскердик кызматташтыкты 2 жылдан 4 жылга чейинки келишимдерди түзүп, аскердик кызмат өтөөнү 4 жылга узарткан.

Өлкөдө кыймыл көтөрүлүш чыкса, Раймон Пункаре аларды репрессия кылган. Бардык көтөрүлүштөрдү токтотуп, бүткүл даярдыкты согушка жумшаган. 1914-жылы августта миллиондогон француздарга кыйынчылык алып келген биринчи дүйнөлүк согуш башталган.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Франциядагы ички жана сырткы саясатынын негизги проблемасы болуп, ар кайсыл жерлердеги тынымсыз көтөрүлүштөр, колониялдык ээликтериндеги жана башка бийликке каршы кыймылдар эсептелет. Бул Европа, Американын буржуазиялык булактануусунда ар кандай багыттарга бөлүнүп изилденген.

Европа, Американын буржуазиялык булактануусунда негизги деп табылган төмөнкү багыттар каралган.

- Реакционердик.
- Өлгөн республикачылар багыты.
- Прогресстик майда буржуазиялык.

Реакционердик багыттагы өкүлдөр француз булактануусунда обьективдүү тарыхый түшүнүктү берип турган. Реакционерлер жумушчу жана социалисттик кыймылдарды эмес, монархиялык жана католиктик реакцияны колдогон. Көпчүлүгү мамлекеттин

экономикасын өнүктүрүүдө колониялдык басып алууларга караткан. Алардын айтымында Франциянын экономикалык бир ыргактагы көрсөткүчүн колониялдык ээликтер гана кармап турат, ошону менен катар дүйнөлүк кыйынчылыктан чыгып кетсек болот деп ойлогон.

Өлгөн республикачылар багыты буржуазиялык булактанууда үчүнчү республиканын түзүлүүсү менен кайрадан пайда болгон.

Прогресстик майда буржуазиялык багыт Европа, Америка булактануусунда өзүнүн доорун XIX кылымдын 70-жылдарынан баштаган. Анын социалисттик саясий базасында майда буржуазиялык шаарлар жана айылдар болуп саналат. Айрыкча, майда буржуазия үчүнчү республиканын түрткүсү болгон, шайлоо базасы радикалдардын, андан кийин социалисттердин башаты болгон. Ошондуктан, Франция үчүнчү республиканын пайда болушу менен социолисттик системанын элементтери жайыла баштаган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

ЛЕКЦИЯ III.

XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫНДАГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ ГЕРМАНИЯ ИМПЕРИЯСЫ.

Негизги түшүнүктөр: Германия империясынын жарыяланышы жана мамлекеттик башкаруудагы саясий түзүлүшү. XIX кылымдын аягындагы Герман империясынын экономикалык өнүгүүсү. Германиядагы саясий процесстер жана социалисттер менен күрөш. Отто фон Бисмарктын өкмөтүнүн тышкы жана колониялдык саясаты. XX кылымдын башындагы Германиянын экономикалык жана саясий өнүгүүсү. Империяга биригүүнүн тарыхый мааниси. Германия империясынын түзүлүшүндөгү Пруссиянын орду жана ролу. Жалпы Герман рыногунун түзүлүшү. Германиянын XIX кылымдын аягындагы реформалары. Отто фон Бисмарк - өз мезгилинин саясий ишмери. «Культуркампф» мыйзамы жана социолистерге каршы күрөшү. Германиянын коомдук саясий турмушундагы саясий партиялардын ролу. Германиянын тышкы саясатындагы өзгөчөлүктөр. Германия жана «Үчтүктөр союзу». Германия дүйнөнү кайрадан колониялдык бөлүштүрүүнүн демилгечиси. Бисмарктын өкмөтүнүн тышкы саясаты. Германиянын Африкадагы колониалдык саясаты. Германиянын жаңы канцлери жана жаңы социалдык мыйзамдары. Социал-демократтар жана пангермандыктар. Германиянын банк капиталы. XX кылымдын башталышындагы Германиянын экономикасы. Германиянын өкмөтүндөгү саясий кризистер. XX кылымдын башындагы Германиянын саясий өнүгүүсү. Германия жана бүткүл дүйнөлүк саясат. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Германия.

Лекция: 1871-жылы 18-январда Версаль сарайында официалдуу түрдө Германия империялык мамлекети пайда болгон. Анын курамында 22 монархия, 4 эркин шаар жана бир катар өз алдынча саясий эркиндикке ээ болгон обьектилер кошулган. (Германияда 22 монархиялык союз болгон) Бавария, Вюртембург, Баден, Саксония чектелген ички автономияга, ал эми Гамбург, Бремен, Любек "эркин шаар" статусун алган. Германиянын королу деп Пруссиянын королу Вильгельм I дайындалган.

1871-жылдын 14-апрелинде жалпы германия империясынын конституциясы кабыл алынган. Конституция боюнча империянын императору болуп Пруссия каролдору гана дайындалган. Бул кабыл алынган конституцияга ылайык Пруссия бириккен Германияга өзүнүн гегемондуулугун бекемдеген жана бир гана Пруссия тарабынан дайындалган кароль Германияны башкаруу укугуна ээ болгон. Бул 1867-жылдагы империялык конституциянын уландысы эле болуп баардык маанилүү маселелер падышанын жана анын тарапкерлеринин кызыкчылыгына дал келгендей түзүлгөн. Бул конституциянын негизинде падыша жогорку мыйзам бийлигине ээ болуп, ал аткаруу бийлигинин өкүлчүлүгүн дайындаган.

Император баардык куралдуу күчтөрүн өзү каалагандай башкарып, согуш, тынчтык маселелерин чечкен жана эл аралык иштерди өзү жалгыз түзгөн. Мындан сырткары падышанын алдында жоопкерчиликтүү болгон жалгыз империялык канцлер, кызматы да жаңыдан киргизилген. Императордук канцлер бир гана падышанын алдында жооп берүүгө жана эл аралык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, согуштук аракеттерге жооптуу болгон. Мындан сырткары императордук канцлер өкмөттүк кабинетти жана министрлерди да түзүүгө укуктуу болгон. Өлкөнүн жогорку өкмөттүк мекемелери болуп союздук кеңеш (бундестрат) жана рейхстаг болгон. Жалпы элдик мыйзам чыгаруучу империялык орган болуп рейхстаг эсептелген. Рейхстаг 3 жылга, ал эми 1878-жылдан тартып жалпы шайлоо укугунун негизинде 5 жылга шайлануу менен ал жалпы элдик добуш берүүнүн жыйынтыгында жүргүзүлгөн, рейхстаг мыйзам чыгаруучу укукка ээ болгон бийлик болгону менен анын кабыл алынган мыйзамы сөзсүз түрдө союздаш советинин макулдугу менен ишке ашкан.

Императордун концлеринин өз алдынча бир топ укуктары болгон, ал согуш жарыялоо, тынчтык келишимин түзүү, эл аралык мамилелерди дайындоого, армияны каалагандай пайдалануу эле. Мыйзам чыгаруучу бийлик да императордун колунда болгон, өлкөнун мыйзам чыгаруу палаталарына союздук кеңеш (бундестрат) жана рейхстаг дайындалган. Рейхстаг алгач 5 жылга дайындоо принциби менен 1878-жылдагы кийин жалпы тандоо жолу менен келген. Ал эми канцлер башкарган бундестратка шайланган эмес, бардык немец монархиясы, эркин шаарлардын башчылары кирген. Пруссиянын бийлик структураларына келүү

мүмкүнчүлүгү чоң болгон. Рейхстагдын 58ден 17 орунун Пруссия ээлеген.

Шайлоо укугуна 25 жаштан жогорку эркектер гана ээ болгон. Ал эми жогорку мыйзам чыгаруу палатасына союздаш өлкөлөрдүн курамынан түзүлгөн бундестрат болуп, ага 22 монархиянын жана 4 шаардын башчылары кирген. Бул жылдарды Германияда жалпы германдык империялдык мүнөздөгү бир катар реформалар жүргүзүлгөн.

1874-жылы мамлекетте бирдиктүү акча системасы алтын маркалар киргизилген. Акча жүгүрткөнү Пруссиялык банк, империялдык банк, рейхстагдык банктары кайра түзүлгөн. Бирдиктүү соттук системанын бийлиги орнотулган. Жогорку сот органы империялдык сот деп аталып, Берлинде эмес Лейпциг шаарында жайгашкан. Өлкөнүн биригүүсү, франктык-прусстук согуштагы ийгилиги экономикалык өнүгүүгө шарт түзгөн. Өнөр жай жана соода тармагы толугу менен өнүгүп, Германия дүйнөлүк аренага чыга баштаган. Экономикалык өнүгүүсү боюнча 1870-жылдарда дүйнөдө 4 - орунду ээлеген. XIX кылымдын аягында Германия темир, көмүр, чүгүн, тол өндүрүү боюнча АКШдан кийинки 2 - орунду алган. Химиялык, электроникалык өнөр жайы мыкты өнүккөн.

Өлкөнүн канцлери Отто Фон Бисмарк Германиянын экономикалык өнүгүшүн жана саясий стабилдүүлүгүн сактап калуу үчүн көптөгөн иш- чараларды иштеп чыккан. Ал падышага жана рейхстагга, оппозициялык күчкө каршы ийгиликтүү иш жүргүзгөн. Мына ошондуктан, анын замандаштары аны "темир газ" деп аташкан. Бисмарк өз мезгилинин билимдүү согуштук стратеги жана дипломаты болгон. Жогорку мыйзам чыгаруучу рейхстагда кабыл алынган мыйзамдарда анын таасири дайыма даана байкалып турган. Анткени, ал Германия дайыма согуштук аракеттерге даяр болуусу керек деп эсептеген жана аскердик саясатында бир эле мезгилде коргонуу менен чабуулга өтүү аракетине таянып иш жүргүзгөн.

Ошондуктан, Бисмарктын аты менен Германиянын XIX кылымдагы жүз жылдык тарыхы тыгыз байланышта. Ал биринчилерден болуп, Герман союзундагы өзү туулуп-өскөн Пруссиянын гегомондук абалын бекемдеп, андан кийин бүтүндөй немистер канча жылдардан бери зарыгып күтүп, каалаган бирдиктүү Германияны түзүүгө жетишти. Германиянын түндүк-

батыш бөлүгүндөгү дворян помещиктердин бирден бир белгилүү өкүлү катары, айрыкча пруссиялык юнкер аты менен белгилүү болуп, ар тараптуу инсан экенин көрсөтө алган.

Өз ишмердүүлүгүндө 1848-жылы Франция, Италия, Австрияда революциялар чыгып, Бисмарк армияны Берлинге алып кирүүгө жардам берүүгө аракеттенген. Бирок революция буга жетпей аяктаган. 1848-жылы контурреволюциялык бурулушту уюштурган. Буга карабастан падыша Бисмаркты министрлик постко дайындабай койгон. Мындай бурулуштан соң конституцияга монархия менен эки палаталуу парламент түзүүнү жарыялаган. Бисмарк төмөнкү палатага өтүүгө аракет кылып, чоң кыйынчылыктар менен эки турдан өтүп, 1849-жылы 26-февралда депутаттык ордун ээлеген. Бирок, Бисмарктын Германиянын биригүүсүнө жана франкфурт парламентине терс көз карашы саясий ишмердүүлүгүндө терс таасирин тийгизген. Кароль Фридрих Вильгельм IV тарабынан парламенттин таркатылышы Бисмарктын кайрадан депутат болуп шайлануу мүмкүнчүлүгүн жоготконуна карабастан, ошол жылы 7-августта кайрадан депутат болгон. Бир аз убакыттан кийин Австрия жана Пруссиянын ортосунда конфликт келип чыгат. Эки өлкө тең өздөрүн герман дүйнөсүндө лидер сезишкен жана майда немис княздыктарында өз таасирин тийгизүүгө аракет кылышкан. Кароль Бисмаркты франкфурт союзунун жыйынында Пруссиянын өкүлчүлүгүнө дайындаган.

1853-1856-жылдардагы Крым согушу убагында Австриянын Россия империясына каршы согушу үчүн бириккен герман союзунун армиясын мобилизациялоого каршы чыккан. Натыйжада, Бисмарк Россия менен Франциянын ортосунда Австрияга каршы негизги союздашы болгон. Франция менен мамиле түзүү үчүн 1857-жылы Парижге барып, Наполеон III менен жолуккан. 1859-жылы мартта келечектеги канцлер Россияга элчи кызматына барып, Петербургда турган. Бул дипломатиялык постту Пруссия башынан эле манилүү деп эсептеген. Бисмарк Россиянын маданиятын менен кызыгуу менен таанышып, айрыкча Москванын архитектуралык курулушун таң калуу менен кабыл алган жана орус тилин үйрөнгөн. "Эч нерсе эмес", "кечиресиң" деген сөздөрдү өмүрүнүн аягына чейин дайыма лексиконунда пайдаланган. Пруссия менен Россиянын ортосундагы жакындашуунун зарылдыгы катары Пруссияда грек тилин үйрөтүүнүн ордуна орус тилин сунуштаган. Россияда

элчилик кызматында жүргөн мезгилинде аюуларга аңчылыкка чыккан жана ар дайым жакшы маанай менен эскерген.

Отто Фон Бисмарк канцлер кызматында турган мезгилде саясий оппозицияга каршы күрөш жүргүзүп, маданият үчүн күрөшкөн. Бул программанын чыныгы максаты. Германиядагы Пруссиянын гегомондук бийлигин орнотуу болгон. Ушул программаларга ылайык рейхстагда бир канча жаңы мыйзамдарды кабыл алган. Алар: католик чиркөөсүнө, социалисттик кыймылдарга, басма сөз эркиндигине каршы жана башка ушул сыяктуулар. Мамлекет 1878-жылдан тартып, католик чиркөөсүнө бийлигин толук орноткон, башкача айтканда бүтүндөй католик чиркөөсүндөгү бийлик структураларына мамлекет түздөн-түз кийлигишип баштаган. Бул көрүнүш католиктер дүйнөсүндө көптөгөн нааразычылыкты пайда кылган жана ири иш таштоолор, нааразычылык митингдери өткөн. 1892-жылы рейхстаг Бисмарктын сунушу менен католиктерге каршы мыйзамды жокко чыгарууга аргасыз болгон.

Рейхстагда түрдүү карама-каршылыктар пайда болуп, консерваторлор партиясы Пруссиянын жана колунда бар дыйкандардын кызыкчылыгын көздөшкөн, ал эми эркин консерваторлор партиясы Отто Фон Бисмарктын демилгеси менен консерваторлор партиясынан бөлүнүп, өз алдынча партия болуп түзүлүп, ири магнаттардын, финансылык олигархтардын кызыкчылыгын көздөгөн. Ошондой эле, улуттук либералдык партия ири өнөр жай ээлеринин жана тышкы колониялдык басып алуучулук саясатын колдогон. Мындан сырткары рейстагда эркин ой жүгүртүүчүлөрдүн жана бир канча диний социалисттик фракциялар түзүлгөн. Католиктик партиялардын өкүлдөрү да рейстагдын борбордук бөлүгүндө жайгашып алардын мүчөсү болгон. Алар католик динине ишенүүчүлөрүнөн сырткары орто катмардагы социалисттик фракцияларды да өз ичине камтыган.

Натыйжада, эпископтор жана магнаттар мурдагыдай өз ишмердүүлүгүн жүргүзө башташкан. Отто Фон Бисмарк Германиядагы социалисттик кыймылды жок кылуу үчүн көп иш-чараларды жүргүзгөн. Рейхстагдык жумушчулардын кызыкчылыгын колдогон жалпы Германиялык жумушчу социалисттик партиясы болгон. 1871-жылы бардык социалисттик жумушчулар партиялары Год шаарында биригишип, бирдиктүү Германия социалисттик партиясын түзүшкөн. Ал эми 1877-

жылдагы рейхстагдагы шайлоодо 12 депутаттык мандатка ээ болушуп, 1,5 млн. шайлоочунун добушун алышкан.

1878-жылы өлкөнүн монархы Вильгелм Іге каршы эки жолу кол салуу болгон. Бирок, бул акцияга тиешеси жок социалисттик демократтарды Бисмарк күнөлөгөн. Бул жерде социалисттик демократтардан башка адамдар тарабынан уюштурулганын Бисмаркка айкын болчу. Натыйжада, ушул жылдын күзүндө рейхстагда Бисмарктын демилгеси менен социалисттик демократтарга каршы "коомдогу коркунучтуу элементтерге каршы" деп аталган мыйзам кабыл алынып, 1890-жылга чейин иштеген жана бир канча эркин газета, журналдар жабылып, анын жетекчилери камакка алынган. Эркин көз карашты чагылдырган адамдар жок кылынган.

Ушундай шартта 1889-жылы Рим шаарында социал-демократиялык партиялардын көрүнүктүү өкүлдөрү Август Бебель жана Вильгельм Либкнехттин демилгеси менен ири конференция болуп, социал демократтардын партиясынын кыймылына жардам берүү фонду уюшулган.

Кесиби боюнча токарь Август Бебель (1840-1913) германиялык жана эл аралык жумушчулар кыймылынын ири ишмери, К.Маркс менен Ф.Энгельстин жолун жолдоочусу, германиялык социал демократтардын партиясынын негиздөөчүсү жана жумушчулар арасында эң таасирдүү, элдин терең катмары абдан жактырган адам болгон.

Вильгельм Либкнехт (1826-1900) германиялык жана эл аралык жумушчу кыймылынын ири ишмери. Достору аны "революциянын солдаты" деп аташкан. Жаш кезинен эле революционерлерди жакшы көрүп, демократиялык кыймылга катышкан. Кийинчерээк коммунисттер союзуна кирген, К.Маркс менен Ф.Энгельстин жолун колдой баштаган. Ал I интернационалдын катышуучусу, германиялык социал-демократтардын негиздөөчүсү жана жетекчиси болгон. Цюрихте жана Лондондо кайрадан газета чыгара баштаган. Ошентип Европадагы бардык социал демократиялык партиялардын кээ бир өкүлдөрүн Германиядагы бул мыйзамга каршы террордук жол менен күрөш жүргүзүү саясаттарын К. Маркс жана Ф. Энгельс чечкиндүү түрдө четке каккан. Алар саясий жол менен күрөштү улантууга үндөшкөн. Элдин арасында тынымсыз иштөөнүн жыйынтыгында, 1892-жылы рейхстагга шайлоодо Германия социал-демократия партиясы 35 депутаттык мандатка ээ болгон.

Германиянын тышкы саясатында Отто Фон Бисмарк Европа континентинде өзүнүн гегомониялык бийлигин орнотууну самап, 1873-жылы Россия, Австрия Венгрия жана Германия мамлекетинин ортосунда үч императордук союз деген келишим түзүүгө жетишкен. Бул келишимдин максаты Европадагы социал-демократиялык партиялардын кыймылдарына каршы күрөшүү болгон. Бирок, бул союз 1875-жылда өзүнүн иши токтоткон. Анткени, Германия үч императордук союздуншартына ылайык, Францияга каршы француздук коопсуздук маселесине каршы согуштук аракет жасаган. Англия менен Россия Францияга колдоо көрсөтүшүп, Германиянын экинчи жолу Франциянын басып алуу коркунучунан куткарып калган. 1879-жылы Австрия Венгрия менен согуштук келишим түзүп, 1882-жылы бул союзга Италия кошулган. Натыйжада, Европада Үчтүктөр союзу пайда болгон.

Германиянын тышкы саясатында 1882-жылы Германия колонияларынын союзуна Тунис, Түштүк Батыш Африка өлкөлөрү Того, Камерун кирген. 1888-жылы Вильгельм Інин өлүмү жана анын уулу Вильгельм IIнин бийликке келүүсү менен аяктаган. Вильгельм II бийликке келген күндөн тарта, бийликти жалгыз өзү колго алгысы келип, дайыма "жогорку мыйзамды чыгаруу каролдун эрки" сөзүн кайталап, бой көтөргөн, конституцияны жоюуну эңсеген жана өз айланасына кошоматчы, жоопкерчиликти сезбеген кеңешчилерди топтогон. Ал Отто Фон Бисмарк менен пикир келишпей, жыйынтыгында 1890-жылы өз ыктыяры менен отставкага кеткен. Германиянын биринчи канцлерлигине болуп генерал Каприви дайындалган.

XIX кылымдын аягы Германия үчүн эң маанилүү болгон. 1897-жылы Германия Испаниядан Каролинг жана Мировинг аралчаларын сатып алган. Кытайдын Шандунь провинциясында темир жол куруу проектисин тендер менен утуп алган. Анткени, бул мезгилде анын өзүнүн ички өндүрүүнү өнүктүрүү менен бирге башка өлкөлөр менен маанилүү келишимдерди түзүүгө жетишкен. Үчтүктөр союзуна каршы Франция менен Англиянын ортосунда Антанта келишими түзүлүп, кийин бул келишимге Россия кошулган.

Бытыранды өлкөнүн биригиши экономиканын тез өнүгүшүнө алып келген. Германияда помещиктик, бюрократиялык жарым-жартылай абсалюттук монархиядагы мамлекет болгон. Мындан сырткары Франциядан алган 5 млд. франк контрибуция жагымдуу таасир тийгизип, өнөр жайдын өсүшүнө түрткү берди.

Германиянын өнөр жайы (электроника, химия, металлургия) күн санап өскөн. Ошондой эле, Германиянын экономикасынын жана өнөр жайынын өнүгүшүндө ири картелдик союздар, банктардын концентрациясы пайда болгон. Улуттук банк, немецтик банк, Берлин соода коому, Берлин эсептөө коому сыяктуу ири банктар пайда болгон. Бул банктар бир эле мезгилде Германиянын өзүндө эле эмес чет өлкөлөрдө өздөрүнүн капиталын алып чыгышкан. Финансылык олигархтар ири саясий лидерлерге айланып, мамлекеттин башында таасирдүү күчкө ээ болгон.

Германиянын айыл чарбасында феодалдык түзүлүш толугу менен талкаланып, анын ордуна капиталисттик чарба жүргүзүү башталган. Помещиктик чарбалар чарба жүргүзүүдө акча каражатын пайдаланып жана тез өнүгүүгө жетишкен. 1883-жылы Германиянын аймагында жайгашкан краска заводдорунан дүйнөдөгү өндүрүлгөн красканын 3/4 бөлүгүн чыгарган. Темир жолдор 1871-жылы 21000 км болсо, 1900-жылы 50000 км курулган. Бирок капитализм Германиянын бардык аймактарында бирдей өнүккөн эмес, экономикалык кризистер тез-тез болуп турган. 1874-1878-жж. өлкө экономикалык депрессияга кабылган.

Узака созулган кризистен кийин 1879-жылы кайра экономика жанданып, кортелдердин өнүгүүсү башталган. 1895-жылы Германия 250 кортел болуп, ири капиталдуу акционердик коомдор түзүлгөн. 1886-жылы "Рейн-Вестфал Чугуннолитейный кортель", 1893-жылы "Рейн-Вестфал көмүр синдикаты" өнөр жайы негизделген (көмүр металлургия, химиялык, электроника). 1886-жылы 74, 1896-жылы 108 ири капиталдуу акционердик коомдор болгон, экономикада эң негизги ролду финансылык гиганттар деп аталган. "Дорлештад танкы", "Берлин соода коому", "Шафгаузен кеңештик банкы" жана башкалар экономиканын өнүгүүсүндө негизги орунду ээлеген. Көпчүлүк банкирлер, өнөр жай магнаттары жана олигархтар, өлкөнүн башкаруусунда таасири чоң болгон.

Атасак, XIX кылымда чоң саясий күчкө "Гельзенкирхен тоо" өнөр жай акционердик коомунун башчысы Эмиль Кирдорф, ири өнөр жайчы "Саар" бассейнинин ээси Карл Фердинанд Штумм, аскердик курал-жарак заводунун ээси Крупп жана башкалар ээ эле. Экономика өнүгүп жатканы менен жумушчулардын абалы өтө эле бойдон калган. 12 сааттык жумуш күнү, төмөн айлык акы сакталып калды. XIX кылымдын акырында Германиянын тышкы соодасы,

айрыкча деңиз соодасы өнүккөн. Бирок, бул дүйнөлүк саясатта аренада Англия, Франция менен атаандашып турган.

Германияны бириктирүүнүн аякталышы менен бирдиктүү ички рынок түзүлдү. Франциянын территориясынын бир бөлүгүн Германия басып алып натыйжасында Рейн области менен Саар бассейнинин жаратылыш ресуртарына Лотарингиянын темир кенинин запастары кошулган. Ошол кезде түзүлгөн көптөгөн ишканалар Германиядан мурда индустриализация жолуна түшкөн, башка өлкөлөргө караганда бир кыйла өркүндөгөн, жогорку өндүрүмдүү, эң жаңы заманбап техникалар менен жабдылып турган. Бул өнөр жай төңкөрүшүн ылдам аяктоого мүмкүнчүлүк түздү. Айыл чарбасында иштетилүүчү бардык жердин 25 %ын ээлеген помещиктер жалданма жумушчу күчүн, эң жаңы машиналарды жана жер семирткичтерди кеңири пайдалана башташты, бирок жери аз дыйкандарды эксплуатациялоонун жарым феодалдык методдорунан баш тартышкан жок. Айыл-кыштактарда административдик бийликти сактоо, орто дыйкандарды көз карандылыкта кармап турушкан. Помещиктер менен бирге дыйкандардын эсебинен иштетилүүчү жердин 30%ын өз колдоруна топтоп алган кулактар-гроссбауэрлер да байып жатышты. Мындан да көп пайда табууга умтулушуп, помещиктер капиталдарын ылдам өнүгүп бараткан өнөр жайларга жумшай башташты.

Ошону менен бирге XX кылымдын башталышында Германиянын өз алдынча иштеген калкынын негизги бөлүгү өнөр жайда иштеп, көпчүлүгүн жумушчу табы түзгөн. Эмгек өндүрүмдүүлүгү 40 жыл ичинде дээрлик эки эсеге, ал эми реалдуу кызмат акы төлөө 15% га гана жогорулаган. Жалпысынан алганда, эксплуатацияланууучулар менен эксплататорлордун ортосундагы антоганизм тереңдеген, ишканалар ири компаниялардын колуна топтоло берди. 1893-жылы бир нече бирикмелери, шахта ээлеринин Рейн-Вестифаль таш көмүр синдикатын түзүү жөнүндө макулдашышты. Бул синдикат Рур областындагы бардык казылган көмүрдүн 87% жакынына ээ болуп көмүргө жогорку баа койгон.

Курал-жарактарды өндүрүүдө "Фридри Крупптун болот куючу заводунун" фирмасы үстөмдүк кылып, пруссиялык армия үчүн артилериялык замбиректерди даярдоодо байыган. XX кылымдын башталышында монополиялар экономикада үстөмдүк кылуучу күч болуп калган. Казылган көмүрдүн, өндүрүлгөн чоюндун жана болоттун дээрлик бардыгы төрт монополия тарабынан көзөмөлгө

алынган. Өсүп жаткан деңизде сүзүү иштери эки монополиянын колуна тийген. Монополисттердин эки тобу химия өнөр жайын, дагы экөө электр өнөр жайын көзөмөлгө алган.

Германия күч-кубаттуу индустриялык державага айланды. 1914-жылы өнөр жай продукциясын 1871-жылы караганда дээрлик 7 эсеге көп чыгарган. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү боюнча Францияны артта калтырып, XX кылымдын башталышында Англиядан алдыга озуп кетти да, дүйнөдө экинчи орунга (АКШдан кийинки) чыкты.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Германия монополиясы англиялык жана француз империализмине салыштырмалуу өтө тез темп менен өнүгүп баштаган. Германиянын дүйнөлүк өнөр жай өндүрүшүндөгү кирешеси 1870-жылы 13% болсо, 1913-жылы 16% жеткен. Бул көрүнүш Англияда 32% дан 16 % га төмөндөсө, ал эми Францияда 10%дан 6% га кыскарган. Бир гана АКШда 23% дан 36% га экономикалык көрсөткүч жогорулап, дүйнөлүк базарда америкалык жана германдык империализмдин экспанциясы өзгөчө чоң мааниге ээ боло баштаган.

Өнөр жайчыларды кредит менен камсыз кылып турган банктардын, өзгөчө өлкөнүн финансысынын көп бөлүгүн мамлекет контролго алган. "Дисконтгезельшафттын" жана "Дойче банктын" күч-кубаты артты. Бириккен өнөр жай жана банк капиталдарынын ээлери финансылык олигархияны түзүшкөн. Ал өзүнүн гана эмес, башка өлкөлөрдүн да башкы эксплуататору болуп калган.

Бул монополисттер юнкерлерден бай болуп чыгышты, юнкерлер болсо мурдагыдай эле императорду тегеректеп, жүрүшкөндөрдүн тобун түзүшкөн жана администрациясы менен куралдуу күчтөрдөгү жогорку кызматтарга дайындалышкан. Ошондой болсо да монополисттер менен юнкерлердин башкы эксплуататору болуп калган, башкы таламдарЫ дал келген.

Бул монополисттер юнкерлерден бай болуп, алар өздөрүнүн кирешелерин эмгекчилерди эксплуатциялоону күчөтүүдөн жана башка элдерди талап-тоноодон көбөйтүүгө умтулушкан. Германиядагы жаңы мезгилдин алгачкы жылдарынан тарта эле буржуазиянын помещиктер менен болгон союздаштыгы монополисттердин жана юнкерлердин биригүүгү мыкты өбөлгө болуп кеткен. В.И. Ленин бул мезгилдеги германдык өнүккөн империализмди юнкердик буржуазиялык империализм деп

атаган. Бул империализмдин маанилүү белгиси анын өзгөчө агрессивдүүлүгү болуп эсептелген.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башталышында экономикалык жактан тез өнүгүп, рейтингдик көрсөткүчтөрү боюнча Европада биринчи орунга чыгат. Германия империализми бул мезгилде башка империялар, державалар бөлүп алган жер шарын кайра бөлүштүрүүгө умтулуп, ашкере агрессиялык жолго өткөн.

Ошентип 1910-1914-жылдарда Германиянын тарыхында саясий кризистин жарылуусу пайда боло баштады. Анткени, бул мезгилге чейинки социалисттик кыймылдардын пайда болуп күчөшүн, пролетариаттардын класстык күрөштөрүн империалисттик системанын чирип бараткандыгын баса белгилеп жатышты. Немистик социал-демократтардын өкүлдөрү Карл Либкнект , Р. Люксенбург, Ф.Меринг жана башкалар бул класстык күрөштөргө зор салымдарын кошуп, тарыхта чоң из калтыра алышкан. Алар империализмге жана милитаризмга каршы Германиядагы социалисттик революциянын жана демоктратиялык республиканын революциялык программасын, тактикасын иштеп чыгышкан.

1910-жылы февралда Германиянын ондогон чоң шаарларында жумушчу классынын жана башка эмгекчилердин катмарларынын Пруссиядагы шайлоо укугун демократиялаштыруу максатында болуп көрбөгөндөй күч менен көтөрүлүш чыккан. Мындай көтөрүлүш бул мезгилге чейин көп болгон, бирок эң ириси февраль көтөрүлүшү эле. Жумушчу кыймылдарынын кысымы астында өкмөт сунуштаган мыйзамдын долбоорунан баш тартып, эски шайлоо системасын сактап калууга мажбур болушкан.

Германиядагы 1909-жылы 2045 жумушчулардын көтөрүлүшү болсо, 1910-жылы 3194 кө жетип, салыштырмалуу эмгекчилердин саны 131 миңден 369 миңге өскөн. 1911-жылы 3-сентябрда Берлинде Трепто паркында 200 миңден ашуун социал-демократтар Вилгельм IIнин башкаруу иштерине жана Морокколук кризиске каршы массалык козголоң уюштурушкан. 1912-жылы 13-мартта ушудай маанайдагы көтөрүлүшчүлөрдүн саны 330 миңге жетип, буга өлкөдөгү, Англиядагы, Франциядагы, Бельгиядагы тоо-кен жумушчулары, көмүр бассейиндеринин жумушчулары кошулган. Жумушчулардын негизги талабы жогорку айлык акы жана 8 сааттык жумуш күнү болгон.

Бирок буга карабастан Германиянын башкаруучу чөйрөлөрү аскердик даярдыктарын күчөтүп, 1913-жылы армиянын саны 666 миңге адамга жеткен. 1913-жылдагы аскердик жаңы мыйзамдын негизинде 1914-жылы армиянын саны 800 миңге жетип, аскер-деңиз флоту курулуп, армия жаңы техникалар менен камсыздалган. Германиялык финансылык капиталы жана милитаристтери 1914-жылы жазында Антанта державаларына каршы согушка толук барын даярдап бүткөн эле. Согушка даярдыктын жүрүшүндө бийлик өкүлдөрү бардык областтардын коомдук жашоосунда башкарууну башка нукка буруп, улуттук-шовинисттик саясатын башташкан.

Герман империализми Германиянын жеңилиши менен аяктаган биринчи дүйнөлүк (1914-1918-жж.) согушту даярдоодо жана баштоодо бөтөнчө активдүү юнкердик милитаристтик Пруссияга кошулгандан кийинки Германиянын келечегине карай жаңыча жол ачкан. Улуу Октябрь революциясынын таасири менен Германияда ноябрь революциясы башталып монархия кулайт. Берлинде К. Либкнект жана Р. Люксенбург жетекчилик кылган "Спартак союзунун" негизинде түзүлгөн Германиянын компартиясынын уюштуруу сьезди (1918-жылы 30-декабрда 1919-ж 1-январда) болот. Германиянын комунисттик партиясынын программалык документтеринде герман империализмине каршы күрөштүн жолдору көрсөтүлөт. Бирок оңчул лидерлердин чыккынчылыгынан пайдаланып, контур революциячылар массанын революциячыл кыймылын басат.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

IV ЛЕКЦИЯ.

АВСТРО-ВЕНГРИЯ МОНАРХИЯСЫ

Негизги түшүнүктөр: Бириккен Австро-Венгрия королевствосу жана саясий түзүлүшү. Монархиядагы улуттук маселе жана биригүү жолу. Империядагы жумушчулар кыймылдары. Империянын экономикалык саясий өнүгүшү. Империянын тышкы саясаты. Европадагы эки мамлекеттин биригүүсүнүн себеби. 1867-жылдагы австро-венгриялык келишим. Босния жана Герцоговинияны Австрияны басып алышы. Дуалисттик монархиядагы мамлекеттик башкаруу структурасы. Германия менен союздук келишимге кол коюу. Австро-Венгрия «үчтүктөр союзунда». Империянын Австрия тарабындагы улуттук маселелердин жөнгө салынышы. Империянын Венгрия тарабындагы улуттук мамилелердин жөнгө салынышы. Империядагы социалдык мамилелердин жөнгө салынышы. Империянын улуттар ортосундагы маселелердин чечилиши. XX кылымдын башталышындагы империянын экономикалык абалы. Славяндардын улуттук кыймылынын күрөшүнүн күч алышы. Венгриядагы жумушчулар кыймылы. Австриядагы жумушчулар кыймылы. Эл аралык мамилелер жана Австро-Венгрия монархиясы. Австриянын саясий түзүлүшү. Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышында Австро-Венгрия демилгечи катарында. Дуалисттик системанын талкаланышы. Дуалисттик системанын биригишинин тарыхый мааниси. Дуалисттик системадагы падышалар жана алардын тарыхый өнүгүүдөгү орду.

Лекция: 1866-жылы Австриянын Пруссия, Италия менен болгон согушунун негизинде Австрия Венецияны жоготуп, габсбургдар прусстук гегомонияны таанышкан. Бул ички саясаттын өзгөрүүсүнө алып келген. Франко-прусстук согуштун жыйынтыгында, Германияны империя деп жарыяланган. Бул габсбургдардын кайра негизделишине болгон үмүтүн биротоло жокко чыгарган. Ошентип, австриялык габсбургдар улуттук биригүүгө өз таасирин тийгизе алган эмес. Бирок, Балкан жарым аралындагы румын элдеринин эркиндикке жетүүсүнө жардам берген. Румын жана славян элдерин башкарып, Венгрия менен дуалисттик келишим түзгөн. Дуалисттик системанын

консалидацияланышы (биригиши) менен 1867-жылы 8-июнда Европада Австро-Венгрия монархиясы пайда болгон. Бул биринчи кезекте габсбургдардын династиясынын өкүлдөрүн Италиянын, Пруссиянын, Франциянын согуштук аракеттеринен кутулуу максатында айласыздан түзүлгөн иш эле. Мындан сырткары, Германия мамлекетинин ичиндеги Пруссиянын саясатына каршы жасалган кадам болгон. Бул мезгилде Австро-Венгрия монархиясы Цислейтания, Транслейтания, Босния жана Герцоговиния провинцияларына бөлүнүп турган. Босния жана Герцоговиния провинциялары улуу державалар ортосунда дайыма талаш-тартышты жараткан аймак болуп эсептелет. Официалдуу түрдө1868-жылы 14-ноябрда монархиянын консолидацияланышы тууралуу Франц Иосиф Інин демилгеси менен эки тараптуу келишимге кол коюлган.

Австриянын курамына 17 провинция: төмөнкү жана жогорку Австрия чехтик жерлер, Пероль, Штирия, Каринтия, Триест, Приморье, Буковина, Галиция жана башкалар кирген. Ал эми Венгрия хандыгына Словакия Закавказиялык Украина, Трансильвания, Банат, Хорватия жаңы порт шаар Адриаттын жээгиндеги Фиуменин айланасы караган. Административдик-саясий жана конституциялык башкарууда эки өлкөдө айырмачылыктар болгон. Көптөгөн цислейстандык провинцияларынын ички иштеринде чектелген автономияны колдонгон жана өздөрүнүн мыйзам чыгаруучу органы "ландтагы" болгон. Венгрия ар улуттуулугуна карабастан бирдиктүү бийлигин жүргүзгөн.

1867-жылдагы түзүлгөн автро-венгердик мамлекет абсалюттук, феодалдык мамилелердин калдыктары менен коштолгон жана улуттук басмырлоо сакталган мамлекет болгон. Феодализмдин элементтеринин сакталышы өлкөнүн экономикасынын өнүгүү темпин акырындаткан. Көп улуттуу автро-венгер мамлекетинде улуттардын тең эмес абалынын натыйжасында, Австро-Венгрия империясынын ар кайсы бөлүктөрүндө экономика бирдей өнүккөн эмес, Австриянын өндүрүшү Венгрияга караганда көбүрөөк болгон. Австро-Венгрия монархиясында жумушчулардын жашоо деңгээли башка европа өлкөлөрүнүн жумушчуларына караганда төмөн болгон. Ошондой эле, бул жерде өндүрүшкө аялдар жана жаш балдардын эмгеги да пайдаланылган. Лениндин айтуусу боюнча: "Австро-Венгриянын капиталисттик буржуазиясы жогорку деңгээлде өнүккөн".

1867-жылдагы келишим боюнча капиталдын өнүгүүсү Австриянын экономикасын, негизинен өнөр жайынын өсүшүнө түрткү берген. Алгачкы жылдарда биринин артынан бири өсүп, банктар ачылган, акционердик коомдор иштей баштаган. Ири капиталдардын кызыкчылыгы үчүн 1868-жылы жерлерди эркин сатуу же алууга тыюу салынган. Чет элдик банктар Венада филиалдарын ачууга уруксат алган. Өлкө темир жол куруучу компанияларды салыктардан бошотуп, чыгашалардын 50% ын алып калуусуна уруксат берген. Натыйжада, чоң масштабдагы темир жолдор курулуп, ошондой эле темир менен көмүр өндүрүү өнүккөн. Бул өнүгүүлөргө 1873-жылы болгон дүйнөлүк кризис терс таасирин тийгизген. Бир күндө эле көптөгөн компаниялар, акционердик коомдор, банктар, сактоочу кассалар банкрот болуп, жыйынтыгында мамлекетте туруктуу иштеп жаткан 70 банктан 8 банк иштеп калган. Мындай оор кризис каржылык жактан жабыркаган адамдардын өзүн-өзү өлтүрүүсүнө чейин алып келген.

Индустрализациянын ылдам өнүгүүсүнө карабастан XIX кылымдын аягында калктын жарымы айыл чарбасында жана токой чарбасында эмгектенишкен. Мамлекеттин бекем колдоосунан улам помещиктер өздөрүнүн позицияларын сактап жана бекемдеп алган. Көптөгөн Цислейстаниянын провинцияларында чоң латифундиялар пайда болгон. Болжол менен жердин 20% аристократтарга таандык болгон.

Альпий провинциясындагы дыйкандар жана карапайым калк өз жанын өзү багып, туризм жана тоо, токойлорду пайдаланып тиричилик кылышкан. Ал эми буларга караганда, Австриянын төмөнкү бөлүгүндөгү айылдагылар бир аз жакшыраак жашаган. Алар малчылык, сүт өндүрүүчүлүк, жүзүм өстүрүүчүлүк, бак жана жер-жемиш менен алектенгенине карабастан, индустрализациянын борборунда жашашкан. Цислейстаниянын батыш провинцияларындагы айылдар өндүрүштүн интенсификациялык жолуна өткөн. Көпчүлүк ири помещиктерде жана кулактарда жер семирткичтер, талааларда иштөөчү майда машиналар менен жерлер иштетилген.

Өлкөнүн борборунда атайын агроном, малчы, ал эми башка провинцияларда вино чыгаруучу, бакчачы, жүзүмчү, токой жана жер бөлүштүрүүчү адистерин даярдоо боюнча атайын жогорку окуу жайлар ачылган. Орто жана майда чарбалардын интенсивдүү өнүгүүсү үчүн бир топ жараяндар жүргөн. Жердин жана иштин

жоктугунан шаардагы он миңдеген адамдар туулган жерлерин таштап, океандын ары жагына эмиграция болуп кетишкен. Кулактардын катмарларына караганда экономикалык абал интенсивдүү өнүгүп, айыл чарбасы заманбап ыкмалар менен иштөө жолуна өткөн. Бул көбүнчө батыш Дунайда байкалган. Натыйжада, Венгрияда дан өсүмдүктөрүнүн түшүмү он жыл мурункуга караганда эки эселеп өскөн. Бул жараян өлкө жардам берип турган ири помещиктерге жана кулактарга өзгөчө таасирин тийгизген. Айыл чарбасындагы капиталдын өнүгүүсү менен XIX кылымдын аягында Венгрияда ири агрардык пролетариаттардын армиясы түзүлгөн да, алардын саны 3,5 млн. ашык адам болгон.

Венгрияда өнүгүү жараяны 1880-жылдары гана өнөр жай революциясы болгондон тарта башталган. Индустриялык өнүгүүдөгү негизги өндүргүч күч буудай, спирттик суусундуктар, шекер, сыра кайнатуучу заводдор, тегирмендер жана башка бир топ өнөр-жайлар болуп, анын ичнен ун өндүрүшү 44% ды түзгөн. Венгриядагы ун өндүрүү Европада биринчи, ал эми дүйнөдө экинчи орунда турган.

Темир жолдорду куруунун негизинде темир жана машина куруу өнүккөн. Паравоз, вагон, электровоздор курулуп анын бир бөлүгү Италияга экспорттолгон. Экспортко электр лампасы, жылуулук трубалары, дизель моторлору жөнөтүлгөн.

Өнөр жайлуу аймактар, негизинен борбор шаар жана анын айланасындагы шаарлар болгон. Ушундай өндүрүштүн жогорулоосунан улам 1873-жылы үч шаар биригип (Пешта, Буды, Обуды), Будапешт шаарын түзгөн. Кылымдын аягында бул шаар ири борборго айланып, электротехниканын, буудайды иштетүүнүн, машина куруунун мыкты өнөр жайлардын жана Европадагы эң кооз шаар болгон. 1887-жылы шаар ичинде биринчи трамвай жүргөн, ал эми 1895-жылы биринчи жолу жер астындагы темир жол ишке кирген. Бирок, бул ийгиликтер өлкөнүн экономикасынын структурасындагы агрардык мүнөздү өзгөрткөн эмес. Анткени, XIX кылымдын аягында өнөр жайда калктын 13,7% иштеген. Экономикалык кризисти 1870-жылдардын аягында кыйынчылык менен жеңүүгө болгон. Ушундан улам өлкө башчылары протекциондук тарифтерге өтүүгө, салыктарды кайра көбөйтүүгө аргасыз болгон.

XIX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымында өнөр жайда өнүгүүлөр байкалган. Натыйжада, кылымдын аягына чейин

Австриянын экономикасында фабрика заводдук индустрияда гегомониялуулук жана заманбап өнөр жайынын пролетариаты түптөлгөн. Өнүгүүнүн негизин металлургия жана металл иштеп чыгуу, текстил өнөр жайы болгон. Ири машина куруу борборлорунда Венадагы Грац шаары, Виннер-Найштадт жана Триест шаарлары болгон. Локомотивдер, автомобилдер, велосепеддер ойлонуп табылган. Ширеңке, кагаз, боекторду чыгаруу өскөн. Вена, Пензения, Штайра, Ферлаха аймактары продукцияларын Европанын көптөгөн өлкөлөрүнүн базарларына кое баштаган.

Австро-Венгрияда экономикалык салык улуттук укуксуздук менен толукталган. Көбүнчө ишкерлер же административдик персонал үстөмдүк кылуучу ұлут австриялык жана мадьярлардан турган, ал эми жумушчулар көбүнчө славяндар болгон. Австро-Венгриянын айыл чарбасы жалданма жумушчуларды пайдалануу аркылуу прусстук жол менен өнүккөн, башкача айтканда өлкөдө айыл чарбасында жана тышкы экономикасында үстөмдүк кылуучу абалда помещиктик латифундиялар турган. Латифундияга үстөмдүк кылуучу улуттар, Венгрияда венгерлер болгон, ал эми алардын талаасында славяндар, украиндер, сербдер, хорваттар, словактар иштеген.

1867-жылдагы макулдашуудан кийин Австрияда бир катар реформалар жүргүзүлгөн. Граждандык нике киргизилген, диний адамдар мектепте сабак берүү укугунан ажыраган. Ушул жылдары австриялык улуттун калыптануу жарааяны биротоло татаалдашкан.

Алар бул мезгилде дуалисттик монархияда башкаруучу абалды ээлеп турушкан. Империянын эки бөлүгүндө: Австрия жана Венгрия империясында үстөмдүк кылуучу улуттар австриялыктар жана мадьярлардын бийлигин бышыктоого жана алардын бийлигин күчөшүнө багытталган мыйзамдар кабыл алынган. Бул максат 1873-жылдагы шайлоо реформасында жогорку деңгээлде жүзөгө ашкан. Рейхстагга 220 австриялык, 170 чех, поляк жана башка улуттардан шайланган.

Венгрияда мадьярлар калктын жарымын түзгөн, бийлик венгер помещиктеринин колунда болгон. Кийин 1867-жылы Австро-Венгрия келишиминен кийин Венгрия падышалыгында мадьярлаштырууга өтүшкөн. 1868-жылы "Улуттар жөнүндө" мыйзам кабыл алынган. Бул боюнча венгер тили мамлекеттик мекемелердеги, мектептерде жеке тил болуп, ал эми венгерлер

жеке "саясий улут" болуп калган. Мадьяризацияны Украин жана славакиядагы улуттук мектептердин жабылышынан көрүүгө болот. Улуттук кысууга жооп катары өзүнүн адамдык жана улуттук укугун коргоо үчүн Трансильваниядагы элдер жана славян элдери тынымсыз стихиялык, кээде уюшулган күрөш жүргүзүп турушкан.

Дуалисттик келишимде түзүлгөн монархиянын ички башкарууда толук өз алдынчалуулук өкүм сүргөн. Мамлекеттик борборлошкон жалпы империялык иштер үчүн төмөндөгүдөй үч министрликти дайындаган.

1) тышкы иштер министрлиги;

2) ички иштер министрлиги;

3) аскер иштер министрлиги;

Мындан сырткары жалпы финансылык министрлик болгон. Бул министирликтер эки падышага тең баш ийип, парламентке мезгил-мезгил менен отчет берип турган. Эки падыша тең мыйзамдарды чыгарып, өлкөнүн өкмөт башчыларын дайындап бошотуп турган жана ортодогу министрлерди көзөмөлдөгөн. Көптөгөн чечимдер король Франц Иосифтун иш столунда каралган. Ал монархтык саясаттын артыкчылыктарын ички жана аскер саясатында колдонгон. Король Франц Иосиф өмүрүндө өтө оор күндөрдү, татаал окуяларды башынан өткөргөндүктөн, ар дайыма элдердин көтөрүлүшүнөн коркуп жашаган жана мамлекетти башкарууда эч кандай өзгөртүүлөрдү киргизген эмес. Дуализм жана ага тиешелүү өзгөрүүлөр ал үчүн акыркы жаңылыктардан болгон. Ал жаңычылдыкты өтө жаман көргөндүктөн жана катуу чочулап кабыл алгысы келбегендиктен телефон жана автомобилди колдонуудан баш тарткан. Мына ошентип монархияда дуалистик системанын консолидацияланышы ички жана тышкы саясат жүргүзүү менен бышыкталган.

Ал эми 1871-жылы Бириккен Германия менен Италия мамлекеттеринин пайда болушу жана Вена монархиясынын идеясы болгон. Австро-Венгрия империясынын түзүлүшү Германия өлкөсүндөгү жалпы габсбургдардын империясын түзүүнү жокко чыгарган. Австро-Венгрия империясынын түзүлүшү ошол мезгилдеги өнүккөн мамлекеттер менен тең тайлашкан дагы бир мамлекеттин пайда болушуна алып келген. Австро-Венгрия монархиясы Европадагы эң ири державага айлануу менен бирге, кийинчерээк өз саясатын Германияга ыктай баштагандыктан, Россиянын Галиция аймагын басып алуусуна каршы туруп аны

токтоткон. Ушундан улам Венгрия Россиядан коргонуу максатында Австро-Венгрия империясынын Германияга биротоло жакындаштырууга аракеттене баштаган. 1879-жылы Венгер өкмөт башчысы Андроши өзү саясий аракеттенип, Германия менен тең тайлашкан согуштук келишим түзүүгө жетишкен жана үчтүктөр тобунун башталышы болгон. Бул Европадагы биринчилерден болуп ачык согуштук келишимди түзгөндүгү менен айырмаланган.

Венгрия дуалистик системага кирүү менен бирге буржуазиялык мүнүздөгү конституцияны кабыл алган. Бул конституцияга ылыйык өлкө коомдук саясий экономикалык жактан өнүгүүдө прогрессивдүү мыйзамдын өнүгүүсүн шарттаган. Венгриянын аймагы салыштырмалуу экономикалык жактан мыкты өнүккөн. Австрияга Вена жана Түштүк Австрия, Трансильвания провинцияларындагы аймактардын кошулуусу өлкөдөгү капиталисттик системанын өнүгүүсүн тездеткен. Бирок, Венгриянын жака белиндеги жашаган провинциялар мезгилдин өзгөргөнүнө карабастан агрардык бойдон кала берген, алар Галиция, Буковина, Трансильвания, Хорватия Батыш Украина ж.б.у.с.

Австрия-Венгрия келишими убактылуу улуттар маселесин чечип турган. Бирок, Австриянын да, Венгриянын да карапайым калкын канааттандырбаган бул келишим Цислейстандагы австриялыктардын, Транслейтаниядагы мадьярлардын гегемониялык укуктарын начарлаткан. Чехия, Моравия, Силезия биригип, дуалисттик монархияны триалисттик монархияга айландырышкан. Бирок, бул аракеттерге Герман империясынын канцлери Отто Фон Бисмарк кийлигишип, кысымга алган соң, триалисттик монархиянын саясый пландары ишке ашпай калган.

Венгриянын бул провинцияларында улуттар аралык жаңжалдар тынымсыз чыгып, аймактардын артта калуусун шарттаган. Австро-Венгрия монархиясында Австрия тараптан немистер Венгриядан мадьярлар өзүнүн гегемондуулугун орнотуп, бийлик жүргүзүп келишкен. 1867-жылы Австро-Венгрия монархиясында жаңы конституция кабыл алынган. Конституцияга ылайык өлкөдө жашаган бардык улуттар тең укуктуулугу баса белгиленген. Бирок, иш жүзүндө мыйзам монархиядагы улуттук азчылыкта жашаган аймактарда алардын кызыкчылыгын эске албаган. Монархиянын мамлекеттик тили деп немис тили өзүнүн

үстөмдүгүн жүргүзгөн. Ал бүтүндөй эл аралык келишимдерди түзүүдө жана армияда колдонулган.

Австриянын ар бир провинциясында шайлоо мыйзам жолу менен шайланган, мыйзам чыгаруучу атайын сейиндер жана ландтаг деп аталган орган болгон. Жогорку мыйзам чыгаруу органдарына шайлоо түз эмес, рейхстагдын депутаттарынын добушу менен тандалган. Шайлоо укугуна калктын 6% ган ээ болгон. Мындай шартта монархиядагы кээ бир провинциялар өтө жогорку деңгээлде өнүгүп ири жетишкендиктерге жетишкен. Галицияда украиндер, поляктар, тапсандар жашаганына карабастан бул провинция жогорку деңгээлде өнүккөндүктөн өз алдынча провинциянын башкаруу тили деп поляк тилин кабыл алган мыйзамдарды чыгарышкан. Ушундан улам поляктардын өкмөттүк деңгээлге чейин жетишин талап кылышып, монархиянын ишенимдүү башкаруу түркүктөрүнө айланышкан. Натыйжада, поляктар Австрия-Венгрия монархиясынын министрлигине чейин көтөрүлүшкөн.

Австриядагы чех элинин маселеси абдан оор болгон, 1871-жылдагы чех элинин тили жана абалы жөнүндөгү келишимдин кабыл алынганындыгына карабастан улуттун мамилеси оң жагына чечилген эмес. Чехтер жашаган аймагындагы тынымсыз чыккан көтөрүлүштүн натыйжасында 1879-1893-жж. бул провинцияларда кош тилдүү мыйзам киргизилгенине карабастан алардын маселеси оор бойдон кала берген.

Европадагы кадыр-барктуу деп эсептелген Прага университети да улуттук көрүнүш боюнча экиге бөлүнүп калган. Ошондон улам, 1880-жылы Чехия провинцияларында жашаган улуттарга алардын мамлекеттик тили чех жана немис тили деп эсептелген. Бардык мамлекеттик структураларга чех тилинде кайрылуу укугуна ээ болгон мыйзамдын кабыл алынганына карабастан бул провинцияда улуттар аралык жаңжалдар улана берген. Немис улутундагылар чехтердин күрөшүнө каршы болуп, чехтерди улуттук районго бөлүнүшүн өкмөткө сунушташтан.

Австриядагы улуттук шовинистик саясаттын өнүгүүсү жана провинциялардагы улуттар аралык жаңжалдар XIX кылымдын 80-жылдарынан тарта бул империянын саясий абалынын татаалдашына алып келген жана саясий аренасында улуттук көз караштагы партиялардын пайда болушу, калыптанышы менен коштолгон. Алар империяда мамлекеттик тил деп немис тилин

жарыялоосу жана Германия менен тыгыз карым-катнаштарды түзүү идеясын колдошкон. XIX кылымдын 90-жылдарынын ортосунда Австро-Венгрия өкмөт башына поляк графы Казимлер Гаде бийликке келген жана анын демилгеси менен 1897-жылы Австро-Венрияда Чехия провинциясы үчүн эки тилди колдонгон мыйзам кабыл алынып жана ал мыйзамга ылайык үч жылдын ичинде Чехиянын бардык чиновниктери немис жана чех тилин үйрүнүүгө, эркин колдонууга мажбур болушкан. Бул мыйзам да Чехияда ири нааразычылыктарды пайда кылып, Казимлер Гаденин бул саясаты ийгиликсиз болуп, элдердин өкмөткө каршы көтөрүлүштөр, толкундоолор чыккан. Натыйжада 1897-жылы ноябрь айында Казимлер Гаде чехиянын бардык шаарларындагы жана Венадагы мындай коомдогу кризистик абалды көрүп, өзүнүн саясатынын ийгиликсиз болгондугунан өз ыктыяры менен отставкага кеткен.

Империядагы социалисттик кыймылдар. Социалисттик кыймылдар деген - бул социалисттик түзүлүштү жактоочу адамдын өз тарапташтарынын кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн болгон күрөш. Ал эми саясий партия бул – элдерди экономикалык жактан же ар тараптуу камсыздоочу органдар. Австриядагы социалисттик кыймылдар Германиядагы социал-демократиялык кыймылдын өнүгүүсү менен кошо өнүккөн.

Эң алгачкы социалисттик кыймыл 1868-жылы өз ишин баштап, анын активдүү мүчөлөрүн интернационалдын өкүлдөрү түзгөн. Ал эми 1874-жылы жалпы Автриялык социал-демократтар уюмдары партияга айланган. Фридрих Энгельстин жана Вильгельм Аквердин жетекчилигинде 1889-жылы Австрия социал-демократтардын партиясы түзүлгөн. Вильгельм Аквер II интернационалдын негиздөөчүсү болгон. 1897-жылдагы Австриядагы парламенттик шайлоодо бул партия 14 мандат алууга жетишкен. Партиялардын негизги максаты Австро-Венгриядагы улуттук маселелерди чечүү үчүн аракеттер болгону менен иш жүзүнө ашыра алышкан эмес. Мындай шартта 1899-жылы бул партиянын Бюл шаарында сьезди өтүп, сьезде атайын улуттук маселени мыйзам менен чечүү боюнча программасын кабыл алышкан. Аз улуттун өкүлдөрүн социалдык жактан коргоо Австрия-Венгрия монархиясында негизги маселе болгон.

Австрия-Венгрия монархиясында Венгрия 1867-1899-жылдары дуалисттик системага кошулуу үчүн келишимге кол коюу менен, ал

бир канча жыл өз алдынчалуулугун жоготкон, бирок жетишкендиктер да болгон. Венгрия агрардык өлкө болгондугуна карабастан буржуазиялык конституция кабыл алган, кийин капиталисттик өнүгүүнү аркалаган көптөгөн мыйзамдарды кабыл алууга жетишкен. Натыйжада, бул өлкөдө капиталисттик мамилелер тез өнүгө баштаган. Бирок, бул өлкөнүн түшүм берген жерлеринин 40% га чейинкиси ири помещиктердин, чиркөөнүн жана королдук казынанын кол карамагында кала берген. Мына ушундай шартта Венгрия коомчулугунда социалдык карама-каршылыктар пайда болгон. Бул көрүнүштөр өзү акырындап социалдык кыймылды калыбына келтирген.

Жумушчу уюмдардын түзүлүшүнө немис тилдүү элдердин таасири жогору болгон. Алар 1871-жылы Будапештте Париж коммунасын колдой тургандыгы тууралуу демонстрация өткөрүшкөн. Мамлекеттеги социалдык кыймылдын бардык мүчөлөрүн полиция көзөмөлгө алып, активдүүлөрүн түрмөгө камашкан. 1880-жылы венгер жумушчусу Лео Франкельдин демилгеси менен жумушчулардын жалпы венгер партиясы түзүлгөн. Бирок, бул партиянын мүчөлөрү чечүүчү мезгилдерде башкаруу өкүлчүлүктөрүнө ооп кеткендиктен Франкель ишин токтоткон.

1890-жылы II интернационалдын демилгеси менен венгер социал демократиялык партиясы түзүлгөн. Партия өзүнүн атайын улуттук маселени жана жумушчуларды социалдык жактан коргоо программаларын кабыл алган. Венгриядагы улуттук маселе, айрыкча анын саясий элитасынын Австриянын ички саясатынын алсыздыгынан пайдаланып, алар Хорватияга жана Словакияга автономия берүү менен өздөрүнүн курамына кошуп алышкан. Бул көрүнүш өзү Австро-Венгрия империясына терс таасирин тийгизген. Анткени, Венгрия конституциясы Хорватия менен Словакияга автономия берүү менен улуттук азчылыкта жашаган элдердин өз алдынчалуулугун күчөткөн.

1866-жылдагы Австро-Пруссия согушундагы Австриянын жеңилишинен кийин габсбургдар монархиясынын аристократтары реваншизмди көксөшүп франктык-прусс согушуна Австрия өкмөтүнүн катышуусун тукурган. Бирок, ички улуттук жана социалдык карама-каршылыктар, Россиянын коркутуучу эскертүүсү Австриялык реваншисттердин нейтралитетти сактоого мажбурлаган. Андан сырткары, 1873-жылы Германия

империясынын канцлери Отто Фон Бисмарк Австро-Венгрия, Германия менен Россиянын ортосундагы "Үч императордун союзун" түзгөн. Бирок, кийинчерээк Германия менен Россиянын мамилелери алгылыктуу болуп кеткен эмес. 1876-жылы 26-июнда Австро-Венгрия менен Россиянын ортосунда жашыруун Рейхштадт макулдашуусу, 1877-жылы Будапештттеги жашыруун конвенцияга кол койгондугун шарттаган.

Мында орус түрк согушуна Австро-Венгриянын нейтралиттеттиги жана ага Россия компенсация катары Хорватиянын бир бөлүгүн, Босниянын чет жактарын басып алууга макулдук берген. Ошондой эле Германия да Австро-Венгрияга Басния жана Герцоговинияны аныкталбаган мөөнөттө басып алуу укугун берген. Германиянын Австро-Венгриянын экспанциясын колдоосу Россия менен Австро-Венгриянын мамилелеринин маанисин жоготууга алып келген. 1879-жылы 7-октябрда Австро-Герман союзу түзүлүп, ал Россияга каршы багытталган. 1882-жылы Италия бул союзга кошулган. Бул 1914-18-жылдардагы биринчи дүйнөлүк согушта чоң роль ойногон жана агресивдүү согуштук мүнөздөгү Үчтүктөр союзунун түзүлүшүнө алып келген.

XX кылымдын башында Австрия-Венгрияда өндүрүү чарбасы жана маданияттын жогорулоо мезгили болгон. Эки өлкөнүн тең өндүрүмдүүлүк капиталы, өнөр жайлары өзгөчө жаңы электро техника, энергетика жогорку деңгээлге жеткен. Финансылык капиталдын ролу тез өсүп, вендик, прагдык, будапештгик ири банктар империянын бардык экономикасын түздөн-түз көзөмөлгө алып, текшерип калган. 1903-жылдагы кризиске карабастан Австро-Венгриянын экономикасы стабилдүү өнүккөн. Өндүрүштүн өнүгүүсү боюнча жылдык орточо көрсөткүч Австрияда 3,8%ды, ал эми Венгрияда 4%ды түзгөн. Австрияда калктын жарымынан көбү өндүрүү менен алек болуп, анын курамына артта калган провинциялар Галиция, Далмасия Буковения жана башкалар. Венгрияда калктын 62%ын дыйканчылык менен алектенгендер түзүп, жумушчулар катмары 1 млн. болгон.

XX кылымдын башталышындагы Австро-Венгрия монархиясы экономикалык жактан өнүккөн ири державага айланган. Биринчиден, башка мамлекеттер сыяктуу кылымдын башталышында Австро-Венгрия монархиясында 55% га жакын калкы айыл чарбада, ал эми Венгрияда мындай көрүнүш 60%дан ашып, урбанизация процесси да өнүккөндүгүн далилдейт.

Урбанизация – шаарлардын өнүгүшү, коомдун өнүгүшү менен бирге эле экономикалык жактан гана эмес, маданиятынын, билим берүү системасынын өнүгүүсү менен да өлчөнүп бааланат. Чехияда жана Австриядагы немистер жашаган аймактарда сабатсыздыкты жоюу, XX кылымдын башталышына чейин эле ишке ашкан. Венгрияда калктын 70% көбү жазганды окуганды билип калышкан.

Ал эми Чехияда бул көрүнүш 90%га жеткен. Австро-Венгрия монархиясында жогорку жана орто кесиптик окуу жайлар ачылып, биринчи дүйнөлүк согуштун алдында 4 университет ишке кирген. Айрыкча, алар империянын немистик эмес бөлүктөрүндө көбөйгөн. Элдин сабатсыздыгы жоюлганы менен империяда азчылык улутта жашаган провинцияларда дагы эле сабатсыздардын саны көп болгон. Закавказдык, украин, балгар, румын, орус жана башка. Австро-Венгрия монархиясында немец улутунун калыптанышы дагы эле болсо аяктаган эмес. Анткени алардын жалпы кызыкчылыктары немец улутунун кызыкчылыгы эмес эле.

Австро-Венгрия монархиясынд этникалык эмес фактордон мурда мамлекеттик фактор биринчи орунга коюлган. Ал эми австриялыктарда жана венгерлерде бул маселе башкача түзүлүп, алар биринчи орунга улуттук маселени койгондуктан пикир келишпестиктер көп болгон. Улуттук калыптануусу аяктаган көптөгөн мажор элдери акырындап ассимиляцияга дуушарланып,, башкача айтканда Венгриянын шаарларында жашаган көпчүлүк калк мажорлошуу процессине баш ийүүгө аргасыз болгон. Натыйжада, парламенттик шайлоодо венгерлердин парламентинде мажор эмес депутттардын саны 5% га жетпеген мандатка ээ болгон.

Австро-Венгрия монархиясы габсбургдар династиясынын Европадагы ири державага айланышына алып келген. Германия жана башка мамлекеттер менен тең тайлашып, бирдей статустагы келишимдерди түзө баштаган. Дуалистик монархиянын түзүлүүсү менен Европада чоң жетишкендиктерге ээ болуп, Австрия-Венгрия монархиясы өзүнүн тышкы саясатында, айрыкча Балкан жарым аралында Россия империясынын кызыкчылыгы менен эсептешүүгө мажбур болгон. Алгач тышкы саясатында Россия империясына ыктап, анын макулдугу менен Осмон империясынын провинциясы болуп турган Босния, Герцоговиния аймактарын өзүнө кайтарып алган. 1908-жылы өзүнө толук аннекциялап алган жана бул Австро-Венгриянын агрессивдүү саясатынын мисалы боло алган. Аннекция- өзүнө толук түрдө кошуп алуу.

1908-жылдан кийин Вена Будапештте сербдер, хорваттар жана Осмон империясынын провинциялары болгон Босния, Герцоговиния аймактарындагы мусулмандар менен пикир келишпестиктер улана берген. Натыйжада, эл аралык саясий коомунда кризис келип чыккан. 1908-1914-жылдары Австро-Венгрия монархиясы Россия жана Сербия менен согушуунун чегинде турган. Сербия тактысынын мураскору Эрц Герцог Фердинанд Францтын дуализм системасындагы монархиялык бийлигин жок кылуу менен улуу габсбургдар империясын түзүүгө аракеттене баштаган.

Ал эми Венгер парламенти 1914-жылдагы июль кризиси убагында жана биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде да габсбургдарга үстөмдүк кылуу максатында таасир эткенди улантканы. Ушундан улам бир нече пункуттан турган алардын саясий укугун басмырлаган ультиматумдун текстин түзө башташкан. Аларды коркутуу максатында түзүлгөн ультиматум 14-июлда башталып, 19-июлда толугу менен даяр болуп, Сербия тактысынын мураскору Эрц Герцог Фердинанд Францтын колуна 23- июлда тапшырылмак болгон.

Акырында бул ультиматум премьер-министр граф Иштван Тисанын колу менен жок кылынган. Империянын көрүнүктүү саясий ишмери Иштван Тиса 1914-жылдын июль айында Белградка ультиматум жөнөтүүгө каршы болгон. Бирок, анын каршылыгын монарх Эрц Герцог Фердинанд Франц жана Вилгельм II токтотуп коюшкан.

Австро-Венгрия монархиясы 1916-жылы официалдуу түрдө өз жашоосун токтоткон. Австро-Венгрия монархиясынын түзүлүшүнүн тарыхый мааниси бир катар улуттар аралык чыр чатактар менен байланышса ошол эле учурда элдердин сабатсыздыгынан арылышы, шаарлардын өнүгүшү империянын жакшы жагын мүнөздөгөн.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

V ЛЕКЦИЯ.

XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ ИТАЛИЯ

Негизги түшүнүктөр: Бириккен Италия королдугунун пайда болушу жана анын саясий түзүлүшү. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы Италиянын социалдык-экономикалык өнүгүшү. Италиядагы жумушчулар жана социалисттик кыймылдар. Италиянын ички, тышкы саясаты жана эл аралык мамилелер. XIX кылымдын 70-жылдарындагы Италиянын мамлекеттик түзүлүшү. 1871-жылдагы Италиядагы «Рим папасы жана чиркөө жөнүндөгү» мыйзамдын кабыл алынышы. Мамлекетти башкаруудагы эки партиялуулук системасынын калыптанышы. Италиядагы «Оңчулдар фракциясынын» ички саясатынын жүрүшү (1861-1876-жж.) «Оңчулдар фракциясынын» тышкы саясаты. 1876-жылдагы парламенттик революция. Италиядагы «Солчулдар фракциясынын» ички саясаты. «Солчулдар фракциясынын» тышкы саясаты. Ф. Криспинин авторитардык саясаты. «Фашизм» жана жумушчулар кыймылдарынын пайда болушу. Италиядагы XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы саясий кризистер. «Чыныгы демократия жана прогрессивдүү либералдык саясат» программаларын турмушка ашыруу. Италиянын XX кылымдын башындагы тышкы саясаты. Италиянын колониялдык саясаты. Италия «Үчтүктөр союзунун» таза кандуу мүчөсү. Италия-Түрктөрдүн согушу. «Либералдык доордун» кризиси жана талкаланышы (1911-1914-жж.) Биринчи дүйнөлүк согуш жана Италия.

Лекция: Тарыхта белгилүү болгондой, 1861-жылы Австро-Пруссия согушунда Италия мамлекети Пруссияны колдогон жана согуштун жыйынтыгында өзүнө кайрадан Венеция областын кошуп алган. Ошентип, Италия көз карандысыз мамлекет болгондон тарта, 1871-жылга чейин көптөгөн ич ара келишпестиктер болгон. Ал эми 1870-жылы франктык-германдык согушта алар дагы деле Герман мамлекетин колдонгондуктан, Франция Римден өз аскерлерин алып чыгып кетүүгө мажбур болгон.

Италия мамлекетинде жарым кылым ичинде өтө чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Экономикасы, саясаты, диний көз караштары, социалдык мамилелери ар тараптан өзгөрүп, дүйнөлүк аренеда бир топ алдыга чыкты. Риссоржименто коомунун түзүлүшү менен базар экономикасы жана агрардык индустрия да өзгөрүлүп, банк иштери системасы өнүктүрүлгөн.

Бүткүл Италия калкынын ¾ бөлүгү айылдарда жашаган. Бул мезгилде Италиянын аймактарында жарым феодалдык байланыш басымдуулук кылган. Жердин 5/6 бөлүгү дворяндардын, буржуазиянын колунда болгон. Шаардыктардын көбү жерсиз болуп, арендага жер алып иштетишкен. Ошол кездеги аренданын түрү негизинен ижарага берүү болгон. Анда өндүрүмдөн түшкөн пайданын жарымын берүүгө милдеттүү болушкан. Италиянын алыскы райондорундагы элдин жашоо шарты начар болгон. Көпчүлүк эл жумушсуз, айлык акы аз, ачкачылыктан ар кандай оорулар күч алып жайылып, өлүм көбөйгөн. Италиянын 78% билимсиз болуп, калктын 60% айыл чарба менен алек болушкан.

1870-жылы 25 млн. шайлоочу болгон болсо, анын 580 миңи шайлоо укугуна ээ болгон. Калктын сабатсыздыгы саясий укуксуздугу менен да коштолуп, 1871-жылы 27 млн. калктын 530 миң адам добуш берүүгө укугу болгон. Бул дегени жалпы калктын 2 %ын да түзгөн эмес. Негизинен алганда, помешиктер жана ири жер ээлери шайлай алган. Ушул жылга карата мамлекеттин карызы 8300 млн. лир болуп, ал күндөн күнгө өскөн. Өлкөнүн ичинде темир жол куруу үчүн көп каражаттарды жумшаган. Франция жана башка бир топ мамлекеттердин ички-тышкы банктарынан улам акча алып отуруп, 1876-жылы 9900 млн. лир карыз болгон.

Италиядагы 1870-жылдагы капитализмдин өнүгүү процесси өтө жай жүргөн. Салык төлөй албаган дыйкандардын жерлеринин баарын сатып жиберген. Алар жерсиз калып, чет өлкөгө кетип калышкан. Экономикалык өнүгүү 1800-1900-жылдарда 11 % өссө, ал эми Америкада 57% өскөн.

Италиянын өндүрүштүк абалы төмөн болгондуктан, элдер массалык түрдө башка өлкөлөргө кетүүгө мажбур болушкан. 1865-1900-жылдар арасында 5,5 млн. адам чет мамлекеттерге көчүп кетишкен. Италия бириктирилгенден кийин 16 миң чакырым темир жол салынды. Бул ички рынокту бир аз кеңейтип, 1872-жылы 100 миң жумушчу болсо, 1900-жылы 1 млн. 275 миң адамга

жеткен. Экономикасынын жай өсүшүндөгү дагы бир себеп, рыноктун тардыгы болгон. Табыгый байлык өтө аз (көмүр, темир жокко эсе) болгон. 1890-жылы 200 миң тонна чоюн өндүрүлсө, Англия бул мезгилде 7,13 млн. тонна чоюн өндүргөн. Ал эми Италияда болот өндүрүү 120 миң тонна болсо, Германияда 7 млн. өндүргөн. Башка өлкөлөргө салыштырмалуу өндүрүштөгү көрсөткүч бир кыйла төмөн болгон.

Италия мамлекети буржуазиялык-конституциялык монархия болду. Анткени, булар эски феодалдык системанын көп тармактарын сактап калды. Себеби, башкаруучулар буржуазиялык өзгөрүштөрдү монархиялык институттарды пайдалангысы келди жана 1848-жылдагы кабыл алынган Пьемонто конституциясын туура деп белгилешти. Бул конституцияда мамлекеттин башындагы королдун бийлиги чексиз болгон.

Ошентип, 1871-жылдын башталышында бириккен Герман мамлекеттерине удаалаш Европанын түштүк чыгышында бириккен Италия падышачылыгы пайда болгон. Бул падышачылыктын официалдуу түрдөгү падышасы сардиниялык династиянын өкүлү Пьементо Виктор Елема Нуст дайындалган. Пьементонун буйругунун жана конституциянын негизинде өлкөгө 2 палаталуу парламент киргизилген. Конституцияда королдук принциптер боюнча бириккен Италия мамлекетинин жогорку артыкчылыктарга ээ болгон чиновниктер жана ири жер ээлери өмүр бою кызмат кылат жана ал мурастан мураска калат деп бекиткен. Парламент алгачкы иш күнүнөн тарта Ватикандын ыйык чиркөөлөрүн тагдыры жана өлкөдөгү дин боюнча мыйзамдарды кабыл алышкан. Бул мыйзамдарга ылайык Ватикан чиркөөсү католик дини үчүн кол тийбес аймак катары жарыяланып, кийинчерээк автономиялуу шаар деп аталган. 1929-жылы официалдуу түрдө Ватикан мамлекеттик статус алган, башкача айтканда чиркөө менен дин мамлеттен бөлүнүп мамлекет тарабынан алардын иштерине кийлигишүү токтотулган.

Бириккен Италия падышачылыгы саясий жактан бириккен Герман мамлекеттерине окшош болгондуктан, алардын идеалары бирдей болгон. Өлкөдөгү эки палаталуу парламенттин жогорку палатасы бүткүл Италия падышачылыгына кирген жергиликтүү майда падышачылык башчыларынан түзүлгөн. Ал эми төмөнкү палатасы бүткүл Италия падышачылыгына шайлоо аркылуу келген орто жана майда дворяндар болгон. Депутаттар палатасына

болсо, шайлануруга жогорку билими бар, жыл сайын 40 лир ценз төлөгөн, 25 жашка чыккан адамдар гана укуктуу болгон.

1871-жылдагы Италия падышачылыгы түзүлгөн алгачкы жылдарында башкаруу бийлигинде оңчулдар фракциясы көпчүлүктү түзгөндүктөн, жогорку бийлик жүргүзүп, буржуазиянын, финансылык олигархтарды жана либералдык көз караштарды жактаган адамдар болгон. Мамлекет башында отурган буржуазиялык дворяндык өкмөт мыкты иш алып бара алган эмес. Өкмөт ири буржуазиянын бүт кызыкчылыктарын колдоп, коргоп турган. Булардын ою элдин демократияга умтулуусуна каршы болгон.

Парламенттик фракция парламенттик мөөнөткө ээ болууда өз алдынча түзүлүп күрөшкөн топтор. Италия падышачылыгында оңчулдар бийлик жүргүзгөн мезгилде, монархияда түзүлгөн бирдиктүү сот системасы католигтик чиркөөсүнө тиешелүү болгон жерлердин баарын мамлекеттин эсебинен конфискациялап, өлкөнүн экономикасын жогорулатуу максатында аукционго коюп, акчасы бар байлардын сатып алуусуна уруксат берген. Ошондон улам, сот системасында кабыл алынган бардык мыйзамдар түздөн-түз чиркөөгө багытталып жана сот жообуна тартылган адамдардын жерлери мамлекеттин эсебине тартылып алынган.

Бул көрүнүш карапайым католиктердин нааразычылыгын алып келген натыйжада өлкөдө революция чыгып 1876-жылы 23-июндагы солчулдар партиясынын лидери Феодар Санктис жана анын командасы бийликке келген. Бийликке келген күнү эле жалпы элге өзүнүн кайрылуусун жарыялаган. Мында алар Италия мамлекети саясий экономикалык киризистин негизги себеби деп аталган 1871-жылдагы оңчулдар тарабынан кабыл алган мыйзамды эсептеген. Конституциядагы демократия, адам укугу эркин ой жүгүртүү жөнүндөгү маселени баса белгилеп, оңчулдар жүргүзгөн саясатты кескин түрдө сындап, аны массалык маалымат каражаттары аркылуу жалпы элге тараткан. Бул кайрылуу парламенттеги оңчулдар жана солчулдар фракциясынын пикир келишпестиктеринин тереңдешине алып келген жана бул тирешүү кийинки жалпы парламенттик шайлоого чоң тасирин тийгизген.

1876-жылы 3-ноябрда болгон жалпы парламенттик шайлоодо солчулдар фракциясы 242, ал эми оңчулдар 181 добуш алып,

солчулдар көп мандатка ээ болуп, алардын өкүлдөрү бийликтин бардык тармагына кирген, 1876-1880-жылдары Италия падышачылыгында бир топ прогресивдүү мыйзамдар кабыл алынган: граждандык эркин үй-бүлөнү түзүү, бирдиктүү финансылык система, сөзсүз түрдө жалпы мамлекеттик мектептин түзүлүшү жана жаны шайлоо кодекси.

Жаңы шайлоо кодексине ылайык ушул жылдардан тарта орточо экономикалык мүмкүнчүлүгү бар жөнөкөй граждандар бийлик структурасына шайлануруга жана шайлоо укугун алган. 1882-жылы шайлоочулардын саны өсүп, 2 млн. калк шайлоо укугуна ээ болгон, ал жалпы калктын 7 % эле. Бирок ага карабастан, Италияда түндүк-түштүк маселеси жана салык маселеси күчөп, калктын нааразычылыгы мамлекеттик маанилүү маселеге айланган. Ушундан улам солчулдар фракциясы эл аралык саясатта да жигердүү иштей баштаган.

1870-1880-жылдар аралыгында эки тунел курулган. Биринчиси, Мон-Сенинский бул Италия менен Францияны бириктирүү үчүн болсо, ал эми экинчиси, Сен-Готардский Италия менен Швейдцарияны бириктирген. Муну менен италиялыктар Европа өлөкөлөрүнө соода үчүн кенен жол ачышкан. 1876-жылы тышкы соодасынын абалы үч эсеге жогорулаган.

Солчулдар фракциясы иш жүргүзгөн мезгилде Италия падышасы эл аралык геосаясатын активдүү жүргүзө баштаган, ошондон улам 1882-жылы Италия, Австро-Венгрия, Германия менен бирдикте үчтүктөр союзуна кошулган. Үчтүктөр союзуна Италиянын кирүүсүнө солчулдар фракциясынын түздөн-түз таасири чоң болгон. 1885-жылы Италия өзүнүн тышкы саясатында колониялдык басып алуучулук саясатын баштаган, ал ушул жылдан тарта Австро-Венгрия жана Германиянын макулдугу менен Манзут жана Эфиопия аймагын басып алып, мындан сырткары Түштүк Америкадагы колониялдык басып алуусун күчөтүнү улантып, Түндүк Американын бир топ аймактарын өздөрүнө каратып алган.

Италия 1887-жылы 29-июлда парламенттик шайлоодо солчулдар фракциясы ийгиликтүү жол менен парламентке келип, көпчүлүк мандатка ээ болушкан. Ушул жылдан баштап, өкмөт башына солчулдар фракциясынын өкүлү Франческо Криспи дайындалган. Ал рисоржиментонун катышуучусу, гарибалдейц-тердин колдоочусу бо́лгону менен, бирок 1870-1880-жылдарды

оңчулдардын позициясын колдогон. Ал Италияны башкарууда бардык бийликти өз колуна топтогон, башкача айтканда ички иштер министрлигин, парламентти толугу менен карамагына алган. Анын мезгилинде парламент тарабынан "Коомдогу коркунучтуу элеметтерге каршы" деп аталган мыйзам кабыл алынып, бул мыйзамдын негизги багыты Италиядагы социалдык либералдык кыймылдарга кескин түрдө каршылык көрсөтүп, алардын ишин токтотууну талап кыла баштаган. Өлкөдөгү социалдык либералдык кыймылдардын өкүлдөрү авторитардык бийликти сынга алып, анын жоюлусун талап кыла баштаган.

Социалдык-либералдык кыймылдын негизги өкүлдөрү карапайым жумушчулар жана интелегенциянын өкүлдөрү болушкан. Европанын башка мамлекеттериндеги социалдык либералдык кыймылдын мүчөлөрү менен тыгыз байланышта иш алып барып, алардын иделары менен социалдык либералдык кыймылдар кийинчээрек партия болуп түзүлүп, алардын негизги максаты бийликти алуу болгон эмес жөн гана мыйзамдуу бийликтин өкүм сүрүшүн каалашкан.

Ошентип, Криспи бийликке келген күндөн тарта өлкөдө экономикалык кризис жана авторитардык башкаруу күч алып, өлкөдө нааразычылыктар пайда болуп, натыйжада 1891-жылы 6-февралда Криспи өз ыктыяры менен отставкага кетүүгө мажбур болгон. Анын ордуна бийликке Антонио Старабба де Рудини келген ал либералдык көз караштагы башкаруучу, саясатта бир топ ийгиликтүү иштерди жүргүзгөндүгүнө карабастан 1892-жылы 10-майда официалдуу түрдө өз ыктыяры менен отставкага кетүүгө мажбур болгон. Анын ордуна өкмөт башына Джованни Джолитти 1892-жылы 10-майда келген жана мунун бийлиги да узакка созулган эмес.

Анткени, бул мезгилде Италияда Панама кризиси күч алып, ага көз каранды эмес аудиттердин пикиринде Рим улуттук банкы жана Джолиттин түздөн-түз тиешеси бар деп эсептелип, анын катышы бар экендиги аныкталган. Ошентип, кайрадан 1893-жылы 5-декабрда Франческо Криспинин бийликке келиши, анын туулган жери Сицилияда элдик көтөрүлүштүн ага каршы нааразычылыгы менен коштолгон. Бул көтөрүлүштү басууда мамлекеттик армияны пайдаланып, мамлекеттин эсебинен көп суммадагы каражатты жумшаган. Ушинтип Криспинин тышкы саясаты талкалана баштаган. 1895-жылы Италиянын Африка-

киргизген. Тышкы саясатында 1911-жылы 29-сентябрда Осмон империясына согуш жарыялаган Италия согуштун алгачкы мезгилинде ийгиликке жетишкени менен анын жыйынтыгында өз максатына жеткен эмес. Себеби, бул мезгилде Осмон империясынын аркасында бүтүндөй араб өлкөсү турган жана Италиянын бул согушун Германия колдогон эмес. Натыйжада, 1912-жылы 18-октябрда Лозанна тынчтык келишимине Антанта өлкөлөрүнүн кысымы астында Италия менен Турция өлкөлөрүнүн ортосунда кол коюлган. Бул келишимге ылайык Италия Триполитани жана Киренаика провинциясын кошуп алган, бирок Родос жана Додеканез аралдарын Турцияга кайтарып берүүгө милдеттүү болгонуна карабай иш жүзүнө ашырган эмес.

Натыйжада, биринчи дүйнөлүк согуштун башталышына карата Италия Үчтүктөр союзунун курамында болуп, экономикалык жактан өнүккөн держава катары калыптанып, бирок Европада таасирдүү күчкө ээ болгон эмес. Себеби, Үчтүктөр союзу Германия тарабынан түзүлгөндүктөн анын бул блокто кадыр баркы жогору болгон. Германия Балканды басып алууга умтулган жана ал жерде Россиянын таламдары менен кагылышуусуна түшкөн Австро-Венгрия тарабынан чыккан. Италия бул союздун ишенимсиз звеносу болуп чыкты, анткени анын Балкандагы экономикасынын өсүүсүнөн менен ал Австро-Венгрия менен улам кагылыша берген.

Италияда согушка байланыштуу 1914-жылдын 7-14-июнунда "Кызыл жумалык" экономикалык кризиси башталган. 1913-1914-жж. кризистен улам жумушчулар алгач аскердик тартиптин кыймылына, кийинчерээк мамлекеттик башкарууга каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Анткени, мамлекеттеги жумушчулардын жашоо шарты, жагдайы 1898-жылдагыдай абалга жетип төмөндөп, жумушсуздук, баалардын өсүшү алардын кыжырын кайнаткан. 1913-жылдагы Роккагорга провинциясындагы атууларга жооп кылып, Лацио социалисттик партиясы жана жалпы эмгекчилердин конфедерациясы жаңы террордук актылар мезгилинде ага каршы жалпы элдик көтөрүлүштөрдү уюштуруу чечимин кабыл алышты. 1913-1914-жылдары көптөгөн көтөрүлүштөр чыгып, алардын ичинен эң ириси жана ийгиликтүүсү 1913-жылдагы Туриндеги металлургдардын чыгуулары, темир-жолчулардын кыймылдары, Романьи провинциясындагы кедейлердин жаңы көтөрүлүштөрү,

Миландык жумушчуларга ишкерлердин реакциясынын бир аз басаңдашына алып келген.

Башында 1914-жылы 7-июнда Анконадагы аскердик тартипке каршы манифестте 3 адам өлгөн, 15 адам жарадар болгон. Муну уккан Италиянын жумушчу калкы андан да дүрбөп, аскердик тартипке каршы күчтүү жооп катары, көтөрүлүшчүлөрдүн саны 1 млн. го жеткен. Бул күрөш 7 күн ичинде "Тартип" (порядка) деп аталган улуттук куралданган отряддын полициясы менен жумушчу көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда жүргөн. Римде, Миланда, Неаполдо күрөш куралдуу мүнөзгө ээ болуп өтө курч жүргөн. Калган калкты тынчтандыруу максатында полиция кызматкерлери 1914-жылдын 14-июнунда көтөрүлүшчүлөрдү жеңип чыккан. Көтөрүлүшкө чыккан жумушчуларды репрессияга тартышкан. Социалист депутаттар жана демократтардын бир бөлүгү парламентте да күрөштү улантып, Анконадагы элди аткан бийликтин айланасында жүргөн реакционердик көпчүлүктү жазалоосун жана өкмөттү бийликтен кетүүсүн талап кылышкан.

Ошентип, "Кызыл жумалык" окуясында жумушчулар жеңилип калганына карабастан, Европадагы жумушчу классты аскердик тартипке каршы күрөшү жогорку мааниге ээ экендигин көрсөтө алды. 1914-жылдагы биринчи дүйнөлүк согушка башкаруучу чөйрөлөрдү киришүүсүндө эмгекчи милитаризми менен аскерлердин ортосундагы каршылашуусу жана реакциясы өлкөдө бир топ коркунучтарды пайда кылды. Ушундан улам 1914-1915-жж. шовинисттик компания өлкөдөгү саясий атмосфераны башка багытка өзгөрткөн.

1914-1915-жж. Италия нейтралитеттүүлүктү жарыялаган мезгилинде өзүнүн союздаштары менен сүйлөшүүлөрүнөн баш тартып, Антанта өлкөлөрүнүн шартына ылайык согушка кирген. 1915-жылы Англия, Франция, Россиядан жер ортолук бассейнде Италиянын ордун бекемдөө убадасын алган соң, 1914-жылы 21-мартта бийликке келген Антонио Саландранын өкмөтү Үчтүктөр менен союзду бузуп, Антанта өлкөлөрүнүн курамында согушка киришкен.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

VI ЛЕКЦИЯ.

XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ ЖАНА XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ АНГЛИЯ

Негизги түшүнүктөр: XIX кылымдын аягындагы Англия. а) экономикалык өнүгүүсү; б) эки партиялуу фракциялык системанын калыптанышы; в) ички саясаты; г) тышкы саясаты. Жумушчу жана социалисттик кыймылдар. Улуу Британия жана колониалдык саясат. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы Канада, Австралия, Жаңы Зеландия жана Англиянын Африка континетиндеги колониялдык саясаты. Дүйнөлүк өнөр жайда лидерликти жоготуу. Э.Вильямстын «Германияда жасалган» деген илимий эмгегинин мааниси. Дж. Гобсондун «Империализм» деген илимий эмгегинин мааниси. Англиядагы банк капиталынын өнүгүшү жана анын өзгөчөлүгү. Вильям Гладстондун (либерал) жана Бенджамин Дизраэлинин (консерватор) социалдык реформалары. Филантроп Чарлз Бутстун «Лондон шаарынын жашоочуларынын турмушу жана эмгеги» деген илимий чыгармасы. Вильям Гладстондун негизги реформалары жана саясатындагы ийгиликсиз көрүнүштүн пайда болушу. Бенджамин Дизраэлинин 1874-жылдагы парламенттеги жеңиши. 1880-жылдагы бийликтин алмашуусу. Кандуу жана тынчыбаган, тынбаган Ирландия. Ирландиядагы «Шинфейн» кыймылынын пайда болушу. Жумушчу кыймылы жана социализм. Көз каранды эмес жумушчу саясий партиясынын пайда болушу. Колониялдык саясаттагы «сооданы өлкөнүн желеги менен жүргүзүү керек» принцибинин пайда болушу. О. Солберстин өкмөттүк кабинети жана анын жүргүзгөн колониялдык саясаты. Англиянын 1875-жылдагы Суэц каналын сатып алышы. Англиянын Балкан кризисиндеги саясаты. Кипр аралы англичандардын бийлиги астында. Түндүк Африкадагы Англиянын колониялдык саясаты. 1899-1902 – жылдардагы Англо-Бурдык согуш жана анын натыйжасы. Ханыша Викториянын өлүмү жана анын Англиянын тарыхындагы орду. «Антанта» (жүрөктөштүрдүн) келишиминин жаралышы. Лейбористтер партиясынын реформа жасоодогу алгачкы кадамдары. Дэвид Ллойд Джордждун «элдик бюджети». Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышындагы өлкөдөгү экономикалык кризис. Англия жана эл

аралык мамилелер. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Англия. XIX кылымдын аягындагы аболиционисттик кыймылдын өнүгүшү.

Англиядыгы XX кылымдын башталышындагы либералдык кыймыл. Англиянын колониалдык саясатынын өзгөчөлүгү. XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башталышындагы Канада, социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Канададагы саясий процесстер. Англиянын тарыхындагы 1867-жылдагы биринчи доминионунун пайда болушу (Канада). Доминиондун экономикалык жактан оорчулугу жана чыйралышы. Канаданын англо-бур согушуна катышуусу. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Канада. Англиянын Австралия континентинин өздөштүрүүсү жана экономикасы. Австралиядагы саясий процесстердин жүрүшү. Жаңы континенттеги федерациянын пайда болушу. 1901-жылдагы Австралиялык федерациялык союзу жана анын доминион статусун алышы. Австралия континенти социалдык адистиктин символу. Эки партиялуулук системанын калыптанышы. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Австралия. 1855-жылдагы Жаңы Зеландиянын көз каранды эместиктин статусун алышы. Жаңы Зеландия жана анын «империялык федерацияны» колдошу. Жаңы Зеландия жана анын 1907-жылдагы доминион статусун алышы. Жаңы Зеландия жана биринчи дүйнөлүк согуш. Жаңы Зеландия биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде. Түштүк Африкалык союз. XIX кылымдын аягындагы Түштүк Африкадагы этникалык жана саясий-экономикалык абал. Англичандар тарабынан Түштүк Африканын экинчи ачылышы. Африкалык жана Индиялык элдердин улуттук боштондук күрөштөрүнүн башталышы. 1908-1909-жылдардагы Улуттук конвент. 1910-1914-жылдардагы Түштүк Африкалык Союздун пайда болушу.

Лекция: XIX кылымдын 50-жылдарынан тарта Англия дүйнөдөгү эң ири державага айланды. Англиянын кадыр-баркынын1815-жылы Банапарттын империясынын талкаланган мезгилинен өсө башталган. Ал эми XIX кылымдын 70-жылдарында Франциядагы Наполеон IIIнүн бийлигинин кризиси анын колониялык саясатынын ийгиликсиз жүрүшүнө алып келген, мындай шартта Англиядагы дагы бир жолу дүйнөлүк саясий-экономикалык ролун чыңдалышына түрткү болду. Бирок, Франк-германдык согуштун натыйжасында Германия, Италия борборлошкон мамлекеттеринин пайда болушу дүйнөлүк

геосаясий кырдаалдын курчушуна, глобалдык согуштук саясаттын келип чыгышына шарт түзгөн.

Англиянын саясий системасында эки партиялуулук принциби калыптанып өнүгүп келген. Алар: консерваторлор жана либералдар деп бөлүнгөн.

Бул эки партия Англиянын саясий өнүүгүсү үчүн дайыма бирин-бири толуктоочу, бышыктоочу орган катарына прогресивдүү таасирин тийгизген. Өкмөттүк же саясий кризис мезгилинде бул эки партиянын лидерлери Англиянын кызыкчылыгы үчүн дайыма компромиске барышкан, башкача айтканда алардын жеке кызыкчылыгы мамлекеттин кызыкчылыгынан жогорку турган эмес. Англияда жазма түрүндөгү конституция жок болгон. XIX кылымдын 50-жылдарында өлкөнүн банктарында Персия килемдери төшөлүп турган, бул алардын экономикалык жактан жогору өнүгүп, бай экендигин далилдейт. 1870-жылга карата Англиядагы өнөр жай революциясынын аякташы анын башка өлкөлөргө салыштырмалуу артта калуусуна алып келген.

Бирок, бул процесс эч түгөнбөгөн, анын дайыма сапаттык жактан күн сайын өнүгүп туруучу процесс экендигине ишенишкен. Индустрализация процесси бул мезгилде өлкөдөгү бардык калктын жакшы жашоосун камсыз кылган эмес, дагы эле болсо жетишпеген үй-бүлөлөрдүн, жумушсуздардын өкүлдөрү болуп турган. Мындай шарттарда Лондон парламенти көпчүлүк мезгилде социалдык теңсиздикти чече алган эмес. Жумушчулардын жана дыйкандардын өзүнүн администрацияга каршы күрөшү көп мезгилде жумушчулардын кызыкчылыгын көздөгөн шарттардын кабыл алынышы менен аяктаган. Натыйжада, Англия коому күндөн күнгө өнүгүү жолуна түштү. Англиянын колониялдык саясаты ушул өлкөнүн өнүүгүсү үчүн кеңири рынокту таап берип турган, башкача айтканда Англияда өндүрүлгөн таварлар анын бардык колонияларында эркин сатылган.

Англиянын экономикасы XIX кылымдын аягында салыштырмалуу артта калганы менен, (15 млрд. фунт стерлинг) бул өлкөнүн улуттук байлыгы дүйнөдөгү эң ири өлчөмдү түзгөн. Улуттук байлыгына банктагы алтын кыймылсыз мүлктөрү, завод фабрикалар, жер суулары кирген.

1902-жылы англиялык экономист окмуштуу Джон Аткинсон Гобсондун «Империализм» деген илимий эмгегин жазган. Автор

империализмдин саясий жана экономикалык өзгөчөлүктөрүнүн негизин талдоо менен бирге, Англиядагы буржуазияга көнүмүш адат болгон бир ролду эмес бир нече ролду ойноону сунуш кылган. Бардык экономикалык реформаларды жаңыча ойлонуп чыгарууга жана дүйнөлүк рыноктук атандаштыкка туруштук бере турган таварларды иштеп чыгуунун жалпы жоболорун берген. Себеби, бул мезгилде дүйнөлүк экономикалык өнүгүүдө XX кылымга карата 4 эсе өнүгүү болсо, Англияда 2 эсе гана өнүгүү болгон.

XIX кылымдын аягында карата Америка континентинен Англияга ири өлчөмдө дан жана дан азыгын импорттоо башталган. Бул көрүнүштүн өзү Англияда дан өстүргөндөрдүн абалын оордоткон. Ал эми буу кыймылдаткычын ойлоп чыгаруу менен ири кемелерди жасап, анын жардамы менен Англия эт жана эт азыктарын импорттой баштаган. Массалык түрдө эт жана эт азыктарынын экспорттолушу өлкөдөгү мал багуу тармагында иштеген ири жана майда фермерлердин абалында бир топ кыйындаткан. Анткени, сырттан келген эт азыктары базарларда кыйла арзан болгон. Ошондон улам, Англия экономикасында артта калуучулук байкалганы менен көпчүлүк карапайым англичандардын жакшы жашоосу үчүн мыкты шарттар түзүлгөн, башкача айтканда арзан импорттук айыл чарба продукциялары, алардын керектөөлөрү үчүн корзиналардын ар түрдүү апталык көлөмүн кеңейткен.

Англиянын мамлекеттик түзүлүшүндө падышалык-абсалюттук манорхия үстөмдүк кылган. 1868-жылы 3-декабрда парламенттик шайлоодо либералдык партиянын өкүлү Уильям Гладстондун өкмөт башчы болуп шайланган жана бийлик жүргүзгөндөн тартып төмөндөгүдөй реформаны жүргүзгөн:

1.Билим берүү;

2.Аскердик кызмат 12 жылдан 6 жылдык мөөнөткө кыскарткан;

3. Бардык мамлекеттик структураларга жана аскердик бийликке конкурстун негизинде ишке алган;

4. Шайлоо укугуна трединиондор жана дыйкандар ээ болушкан;

5. Карапайым англичандар жеке менчикке, банктардан өздөрүнүн эсебин ачууга жана соттордо өз кызыкчылыгынын коргоого ээ болгон.

У. Гладстондун камондасы 9 сааттык жумуш күнүнө келгенде аны так туура чечүүгө бел байлаган эмес, анын ою боюнча канча сааттык жумуш күнүн белгилөө, жумуш берүүчүлөрдүн эркинде деп эсептеген. У. Гладстондун алкоголизмге каршы күрөшүү саясаты ийгиликсиз аяктаган. Ал пиво жана вино кайнатуучуларга жана өндүрүүгө тыюу салган мыйзам кабыл алалы деп демилге көтөргөндө, бул идея парламентте ишке ашпай калган. Себеби парламенттин көпчүлүк өкүлдөрү түздөн-түз же кыйыр түрдө пиво кайнатуучулардын өкүлдөрү болгон.

Натыйжада, У. Гладстон 1874-жылы 17-февралда өз ыктыяры менен отставкага кетүүгө мажбур болот да, андан кийин бийликке 1874-жылы 20-мартта консерваторлор партиясынын өкүлү Бенджамин Дизраэли парламенттик шайлоодо бийликке келген. Ал бийлик жүргүзгөн мезгилде англиялык аристократтар фамилияларын, наамдарын ар түрдүү фирмаларга, акционердик коомдорго сатып андан пайда табышкан. Лондондогу үйлөрдүн баасы 2-3 эсеге өскөн, шаарда кымбат баадагы кызмат кылуучу ресторандар көбөйүп иштей баштаган. Англиядагы ири аристократия, өнөр жай ээлери, саясий элита кымбат баалуу ресторандарда ар түрдүү кечелерди уюштуруп, чай ичүү майрамдарын уюштурган. Алар мамлекеттик маанилүү маселелерди парламентте эмес, дасторкон үстүндө сыйлуу тамактар, бокалдарга куюлган винолордун, кымбат баалуу идиш-аяктардын курчоосунда чечишкен.

1880-жылы 21-апрелде парламенттик шайлоодо Б. Дизраэлинин саясаты ийгиликке жетишкен эмес, анын тышкы саясатындагы ийгиликсиз согуштар, өкмөт башчылыкка Гладстондун 23-апрелде кайрадан бийлике келеши менен аяктаган. Б. Дизраэлинин тышкы саясатындагы ийгиликсиздиги Афганистан менен согушу, Түштүк Африка злустарына каршы күрөшү жана башка ушул сыяктуулар эле.

1884-жылы У. Гладстон дагы бир нече реформаларды жүргүзгөн. Ал шайлоочулардын санын көбөйткөн, башкача айтканда орто фермерлерди, арендаторлорду жана дыйкандарды шайлоо укугуна ээ кылган. Өлкөнүн экономикасынын өнүгүшү бир эле мезгилде болуп көрбөгөндөй конкуренциянын негизинде коштолгон. Ошондон улам көптөгөн майда ишканалар банкротко учурап, жумушчулар топторго бөлүнгөн. Айрыкча, агрардык сектордогу жумушчулар катуу жапа чегишкен. Анткени Англиянын

колония өлкөлөрүнөн ташылып келген азык түлүктүн баасы ички өндүрүмгө салыштырмалуу бир канча эсе сапаттуу жана арзан болгон. Ушундан улам 1885-жылы 9-июнда У. Гладстон бийликтен кеткен. Анын ордуна Маркиз Салсбери өкмөт башчы болгон.

Бийликти жакшы көргөн У. Гладстон кайрадан 1886-жылы 1-февралда өкмөт башчы болуп келет. Ал эми тышкы саясатында 1886-жылы Гладстондун өкмөтү өз алдынча башкаруу мыйзамын кабыл алып, натыйжада Дублинде 2 палаталуу парламент калыбына келтирилген. Ирландияга, Африка өлкөлөрүндөгү колонияларына өз алдынча башкаруу статусун берген мунун натыйжасында Ирландияда эки палаталуу парламент түзүлгөн аны түздөн түз Лондондун парламентинин кийлигишүүсү менен башкара баштаган. Өлкөдөгү мындай кырдаалдан кийин Гладстондун кадыр баркы төмөндөп, 20-июлда дагы отставкага кетип өкмөт башына Маркиз Салсбери келген.

Мындай шартта Лондондун жака белиндеги жумушчулардын жана дыйкандардын өз укуктарын коргоо, социалдык абалын жакшыртуу максатында көптөгөн ири нааразычылык митингдери уюштурулган. 1887-жылы 13-ноябрда Лондондун Трафальгар паркында эң чоң митинг, өткөн. Митингде полиция элге каршы ок атуу менен жооп кайтарып, Англиянын тарыхында бул күн "Кандуу жекшембилик" деп аталган. Ушул кандуу жекшембиден кийин элдер да өкмөткө ишенимин жоготкон. Ошондон улам М. Салсберинин колдоочулары азайып, алардын көпчүлүк консерваторлор партиясына өтүп кетишкенине карабай, бийликте 1892-жылы 15-августка чейин турган.

Бизге белгилүү болгондой, Англияга чет өлкөдөн ташылып келинген азык-түлүктөр негизинен Ирландиядан келчү. Бирок ушул мезгилде Ирландиянын жайыттарын отоо чөптөрү басып кеткендиктен жана аба ырайынын мелүүндүгү бул чөлкөмдө мал чарбачылыктын өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Натыйжада, XIX кылымдын 80-жылдарынан тартып Ирландия эт өндүрүү багытында ири чарбачылыкка адистештирилген. Ири малчыларды "рекчер" деп аташкан. Гладстон Ирландия маселесин чечүү менен бул колонияны өз кызыкчылыктарына пайдалануу идеясы да ишке ашпай калган. Натыйжада, ал кийинки парламенттик шайлоодо жеңилишин сезген. Бирок, мындай прогрессивдүү мыйзам лорддор палатасына өтпөй калган соң, 1894-жылы Гладстон кайрадан парламенттке сунуштаса да өтпөгөн. Гладстон өз ыктыяры менен

2-мартта отставкага кеткен, 1898-жылы 19-майда Ливерпулда дүйнөдөн кайткан.

Англияда мындан сырткары жумушчуларды жана аз камсыз болгон граждандарды коргоо максатында көптөгөн социалдык уюмдар пайда боло баштаган. Анткени көптөгөн дүйнөлүк социал-демократиялык партиялардын мүчөлөрү, өмүрүн Лондондо же Америкада өткөргөн: К.Маркс, Ф.Энгельс, В. Лихтенштейн жана башка. У. Гладстон жана Б. Дизраеллинин өкмөтү бийлик жүргүзгөн мезгилде бардык реформалар боюнча кабыл алган мыйзамдары дале болсо карапайым элдин абалын социалдык жактан жакшыртууну колго алган эмес жана алардан конкреттүү жыйынтык чыккан эмес.

Ошонун натыйжасында, 1884-жылы Лондондо социал-демократиялык федерация коому түзүлүп, «Жазсиз» деген газета чыгарылган, ал бизче которгондо «акыйкатчы» дегенди түшүндүрөт. Газета алгачкы күндөн тарта эле капиталисттик түзүлүштү сындоого алып, социалисттик утопияга көбүрөөк орун берген. Бул догмалык пикирге карганда, Англияда бир күнү революция сөзсүз болорун баяндаган жана аны калкка тынымсыз кеңири таратып турушкан, айрыкча бул фракция көтөрүлүш буржуазиялык революциянын 100 жылдыгына карата болот деген ишенимде болушкан. Бул ишке ашпай турган кыялдануу болгон, натыйжада 12 англичанин бул коомдон өз ыктыяры менен чыгып кетип Фабиян деген уюмун түзүшкөн.

Фабиян байыркы Рим рыцары, полководеци болуп карфагендерге каршы күрөштө Ганибаллдын стратегиясын күтүп, акыры күчтүү мыкты сокку урган аскер стратеги болгон. Фабиян уюму сабырдуулук менен күтүп, чечүүчү мезгилге келгенде сокку урууга даяр болгон. Бул уюмга XIX кылымдын аягына карата Англиядагы эң ири коомдун өкүлдөрү мүчө болгон. Драматург Бернард Шоу, фантастикалык жазуучу Гербельд Целс жана башкалар. Булар өз мезгилинде өз тармагы боюнча мыкты баракчаларды чыгарууга үлгүрүшкөн. Бул баракчаларда ошол мезгилде жашаган коомду сынга алып жана реформа идеяларын таркатышкан, бирок бул коомдун мүчөлөрүнүн саны 100дөн аша алган эмес. Натыйжада, ал англис коомчулугунун арасында агартуучулук ролду ойноо менен чектелген. Бул мезгилде илим жана техника өнүгүп, көптөгөн энциклопедиялар чыгып, коомдун аң сезими өнүккөн.

Премерь-министр Дж. Макдональд 1871-жылы Британ колониясынын курамына кирүү үчүн англиялык парламент Канадага темир жолду куруп бергенден кийин гана мүмкүн экенин шарт кылып койгон. Ошондуктан, Канада транспорт жана энергетика тармагында экономикасы өскөн. Батыш Канаданы колонизациялоодо көптөгөн тоскоолдуктар болгон. Анткени, алар күчтүү каршылык көрсөткөндүктөн, жергиликтүү индеецтер жана метистер жашаган жерлеринен куулуп көчүрүлгөн.

Жарандык жана жерге болгон укук үчүн күрөшүн, эркиндик жана демократия жолундагы көтөрүлүштү метис (франко-индейс) Луи Риль жетектеген. 1869-ж. Луи Риль Манитоба провинциясынын түзүлүшүнө жол салган жана «Улуттук комитет» түзгөн. Канада тарыхчылары Луи Рилди «Батыш Канаданын атасы» деп аташкан. Элдик толкундоолорду басып, бул кыймылды токтотуу үчүн англиялык бийлик, англоканадалык жана франкоканадалыктардын карама-каршылыгын колдонгон. Көтөрүлүш басылып, англо-канада реакционерлери Луи Рилди өлүм жазасына тартууну талап кылышкан. Ал эми франко-канадалыктар ага ырайым кылууну суранышкан. 1885-жылы ноябрда Луи Риль дарга асылган. Натыйжада, индеецтердин абалы оордогон жана Квебек провинциасындагы франко-канадалыктар демонстрацияга чыгышкан. Катышуучулар доминиондун саясатына каршы күрөшкөн.

Доминиондун түзүлүшү, аймагынын кеңейиши, элдин санынын өсүшү менен экономика өнүгүп, улуттук рыноктун пайда болушун шарттаган. Өлкөдө чоң саясий күч болуп жумушчулар эсептелген. 1880-жылдын башында жумушчулардын ири профсоюздары түзүлгөн. Доминиондогу жумушчулардын жашоосу XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Европадагы жумушчулардын жашоосуна караганда жогору деңгээлде болгон. Бирок, Канада экономикалык жактан дагы деле метрополияларга көз-каранды болуп турган. Канаданын башкаруучу чөйрөсү АКШ менен Англиянын бири-бири менен каршылыгынан пайдаланып, тышкы саясатында өз алдынча иш жүргүзүүнү көздөгөн. 1909-жылы Канада тышкы иштер департаментин түзгөн.

Согуштан кийин Англия өзүнүн 13 колониясындагы абалды калыбына келтирүүнүн ордуна Канададагы бийлигин сактоого көбүрөөк умтулган. Ошол эле мезгилде "Англиянын коркунучун"

жоюу максатында АКШ да Канаданы алууга умтулган жана өзүнүн чексиз бийлигин Түндүк Америкага орнотууну көздөгөн. Ошондон улам 1812-1814-жылдары Англия менен АКШнын ортосунда согуш болгон. Бул согуш мезгилинде канадалыктардын улуттук аң-сезими ойгонгон. Канадага өз алдынча болууга, эгемендүүлүк үчүн согушуусуна таасирин тийгизген. Канаданын англиялык жана франциялык да бөлүгү, АКШнын анекциялоого умтулушуна каршы чыгышкан. 1813-жылы француз жана индеецтерден турган Канаданын армиясы өзүнөн үч эсе көп Шатогениянын жанындагы салгылашууда америкалыктарды талкалаган. Бул эки көтөрүлүш Канаданын англичандар жашаган бөлүгүндөгү эле саясатына таасир этпестен - бул башка көчүп келгендердин да колониясына таасирин тийгизди. 1838-жылы англиялык граф Дерхемди кандай реформа жүргүзүү керек экендигин билиш үчүн жөнөтүлөт. Анын отчету- доминиондордун пайда болушуна түрткү болгон. Өзүн-өзү башкаруу укугунун колонияларга берилүүсүнө Англиянын бийлигинде каршылаш тарап да чыккан.

1848-1855-жж. бул укук Канадага гана эмес башка Түндүк Америка колониясына да берилген жана жооптуу бийлик да түзүлгөн. XIX кылымдын башынан баштап, Англияда жана Түндүк Америкада биригүү жөнүндө идеялар башталган. Себеби, АКШнын бул колонияларды алып коюсунан коркушкан. 1860-жылдары тезинен биригүү жөнүндө демилгелер көтөрүлгөн. 1864-жылы Англиянын бийлиги бул демилгени колдоп, ушул жылдын октябрь айында Квебектик конференция өттү. Конференция 72 резолюцияны кабыл алды. 1867-жылы акт кабыл алынып, бул боюнча Онтарио, Квебек, Жаны Шотландия жана Нью-Брансуик бир доминионго биригип, Канада деп жалпы аталып калган. Актыда франктык-канадалыктардын жана англо-канадалыктардын улуттук кызыкчылыгы эске алынбай, XIX жана XX кылымдарда Канаданын өсүшүнө таасирин берген. Канада дагы деле Англиялык башкаруу тибинде бийлик жүргүзүшкөн. Эл шайлаган- общиндер жана Англиялык генерал губернатор тарабынан дайындалган-сенат палатасы иштеген. Тышкы саясатта жана согуш жарыялоо Англия тарабынан жүргүзүлгөн. 1867-жылы 1-июлда Канада биринчи Британ доминиону болуп калган. XIX кылымдын 3-мезгилинде Канада кенейтилип курамына: 1870-жылы Манитоба, 1871-жылы Британдык Колумбия, 1873-жылы Принц-Эдуард аралы, 1905-жылы Саскачавен жана Альберта аймактары кирген.

Улуу депрессиядан кийин XX кылымдын башында Англияда экономика жанданган. 1913-жылга чейин айыл чарбасы тез өнүккөн жана анын продукциясын экспорттоо 3 эсеге өстү. Өлкөдө буудай негизги өндүрүш болгон, кен өндүрүү, кагаз чыгаруу, гидроэлектро станцияларды куруу күчөгөн. Бул мезгилде Европадан 2 млн. адам (немец, украин, скандинавиялыктар, венгерлер), АКШдан 1 млн. адам Канадага көчүп келишкен. Калктын саны дүйнөлүк согушка чейин 8 милионго жеткен. XX кылымдын башында экономикасы боюнча материкте Канада биринчи орунда эле. "XX кылым Канаданын кылымы" деген саясий идеологияны либералдар жана консерваторлордун көрүнүктүү өкүлдөрү колдогон.

АКШ менен Англиянын ортосундагы каршылыкты Канада өзүнүн кызыкчылыгы үчүн колдонгон. Канада тышкы саясатын өзү башкаргысы келген жана 1909-жылы тышкы иштер департаментин түзүшкөн. Ошол эле мезгилде метрополия менен да байланышын үзгүсү келген эмес, анткени АКШнын жанында өз алдынчалыгынын гаранты болуп бермек. Биринчи дүйнөлүк согушка Канада Англия менен биргеликте кирген. Канаданын премьер-министри Роберт Борден метрополияга "Канада эли империянын бир бөлүгү катары биз баардык күчүбүздү керек болсо курмандыкка да даярбыз" деп өз позициясын билдирип кеткен. Куралдуу күчү 600 миң адам, 56 миң солдат жана офицерлерин жоготкон. Доминион союзу державанын маанилүү арсеналына айланган.

Австралия. Англиянын Түндүк Америкадагы 13 колониясын жоготуусу Австралия континентин колониялоого себеп болду. Бул жоготууну жаңы жерди басып алуу менен толуктоону пландашкан. Дж.Кук тарабынан ачылган бул түштүк жерлерге (1768-1771-жж.) парламент каторжниктерди жөнөтүү мыйзамын кабыл алышты. Биринчи көчүрүлгөндөр Австралияга 1788-жылы келишкен. Биричи каторжниктердин тургун жайы Сидней деп аталган. Кийин бул жакка эркин имигранттар (алтын үчүн келген) келе башташкан. Жергиликтүү калк аеосуз кырылган. XIX кылымда 70-жылдарында Тасманиянын жашоочулары да ушундай оор абалда болгон. Бул жердеги түпкүлүктүү калк Америка индеецтерине, Африка элине караганда катуу каршылык көргөзүшкөн эмес (Маори). Башка райондогу аборигендер менен келгиндер Англия

армиясы менен тез-тез кагылышып, куралдарынын начарлыгынан тез эле жеңилишип турган.

XIX кылымдын аягында жергиликтүүлөр 3-4 эсеге азайып кеткен. Парламент "аборигендерди коргоо" жана башка ушул сыяктуу бир топ мыйзамдарды кабыл алып турган. XIX кылымдын 50-жылдарында Виктория колониясында алтын кени ачылган (1851-1861-жж.). Ошентип, "алтын лихорадкасы" башталып, бул экономиканын тез өнүгүшүнө алып келген. Массалык эркин имиграция күчөгөн. 1854-жылы Викторияда көтөрүлүш чыккан. Алтын издөөчүлөр жалпы шайлоо укугун жана алтын алууга болгон атайын чечимдерди алып салууну талап кылган. Көтөрүлүш басылган, бирок бул кыймыл колонияга ички өзүн-өзү башкаруу суроосунун чечилүүсүн тездеткен. Ошентип, 1855-жылы өзүн-өзү башкаруу укугун Жаңы Түштүк Уэльс, Виктория, Түштүк Австралия жана Тасмания алышты. Ушундай эле укукту Квинсленд (1859-ж.) жана Батыш Австралия (1890-ж.) алган.

Жаңы жумушчу кыймылдары, профсоюздар түзүлгөн. Жумушчулар иш таштоо жана демонстрациялар аркылуу жумуш акысын көбөйтүү жана жумуш саатын кыскартууга умтулушкан. XIX кылымдын 50-60- жылдары дүйнөдө эң биринчи болуп адистешкен жумушчулар 8 сааттык жумуш күнүнө жетишишкен (1870-жылы 8 сааттык жумуш күнүнө көпчүлүк Австралиялыктар жетишкен). 1879-жылы Сиднейде биринчи бүткүл Австралиянын профсоюздар конгресси өттү. XIX кылымдын аягында Австралиядагы колонияда акырындап экономикалык, саясий жактан биригип, мамлекеттин түзүлүүсүнө өбөлгөлөр пайда болгон. Жеңил тамак-аш, кен казып алуу, өнөр жайлары өнүккөн. Лондонго 1874-жылы биринчи австралиялык тоңгон эттер менен пороход келген. 1901-жылы 1-январда Австралия союзу доминион статусун алган.

Австралияда XIX кылымдын акырында экономикалык саясий өнүгүү жүрүп, бул жердеги колониялар биригип, бирдиктүү мамлекет түзүү аракетин жүргүзгөн. Өндүрүш тармагында негизинен жеңил өнөр жайы өнүккөн. 1874-жылдан тарта Австралиядан Англияга тоңдурулган эттер жүктөлгөн кемелер тынымсыз каттай баштаган. Австралиялыктар англиялык рынокко өздөрүнүн таасирин киргизүү менен өлкөнүн чарбасын жогорку деңгээлде өнүктүрүүгө жетишкен. Бирок, мунун натыйжасында имиграция күчөп, көчүп баргандар жергиликтүү

элдердин жакшы жерлерин тартып алып, өздөрүн начар жерлерге сүрүп салган. Чарбанын өнүгүшү менен бул жерде колонияларды бириктирип, бирдиктүү Австралия рыногун түзүүнү каалашкан. Алар «Бир континент-бир улут» деген чакырыктар менен иш алып барышкан. Моряктардын, жумушчулардын көтөрүлүштөрү болуп, полиция ок атууга чейин барган. 1890-жылы толкундоолордун натыйжасында, Австралияда ири жумушчулардын лейбористтер партиясы түзүлгөн. XIX кылымда өлкө Европалык эмес рассадагы элдердин имиграциясына тыюу салган. Имиграциянын натыйжасында жумушчулардын айлык акысы төмөндөп кетишине алып келген.

Колонияларды бириктирүү саясатын Англия колдогон, себеби ар бир колония менен иш алып барганга караганда, аларды бириктирип бир башкарган пайдалуу эле, ошондой эле Австралия тынч океанда АКШ жана Германияга каршы атаандаштыкта Англияны колдойт деп ишенишкен. 1900-жылы Англия парламенти Австралиядагы колонияларды бириктирип, Австралия союзунун түзүлүшүнө макул болгон.

Ал эми колониялар штат болуп түзүлгөн, бирок жаңы бийлик да жергиликтүү элдердин кызыкчылыгын ойлогон эмес. XX кылымда Австралияда капитализм эми гана өнүгө баштаган, экономикасында Англиянын капиталы негизги орунда турган. 1904-жылы лейбористтер партиясынын өкүлдөрү Дж. Уотсон башында турган федералдык бийликти негиздешкен. Бирок, ал 3 ай гана жашаган. Өлкөдө бирдей мамлекеттик бажы салыгы, баарына бирдей мыйзамдар, салыктар киргизилген. 1906-жылы Англия Австралия менен Пануа колониясын кошуп алган. (Жаны Гвинеянын түштүк-чыгыш аймагы) Эми Австралия өзү колониясы бар өлкөгө айланган.

Жаны Зеландия. Бул аймакты каратып алуудагы согуш массалык түрдө түпкүлүктүү калк маорийлерди кыруу, талап тоноо менен бүттү. Саясий бийлик жана экономика олигархтардын колунда болгондуктан аборигендерден тартылып алган жерлердин көп бөлүгү аларга өтүүсүн шарттады. 1881-жылы 584 ири жер ээсинин 7 млн акр жери болгон. Жалпысынан 12,5 акр жер менчиктер болгон, кээсинин бир акр да жери жок, оор абалда болгон. Ал мезгилде жаңы көчүп келгендер жерсиздиктен катуу кыйналышкан. Жаны Зеландияда ири жер ээлиги бар

олигархтарга каршы майда фермерлер, шаардык жумушчулар, жаңы көчүп келгендер бириккен.

Булардын кысымы астында либералдардан турган либералдар партиясы 1891-жылы бийликке келип, майда фермерлердин чарбасын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берген ири жер ээлөөчүлөрдөн жерин сатып алып, аны фермерге сатуу, мамлекеттик жерлерди, кредиттерди берүү жөнүндө мыйзамдарды кабыл алышкан. Бир катар мыйзамдар ошондой эле майда жана орто фермерлик чарбачылыктын жакшы өнүгүүсү ири жер ээлеринин абалын начарлатты.

Негизинен булар сүт жана мал чарбачылыгына багытталышынан жана өзгөчө тоңдуруу иши да өнүккөн. 1882-жылы Порт – Чалмерстен биринчи жолу Англияга тоңдурулган эт жөнөтүлгөн. Метрополияга бир гана эт эмес жүн, май, сыр да бул жактан барып турган. XIX кылымдын аягында өлкөнү Англиянын "тоңдурулгандардын фермасы" деп атап калышкан. 1912-жылы бийликтеги либералдар эмгек мамилеси жана социалдык камсыздоо тармагында бир канча иш чараларды ишке ашырды. Ошол мезгилде буржуазиялык жана реформистик идеологдор Жаны Зеландияны "Дүйнөнүн социалдык лабараториясы" деп атаган.

XIX кылымдын аягы Маорийлердин жаралуусу деп аталып калган. Лидерлердин жетекчилиги астында маорийлердин буржуазиясы калыптанган, алар европалык капиталистик экономикага да кошула башташкан ошондой эле алар өз тилин маданиятын сактаганга умтулушкан. XIX кылымдын аягынан баштап алардын саны өскөн. Жаңы Зеландияда капиталистик мамиле тез өнүккөн, себеби тоскоол кылуучу феодализмдин калдыгы бул жакта жок эле. Бул жерде да капитализм Англиянын капиталынын филиалы катары пайда болгон. Жаңы Зеландиядагы буржуазия тышкы саясатында өз алдынчалуулукка умтулушкан эмес.

Жаңы Зеландияда жергиликтүү маары элин талап-тоноп, массалык өлтүрүүлөрдүн бүтүшү менен экономикасы бир аз жогорулаган. Бирок, экономикалык жана саясий бийлик жергиликтүү элдердин жерлерин тартып алып байыган, ири жер ээликтери бар олигархтардын колунда болгон. Жаңы Зеландия метрополияларга жүн, эт, май, сыр экспорттогон. Англиянын «дениз фирмасы» деп аталган. Либералдар бийлиги жумушчуларга

женилдиктерди берген, айлык акы, жумуш күнү жөнүндө мыйзамдар иштелип чыккан. 1896-жылы жергиликтүү 42 000 адам жарандык укук, жана парламентке кандидатурасын коюу укугун алган. Өлкөдө капитализм өскөн, ошентсе да Англиянын капиталына көз каранды эле. Жаңы Зеландия тышкы саясатында өз алдынчалыкты талап кылган эмес. В.И. Ленин «Жаны Зеландия Улуу Британиянын эң берилген ишеничтүү колониясы» деп атаган. Элдин саны 1 миллионго жеткен, 1907-жылы доминион статусун алган. Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында өлкөдө жумушчулардын толкундоолору пайда болгон.

Түштүк Африка союзу.Түштүк Африка XVII кылымдын ортосунда европалыктардын басып алуу обьектисине айланган. Биринчилерден болуп, голландыктар келген (Мыс Доброй Надежды). Нидерландиянын Ост-Инд компаниясы бул жерде Кап колониясын негиздешкен. XIX кылымдын башында бул колония Улуу Британиянын бийлигине өткөн. Анлиялыктар бул жердеги Кейптаунду Индияга кетүүчү маанилүү стратегиялык пункт жана аскер базасы катары карашкан.

XIX кылымдын 70-жылдарында Африканын түштүгүндө 2 млн. адам жашаган. Негизги массаны банту тил тобундагылар түзгөн. Ак түстүүлөр бул жерде азчылык болуп жана алар эки топко бөлүнүшкөн: голландыктардын урпактары жана англичандар.

Бул жерде саясий абал этникалык абалдай өтө татаал болгондой эле да ушундай эле оор болуп турган. Эки британ колониясынан тышкары (Кап жана Натал) бул жерге көчүп келген бурлар тарабынан XIX кылымдын ортосунда эки Республика ачык түстүү эркин мамлекет (же Оранжевая Республика) жана Түштүк Африкалык Республика (же Трансваль). Булар менен бирге эле Африканын ири саясий бирикмелери да жашап турган. Ак адамдар башкарып турган аймактагы африкалыктар саясий укуктарынан ажыратылып, ар кандай басмырлоолорго учураган.

XIX кылымдын аягына чейин Түштүк Африка агрардык өлкө болгон. XIX кылымдын 70-80-жж. абал өзгөргөн. Кимберли районундагы алмаз кени жана Трансвалдагы алтын чыккан жерлердин ачылышы Европага белгилүү болду. Бул эки окуя Түштүк Африканын тагдырына өзгөчө таасир этти. Бул эки кендин ачылышы менен ири капитал келе баштады, тоо-кен казуу өнүктү жана булар менен өнөр жайдын башка тармактары: транспорт жана энергетика жана башка өнүгүү жолуна түштү.

Айыл чарба акырындык менен өз ролун жоготуп ордуна кен казуу иши алдыга чыкты. Англиянын экспансиялоо саясаты күчөдү. Акыркы көз карандысыз аймактар Косаны, Зулус, Басутту өзүнө каратып ал эми Трансвалды аннекциялоосу ийгиликсиз аяктады. Бул жерде эки ири держава Англия менен Германиянын кызыкчылыктары дайыма кагылышып турган. 1884-жылы Германия "Германдык Түштүк-Батыш Африка" колониясын негиздеди жана ошол эле жылы Трансвал менен соода келишими түзүлгөн, мунун баары Германиянын Түштүк Африканын ичине кирүү үчүн планы бар экенин көрсөттү. Англия бийлиги тезинен бүт Түштүк Африканы көз карандылыкка айлантуу керектигин белгилешти. Бул иштин көрүнүктүү демилечиси 1890-1896-жж. Кап колониясынын премьер-министри Сесиль Родс Кейптаундан Каирге чейин Англиянын колониясынын чынжырын түзүүнү кыялданган. С.Родс тарабынан негизделген түштүк африкалык, артыкча укуктарга ээ болгон компаниясы 1890-жылдардын ортосунда бүт бурлар түзгөн республикалар англиялык ээликтин карамагында калган.

1899-1902-жж. Англиялык-бурдук согуш болгон. Бул согуштун чыгышына Трансвалдагы иммигранттардын саясий статусу шылтоо болгон. Ошол кезде Трансвалдын президенти С.П.Крюмгер, ага колониянын министри консерватор Джосеф Чемберлен бардык европалыктарга шайлоо укугун берүүсүн талап кылган. Бул ультиматум согушуна алып келди. 1902-жылы 31-майда тынчтык келишимине кол коюлган. Англия булардын жерлерин өз колониясына алды.

Англиянын экинчи кадамы эми Түштүк Африкада бирдиктүү колония системасын киргизүү турду. Бул үчүн Африканын лидерлери менен компромиске барыш керек эле. 1904-жылы Бур генералы Л.Бота жана Я.Смэтс Трансвалда өздөрүнүн жеке партиясын түзүүгө мүмкүнчүлүк алган. Англия "бурларга ишеним" чакырыгын көтөрүп чыгышкан. Кийинчерек колониянын ичинде автономияны алышып, бул саясий лидерлер алгачкы бур республикаларында өзүн-өзү башкаруу системасында алдынкы позицияларды ээлеген.

Ак эместердин кыймылынын күчөшү жана актардын ичиндеги таптык күрөш Трансвалдагы бурлук лидерлердин жана алардын башка колониядагы союздаштарынын алдында тезинен Африканын түштүгүндө бирдиктүү мамлекетти түзүү планын

турмушка ашыруу иши коюлду. 1908-1909-жж. Улуттук конвент болуп өткөн. Көпчүлүк унитардык мамлекет тибине добуш беришкен жана Түштүк Африкалык Союз деген аталыш сунушталган. 1910-жылы 31-майда официалдуу түрдө жарыяланган. Ушул эле чечим менен бирге империянын курамында доминион болуп түзүлдү. Мында Британ доминионунун биринчи премьер- министри болуп Луис Бота келген.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

VII ЛЕКЦИЯ.

XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ АКШ

Негизги түшүнүктөр: XIX кылымдын аягындагы АКШнын экономикасы. АКШнын ички саясаты. Башкаруу структурасындагы эки партиялуу системанын калыптанышы. Панамерикалык идеологиянын пайда болушу. АКШдагы жумушчу жана фермердик кыймылдар. АКШ жана эл аралык мамилелер. Жарандык (граждандык) согуштун жеңишинин тарыхый мааниси. Кулчулук институтунун жоюлушунун тарыхый мааниси. АКШнын коңшуларынын эсебинен территориясынын кеңейиши. XIX кылымдын аягындагы АКШнын экономикасынын өсүү өзгөчөлүгү. XIX кылымдын аягында АКШдагы саясий процесстер. Өкмөттүн кичи ишкерлерге болгон монополиялык саясаты. Жумушчу жана социалисттик кыймылдар. АКШ жана Канаданын тред-юниондук федерациясы. АКШнын тышкы саясаты. «Панамерикалык союздун» идеологиясы. 1898-жылдагы Америка менен Испаниянын ортосундагы согуш. Американын экспансионизмдин өзгөчөлүгү. XX кылымдын башталышындагы АКШнын экономикасынын өнүгүшү АКШнын экономикасы жана илимий техникалык революция. АКШнын президенти Т.Рузвельттин реформалары. Б.Вильсон жана анын «жаңы демократия» программасы. Американын профсоюз кыймылы жана анын индустриалдык жумушчулар кыймылына кошулуп кетиши. XX кылымдын башталышындагы АКШнын экспанциялык басып алуулары. Т.Рузвельт жана анын «чоң муштум» программасы. У.Тафт жана анын «доллар дипломатиясы» программасы. АКШнын Орус-япон согушуна болгон көз карашы. Кацури менен У.Тафттын ортосундагы жашыруун келишимдин кол коюлушу. АКШ жана колониалдык саясат. Биринчи дүйнөлүк согуш жана АКШ.

Лекция: Өлкөнүн түштүгүндөгү кул ээлөчүлүк системасынын жоюлушу жана анын батыш бөлүгүндө фермерлердин отурукташышы АКШнын бүткүл территориясында капитализмдин ылдам өнүгүшүнө жол ачты. Бирок, мурдагы кара түстүү кулдарга жер берилген жок. Алардын көбү малай болуп иштөөгө же мурдагы кул ээлөөчүлөрдүн жерлерин (эзелигин сактап калгандарынан)

шериктик катарында арендага алууга аргасыз болушкан. Индеецтер резервациялык (жайгашуунун чектелген) зооналарга көчүрүлдү. Алардан тартылып алынган жерлер көчүп келген фермерлерге берилген. Бирок, жалпысынан айыл чарбасындагы капитализмдин өсүшүн өлкөдө үстөмдүк кылган фермердик же америкалык жолу "капитализмдин тушунда мүмкүн болгон бардык шарттардын ичинен эл массасы үчүн оңтойлуу шарттардын тушунда өндүргүч күчтөрдүн эң тез өнүгүшүн" камсыз кылган. XIX кылымдын 70-жылдардарында пахтанын, негизги дан өсүмдүктөрүнүн – буудайдын жана жүгөрүнүн түшүмү бир нече эсеге көбөйдү, малдын башы бир топ өстү. Айыл чарбасында ар түрдүү машиналар жана жасалма жер семирткичтер кеңири колдонула баштады.

Айыл чарба өндүрүшүнүн прогресси өнөр жайдын ылдам өнүгүшү менен тыгыз байланышта болгон. Экономиканын ылдам өсүшүнө өзүнүн кеңдиги боюнча болуп көрбөгөндөй темир жолдорду куруу чоң жардам берген. XIX кылымдын 70-90-жылдардагы темир жолдорунун узундугу 5 эсеге көбөйгөн. Өнөр жай өндүрүшүндөгү эң чоң секирик Европадан түшкөн капиталдарды кеңири пайдалануунун (1870-90-жж. 3 млд. доллар), европалык жумушчулардын массалык имиграцияланышынын (1870-90-жж. 14 млн. адам), илимий жаңы ачылыштарды кеңири пайдалануунун жана көптөгөн ойлоп чыгарууларды өндүрүшкө киргизүүнүн натыйжасында мүмкүн болду. 1890-жылдардын орто ченинде АКШ дүйнөдө продукциянын негизги түрлөрүн чыгаруу жана өндүрүүнүн жалпы көлөмү боюнча биринчи орунга чыккан.

1893-жылы Ф.Форд өзүнүн биринчи автомобилин жасап чыгарды, ал эми 20 жылдан кийин АКШнын өнөр жайы жылына жарым миллиондон ашык автомобиль чыгара баштаган. Мунун өзү шоссе жолдорун куруунун тездетүүгө алып келген. Өлкөнүн байлыгы өнөр жай жана айыл жумушчуларынын көбөйүшүнөн улам өсө берген. Алардын эмгегинин интенсивдүүлүгү кыйшаюсуз түрдө жогорулаган. Орточо жылдык кызмат акы дүйнө боюнча эң эле жогору болгону менен, жашоо үчүн араң жеткен. Ишканалардын жумушунун ар бир кыймылына көзөмөл жүргүзүү системасы киргизилген. Анын кыймылы эң жөнөкөй операцияларга бөлүнүп кетчү, адамдар өзү машиналардын коштондусуна айланып, алдан тайганча иштөөгө аргасыз болгон. Ишкананын ээлери "Мен өзүмдүн жумушчуларыма машиналарга

мамиле кылгандай мамиле кылам. Алар карып калганда жана андан ары пайда келтирбей калган кезде, мен аларды көчөгө чыгарып таштайм" деп билдиришкен. Ошонун менен бирге эң жаңы техникаларды сатып алууга каржаттары жок майда фермерлер менен шаар калкынын ортоңку катмарларынын бир кыйла бөлүгүндө жакырдануу процесси жүрө баштаган. В.И.Лениндин белгилегинене караганда, АКШдагы эмгекчилердин жакырчылыгы менен байлардын аземдүү турмушунун ортосундагы айырмачылык дүйнөнүн башка мамлекеттеринде болбогон.

XIX кылымдын 80-90-жылдардары өлкөнүн байлыктары улам барган сайын трести тердин колуна топтоло баштаган. Биринчи трестти негиздеген Д.Рокфеллер жарандык согуш жалдарында курал жарактарды чыгаруу менен байыган. Д. Рокфеллер алгач нефть иштетүүчү ишканалар менен сооданын үстүнөн көзөмөл жүргүздү, кийинчерээк нефтини бүтүндөй өз колуна алды. Ал эч нерседен кайра тартпаган, опузалоону, сатып алууну, алдоону, кысым көрсөөтүүнү жана башка ар кандай ыкмаларды пайдаланды, өзүнүн атаандаштарынын ээлигине кол салуу үчүн кылмышкерлердин бандасын жалдоого чейин барган. Бринчи дүйнөлүк согуштун башталышында да анын "Стандард ойл" деп аталган трести жер шаарындагы эң ири нефть ишканаларынын бирине айланган. Ошондон улам анын аты аталбай эле миллиардер мырза деп айта башташкан.

АКШдагы дагы бир эң ири монополия Д.Моргандын "Юнайтед стил корперейшин" (Болот трести) деген трести болгон. Анын капиталы бир жарым миллиард долларды түзгөн. Жүз элүү компанияны өзүнө сиңирип алган, бул трестте 170 миң жумушчу эмгектенген. Ал өз карамагына шахталарды, кен байлык чыгуучу бардык аймактарды, металургиялык заводдорду жана темир жолдорду бириктирген.

1904-жылы 445 трест АКШнын бардык өнөр жай өндүрүшүнүн төрттөн үч бөлүгүнө жакынын көзөмөлгө алган. Ошентип, АКШ тресттердин өлкөсүнө айланган жана финансылык олигархиянын чыныгы үстөмдүгү орногон. Америкалык тресттер империализмдин же монополисттик капитализмдин экономикасынын жогорку көрүнүшү болуп эсептелген. Тресттерге кредит берип турган АКШнын эң ири банктары өлкөнүн ишкердүү борбору болгон анчалык чоң эмес Нью Йорктун Уолл-стрит көчөсүндө жайгашкан. Өз таламдарын канааттандырууга

жетишүүдө, тресттер менен банктар өкмөт мүчөлөрүн, чиновниктерди, соттору паралап турушкан, шайланма кызматтарга өздөрүнүн тилдерин алган кандидаттарды өткөрүшкөн. Кийинчерээк банктар менен тресттердин ээлери өлкөдөгү жогорку кызмат орундарынын көбүн өздөрү ээлей башташкан. Өздөрүнө жаккан кызмат адамдары акциялардын ири пакеттерин, тресттер менен банктардагы жооптуу кызмат орундарын алышкан. Ошентип, АКШда финансылык олигархия менен мамлекеттик аппарат биригип, ички саясатында баш аламандык башталган.

АКШнын мамлекетик түзүлүшү жаңы доордо мурункудай эле өзгөрбөй кала берди. Министрлерди дайындай турган мамлекеттин жана аткаруу бийлигинин башчысы президент, ошондой эле мыйзам чыгаруучу органдардын – өкүлдөр палатасы менен сенаттан турган конгресстин мүчөлөрү 4 жылга шайланышкан. Бул негизги кызмат орундары өлкөнүн саясий турмушунда маанилүү ролдо республикалык жана демократиялык эки партиянын атаандашуусу обьектиси болгон. Түштүктөгү жеңиштен пайдаланып, негизинен түндүк-чыгыштын ири капиталынын таламдарын жактаган республикалык партия бийликте 20 жыл турган. Демократиялык партия узак убакыт бою түштүктүн жер аристократиясынын тиреги болуп кала берген. Ошондой болсо да бул партиялардын ортосундагы айырма акырындап жоюлган.

Бул мезгилдеги АКШнын ички саясаты жөнүндө Ф.Энгельс: "Бул партиялар чоң бандаларга, кызыл кулактарга айланып кетти, алар мамлекеттик бийликти алмак-салмак өз колдоруна алышып, аны эң эле жаман каражаттардын жардамы менен, булганыч максаттар үчүн эксплатациялашкан" деп белгилеген. Эки партия тең үстөмдүк кылган буржуазиялык идеологияга таянышкан жана улуттун таламдарын коргоп жатабыз деп ырасташкан. Мындай демогагия менен, калктын бул же тигил катмарларынын маанайын чебердеп пайдалана билүү, зарыл болгон жерде майда жеңилдиктерге баруу аркылуу алар эл массасында өз таасирин сакташкан. Иш жүзүндө эки партия тең тресттер менен банктардан ири суммаларды алышып, баарынан мурда өздөрүнүн кызыкчылыктары үчүн кам көрүшкөн жана алардын ортосундагы бирден бир айырмачылыгы президенттик шайлоодо шайлоочуларды өз тарабына тартып алуу амалы болгон.

Партиялар ортосундагы күрөш бир кыйла курч жүрүп, драмалык кагылышууларсыз жана сенсациялык ашкерелөөлөрсүз болбой койгон эмес. Башка капиталисттик өлкөлөрдөгүгө караганда ошол мезгилде АКШнын буржуазиялык мамлекеттик түзүлүшү бир кыйла демократиялуу болгону менен өлкө калкынын бир бөлүгү шайлоолорго катышуудан четтетилген. Шайлоо укугуна эркектер гана ээ болгон. Сабаттуулукка, конституцияны билүүгө жана дагы ушул сыяктууларга катуу талап коюлушунун кесепетинен кара түстүүлөрдүн кыйла бөлүгү добуш берүүгө укугу болгон эмес. Өңү-түсүнө карабастан мыйзам алдында бардык адамдардын теңдигин жарыялаган өлкөдө рассизм көрүнүшү дале болсо кала берген. Рассисттер кара америкалыктар менен индецтердин укуктарын, өз алдынча эркиндигин жана кадыр-баркын бардык жерде эч кандай жаза албагандыктан, каалагандай тебелеп тепсеп жүрүшкөн. Алар өздөрүнө жакпагандардын үстүнөн Линч сотун уюштурушчу. Түштүк штаттарда рассисттер Ку-клукс-клан деген террордук жашыруун уюмду түзүшүп, ал уюм кыргындарды уюштурду жана дискриминацияга каршылык көрсөткөндөрдү өлтүрүшкөн. Ошондон улам 1896-жылы жогорку сот мектептерде балдарды өз-өзүнчө бөлүп окутуу жөнүндө токтом кабыл алган, ал токтом дискриминацияланган (актар жана каралар үчүн өз-өзүнчө) университеттерди түзүү үчүн пайдаланылган.

АКШнын бардык материктерге XIX кылымдын 80-90-жылдардагы Англия, Франция, Германия сыяктуу мамлекеттердин кеңири экспанциялык басып алууга анын аскердик алсыздыгы жана Европадан аз да болсо экономикалык көз карандысыздыгы тоскоол болгон. Ошондуктан бул жылдарда АКШ негизги багытты Түштүк Америка жана тынч океан бассейиндерине көңүл бурган. Латын Америка өлкөлөрүндө өз позициясын чыңдоо үчүн "Монро доктринасы" менен бирге панамериканизм идеясын пайдаланган. АКШнын бул саясий экономикалык үстөмдүк катары Түштүк Америка континентинде жайгашкан бардык өлкөлөрдүн кызыкчылыгы үчүн бирдей Панамериканизм саясаты бүткүл Америка континентинин үстүнөн экономикалык жана саясий гегомониясына жакындашуусунун идеологиялык негизи катары кызмат кылган.

XIX кылымда Латын Америкасында АКШнын биринчи атаандашы Англия болгон, анткени ага бул мезгилде Түштүк Американын көптөгөн өлкөлөрү баш ийип турган. Англиянын

үстөмдүк кылуучу абалына биринчи сокку Панамерикалык конференция болгон. Бул 1889-жылы Вашингтондо АКШнын максаттуу демилгеси менен чакырылган. Мында АКШ экономикалык кызматташтыкты, чек аралык байланышты, валюталык, союздук жана америкалыктар аралык банк мекемелерин түзүү жолу менен кеңейүү планын сунуштаган. Бул айтылгандарды жүзөгө ашырууда терең логика бар эле. Анткени, бул аркылуу АКШ Латын Америка мамлекеттеринин баарына соода жана финансы иштерине көзөмөл жүргүзгөн. АКШ мамлекетинин өкүлдөрү канчалык аракет кылса да буга Латын Америкасы толук ынанган эмес. Конференцияда америкалык республикалардын эл аралык союзун түзүү жөнүндө макулдашуу болгону менен алардын ортосундагы соода маселеси боюнча бюро түзүлгөн эмес. Ошондуктан Латын Америка өлкөлөрү менен АКШнын ортосундагы дипломатиялык мамиле өз максатына жетпегендиктен, АКШнын куралдуу күчтөрү ар кандай шылтоолор менен Колумбия, Никарагуа, Мексика, Аргентина, Чили, Бразилия жана башка территорияларына кире баштаган.

Тышкы саясатында Кытай менен мамилесинде АКШ Кытай рыногунда эки тараптуу карама-каршы саясаттын чегинде иш туткан. Биринчи жагынан алар башка капиталисттик державалардан Кытай рыногуна артыкчылык алуудан артта калуудан корккон. Экинчи жагынан Европалык державалардын Кытайдын эсебинен жаңы территорияларга ээ болушуна тоскоол болушу үчүн императордук Кытай өкмөтүнүн агресивдүү кыймылын колдогон. Ушундай "жолдоштукта" дипломатиялык оюну менен АКШ Кытайдан жаңы соода жеңилдиктерин жана кирешелүү конценсацияларды алууга үмүттөнгөн. Бирок, АКШнын Кытайдагы Япон агрессиясын жакташы, АКШдагы кытай имигранттарынын артынан түшүшү жана Кытай эл массасынын чет элдик миссионерлерге каршы чыгышы 80-жылдары АКШ менен Кытайдан ортосундагы чыр-чатакка алып келген.

1889-жылы Самоа аралына 3 державанын (АКШ, Англия, Германия) протектораты орногон. Аралдын саясий-экономикалык жашоосун 3 державанын консулдары көзөмөлдөгөн. Самоанын эли бардык укуктардан ажыраган, 10 жылдан кийин 1899-жылы Англия Германиядан конпенсация катары Тонга жана Соломон аралдарын алгандан кийин, Самоадагы бийлигин Германияга тапшырып чыгып кеткен.

Эми аралда 2 атаандаш АКШ жана Германия калган. Германия батышына, АКШ чыгышына ээ болгон. АКШ миссионерлери жана соодагерлери тарабынан Гаваи аралындагы жаратылыш байлыктары ташылып чыгып кете баштаган, ага жергиликтүү элди аеосуз эксплатациялашкан. Бул аборигендердин кыскаруусуна алып келген, натыйжада: XIX кылымдын аягында 300 000 элден, 12% башкача айтканда 35 000 гана калган. АКШ аралдардын экономикасында башкаруучу орундарды ээлеп, 1887-жылы Перл-Хорборго аскердик-деңиз базасын түзгөн жана өлкөнүн саясатына кийлигише баштаган. 1893-жылы АКШ бийлигинин аскердик күчтөрү Гаваи аралдарын өзүнө кошуп алуу аракетин баштап, аны ушул эле жылы иш жүзүнө ашырган.

1894-95-жж. Япон-кытай согуштарында АКШ нейтралитетти сактагандыгы менен жашыруун түрдө Японияны колдогон. АКШ Япония менен кызматташып, Тайвань аралына кол салган жана 1879-жылы Кытайдан Рюкю аралын аннекциялаганга жардам берген. 1882-жылы Кацури менен У.Тафттын ортосунда АКШ менен Корея тең эмес келишимдерди түзгөн. (Сеул-Чемульпо темир жолун куруу жөнүндө түзүлгөн). Ал эми АКШнын Россия менен кызматташуусуна эки өлкөнүн тең башкаруучу чөйрөлөрү кызыктар болгон. АКШ Россияга капиталын киргизүүгө, ал эми Россия Англия менен атаандашууда АКШны өз тарабына тартууга аракеттенген.

1880-жылдары АКШ аскер деңиз флоту үчүн катуу кам көргөндүктөн, 1900-жылы аскер деңиздик куралы менен дүйнөдө үчүнчү оорунга чыккан.

XIX кылымдын 90-жылдарына карата Америкада республикалык эл аралык союз түзүлгөн, 1910-жылы бул уюм панамерикалык союз болуп кайра түзүлгөн. Уюмдун негизги максаты: АКШнын тышкы саясаттагы ролун жогорулатуу, аны сактап калуу болгон. Ошондой эле, Америка континентиндеги циклдик кризиске учураган аймактарга жардам көрсөтүүнү көздөп, АКШ конгресси атайын эл аралык «Олни доктринасы» деген чечим кабыл алган. Бул доктринанын негизги маңызы дүйнөдөгү колония болгон өлкөлөргө саясий жактан жардам берүү болгон. Өлкөдө жарандык согуштан кийин чоң курулуш иштери жүрдү, эми ири капиталистердин алдында

Америка континентин гана эмес бүт дүйнөнү көзөмөлдөө планыны турган.

XIX кылымдын 70-жылдары граждандык согуштун натыйжасында бул аймактагы кулчулук укукту биротоло жойгон жана андан ары коомдук социалдык жактан өнүгүүгө жол ачкан, ушул көрүнүштөн улам өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндө жогорулоо процесси башталган. Мындан сырткары

АКШ ушул жылдан тартып территориясын кенейткен, ал көбүнчө коншулаш территориялардын эсебинен (АКШ 1867-жылы Россиядан Аляскаңы 7,2 млн. долларга сатып алган) болгон, ал эми күчү жеткен аймактарды согуштук экспедициялык жолдор аркылуу басып алган.

XX кылымдын башталышына карата АКШнын бүткүл темир жолдорунун тармактары бириккен. Бул жылдары АКШда 50 миллиондон ашуун калк жашаган болсо анын 20% XIX кылымдын 70-80-жылдарында Европадан келген жеке ишкерлер жана техникалык сабаттуулар болгон. Илимий техниканын өнүгүшү жана анын өндүрүштө колдонулушу экономиканын өнүгүүсүнүн негизги шартын түзгөн. Америкалык ойлоп табуучу Томас Нилсон 1882-жылы жылуулук берүүчү ишканалардын станциясын ойлоп тапкан. XX кылымдын башталышына карата мындай ишканалардын саны 3000ге жеткен. АКШда ушул жылдарга карата ири монополиялык көп тармактуу корпорациялык синдикаттар пайда болгон. «Стандард- Ойл», «Карнеги Джонс», «Дженерал электрик компани», «Крайслер», «Дженерал моторс» электроника жана башка, банк системасы концентрацияланган (топтоштурулган, борборлоштурулган) жана ири банктар өнүгүп чыккан.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында АКШ 60 үйдүн мамлекети деп аталган, анткени өндүргөн улуттук байлыктын 90%га жакынын 60 үй- бүлөнүн байлыгы түзгөн жана бул олигархтар мыйзамдарды талкуулап, саясатка аралаша башташкан. Америкалык ишмерлер өздөрүн эркин адам деп эсептеп, "тынымсыз изденүүнүн жана чымырканган эмгектин натыйжасында, эң карапайым америкалык бай-бакубат жашоого болот" деген принцип менен жашашкан, башкача айтканда алар бардык жумуштарда кесипкөй болууга аракеттенишкен жана бул принцип иш жүзүнө ашып келген.

Жалпысынан америкалык коом ушул жылдарда болуп көрбөгөндөй өнүүгүгө ээ болуп, калктын сациалдык маселелери, прогресивдүү чечиле баштаган. Эркин фермерлердин жана жер ээлеринин саны кыскарган, анткени алар акырындап адистештирилген ири фермерлерге айлана баштаган. XX кылымдын башталышына карата майда фермерлердин саны 2 эсеге кыскарып, алар жалпы фермерлердин 40%на жакын үлүшүн түзгөн. АКШнын экономикалык өнүүгүсү, айрыкча граждандык согуштан кийин дүркүрөгөн. Түштүк штаттарда агрардык тармакты реконструкциялоо менен өлкө бирдей өнүүгү темпин камсыз кыла алган.

Ал эми саясий системасында 1876-жылы президенттик шайлоодо, республикачыл Ратерфорд Берчард Хейз аз добуш алгандыгына карабастан, шайлоонун жыйынтыгына канааттанбай, атандашы демакрат Сэмюэл Тилденди сотко берген. Натыйжада, сот процесси 3 айга созулуп жыйынтыгында демократтар мамлекеттин иши үзгүлтүккө учурабоосу үчүн жана президенттик постту эки партиянын лидерлеринин жентелмендик келишиминин натыйжасында, 1877-жылы 17-февралда Ратерфорд Берчард Хейздин пайдасына чечилген. Келишимде: Армияны түштүктөн алып чыгып кетүү, субсидия (пайызы жок акча) берүү пункттары болгон. Республикачылар мындай шартта келишимде макул болгондой, АКШнын түштүк штаттарынан өлкөнүн армиясын алып чыгып кетүү менен бул штаттарга көп суммадагы субсидияларды бөлүп берген. Анткени, демократтардын көпчүлүк бөлүгү түштүк штаттарынан болгон. Мына ошондуктан, бул мезгил АКШнын тарыхында 1880-1890-жылы реконструкциялоонун жылдары деп аталган.

Бул процесс 1885-жылдын 5-мартында президент болуп келген Гровер Кливленддин мезгилинде өнүккөн жана АКШ конгресси менен сенаты өлкөнүн экономикалык өнүгүүсү жөнүндө прогрессивдүү мыйзамдарды кабыл алган. Өлкөдө бирдей тариф, бирдей акча бирдиги, бирдей салыктын көлөмү ж. б.у.с. Ушундай шартта Американын ири ишкерлери конгресстен Америка экспорттоп жаткан товарларга салык төлөмдөрүн төмөндөтүү талабы менен кайрылган. Бирок, бул өлкөдөгү өндүрүлгөн товарлардын сапатынын төмөндөшүнө жана тышкы рынокто Американын товарларынын арзандашына алып келет деп конгресс бул сунушту колдогон эмес. XIX кылымдын аягына карата өлкөнүн акча каражатында

доллар стандарты киргизилген, башкача айтканда ушул мезгилден тарта тез бузулуучу кагаздардын ордуна сапаттуу кагаздар жана монеталар айландырыла баштаган.

Американын экономикасынын жогорулашы өлкөдө ишкерлердин таасиринин жогорулоосуна алып келген. Алар сенатта кабыл алынган мыйзамдарды өз алдынча талкууга алышып, көпчүлүк мезгилде өз кызыкчылыктарына дал келгендей кылып өзгөртүп алышкан. Себеби, бир да кабыл алынуучу мыйзам алардын талкуусунун өтпөй туруп бекитилген эмес. 1890-жылы Америка сенаты «Шерман» мыйзамын кабыл алган, ага ылайык АКШнын жеке ишкерлерине мындан ары мыйзамдарды кабыл алууга, экономикалык мыйзамдарды өзгөртүүгө тыюу салышкан жана бир эле мезгилде талкууга алууга да уруксат берген эмес. Ошондон улам жеке ишкерлер бул мыйзамга өзгөртүү киргизүү үчүн жогорку сотко кайрылышкан, бирок жогорку сот бул мыйзамдардын обьекттивдүүлүгүн баалап, туура чечим чыгарып берген. Өкмөт менен жеке ишкерлердин ортосундагы окшош теңдүүлүктү сактоо үчүн бирдей мыйзамдарды киргизген. Алар көпчүлүк мезгилде темир жолдорду, электро энергиянын бааларын көзөмөлдөп турушкан.

Ушул мезгилде фермерлер өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн Грейнджерлер деп аталган уюм түзүшкөн, бул уюмдун мүчөлөрү 2 миллиондон ашып, анын курамына жалаң гана фермерлер кирген. XIX кылымдын 90-жылдарына карата бул уюмдун мүчөлөрү активдүү иш алып бара албай таркап, ушул эле фермерлердин кызыкчылыгын коргоо максатында Гримбекерлер уюму түзүлгөн. Негизги талаптары: фермерлер мамлекеттен кредит алуу, өндүргөн товарларын мамлекет жогорку баада сатып алуусун каалашкан, мындан сырткары Америка рыногуна чет элдик товарлардын келүүсүнө тыюу салууну максат кылышкан. 1878-жылы орто жана майда фермерлерден түзүлгөн Гримбекерлер уюму өздөрүнүн сьездин өткөрүп, мунун натыйжасында саясий партия түзүүгө жетишишкен, бул саясий партия түзүлгөндөн кийин өлкөдө биротоло баркын жоготуп, натыйжада толугу менен жок болуп кеткен.

1886-жылы 1-майда АКШнын жумушчулары жумуш күнүн белгилөө боюнча алгачкылардан болуп демонстрацияга чыгат, иш-чара кан төгүү менен коштолгонуна карабай 8 сааттык

жумуш күнү киргизилип, коомдогу жумушчунун жана эмгектин ролу жогорулаган. Ошондуктан, 1890-жылы өлкөдөгү майда дыйкандардын жана фермерлердин кызыкчылыгын көздөгөн «Түндүк алянс» уюму түзүлгөн, максаты ири жеке менчик корпорацияларын мамлекеттештирүү жана мамлекеттин резервиндеги жерлерди менчикке өткөрүү керек деп эсептеген. 1892-жылы фермердик уюм «Алянс элдик» партиясы болуп түзүлүп, ушул жылдагы сенатка болгон шайлоодо 1 миллиондон ашуун, жалпы шайлоочулардын 9% добушун алган жана мыйзам чыгаруу палатасында 10 депутаттык мандатка ээ болгон. 1896-жылы жумушчулардын партиясы консервативдик партиянын мүчөлөрүн колдошкон жана президенттикке демократтар партиясынын өкүлү Уильям Дженнингс Брайан өз кандидатурасын койуп, атаандашы Уильям Мак-Кинлиден 271 добуш аз алган. XX кылымдын башына карата бул партия келишим түзүү менен демократтардын партиясына кошулуп, жок болушкан. Ал эми Уильям Дженнингс Брайанды Будро Вилсон мамлекеттик катчы кызматына дайындаган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

VIII ЛЕКЦИЯ.

ЛАТЫН АМЕРИКА ӨЛКӨЛӨРҮ XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА

Негизги түшүнүктөр: XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында. Латын Америка өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык жана саясий жактан өнүгүшү. АКШнын Латын Америка мамлекеттерин басып алышы. Аймактагы жумушчу саясий партиялардын калыптанышы. Мексикадагы революция. Улуттук боштондук күрөшүнүн жүрүшүнүн башталышы. XIX кылымдын аягындагы Латын Америка өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Аргентина жана анын социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Парагвай согушунун аякташы. Аргентинадагы саясий күрөштөрдүн жүрүшү. Генерал Л.Хордандын көтөрүлүшү. Аргентинанын Президенти Д.Сармьентонун жүргүзгөн саясаты. Аргентинанын Президенти Н.Авельянеданын саясаты (1874-1880). XX кылымдын башындагы Аргентинанын ички саясаты. Бразилиядагы кулчулук институтунун кризиси. Аболициондук кыймыл жана монархияны кулатуу. Деодору да Франсесканын реформасы. Монархистердин козголоңу. Антониунун динге чакыруу көтөрүлүшү. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышындагы Перу. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышындагы Боливия. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышындагы Чили. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышындагы Борбордук Америка өлкөлөрү. Латын Америка өлкөлөрүнө АКШ нын экспансиялык саясаты. Латын Америка өлкөлөрүндөгү жумушчу кыймылдар. Мексикадагы революция. Мексика революциясынын натыйжасы. Биринчи дүйнөлүк согуш жана эл аралык мамилелер.

Лекция: Жаңы материкти өздөштүрүү менен бирге Европадан келген келгиндер Латын Америка өлкөлөрүнүн аймагына феодалдык экономикалык формацияны да кошо алып келген. Ал эми XIX кылымдын орто чениндеги Европадагы революциялар Латын Америка өлкөлөрүнө массалык түрдө миграция процессинин болушун да шарттап, бул өлкөлөрдө акырындап капиталисттик мамиленин алгачкы элементтерин пайда кылышкан. Мындан сырткары, өнүккөн Европа өлкөлөрү Латын

Америка өлкөлөрүнүн ички рыногуна кызыгып, өз продукциясын алып келүү менен бирге айыл чарба продукцияларын да алып кетип турган.

Латын Америка өлкөлөрүнүн эң негизги байлыгы айыл чарба продукциялары жана алардын кайрадан иштетип экспортто болгон. Мындан сырткары, бул аймактарда баалуу кендердин кору ачылып, өтө жөнөкөй жол менен иштетиле баштаган. Латын Америка өлкөлөрүндө чарбанын негизин жер иштетүү түзгөн, айыл-кыштактардагы жер ээлери жана карапайым дыйкандар жерди кудай катары көрүшкөн. Жер ээлери көбүрөөк пайда алуу максатында Африкадан алынып келген кулдарды ырайымсыз түрдө эзген. Натыйжада, бул өлкөлөрдө тез-тез элдик көтөрүлүштөр чыгып, бирок стихиялык түрдө уюшулгандыктан алар тынымсыз эле өкмөттүк армия тарабынан басылып турган. Айрыкча, бул өлкөлөрдө кулчулук институту өкүм сүрүп, калктын негизги бөлүгү укуксуз экенин далилдеп, алардын жарды жашоосун камсыз кылган.

1810-1826-жж. көз карандысыздык үчүн болгон согуштан кийин Латын Америка өлкөлөрүндө жарым кылымга созулган мамлекеттердин жана улуттардын калыптануу процесси башталган. XIX кылымдын үчүнчү жарымында Латын Америка өлкөлөрүнүн помещиктери экономикада жана саясатта өз бийликтерин сактап турушкан. Чет элдик капиталда, саясатта, экономикада чоң роль ойногон. Латын Америка өлкөлөрүнүн чарбасы агрардык продукция (кофе, шекер, банан, күмүш, жез, тери) өндүрүп, аны чет жакка чыгарууга багытталган. Латын Америка өлкөлөрүнүн бирдиктүү базар түзүүсүнө, башка райондор менен болгон начар байланыштар тоскоол болгон. АКШнын жана Европанын капиталы бул өлкөлөрдүн ички ишине аралашканга, эксплуатациялоого жол берди. Бул жалпы сүрөттүлүш, ал эми ар бир Латын Америка өлкөсүнүн өзү тарыхы болгон.

Аргентина. 1864-70-жж. Парагвай согушу бүттү. Узакка созулган унитарлар менен федералисттердин күрөшү башталды. Латын Америка өлкөлөрүндөгү Парагвайлык согуш аяктагандан кийин Аргентинада федералисттер менен унитаристтердин ортосунда бийлик үчүн күрөш да бүткөн, башкача айтканда тынчтык өкүм сүргөн. Бул мезгилде өлкөнүнү Президенти либералдар партиясынын өкүлү Бартоломе Митре Мартинес болгон. 1868-жылы Парагвайдагы кандуу көтөрүлүш Латын

Америка өлкөлөрүндө бир топ демократиялык принциптерди пайда кылды, мунун натыйжасында Аргентинанын президенттигине Доминго Фаустино Сармьенто 1868-жылы шайлананып, 1874-жылга чейинки бийлигинде өлкөдө ири экономикалык реформаларды жүргүзгөн. Өлкөдө көптөн күткөн тынчтык, стабилдүүлүк орношуна Президенти Д.Сармьенто (1868-1874) чоң салым кошкон. Жөндөмдүү саясатчы бүт күчүн Аргентинанын гүлдөп өсүшү үчүн жумшаган. Анын мезгилинде темир жол курулушу эмигранттарды тартуу, светтик билим берүү, жаңы жарандык кодекс, жана улуттук банк ачылган. Аргентина өнүккөн өлкөгө айланган. Ал эми жумушчу калктын жашоосу өзгөрбөгөн. Ири капиталды талап кылуучу оор өнөр жайын өнүктүрүүдө чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу жолу менен иш алып барган. Мындан сырткары, Европа өлкөлөрүнөн ири маданий жана илимий ишкерлерди чакырып, аларды бул өлкөдө иштетүү практикалангандан соң, аны бүтүндөй Латын Америка мамлекеттерине жайылта баштаган. Мамлекеттин бул иш - аракети бир гана Аргентинада эле эмес бүтүндөй Латын Америка өлкөлөрүнө жайылып, өз таасирин тийгизе баштаган.

Латын Америка өлкөлөрүндөгү экономикалык өнүүгү карапайым калктын эксплататцияланышына (12 сааттык жумуш күнү, айлык акы аз төлөнгөн) алып келген. Натыйжада, бул өлкөдө эл массасынын өкмөткө болгон нааразычылыгы күчөгөн. Мындай шарттан жеке өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланган инсандар да пайда болуп, генерал Хордан Экстрелис провинцасында атайын көтөрүлүш чыгарып, официалдуу түрдө бул провинцияны Сармьентонун өкмөтүнө баш ийбеген мамлекет деп түзүүгө аракеттенип, жыйынтыганда өкмөткө баш ийбеген мамлекет деп жарыялаган.

Мунун негизинде өлкөдө малчылардын демилгеси менен "гауча" деген уюм түзүлүп, алар Хордан Экстрелистин саясатын колдошкон жана алардын негизги максаты өлкөдөгү феодалдык түзүлүштөн кайтпоо болгон. Себеби, алар капиталистик түзүлүштүн орнотулушу карапайым калктын эзилүүсүнө алып келет деп баалашкан. Бирок, өкмөттүк армия бул көтөрүшчүлөрдү тез аранын ичинде эле талкалап, анын башчысы генерал Хордан Экстрелис чет өлкөгө качып кеткен. Бирок, Генерал Хордандын көтөрүшчүлөрү бул провинцияда бир нече айга чейин бийлигин жүргүзгөн.

1874-жылдагы президенттик шайлоодо Доминго Сармьенто бийликтен кетип, Аргентинанын президенти болуп Сармьентонун мураскору Николас Авельянеда (1874-1880-жж.) ошол эле саясатты уланткан. Ири жер ээлөөчүлөр жаңы жеңилдиктерди алышкан. Чет элдик компаниялар темир жолдорду курган. Мамлекет Англиядан акча алып турган. Андан сырткары, Англиянын рыногу менен тыгыз байланышта болуп, айыл чарба продукциялары ошол жакка экспорттолуп турган. Ал 1880-жылга чейин бийлик жүргүзүп, Сармьетонун бардык саясий - экономикалык багытын уланткан. Анын башкаруу мезгилинде өлкөнүн эң ири провинциясы болгон Буенес-Айресте көтөрүлүш чыгып, муну басуу максатында бүткүл өлкөнүн армиясын алып келип, 1876-жылы 3-ноябрда Буенес-Айрести Аргентинаны борбору деп атаган. Ушул мезгилден баштап, Аргентинанын мамлекет катары калыптануу процесси аяктаган.

XIX кылымдын 80-жылдарына карата Аргентинанын Англияга болгон карызы 20 млн фунт стерлингден ашкан. Анткени, бул мезгилде Аргентинанын экономикасы Англия менен тыгыз байланышта болгон. Мына ушундай байланышта Лондон парламенти Аргентинаны башкаруу чөйрөсүндө анын саясатын колдогон инсандарды гана өкмөттүн курамына кошуп турган. Аргентинадагы шайлоодо Генерал Роко Пас (1880-1886-жж.) жеңген жана латифундисттер бийликке келген, алар менен бирге чоң эмес соодагерлердин да ролу өстү. Ал өзү ири финансист жана жеке ишкер, олигарх болгон. Ушул мезгилден тарта өлкөдөгү бийлик бир канча бизнесмендердин, финансисттердин жана жеке ишкерлердин колуна өткөн. Алар бул бийликте өздөрү байыш үчүн террордук режимди орнотушкан.

Аргентинада буржуазиялык мамиле жай өнүгүү жолунда болгон. 1887-1895-жж. чейин Буенес-Айресте өнөр жайлар эки эсе өсүп, 175 миң жумушчу иштеген. Ири банк, фабрикалар, темир жол куруу чет элдик компанияларга таандык эле. Ушундан улам өлкөдө нааразычылыктар чыгып, бул көтөрүлүштөр өкмөт тарабынан ырайымсыз түрдө басылып турган. Генерал Роко Пас башкарган мезгил Аргентинанын тарыхында пантифундисттердин башкаруу мезгили деп аталган. Өлкөдө тез-тез болуп туруучу кризистен улам элдик көтөрүштөр өтө көп чыгып турган.

Аргентинанын президенттигине 1886-жылы шайлоодо бийликке Мигель Хуарес Сельман келген, ал да буга чейинки

башкаруучулардын экономикалык реформаларын улантканы. Сельмандын мезгилиндеги борбордук шаарларда ири көтөрүлүштөр болгон. 1890-жылы экономикалык кризис абалды оорлоткон. Аргентина буржуазиясынын көтөрүүлүсүнө түрткү болду. Көтөрүлүшкө "Граждандык союз" жетекчилик кылып, анын курамына студенттер, интеллигенция, жаш офицерлер жана майда ишкерлер кирген. Алардын негизги талабы өлкөдө конституциялык укуктун корголушун жана конституциялык нормаларды сактоону, мамлекеттик башкаруу структурасында коррупцияны жоюу, жергиликтүү бийлик органдарына кеңейтилген укукту берүү жана башка ушул сыяктуу болгон. Көтөрүшчүлөргө борбор шаардын жака белиндеги айыл кыштактардагы дыйкандар да кошулган. Союзду Буенес-Айрестин жашоочуларынын көбү колдогондуктан, Президент А.Сельман (1886-1890-жж.) корккон. Көтөрүлүш 1890-жылы 26-июлда башталды. Себеби, стихиялуу жана кокустан эле болуп кеткен. Бул көтөрүшчүлөр да өкмөттүн армиясы тарабынан талкаланган. Бирок аз да болсо кийинки көтөрүлүштөргө өз таасирин берген.

Ошондой эле көтөрүштүн уюштуруучулары "граждандык радикалдык союз" түзүп аны жетектешкен. Бул партия дагы деле жашыруун түрдө жаңы көтөрүштү борбор шаарда эмес, башка провинцияда чыгарууну пландашкан. Экинчи көтөрүлүш 1893-жылы 26-июлда болгон. 2 жарым айга созулуп, бирок жеңилүүгө учураган. Ошентип, радикалдардын көтөрүлүшү 1893-жылы жай айында провинцияда өз бийлигин орното алган, бирок өкмөт бир канча айлардан соң бул шаарларда өз бийлигин жүргүзө баштаган.

Бразилия: 1807-жылы Наполеон Португалияны оккупациялаган сон, Португалия падышалык сарайы Рио-де-Жанейрого резиденциясын түзгөн, 1815-жылы Бразилия падышачылыгы Португалияга көз каранды түрдө бириктирилген падышачылык статусун алган. 1822-жылы көз карандысыз деп жарыланган, бирок монархия бойдон калган. Өлкөдөгү либералдык партияны ири плантаторлор, ал эми республикачыларды буржуазия колдогон. Парагвай согушунан чыгып, бирок кулчулук жана монархия сакталуу калган. Бул жердеги кулчулуктун болуусу эмигранттардын келүүсүнө тоскоол жаратты. Экономикадан артта калуусу бул өлкөнү эски кредитору Англияга кайра кайрылуусуна аргасыз кылды. Карыз акча көз карандылыкка айланды. АКШ жана Кубадагы кулчулуктун

жоюлушу Бразилияга да таасир берип кыймылдардын чыгышына түрткү берди. Бул кыймылга тең укуктуулук, жарандык, эркиндик жөнүндө идеяларга сугарылган өлкөнүн алдыңкы инсандары кошулду. Акырындап жергиликтүү буржуазия, жумушчулар жана эркин кесип ээлери кошулган. Аболиционистик кыймылдын көрүнүктүүсү акын Кастро Алвес болгон. Бул кыймыл кийинчерек республикачылдар менен аралашкан.

XIX кылымдын 60-жылдарында аболиционисттер "Реформалар клубу" аттуу клуб түзүшкөн. Алар төмөнкүдөй талап менен чыгышты: мамлекеттик түзүлүштү демократизациялоо, өндүрүүчүлөргө эркиндик, кулчулукту жоюу. 1871-жылы 27-сентябрда кулдарга байланышкан мыйзам чыгарышкан, мында эркин эместердин балдары да эркин болот дешкен, бардык кулдардан төрөлгөн балдарга эркиндик берген мыйзам кабыл алынган. Бул 50 жылда ишке аша турган мыйзам болгон. 1884-жылы Сеара жана Амазонес провинцияларында өз алдынча эле кулчулукту жоюшту. Муну көргөн бийлик 1885-жылы 60 жаштан ашкан кулдарга эркиндик берүү (5 жыл жашагандан соң) мыйзамын кабыл алышкан. Мамлекеттин биротоло кулчулукту жойгусу келбегендиги аболиционистердин нааразычылыгын жараткан, кыймылга офицерлер да кошулушкан. Бул мыйзам монарх менен концерваторлордун ортосунда келишпестикке алып келген, мындан пайдаланып 1887-жылы өлкөдөгү офицерлер клубу кулчулукту жоюу талабы менен манифест жарыялаган. Плантациялардын ээлеринен негр-кулдар массалык түрдө качып турушкан, карапайым калк да качкан кулдарды жашырып аларга (тамак-аш, кийим, акча, үй) жардам берип турушкан.

Натыйжада падыша Педро II 1888-жылы 13-майда кулчулукту биротоло жойгон мыйзам кабыл алган, кулдар кожоюнуна эч кандай компенсация төлөбөй бошгондукка чыккан, бирок жерлери жок болгон (бул мезгилде 14 млн элдин 700 000 кул болгон). Өлкөдө Улуттук Республикалык партия түзүлгөн.

1889-жылы 15-ноябрда Бенжамин Констан жана маршал Деодор де Фонсека жетектеген кутумчулар ишенимдүү аскерлери менен Рио-де-Жанейронун көчөлөрүнө чыгып, императорду тактан кетүүгө мажбурлашкан. Бразилия федеративдик республика деп жарыяланган. Убактылуу өкмөткө Деодор де Фонсека жана аскер адамдары келген, алар демократиялык реформаларды жүргүзгөн. Армияда ар кандай жазалоолорго тыюу салынган, 1890-жылы ар-

бир эркек шайлоо укугун алган, чиркөө мамлекеттен ажыратылган, жарандык никеге уруксат берилген. 1890-жылы 15-ноябрда учредителдик кеңеш өлкөнүн конституциясын түзүп, жарандардын негизги укуктары жана эркиндиктери жөнүндө жазылган. Мамлекет Бразилия кошмо штаты аталган. 1891-жылы Деодор да Фонсека президент болуп шайланган, бирок жыл өтпөй эл анын отставкасын талап кылган. Баштагы вице-президент маршал Флориану Пейшоту президент болгон, ага каршы да көтөрүлүштөр чыгып, Пейшоту көтөрүлүшчүлөргө каршы чет өлкөлөрдөн аскердик кемелерди сатып алганына карабастан өз максатына толугу менен жеткен эмес. 1894-жылы мартта бийликтен кетүүгө мажбур болгон.

Пейшоту бийликтен кеткен соң 3 айдан кийинки шайлоодо Пруденте де Моранс (1894-1898) президент болуп келген. Анын башкаруу мезгилинде 1892-жылы офицерлердин кордугуна каршы армия, флот, дениз горнизондорунда, 1893-1897-жылдары Конудостодо чоң нааразычылыктар болгон. Пруденте де Моранс да бул көтөрүлүштөрдү күч менен басууга аракет кылган. Буга карабастан көтөрүлүштөр парады уланып, 1902-1906-жылдары өлкөнүн түштүгүндө, 1910-жылы моряктардын, 1913-жылы Сеара штатында дыйкандардын нааразычылыктары чыккан жана баары ырайымсыз түрдө басылган.

Куба: Бул арал дагы деле Испаниянын колониясы болуп турган. 1868-1878-жж. кубалыктар он жылга созулган көз карандысыздык үчүн баатырдык күрөш жүргүзүштү. Чоң эмгек менен Испанияны араң жеңген. 1869-жылы Куба көз карандысыз республика болуп жарыяланган, анын биринчи президенти помещик, элдин кызыкчылыгын көздөгөн Карлос Мануэль де Сеспедес болгон. Аны «Ата Мекендин атасы» деп аташкан. 1878-жылы биринчи республика кулаган. Бирок, өлкөдө АКШ менен Англиянын саясатына каршы патриоттук уюмдар болуп, алардын иш аракеттери менен кулчулук жоюлган. Бирок, кулдар жер алган эмес, иштеген акчасынын бир бөлүгүн мурдагы кожоюна төлөп берүүгө милдеттүү болгон. Куба патриоттук уюмун « бронзовой титан» Антонио Масео жетектеген. Жумушчулардын кыймылдарына Энрике Ронг, Карлос Балиньо жетекчилик кылышкан.

Андан кийинки 1879-1880-жж. согуш да ийгилик алып келбеди. Бирок согуштун жетишкендиги болуп кулчулук жоюлган. 1895-

1898-жж. улуттук көтөрүлүштөр болуп, анын башында революционер-демократ Хосе Марти турган, 1892-жылы Куба революциялык партиясын түзгөн. Көтөрүлүшкө интеллегенттер, жумушчулар, көл өнөрчүлөр, дыйкандар катышкан. Көтөрүлүштүн себеби, көз карандысыздыкка жетүү жана демократиялык республика түзүү болгон. Жаңы согуш 1895-жылы болуп, аны эркиндик үчүн согуштун баатыры Хосе Марти жетектеген, бирок согуштун алгачкы күнү каза болгон сон, Томас Эстрада Пальма партияны башкарып калган. Антонио Масео баштаган патриоттор өлкөнүн көп аймагын каратып алган, аларды АКШ колдоп, Испанияга согуш жарыялаган. Ушундай жоготууларга карабай Кубанын армиясын Массимо Гомес жана Калисто Гарсия жетектеп, жеңишке аз калганда АКШ согушка аралашкан. 1898-жылы АКШ менен Испаниянын ортосунда согуш башталган. АКШ кубалыктарды коргойбуз деген лозунгуна жашырынышып, бирок чындыгында Испаниянын колонияларын өзүнө алгысы келген. 40 жыл эркиндик үчүн күрөшүп келген Кубаны АКШ өзүнө картып алышына көзү жетпеди. 1902-жылы Куба Республика болуп жарыяланды. Бул мезгилде Латын Америка өлкөлөрүндө колониялдык багытта АКШ менен Англиянын атаандаштыгы курч жүрүп турган. Дүйнөлүк биринчи согуштун алдында АКШ Латын Америка өлкөлөрүнө капиталын киргизүүдө артта калып турган. АКШнын саясаты батыш жарым шаарында активдүү жүргөн.

Куба жана Пуэрто Рикону оккупациялап, плантация, банк, кендерди, темир жолдорду жана өлкөнүн көптөгөн негизги байлыктарын АКШ ээлеп алган. Натыйжада, аларга каршы 1904-жылы Куба жумушчулар партиясы түзүлгөн, кийин Куба социалисттик жумушчулар партиясы болуп өзгөргөн. Массалык толкундоолордун натыйжасында, АКШ 1905-жылы Кубадан армиясын алып чыгып кеткен.

Бирок, Кубанын конституциясында АКШ мамлекеттин ички, тышкы саясатына кийлигишүүсүн мыйзамдаштырган. Кубага кайра эле АКШнын протектораты орногон, 1906-1909-жж. жана 1912-жылы АКШнын армиясы Кубаны биротоло басып алган.

Перу. Чили. Боливия. Биз карап жаткан бул мезгил Түштүк Американын тынч океанынын жээктериндеги өлкөлөрдө социалдык-экономикалык абал курч болуп турган. 1864-жылы Испания Перуга өз бийлигин орнотууга аракет кылган. Натыйжада,

биринчи тынч океандык согуш башталган. Испандыктарга каршы бүт Латын Америка өлкөлөрү каршы чыккан. Перунун жээктериндеги флотун бомбалап жаткан Испанияга кайра артка кайтуусуна буйрук берди жана ошол эле жылы 3 жыл мурун өз бийлигин орноткон Санто-Домингодон айрылган. 1864-жылы аз убакыттагы согуштан кийин бул согушка союздаш болгон Перу менен Боливиянын ортосунда аймактык келишпестик жаралган. Келишпестик селитра кени чыгуучу Тарапака жана Антофагаста райондорун талашуудан чыккан. Антофагастаны Чилилик селитра иштетүүчү жеке ишкерлер аскер күчү менен басып алган. Англия болсо Чилинин жардамы менен селитра бар райондорду алууга аракет кылган жана АКШ Англиянын бул ишине тоскоол кылуу үчүн Перу менен Боливияны Чилиге каршы багыттаган. Чилиликтер жеңишке жетишип, эң башкы селитри бар район Такна-Ариканы алып, Перу жарым аймагын жоготуп, Боливиянын деңизге чыгуу укугунан ажыратып койгон. Англиянын берген жардамы үчүн милдеттүү болгон Чилинин бийлиги аларга райондордо селитра өндүрүүгө толук эркиндик берген. 1886-жылы Чилинин президенти болуп Х. М. Бальмаседа келген. Ал өлкөнүн гүлдөп өнүккөн жана көз карандысыз кылууну ойлогон. Бул максаттарга жетүүдө алардын жолунда Англия турган. Х. М. Бальмаседа селитра өнөр жайын мамлекеттик көзөмөлгө алып, алдыңкы методдор менен өндүрүп, андан тышкары экономикалык өнүгүү үчүн жумшоону чечти. Бул Чилинин чет элдик таасирден көз каранды эместигинин негизи болмок. Англиянын капиталисттери Бальмаседанын бул планын ишке ашырбоо үчүн бүт аракетин жумшашкан. Чили бийлиги алардын ишмердүүлүк аракетин чектейбиз деп жооп беришти. Өлкөдө "Чили –чилиликтерге" чакырыгы кулач жайды.

Англиялык капитал жана дипломатия президентке каршы өлкөдөгү реокционерлерди-клерикалдар, ири финансисттер жана латифундисттерди ойготкон. 1881-жылы 7-январда өлкөнүн түндүгүндө көтөрүлүш болот. Бальмаседа алгач күрөштө жакшы чечкиндүү иштеп жаткан, бирок кийин абал өзгөргөн. Президенттин каршылаштары тарабынан согушуу үчүн керектүү нерселер жоктугун, өлкө экономикалык кыйынчылыкта деп айтып чыгышкан. 1881-жылы августта көтөрүлүшчүлөрдүн аскер күчү Сантьягого келишкен. Бальмаседа бийликти тынч океандагы согуштун баатыры генерал Бакеданга өткөрүп берип, өзү

Аргентина элчилигинде жашырынган. Бакедано борборду душманына өткөрүп берген. Бальмаседа 17-сентябрда өзүн өзү атып өлтүргөн.

Борбордук Америка өлкөлөрү. Аргентинадагы радикалдардын жеңилүүсү Канудостун талкаланышы, Бальмаседанын өзүн өзү өлтүрүүсү түштүк Америка өлкөлөрүнүн экономикалык, социалдык өнүгүүсүндөгү процесстин кыйындыгын даңазалаган. Бул өлкөлөрдөгү абал мындан да өзгөчө Борбордук Американын кичине, алсыз экономикалык артта калган Гаити аралындагы өлкөлөрдө кыйын болгон. Никарагуанын Президенти Хосе Сантос Селайя Лопестин 1893-1909-жж. бириккен Борбордук Америка Республикасын (1895-1898-жж.) түзүү планы ийгиликсиз болгон. Түштүк Америкадан мурун АКШ курмандыгына айланган. АКШ бул жердеги Англияны сүрүп чыгарып, бул жерлерди саясий таасиринин чөйрөсүнө айлантууну көздөгөн. Гаити аралы аягы бүткүс мамлекеттик бурулуш доорун башынан өткөрдү. Доминика Республикасынын (1882-1899-жж.) башкаруучусу Эронун аеосуз өлүмү менен аяктаган.

Ич ара карама - каршылыктан алсызданган Латын Америка өлкөлөрү чет элдик империялисттер үчүн женил - желпи табылга болуп калган. XIX кылымдын аягында Латын Америка өлкөлөрү империалисттик державалардын ортосундагы базар кирешеси, сырье булагы катары каралып, алардын ортосундагы курч күрөштүн болуусуна шарт түзгөн. Бул жерге биринчилерден болуп, Англия аскерлерин алып келгендиктен анын орду башка державаларга караганда жогору болгон.

Ушул эле мезгилде АКШ да Латын Америка өлкөлөрүнүн үстүнөн гегемониясын орнотуу үчүн пландарын түзгөн. Бул пландар панамериканизм чакырыгынын алдында жүзөгө ашкан. 1895-жылы АКШнын мамлекеттик катчысы Олни «бүгүнкү күндө бириккен штаттар бул континенте фактылык түрдө толук ээлик кылат, ал эми алардын иш жүзүнө аткарылышы, кийлигишкен бардык иштерге мыйзам болуп калат» деген. АКШнын империализми өз максатына ушундай пландардын артында жетүүнү көздөгөн, 1889-жылы Вашингтондогу 1-конференцияда бул мамлекеттердин ортосунда соода-экономикалык жана саясий келишимдерди эске түшүргөн. 1910-жылы бул союз Панамерикалык союз деп официалдык түрдө наам алган.

Түндүк Америка империализминин экспанциялык саясаты Латын Америка элдеринин жашоосун ар тараптан баш ийдирүү болгон. Өлкөнүн ички иштерине кийлигишип турган АКШ официалдуу саясатын тургузуу үчүн кичинекей эле шылтоо издеген. Ушундай шартта (1899-1902-жж) Колумбиядагы граждандык согушта панамерикалык патриоттор Панамага автономия берүүнү убадалаган либералдарды колдогон, бирок консерваторлор жеңип чыккан. Бул кырдаалдан АКШ өз мүмкүнчүлүктөрү кенен экендигин баамдап, пайдалануурга умтулган. XIX кылымдын ортосунда Түндүк Америка капиталисттери Панама аркылуу темир жол курулушун баштаган. АКШ менен Англиянын ортосундагы атаандаштыктан пайдаланып, Франция 1880-жылы каналга курулуш баштаган, бирок XIX кылымдын акырында бириккен штаттарга сатууга аргасыз болгон. Анткени, Франциянын евроападагы социалдык жана саясий абалы бир топ оорлошо баштаган эле.

1810-1826-жылдардагы көз карандысыздыкка жетишүү үчүн болгон күрөштөрдүн натыйжасында, Латын Америка өлкөлөрү өз алдынчалуулукка жетишкен жана капиталисттик өнүгүү жолуна түшкөн. АКШ, Англия, Франция, Испания мамлекеттери жаш жана толук бекемделе элек Латын Америка өлкөлөрүн тоногон жана ич ара карама-каршылыктарды уюштуруп турушкан, аларга тең эмес келишимдерди таңуулашкан, башкача айтканда алардын улуттук консолидацияланыша түздөн түз тоскоол болушкан.

Латын Америка өлкөлөрүнүн капиталисттик өнүгүүсү өтө жай жүргөн. Колониялдык басып алуулардан кийин латифундия системасы капитализмдин кеченделишине алып келген. Ошондой эле ири соодагерлердин, жогорку аскер чиндеринин, чиркөөнүн артыкча укуктары сакталган. Айыл калкынын негизги массасы жерсиз калган жана бул капитализмдин тереңделишине тоскоол болгон. Помещик – экспортерлор, жогорку диний мекемелер өнүгүүгө жана улуттук өндүрүштү бекемдөөгө кызыккан эмес. Бардык керектөөлөрүн чет өлкөдөн айрыкча Англиядан алып турган, анын ордуна айыл чарба продукцияларын (кант, пахта, эт, тери) кымбат баалуу металлдар, баалуу таштар менен алмаштырып турушкан.

Бул мезгилдерде убакыттын өтүшү менен Мексика, Бразилия, Чили жана башка өлкөлөрдө жергиликтүү тоо кендери жана текстиль өндүрүшү жарала баштаган. Атлантика жээктеринде XIX

кылымдын ортосунда эт өндүрүшү пайда болуп жергиликтүү банктар менен акционердик коомдор түзүлгөн. Ушуга паралелл эле Европа имигранттарынан өндүрүүчү пролетариаттар түзүлүп, биринчи жумушчулардын, кол өнөрчүлөрдүн союздары жана алгачкы жолу жумушчулардын көтөрүлүштөрү иш таштоолору болуп өткөн. Бирок, жумушчу кыймылдары алгач абдан алсыз болуп, социалдык жана саясий жашоого орчундуу таасирин тийгизе алган эмес.

Ал эми капиталисттик коомдун орношуна карабай бир катар өлкөлөрдө дагы деле болсо кулчулук сакталган. Ал эми жергиликтүү индеец калкынын көпчүлүк бөлүгү рассалык дискриминациянын жана кулчулук менен чектелген эксплуатацияны четке кагышкан. XIX кылымдын 70-80-жылдарындагы Латын Америка континентиндеги абалдын жалпы белгилери ушундай болгон.

XX кылымдын башына карата Латын Америка мамлекеттеринин ичинен Мексиканын абалы оор болгон. 1876-жылдан бери чет элдик интервенциянын негизинде диктатордук режимде башкарып келген Порфирио Диаска каршы кыймылдар чыга баштады. Бул кыймылдар революциялык абалдын бышып жетилишине шарт түзүп, 1910-жылы Франциско Вилья жана Эмилиано Санатанын жетекчилиги астында чыкты. 1911-жылы Порфирио Диастын диктатурасы кулап, октябрда оппозициялык буржуазинын лидери Ф.Мадеро президент болуп шайланган.

1913-жылдын 9-19-февралындагы кан төгүүлөрдөн улам "трагедилык декада" деген ат менен белгилүү болуп, натыйжада мамлекеттик бурулуш болгон. Убактылуу өкмөттүн башына генерал Викториана Уэрта келген.

Ал эми XX кылымдын башына карата Латын Америка мамлекеттеринде Европа мамлекеттеринин таасиринен улам революциялык кырдаалдар бир топ демократиялык мүнөзгө ээ боло баштаган жана мамлекеттик реформалар да европанын үлгүсүндө жүрө баштаган. АКШнын тийгизген таасиринен, аскердик диктатурасынан жана "Монро доктринасынын" негизинде "жардамдашуу, жакындашуунун" жыйынтыгындагы ички тышкы кийлигишүүлөрүнөн тажаган Латын Америка өлкөлөрү эл аралык мамилени бекемдөөдө Европа мамлекеттеринин ичинен экономикалык жактан жардамдашып, жол көрсөтүү үчүн кызматташтарды издей баштаган. XIX

кылымдын аягында Германия жана Англия бул континенттеги темир жолдорунун курулушуна инвестициялык жардам көрсөткөндүктөн, аларга ыктай баштаган.

XX кылымдын башында Латын Американын Чили, Перу, Парагвай, Уругвай, Аргентина, Бразилия мамлекеттеринде демократиялык реформалар жүрүп, акырындап граждандык коом түзүлгөн.

Биринчи дүйнөлүк согушка 1917-жылы апрелде АКШнын киришүүсүнүн натыйжасында, Германия АКШ менен тыгыз байланышта болгон Куба жана Панамага, 1917-жылы октябрда Бразилияга, 1918-жылдын согуш бүтүп калган жаз жана жай айларында Гаити, Гватамела, Гондурас, Никарагуа жана Коста-Рикага согуш жарыялган. Ал эми калган мамлекеттер нейтралитеттик позицияда турган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

IX ЛЕКЦИЯ.

ИСПАНИЯ ЖАНА ПОРТУГАЛИЯ

Негизги түшүнүктөр: Испаниядагы Бурбондор династиясынын бийлигинин калыбына келтирилиши. Испаниядагы социалдык-экономикалык процесстер жана анын тышкы саясаты. Испаниядагы 1874-жыл 29-декабрдагы согуштук козголоң жана өкмөттүн отставкага кетиши. Бурбондор династиясынын бийлигинин калыбына келтирүү мезгилиндеги Испания. Испаниянын мамлекеттик башкаруу структурасындагы эки партиялуулук системанын калыптанышы. Карлиссттик согуш жана анын натыйжасы. 1876-жылдагы Испаниянын конституциясынын кабыл алынышы. Испаниядагы Нотабелдик конституцияга каршы күрөшүүдө жогорку окуу жайлардын орду, негизги күчтөрү. Испаниянын тышкы саясаты. Испан-германдык мамилелер. Испан-француздук мамилелер. «Элб-Пардо» пактысы жана анын тарыхый мааниси. XIX кылымдын аягындагы Испаниянын экономикалык өнүгүшү. Испаниядагы анархисттик жана социалисттик кыймылдар. Испаниянын колониялдык саясатындагы колонияларынан ажырашы. XIX кылымдын 90-жылдарындагы Испаниядагы коомчулуктун ролунун жогорулашы. XX кылымдын башталышындагы Испаниядагы экономика жана саясат. Мароккодогу согуш жана «кандуу жумалык». Испаниядагы саясий күрөштүн башталышы. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башталышындагы Португалиянын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсү. Португалиядагы 1910-жылдагы революция жана анын жыйынтыгы. 1911-жылдагы Португалиядагы жаңы конституциянын кабыл алынышы. 1911-жылдагы Португалия конституциясынын тарыхый мааниси. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Португалия. Португалиянын тышкы саясаты жана эл аралык мамиледеги орду.

Лекция: Европанын Пиреней жарым аралында жайгашкан бул эки өлкө бири-бири менен саясий, маданий-экономикалык байланышы, өзүнүн тарыхы менен башка мамлекеттерден бир топ айырмаланып турат.

XIX кылымдын биринчи жарымындагы 4 жолу болуп өткөн революция Испаниядагы жарым феодалдык, ошондой эле эски

монархиялык системанын калдыктарын чечкиндүү түрдө жаңылай алган эмес. Ошондуктан, 60-жылдардын аягында өлкөдө жаңы буржуазиялык революциялык кырдаал бышып жетилди. 1868-жылы 18-сентябрда Кадис портунда адмирал Хуан Баутиста Топеттин жетекчиги астында, ири буржуаздардын жана либералдык помещиктердин колдоосу менен революция башталды. Алар, негизинен буга чейинки бурбондор династиясынын падышачылык бийликти кыянаттык менен пайдаланууусун жок кылып, мыйзамдуулукту, бекем тартипти жана жалпы элдик шайлоо укугун киргизүүнү талап кылышты. Көтөрүлүштүн жетекчилери бул кыймылды куралданган аскердик төңкөрүшкө айландырууга аракеттенгени менен турмушка ашкан жок. Шаарлардын баары көтөрүлүп, шаар калкынын эсебинен элдик милиция түзүлүп, тез эле бүтүндөй Испанияга тарап, бүткүл элдик көтөрүлүшкө айланды. 29-сентябрда Мадриддеги калктын көтөрүлүшүнөн натыйжасында 1833-жылы 30-сентябрда атасынын мыйзамсыз аракети менен бийликке келген 13 жашында Изабелла II өлкөдөн качып кеткен.

Өлкөдөгү помещик дворяндар адмирал Топет жана маршал Франсиско Серрано башында турган "Либералдык союзга" биригип, 1868-жылы 18-октябрда бул партиянын лидерлери Серрано башында турган убактылуу өкмөттү үзүшкөн.

Испанияда 1868-жылы бешинчи революциянын болушу менен кыска мөөнөткө монархия кулап, республиканын орношуна шарт түзгөн. Бешинчи революциянын кыймылдаткыч күчү эл массасы болгону менен жетектөөчүлөр либералдык помещиктердин союзу, ири финансы жана соода буржуазиясынын өкүлдөрү болгондуктан, республиканын орношу менен өлкөдө аскердик бийликтин нааразычылыгы күчөгөн. Анткени, бийлик ири жер ээлеринен либералдык помещиктердин, ири финансы жана соода буржуазиясынын колуна өтүп калган эле. Либералдык союздун мүчөлөрү да монархиялык түзүлүштү жакташкан. 1869-жылы февралда бир да республикачылдар кирбеген Учредительдик кортес жыйналып, Испанияны мурастык мүнөздөгү монархия деп жарыялашкан.

Мына ошондуктан 1868-жылы 30-сентябрда Изабелла II качып кеткен соң, убактылуу бийлик бош турган испан тактысына кандидат издей башташкан. Пруссиянын каролу Вилгельм Інин кандаш тууганы Леопольд Гогенцоллернди сунуштап, бул

франктык-прусстук согуштун келип чыгышына алып келген. Ошондон улам Вилгельм Інин дин кийлигишүүсү менен Леапольд Гогенцоллерн бул тактыдан баш тартып, натыйжада Италиянын королу Виктор Эммануил II нин уулу савайлык Амадео I 1870-жылы 30-декабрда кароль болуп бийликке келген. Бул мезгилде либералдык союздан Франсиско Серрана Домингес премьер-министр болуп турган.

Мамлекеттин башында помещик буржуаздар тургандыктан, алар түп тамырынан бери республикалык кайра кайра түзүүлөр жөнүндө ойлонушкан да эмес. Карапайым дайкандардын жана эл массасынын абалын жакшыртуу жүнүндөгү маселелер эч бир каралбай, күндөн-күнгө оорлошо берген жана тынымсыз көтөрүлүштөргө чыгып турушкан. 1871-жылы жалпы 50дөн ашуун көтөрүлүш болуп, аны көбү жумушчу тобунун жеңиши менен аяктаган жана алардын негизги талабы республиканы түзүү болчу.

Бийлик өкүлдөрүнүн жүргүзгөн саясаты өндүрүштүк буржуазиясынын негизги бөлүгүнүн талаптарын канааттандырган эмес. Жаңыдан өнүгүп келе жаткан испан өндүрүшү эркин соодага, Англия жана ага катарлаш бардык капиталисттик өлкөлөрдүн атаандаштыгынан коргонуп, туруштук бере ала турган протекциондук тарифти талап кылышкан. Ал эми оппозициянын өкүлдөрү Баскони, Католония, Галисия аймактарын автономиялуу федерация кылууга аракеттене башташкан. Бута, албетте эл массасынын тынымсыз кыймылдары да кошулган.

1872-жылы абал дагы оорлошуп "карлисттер" деп аталган Дон Карлостун жактоочулары, жер аристократтарына жана католиктик чиркөөлөргө таянып, бийликке каршы чыгып такты тартып алуу масатында күрөш башташты. Ошентип бардык колдоочуларынан айрылган монархиялык бийликтин башчысы Амадео 1873-жылы 9-февралда өлкөдөн чыгып кеткен да ,11-февралда эл массасынын кысымы астында кортесттер Испанияны республика деп жарыялашкан. Саясий бийлик федеративдүү республиканы түзүүнү максат кылган, Эстанислао Фигарес башында турган буржуаздардын айлампасына тийди. Алардын федералисттик конституциянын долбоорун иштеп чыгышкан, бирок реформалары толугу менен турмушка ашкан жок. Себеби, өлкөдө эл массасынын революциялык маанайы токтой элек болчу.

Республикалык түзүлүштү биротоло орнотуп, жаңы демократиялык мүнөздөгү конституцияны кабыл алуу максатында

1873-жылдын 18-июлунан 7-сентябрына чейин республикачыл-унитарист Николас Сальмерон бийликте туруп, 7-сентябрдан 1874-жылдын 4-январына чейин профессор республикачыл-унитарист Эмилио Кастелар келген. Бул иш - аракетке каршы 1874-жылы 27-февралда маршал Франсиско Серрано мамлекеттик бурулуш жасап, аскердик диктатураны орноткон. 1869-жылы кабыл алынган Учредительдик кортести таратып, республикалык конституциянын долбоорун жокко чыгарып, монархиялык конституцияны официалдуу түрдө калыбына келтирген.

Кыска убакытка орногон республика 1874-жылдын 29-декабрда генерал Мартинес де Кампос Арсенио (1831-1900-жж.) бригадасынын башчылыгында, Валенсия районунда кулатылган. Бир канча күндөн кийин Мадридге жаңы король кирди жана бурбондордын династиясы кайрадан тактыга келди.

Бурбондор династиясынын көп жылдык даярдануусунан кийин 1874-жылы кайрадан монархиялык бийлик калыбына келтирилип, Альфонсо XII салтанаттуу түрдө король деп жарыяланган. Ал эми республикачылардын бийлигин башкаруучусу эч кандай каршылыксыз эле, кабинетин бошотуп берди. Альфонсо XII бийликке келиши менен Испаниянын тарыхында биринчи жолу Бурбондор династиясынын бийлиги рестовациялаган. Бурбондордун династиясынын Испанияга кириши менен улуу король Фердинанд VIIнин кызы Изабелла IInин бийлиги толугу менен орногон, натыйжада булардын бийлигине каршы тез-тез ар жерлерде аскерлердин козголоңдор келип чыккан, бул козголоңдорду басуу кыйынга деле турган жок.

Бийликке келген мезгилде Альфонсо XII 18 жашка толо элек, Англияда Сандхорст аскердик колледжинде окуган билимдүү аристократ болгон. Испаниядагы бурбондордун династиясынын рестовациясы мезгилинде башкарууда консерваторлор жана либералдарды баштоочулар алдыңкы орунда болушкан. Консерваторлор партиясынын башында Кановас дель Костильо болгон. Ал эми либералдардын лидери Пракседес Матео Сагаста болгон. Эки партиялуу система бир саясий бийликте алмашуу менен жүргүзгөн.

Себеби бул эки партиянын кызыкчылыктары бирдей болуп, айрымачылыгы дээрлик жок болгон, 1874-жылы 31-декабрда Кановас дель Кастильонун биринчи министр болгон мезгилде испандыктарга сөз жүзүндө «өлкөдөгү демократиялык

принциптерге эч кандай тыюу салбайм, мамлекеттин экономикасын өнүктүрүүгө чоң салым кошом» деп сөз берген. Бирок ал өлкөдөгү оппозициялык топтордун, газеталардын баарын жок кылып, бийликке өзүнүн жакындарын алып келген жана өлкөнү экономикалык жактан өнүктүрүүгө эч кандай салым кошкон эмес.

1874-1902-жылдар аралыгында Кановас дель Кастильонун алты жолу, Праксадес Сагастанын алты жолу премьер министр болушу, оппозициялык партиялардын жана солчул республикачылдардын кыжырын кайнаткан.

Абсолюттук монархияны жактоочулары Дон Карлосту такка алып келүү максатында экинчи карлисттердин көтөрүлүшүн башташкан. Изабелла II жана Альфонсо XII жөн гана карап отурушкан эмес жана аларга каршы күчтүү аскерлери менен согушка чыгып, карлисттер жеңилип калган. Натыйжада 1876-жылы Францияга биротоло качып кетишкен. Бийликке, ички карама-каршылыктарга ар кандай агым жана топтор аралык чыр-чатактарга республикачылар анча деле коркунуч келтире алган эмес. Себеби, алар бирдиктүү бир идеянын алдында биригишип, каршылык көрсөтө алышкан эмес.

1876-жылы жаңы контитуция кабыл алынган, мында өлкө конституциялык монархия болуп жана мыйзам чыгаруучу бийлик королдон жана эки палаталуу парламенттен турарын жарыялаган. Дагы эле болсо жогорку палатага мүлкү көп адамдардан тандашкан. Булар калктын 20/1 бөлүгүн түзгөн. Шайлоодо эки партия сүйлөшүп алып өткөрүшкөн.

Папа Пия IXнун сурануусу боюнча конституцияга бир берене кошулган. Бул беренеде мамлекеттик дин болуп, римдик католиктик дин эсептелсин жана ошондой эле калган диндерди эркин ачык тутууга тыюу салынат деп айтылган. Мамлекет милдетүү түрдө католиктик чиркөөлөрдү жана диний башкарманы өзүнө камтыган. Бул конституция "Натаблердин конституциясы" деп аталган. Өлкөдө конституциялык монархия орногону менен дагы эле болсо жергиликтүү калктын эч нерсеге укугу жок болгон жана алар каалагандай карапайым калкты соттоп, өздөрү башкарып турган.

Бул теңсиздик көрүнүштөргө Испаниядагы ошол мезгилде университеттерде иштеген профессор-окутуучулар жана окуган студенттер каршы чыгып турушкан. Католицизмди жакшы

тарката албаган диний профессорлорду кафедрадан четтетишкен. 1881-жылы ноябрда Мадрид университетинде 40 студентти жана профессорлорду атайын киши жалдап, уруп-сабап кетишкен. Мындай көйгөйлөрдөн улам эмиграцияда жүргөн республикачылар эл астына чыгып сүйлөп, элге жардам берүүнү чечишкен, бирок жакшылап даярдана алышпагандыктан, бул иштери ийгиликсиз бойдон кала берген. Республиканын эмиграциянын эң активдүү бөлүгүн саясатчы Риус Сарилья жетектеген.

Испаниянын тышкы саясатындагы реформалардын алгачкы багыты Германия болгон. 1881-жылы Альфонсо XII Германияга барып, Вилгельм I менен жакындашууну чечкен. Бирок бул жакындашуу Франция менен мамилесин начарлаткан, Францияда антииспандык демонстрация болгон. Мында "Уландарга өлүм", "Улан Альфонсо жоголсун!"деген чакырыктар менен чыгышкан. Испаниянын Германияга карата достук, жакындашуу мамилеси Отто фон Бисмаркка эч кандай таасирин тийгизбеди жана ал Испанияга каршы 1885-жылы өзүнүн аскердик кемелерин тынч океандагы Испанияга жакын жайгашкан Каролин аралдарына түшүргөн. Испанияда болсо бул мезгилде кризис күч алып, Мадридде Германияга каршы согуш жарыялансын деген демонстрациялар болду.

Ал эми 1884-жылы 18-январда бийликке келген Коновас дель Кастильо Испания менен Германиянын күчү бирдей эмес экендигин, салыштырмалуу бир кыйла төмөн, даярдыгы жок экендигин согушка кирсе сөзсүз жеңиле тургандыгын түшүнүп, дипломатиялык жол менен согушпай келишүүгө арга издей баштаган. Бул айланын жолу табылып, Папа Лев XIII компромисттик чечим кабыл алды. Каролин аралдары Испаниянын суверинитетинде калды, бирок Германия соода-сатык жана айыл-чарба иштерин эркин жүргүзүүгө укуктуу болуп калган.

Испанияда Каталония, Баскония жана Астурия негизги өнөр жай райондору болгон. Каталония негизинен металлургия, машина куруу жана текстиль фабрикаларын иштеткен, анда 240 000 ашуун жумушчу иштеген. Ал эми Басконияда темир кенинин кору абдан көп болгондуктан темир өндүрүлгөн, Астурияда көмүр жана отун өндүрүү негизги мүнөзгө ээ болуп, бүтүндөй Испанияны, Партугалияны камсыз кылган. 1870-1890-жылдарда өлкөдө көмүр өндүрүү 10 эсеге, ал эми жез өндүрүү

11 эсеге өскөн. Темирден буюм жасоо жана болотту күйгүзүп эритүүчү монополиялык уюмдар пайда болгон, өлкөнүн ички, тышкы экономикасына чоң таасирин тийгизген жер негизинен помещиктерге жана буржуазияга кеңири берилип, ал эми дыйкандардын кызыкчылыгы көпчүлүк учурда эске алынган эмес. Өлкөдө 50 000 помещикке 10, 5 млн. гектар жер берилсе, ал эми 8 млн. дыйканга 9,5 млн. гектар жер берилген. Ал эми герцог Медикасилердин ар бирине 79 000 гектар, герцог Периондорго ар бирине 51 000 гектар жер берилген.

Ушундан улам өлкөдө ири жер магнаттары пайда болгон жана өз алдынча коомдогу адамдардан айырмаланган катмар түзө башташкан. 1890-жылы Матео Сагаста бийликте турган мезгилде жалпы эркектерге шайлоо укугун киргизген. Альфонсо XIII өлкөдөгү аскердик башкарууну жактап, ал эми саясий жактан Германияга жакындоого аракет кылган. Германия өлкөнүн Каталония жана башка аймактарын каратып алуу максатында келишимдерди түзүп, Испанияга элчилигин ачкан. Испаниянын ич ара чыр - чатактарынан улам алсызданганынан пайдаланып, Германия 1899-жылы Каролин жана Мералин аралдарын сатууга мажбурлаган.

1898-жылы Испания менен АКШнын ортосунда согуш башталган. Төрт айдан соң Испания жеңилип, дениздеги өз бийлигин жоготкон. Испания 1898-жылы 10-декабрда Кубаны таштап чыгып кетүүгө мажбур болгон. АКШга Пуэрто-Рико, Гуам, Филиппин жана Вест-Индиядагы аралдарын 20 млн долларга сатууга мажбур болгон. Ушундан кийин Испания колониялдык империясында Африкадагы, Гвинея, Батыш Сахара, Ифни жана Мароккодогу кээ бир аймактар гана калган.

1885-жылы Альфонсо XII бийликтен кетип, анын ордуна 1886-жылы Альфонсо XIII королева апасын австриялык регентша Мария Кристина менен биргеликте башкарып, монархиялык система курчуй баштагандыктан, 1880-1900-жж. Анархисттердин аларга каршы көрөшүнүн негизги формасы деп террорду тандап алышкан. Андалусияда "Кара кол" деген аталыштагы анархисттик уюмун түзүшүп, анын мүчөлөрү 1881-жылы көптөгөн помешиктерди өлтүрүшкөн. 1882-1883-жылдарда"Кара кол" террордук уюмуна каршы бир нече сот процесси жүрүп, алардын башчыларын өлүм жазасына тартkан. Имараттарды каректап, тоноп өрттөгөн, жергиликтүү дыйкандарга каттуу жазаларды

колдонушкан. Шаарда, өзгөчө Барселонада көп өзөктүү кол салуу болгон. Альфонс XII ни эки жолу атып, Мартинес Кампостту эки жолу бомбалаган, бирок генерал жабыр тартпаган, бирок көптөгөн оор жарадарлар болду. Ушул жылы Барселонадагы Лисео деп аталган опера театрындагы жардыруу 21 адамдын жашоосун алып кетти. Ал эми жарадарлардын санын дароо эсептөө мүмкүн эмес эле. 1897-жылы августта анархисттер премьер-минстр Кановас дель Костильонун курортто жаткан жеринен атып кетишти. Бул жана башка көптөгөн террордук актылар, мамлекетте эч кандай өзгөртүүлөрдү киргизишкен жок.

1879-жылы типографияда иштеген Пабло Иглесиас жана Хосе Меса испандык социалдык жумушчу (ИСЖП) партиясын түздү. Алар өз типографиясынан "Эмансипасион" (боштондук) деген журналды чыгарып, бүт жумушчуларга таратып турушкан. Буга экинчи интернационалисттер кийин кошулган. 1888-жылы биринчи жолу өлкөлүк профсоюздук биригүү болгон. Жалпы эмгекчилердин союзу буга ИСЖП жетекчилик кылган, ушул учурда паралелдүү өнүгүү бар эле. Эки негизги жумушчу кыймылы анархисттик жана социалисттик болгон. Анархисттик Андалусия, Каталония райондорунда, ал эми социалисттик Мадрид, Астурия жана башка өнөр жай райондорунда болгон. Ушул убакытта анархисттер жогорку саясий күрөштөрдү жүргүзгөн. Социалисттер биринчи майдагы демонстрацияны майрам катары өткөрүүнү жана бийлик өкүлдөрүнө майрам катары бекитип берүүнү суранышкан. Социалисттердин бийликке карата бир гана экономикалык эмес саясий талаптары да бар эле. Ошондуктан, жумушчу кыймылы иш таштоолорго чыгышкан.

Алар Пракседес Сагастадан биринчи мыйзамды жумушчу таптардын кызыкчылыгына карап, жумуш күнүн 10 саатка кыскартып, 14 жашка чейинки балдарды иштетүүгө тыюу салышын талап кылышкан. Бул талаптардын мыйзамдуу түрдө аткарылышын, коргоо үчүн П.Сагастаны мажбур кылышкан. Анткени ушул мезгилдерде шахталарда иштеген жумушчулардын 15% 14 жашка чейинки балдар эле.

Испания көп улуттуу өлкө болгондуктан, түштүктө испандар, кастлиялыктар өлкөнүн көп бөлүгүнүн ээлешсе, түндүктө каталондор, боск, галиялыктар жашашкан. Тилдик жана маданий жактан өнүгүүдө толук эркиндик болгон.

Испанияда улуттук боштондук кыймылдардын ичинен өлкөдө өзүнчө автономия болушун талап кылышкан Каталония жана Босков аймагы эле. 1892-жылы Монресс шаарында "Католондик союз" деген улуттук уюм түзүлгөн Бул уюм Католондук автономдук область түзүү жана анын өзүнүн башкаруучу парламентти болуусун талап кылган. Бирок, Мадрид бул талап боюнча чечүү тургай талкуу да кылышкан эмес.

XIX кылымдын аягында Испания өзүнүн колонияларын кармап калууга аракеттенген. 1893-жылы Испания XV кылымда басып алган Мелиль району жана Маракколуктардын ортосунда кагылышуу болду. 1894-жылы мартта Маракко менен тынчтык келишимине кол коет.

1897-жылы Пуэрто-Рико аралдарынын ,элдери көз карандысыздык үчүн күрөшкөн. Аралдарда өзгөчө укуктар берилсин жана өзүнүн депутаттары болсун, соодада бир гана Испания менен эмес башка бардык өлкөлөр менен да алака түзүүнү ошондой эле жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну түзүүнү талап кылган.

Испаниядагы эң татаал чечилбеген көйгөй Куба элине каршы туруу эле. 1897-жылы февралда Испания бийлиги Куба жана Пуэрто-Рикону Испания империясынын колониялдык алдында автономиясы болуусу жөнүндө декрет кабыл алынган.

Испания XIX кылымдын аягында колониясы болгон Филиппинден акча келип турган. Бирок, Филиппинде түшүмдүүлүк анча жакшы болгон эмес. Башкаруусунда эки партиялуулук система болгон, алардын лидерлери тез-тез испаниялык бийлик тарабынан гана өзгөрүп турган. Бул мезгилде консерваторлор партиясын Антонио Мауре, ал эми либералдарды Хосе Каналехас башкарган. Бул партиялар Филиппинде ар кандай убудаларды берип, реформаларды жүргүзөбүз деп, бирок иш жүзүндө андай болгон эмес.

1868-жылы Испанияда интернационалдын I секциясы негизделип, 1870-жылы Барселонада биринчи конгрессин өткөрүп, анын 40 миң мүчөлөрүнүн ичинен 90 делегат катышкан. Булардын ичинен таасирдүүсү бакунист-анархисттер болгон. Алар Испаниядагы революциялардын жүрүшүндө өздөрүнүн террордук иш-аракеттери менен дайыма тоскоол болуп, жумушчулардын активдүүлүгүнө терс залакасын тийгизген. Испаниянын анархиялык багыты кризиске учурап, анын негизинде анархо-

синдиколизмге алып келген. 1910-1911-жж. анархо-синдикализм профсоюзга биригишкен. Ал "Улуттук эмгектин конфедерациясы" (УЭК) деп аталган. Бирок, бул "Улуттук эмгектин конфедерациясы" алып барган иштерине калк нааразы болгон. Нааразычылыктар көтөрүлүшкө өсүп жетип, кээ бир райондор автономия алууга кызыктар болгон. Көтөрүлүштөрдү басууга бир канча аракеттер болгону менен жыйынтык болгон эмес. Анархо-синдикализм калктын кыймылына антиклерикалык мүнөздү берип, чиркөөлөрдү өрттөп күйгүзүп, полицияны жана граждандарды бири-бири менен тынымсыз уруштурган.

1902-жылы Барселонада, Андалусиядагы кедейлердин массалык иш таштоосу болуп өткөн. Бул акыры көтөрүлүшкө айланып, өтө каттуу куралдуу жол менен басууга аракет кылынган, бирок көтөрүлүш токтобой койгон. 1905-1906-жылдары дыйкандардын көтөрүлүшү эң жогорку деңгээлге жеткен. Андуласиядагы көтөрүлүшкө негизги себеп, кургакчылыктан улам ачкачылыктын болушу эле. Дыйкандар шаарларда дүкөндөрдү талап-тоной баштаган. Улуттук көпчүлүк жашаган райондордо автономия үчүн күрөш күчөй баштады. Галисия, Католония, Босковдогу автономия үчүн болгон күрөштөрдү репрециялык кыруулар да чече алган эмес. Мындай мезгилде анархист- террористтер өздөрүнүн күчүн далилдөөнү чечишкен. 1906-жылы майдын аягында Альфонс XIII жана Англия королунун небереси Виктория менен болгон тою күнү Мадриддин негизги көчөсүнө бомба ташташкан. Жаштар жарат алган эмес, 23 адам өлүп, 100гө жакын адам жаракат алган. Бомба таштаган адам кармалган, бирок ал өзүн-өзү өлтүрүп алган. Буга жооп кылып катуу тартиптеги антитеррористтик мыйзам кабыл алган.

Колониялдык саясатта улуу державалардын басып албаган жалгыз территориясы бир гана Марокко болгон. Мароккого көзөмөлдү Франция, Германия, Испания жүргүзүп турган. Франция Англиянын колдоосу менен жана Италия Испанияны колдоп Марокконун эркиндигин колдоо багытында иш алып барышканы менен түпкү максаты башка эле. Жалпылап бөлгөндө Испания Марокконун түндүк райондорунан Рифнини алган жана ошол жердеги кадыр барктуу Бу-хмара уруусунун башчысы Мулай-Мухамед менен 1907-жылы кендерди иштетүү багытында келишим түзгөн. Испандыктар кендерди казып кетүүдө каршылык көрсөткөн марокколуктарга кол сала башташкан жана

продукцияларын эркин ташып кетүү үчүн темир жолдорду кура башташкан. Морокколуктар испандык кен иштетүүчүлөргө кол салгандыгы жөнүндө кабар аскер башчысы Хосе Марина Вегаданга келген соң, 1907-жылы 25-январда бийликке келген консерватор Антонио Мауранун өкмөтү жаман абалга түшүп, өзүнүн армиясын Мароккого карай багыттаган, армиянын курамын кеңейтүү максатында калкты мобилизациялай баштаган.

Бул Барселонанын борборуна коркунуч жаратты жана бул нерсе чоң согушка алып келди. Массалык түрдө антиаскердик митингдер болуп социалисттер жана анархо-синдикалисттердин баары иш таштоого өтүшкөн жана бул көтөрүлүштү курчуткан.

1909-жылы 26-28-июлдардп испандык армия талкаланды, нараазы болгон калк католондук көчөлөрдө барикадаларды уюштурушкан, ал эми анархисттер чиркөөлөрдү көтөрүлүшкө үндөгөн. Католиния өнүккөн индустриялык шаар болгондуктан, калктын жашоо шарты салыштырмалуу бир топ жакшы эле. Буга карабай көтөрүлүш чыкканда башкаруучулар өздөрүн жоготуп койгон.

Бул көтөрүлүштү башкаруучулар жырткычтык менен баскандыктан, "кандуу жумалык" деп аталган. "Испандардын душманы марокколуктар эмес, анын душманы Антонио Мауры баштаган консерваторлор жана анын министирлери",- деп социалисттердин башчысы Пабло Иглесиос билдирген. Парламентте катуу талаш-тартышты жараткан жыйын болгон, анда консерваторлордон башка бардык партиянын депутаттары Антонио Мауруга каршы болгон. Консерваторлордун өкмөтү бийликтен кетүүгө аргасыз болуп, өкмөт башына 1909-жылы 21-октябрда либерал Сехизмундо Морет келген.

Ошентип, жаңы өкмөттүк кабинет либералдарга калып, анын лидери Хосе Каналехас 1910-жылы 9-февралда бийликке келген. Парламентке депутаттарды тандоодо ИСЖП партиясынан Пабло Иглесиос тандалган.

1909-жылы өлкөнү тынчтандыруу максатында чогулуш болуп, либералдар "кандуу жуманы" талкуулашкан. Анда Конституцияга толуктоолорду киргизип, антиклерикалык мыйзамдарды кабыл алышкан. Бул мыйзамдар Испанияга жана Ватиканга жаккан эмес. Индустриялуу өнүккөн Каталонияны кеңеш берүүчү орган катары кабыл алышкан.

Саясий күрөштүн курчушун жалпылап алганда саясий бийликтеги күрөштү либералисттер өтө катуу мүнөздө улантты. 1912-жылы 12-ноябрь эртең менен премьер-министр Х. Каналехос Мадрид аянтында дүкөндүн ичинде анархист-террористтер тарабынан атылган. Натыйжада, биринчи дүйнөлүк согуш алдында Испанияда саясий күрөш курчуган. Бийликке бирин-бири алмаштырып келип турган консерваторлор менен либералдардын партияларынын ортосунда бөлүнүүлөр болгон. Консерваторлордун оң канатын Антонио Маура башкарган, сол канатын Эдуардо Дато башкарган. Ал эми либералдардын оң канатын Романенстин графы Альваро де Фигероа, сол канатын Гарсия Прието башкарып, партиялардын ортосунда аеосуз күрөш башталган. Х. Канолехосдун өлүмүнөн кийин министрлер кабинетин либерал Альваро де Фигероа эки жыл бою башкарса, 1917-жылы 11-июлда баштап, консерватор Э.Дато башкарган.

Согуш учурунда иш таштоо кыймылдары көбөйгөн, эң ириси 1909-жылы болгон. Ал эми 1911-жылдагы Аустриядагы шахтерлор, темир жолчулардын иш таштоосун армияга мобилизациялоо менен токтотту. Иш таштоо кыймылынын ийгиликсиздиги анархис-синдикализмдин жеңиши болду.

Португалия XIX кылымдын аягында Европа мамлекеттеринде эң артта калган мамлекеттердин катарын толуктап. калкы 5 миллионго жакын адамды түзгөн. Калктын көпчүлүгү айылдарда, чет жакада жашап, дыйкандар айыл-чарба өндүрүшү менен алектенишкен, ал эми шаардык жумушчулар өндүрүштүк ишканаларда, өнөр жайларда жана транспорттордо иштеп, алардын саны болгону 80 миңден көп эмес жумушчу эле. Бул ошол мезгилдеги Португалиянын 5 млн. калкына салыштырганда жумушчу күчтүн өтө эле аз экендигин айгинелеген. Негизинен, өндүрүштө темир, коло казышкан, мамлекеттин сыймыгы болгон дайыма жашыл болуп туруучу даректын сөңгөгүнөн шишелерге капкакчаларды (жылына 250 миң тонна) жасап чыгарганы менен өнөр жай өндүрүшү практикада бир топ артта калган. Жибек өндүрүү өнүгүп жана дан өсүмдүктөрүн эгишкен. Оливка майын, балык кансервасын бүткүл Европага деңиздик порттору аркылуу экспорттолуп турган. Металлургия жана темир казып алуу иштери канааттандыраарлык деңгээлде болгон эмес. Португалия Англия менен аскердик жана саясий жактан бири-бири менен тең эмес болсо да, бирок бүткүл Европага өнөр жай өндүрүштүк товарлары

англиялык чек арадан чыгарылып, өлкөнүн порту аркылуу ташылып турган.

Португалия экономикалык жактан артта калган, бирок колониялдык саясат жүргүзгөн империя болуп, ээликтерин жыл сайын кеңейте берген. Ошол мезгилдеги анан колониялдык ээликтерине Ангола, Мазамбик, Гвинея Бисоу, Жашыл тумшук аралы, Африкадагы Сан-Томе жана Принсипи аралы, Индиядагы Гоа, Даман жана Диу, Түштүк Чыгыш Азиядан Макао жана Тимор аралдары болгон. Португалиянын жалпы колонияларынын аймагы 2,1 млн. км2 түзгөн, бул Португалиянын аймагында 23 эсе чоң болгон. Колониядагы элдер португалдарга каршы көтөрүлүштөрдү чыгарып, көз карандысыздык үчүн күрөшүп турушкан. Булардын эң ирилери Мазамбик (1894-1895-жж.), Ангола (1900-1903-жж.) болуп, көтөрүлүштөрдү басуу экономикалык жактан артта калган Португалия үчүн оңойго турган эмес.

Португалиянын 1876-жылы мартта колониясындагы карлуштардын согушу бүтүп, генералы Кабрера согуштук конЦепцияга кол койгон. Өлкөнүн императору Луиш I аскерлери менен Францияга качууга мажбур болгон. 1876-жылы чектелген конституциялык монархия түзүлүп, өлкөдө лорд жана сенат деп аталган 2 палаталуу парламент иш алып барган. Мыйзам чыгаруу бийлиги падышага гана тиешелуу болгон. Жогорку палатанын мүчөлөрү өз мүлкү 60 000 песенттен ашканда гана мыйзамга сунуш пикир киргизүү укугуна ээ болгон. Төмөнкү палатанын өкүлдүрү орто катмардагы адамдардын түздөн-түз шайлоосу аркылуу 5 жылга шайланышкан.

Өлкөнүн негизги дини католик болуп эсептелген. Айыл жерлериндеги округдун старосталары "касиктер" деп аталган жана алар өлкөнүн ички иштер министрине баш ийип, округдук, соттук маселелерди да чече алган. Касиктердин системасында коррупция абдан күчөгөн, ал эми өлкөнүн бийлик структурасында бюрократия үстөмдүк кылган. Ошондон улам XX кылымдын башына карата Португалиянын саясий экономикалык абалы оор болгон.

1875-жылы Португалияда социалисттик республикалык партия түзүлгөн. Алардын катарына 1876-жылы майда буржуазиялык республикалык партия кошулган. 1891-жылы алгач Лиссабондо, кийин Опорто шаарында көтөрүлүш чыгып, бирок тез эле басылган. Мындай татаал кырдаАлда

Португалиянын тышкы карызы кескин түрдө жогорулап кеткен. Экономикалык жетишпестиктен улам 1892-жылы 14-июнда бийлик официалдуу түрдө өлкөнүн банкрот болгонун жарыялаган. Кредит берген өлкөлөр ПортугалияныН карызын колониялары аркылуу төлөөгө мажбурлаган. 1898-жылы Англия менен Германия Португалиянын колонияларын бөлүп алуу жөнүндө жашыруун келишимдерди түзүшкөн.

XIX кылымдын аягында Португалия Испания сыяктуу эле монархиялык түзүлүштө болуп, 2 партиялуулук системасы болгон. Булар бийликке келген "Реженерадос" (кайра жаралуу) жана "Прогрессчилер" партиялары болгон. "Реженерадос" (кайра жаралуу) партиясынын мүчөлөрү помещиктер, ал эми "Прогрессчилер" партиясынын мүчөлөрү буржуазиянын өкүлдөрү болгон. Колонияларды кеңейтүүгө жана андагы көтөрүлүштөрдү басууга кеткен чыгымдар элдин жашоо шартынын төмөндөшүнө алып келген. Португалияда жумуштун жоктугунан жана эмгек акынын аздыгынан калктын жашоо шарты начар болгон, анын себебинен Бразилияга эмиграция процесси массалык түрдө башталган. Алар өз мамлекетине салыштырганда ал жакта иш менен камсыздалып, жашоо шартынын деңгээли жакшы жана айлык маянасы жогору болгон. Ушулардын баары башкарып турган эки партияга калктын жек көрүүсүн жаратып, элдин бийликке болгон ишеничин жоготкон. Париж коммунасынын түзүлүшү жана 1868-1873-жж. Испаниядагы революция Португалиядагы майда буржуазия өкүлдөрүнүн арасында антиманархиялык мамилени жаратып, республикалык партияны негиздеди.

1870-жылда Португалияда I интернационалдын 30га жакын бөлүгү иштеген. Бул 1875-жылы социалисттик партиянын түзүлүшүнө алып келген.

1880-жылдарга барып Португалияда өнөр жайдын өнүгүү деңгээли бир кыйла жогорулаганы байкалган, бирок экономикалык жактан дагы деле оор болгон. Бюджетте акча жок болуп, мамлекеттин карызы өскөн. Португалия мамлекеттик карыздарын төлөөнүн жана бюджетти толтуруунун жолун барын колониялар деп ойлогон. Португалия сырткы карыздарынан эң жакшы колонияларын Англияга жана Германияга сатуу жана алмашуу жолу менен кутуулуну туура көрдү. 1900-жылы Германия канцлери Бернгард фон Бюлов Португалияга англо-германдык келишимди сунуш кылган. Анын натыйжасында колонияларды алмаштырган.

Англияга түштүк Мазомбикти, Борбордук Анголаны, Германияга түндүк Мозамбикти жана Тимор аралын берген.

XX кылымдын башында өнөр жай өндүрүшү жогорулаган. 1900-жылы өлкөдө 500 миң жумушчулар болгон жана булардын көпчүлүк бөлүгү республикачыларды колдогон. 1902-1906-жж. антимонархиялык жүрүш болуп, монархиялык түзүлүшкө каршы тез-тез кыймылдар чыга баштаган. Ар тараптуу кризистерден улам бийлик экинчи жолу 1902-жылы 10-майда официалдуу түрдө өлкөнү банкрот деп жарылаган. Король Корлуш I парламентти таратып, "кайра жаралуу" партиясынын лидери генерал Жуанс Франкты чакырган, көтөрүлүшкө чыккан элдерди куугунтуктаган. Бирок бул жеңишке алып келген эмес, ошондуктан элге сөз эркиндигин берген, бул да натыйжа берген эмес.

Ж. Франк элди эзүү жолуна түштү Лиссабондун көчөлөрүндөгү көтөрүлүшкө чыккан элдерди атууга аскерлерди буюрган. Бул республикадагы элдердин катуу көтөрүлүшүнө жана революциянын бышып жетилишине алып келген.

Колониаларды жоготуунун жыйынтыгында, 1906-жылы аскердик жана соода кемелеринде көтөрүлүштөр болуп падыша Карлуш I парламентти таратып, премьер-министрликке Ж.Франкуну дайындагандан. Агресивдүү Франку бардык көтөрүлүштөрдү басып, республикачыларды сотсуз, сурақсыз камап, аскердик диктатураны орноткон. 1908-жылы 28-январда Лиссобондо, бир күндөн кийин Опорто шаарларында көтөрүлүштөр болуп, 1-февралда король Карлуш I жана тактын мураскери Луиш Филипе отурган каретага бомба ташталып, каза болушкан.

Такка Карлуш Інин кичүү баласы Мануэл II келген. Ал бийликке келген алгачкы күндө эле саясий куугунтукталгандарды бошотуп, парламентке шайлоо болуп, Франку премьер-министрликтен кеткен, сарай чыгашасын кыскартуу жөнүндө декрет чыгарган. Бирок, республикачылар партиясы монархияны түп тамыры менен жок кылуу иш-аракетин улантканы.

1910-жылы өлкөдөгү парламентке шайлоодо республикачылдардын партиясы жеңген. 1910-жылы күздө партия лидери Мошаду душ Сантуш жаңы көтөрүлүш башталгандыгы жөнүндө буйрук чыгарган. Көтөрүлүшчүлөр жеңип, 1910-жылы 5-октябрда Португалия республика болуп жарыяланган. Убактылуу өкмөткө башчылыгына акын Жаокин Теофил Брага келген. Чиркөө мамлекеттен бөлүнгөн, констутуция түзүлгөн соң, 1911-жылы

Партугалия унитардык республика деп жарыяланган. Унитардык республиканын башына 1911-жылы 24-августта республикачыл демократ Мануэл Жози Арриага келген.

Мамлекеттин саясий системасында өзгөрүүлөр болуп, мыйзам чыгаруу бийлиги 2 палаталуу парламент болгон.

1. Жогорку палата - сенат
2. Төмөнкү палата - депутаттар шайлоо аркылуу келишкен.

21 жаштан жогорку эркектер шайлоо укугун алышкан. Парламент президентти дайындаган. 1915-жылы 29-майда Жаокин Теофил Брага президент болуп бийликке келген. Өлкөдө согуш жүрүп жаткандыктан ийгиликтүү саясат жүргүзө алган эмес.

Ошентип, Португалия биринчи дүйнөлүк согуштун башында анло-португалдык алянска киргенине карабастан саясий нейтралитетүүлүктү сактаган. Бирок, Германия Англия менен Португалия соода экономикалык тыгыз байланышта болгондуктан, аны блокадага алуу максатында 1916-жылы 9-мартта согуш жарыялаган.

Испания биринчи дүйнөлүк согушта саясий нейтралитетүүлүктү сактаган. Бирок өлкөдөгү революциялык көтөрүлүштөр токтогон эмес. Анткени жыл сайын жумушчулардын саны өскөн жана алардын талабы республика болгон.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560
2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544
3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа
4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.
5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа
6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа
7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

X ЛЕКЦИЯ.

XIX-КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX-КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ ТҮНДҮК ЕВРОПА ӨЛКӨЛӨРҮ

Негизги түшүнүктөр: XIX кылымдын 70-жылдарындагы Түндүк Европа мамлекеттери. Бириккен Швеция жана Норвегия королдуктарындагы өзгөчөлүктөр. Түндүк Европа өлкөлөрүндөгү агрардык реформалар. Жалпы Скандинав рыногунун пайда болушу. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Дания коомчулугундагы социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшү. XIX кылымдын аягындагы Швеция. XIX кылымдын аягындагы Норвегия. Швед-норвегиялык униялык бирикменин талкаланышы. XX кылымдын башындагы Швеция. XX кылымдын башындагы Норвегия. Исландиянын өзүн-өзү башкарууга өтүшү. XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы Финляндия. Финляндиядагы саясий процесстер. XX кылымдын башындагы Скандинав мамлекеттериндеги саясий процесстердин жүрүшү. Скандинав мамлекеттериндеги экономиканын өнүгүшү. Түндүк Европа өлкөлөрү жана бүткүл дүйнөлүк рынок. Россиянын курамындагы Финляндия. Скандинав мамлекеттериндеги улуттук бөштондук күрөшүнүн күч алышы. Скандинав өлкөлөрү жана бүткүл дүйнөлүк саясат. Түндүк Европа өлкөлөрү жана биринчи дүйнөлүк согуш.

Лекция. XIX кылымдын 70-жылдарына карата Түндүк Европанын аймактарында жалпысы төрт мамлекет жашаган. Алардын аймагынын көлөмү жана калкынын саны өтө аз санда болгон. Ал эми саясий түзүлүшү боюнча бул өлкөлөр конституциялык монархия түзүлүшүндө жашаган. Швеция жана Норвегияны униялык падышачылык башкарып, ага Дания жана Исландия баш ийип турган. Ал эми Финляндия Россия империясынын курамында өнүккөн. 1814-жылдан тарта Швеция жана Норвегия дуалистик системаны жактырып жана алар биригип бир мамлекетке айланган жашоосун баштап, мамлекетти башкаруу швед династиясы Бернодатовдо болгон. Ал эми Дания көп улуттуу өлкө болуп, анын кээ бир герцогстовлорун Германия басып алган. 1864-жылы Дания Германдык эзүүгө каршы көтөрүлүштөргө

чыгып, натыйжада буга чейинки өзүнүн бардык аймактарын өзүнө өткөрүп алууга жетишкен.

Швециянын калкы көп болуп бул өлкөдө Норвегия жана Данияга салыштырмалуу минералдык жана кен байлыктары көп болгон. Швециянын экономикасына негизги киреше токой жана жыгачты иштетүүдөн түшкөн. 70-жылдардан баштап кагаз, чоюн жана болот өндүрүү тез өнүгүп, XIX кылымдын аяк ченинен баштап швед темир-кендерин кенен экспорттоо башталган.

Ал эми Норвегиянын экономикасында болсо негизги ролдо балык, буудай андан жасалган ун жана темир, жез, никель жана алюминий кендерин экспорттоонун натыйжасында экономикасы жогорулаган. XIX кылымдын аягында өлкөнүн деңиз соода флоту дүйнө боюнча Англия, Япония, АКШдан соң төртүнчү орунда турган. Норвегияда 8 миңге жакын соода сатык кемелери жана эң чоң балык кармоочу флоту болгон.

Данияда тамак-аш индустриясы (сыр, май, маргарин, пиво өндүрүүчү ишканалары жана кум шекер заводдору ж.б), вееpлер курулган, жибек жана жиптен токулган жасалгалар кеңири өндүрүлө баштады.

XIX кылымдын аягында Түндүк Европанын үч өлкөсүндө өндүрүүнү жогорку деңгелде концентрациялаган ири өндүрүш калыптанган. Айыл-кыштактарда капитализм айыл чарбасында үстөмдүк кыла баштады. Россиядагы жана Америкадагы нанга болгон конкуренциянын натыйжасында XIX кылымдын аягында айыл чарбасын кайра курууга алып келген. Эт жана сүт өндүрүү үчүн да мал чарбачылыгынын өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурулган. Дания жана Швеция Европада талааны иштетүү жана түшүмдүүлүктүн молдугу, сүт өндүрүү, фермердик чарбаны түзүү, агроном кадрларды даярдоо жана агро пропагандолонуу жүргүзүү боюнча биринчи орундарда турган.

Капитализмдин айыл-кыштактарда өнүгүшүнөн улам майда дыйкан чарбалар бүлгүнгө учурап калктын көп массасы эмиграция процессин башташты. Эмиграциянын агымдары көбүнчө АКШ, Канада, Аргентина, Австралияга кетишкен. Жарым кылымдын аралыгында (1851-1908-жж.) АКШга 900 миң шведдер отурукташкан. Ал эми Норвегиядан 1836-1915-жж. аралыгында Австралияга 750 миң адам кеткен. Данияда мындай процесс аз болгон. Эмиграцияларга карабай Түндүк Европа өлкөлөрүнүн калкы өтө тездик менен өнүгүп жатты. Капитализмдин тез өнүгүшү

бул өлкөлөрдө курч социалдык күрөштөрдү жаратты. Биринчиден, помещиктер менен ири буржуазия, орто жана майда буржуазиянын ортосунда, экинчиден капиталистик эксплуатацияга каршы пролетариат катмары пайда болду.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башына карата Түндүк Европа өлкөлөрү Чыгыш жана Батыш Европа өлкөлөрүнүн саясий-экономикалык жана социалдык реформалардын таасири астында өнүгө баштаган. 1870-жылдан тарта Түндүк Европа өлкөлөрүндөгү экономикалык реформалар кызуу жүрүп, коомдук өнүгүүдөгү инфраструктуралардын сапаттуу өнүгүүсүнө мыкты шарттарды түзүп берген. Мына ушундан улам Түндүк Европа өлкөлөрүндө капиталисттик мамилелер тез эле дүркүрөп өнүгүп кеткен. Мындай шартта бул өлкөлөрдө социалдык катмарлардын жогорку катмарын ак сөөктөр жана аристократтар түзгөн. Алар финансылык жана өндүрүштүк капиталдын олигархтарына айланып, бул өлкөдөгү капитализмдин өнүгүүсү айыл кыштактардын санынын кыскаруусуна алып келген башкача айтканда урбанизация процесси күч алган.

XX кылымдын башында Түндүк Европа өлкөлөрүнүн өнөр жайлары өздөрү эмес, Европа өлкөлөрүнүн керектөөсү үчүн да иштешкен. Экспортко чыгуучу товарлар биринчи кезекте Түндүк Европа өлкөлөрүндөгү Швеция жана Даниядан чыгып, бул өлкөлөрдөн өтө татаал жол менен өндүрүлгөн сапаттуу продукциялар дүйнөлүк базарларда жогорку орундарды ээлеп турган жана көп талап кылынган. М: Кагаз, жыгач буюмдар, жибектен тигилген кийимдер. Мындан сырткары бул өлкөлөрдө темир жолдор курулуп, Скандинавия өлкөлөрү менен Финляндияны темир жолу аркылуу байланыштырышкан.

Экономикалык реформалар менен бирге эле, өлкөлөрдүн саясий тармагында да реформалар жүрө баштаган, башкача айтканда монархиялык көз караштагы саясий күчтөр менен либералдык-демократиялык принципти жактаган саясий күчтөрдүн ортосунда катуу күрөш жүргөн. Түндүк Европа өлкөлөрүндө массалык түрдө мамлекеттик эмес кыймылдар пайда болуп, кыймылдар өз алдынча коомдорго айланып, ой-пикирлерин тынчтык жолу менен монархиялык түзүлүшкө сунуштай башташкан. Мындан сырткары, көптөгөн кесиптик, диний коомдордун саны өскөн. М: Сергек жашоочулар кому, балыкчылар кому, диний ком, велосипед сүйүүчүлөр кому, арак

жасоочулар кому, китеп сүйүүчүлөр коому ж.б.у.с. Бул көрүнүштөрдүн өзү Түндүк Европа өлкөлөрүндөгү граждандык коомдун алгачкы түзүлүш процессинен кабар берет. Капиталдын топтолушу менен ири синдикат фирма катары компаниялар пайда болгон, м: атайын швециялык синтафондон жаздыктарды чыгаруучу, телефон чыгаруучу даниялык кеме куруучу, машина куруучу компаниялар. Түндүк Европа өлкөлөрүндөгү өндүрүш капиталдын өнүгүүсү менен банк капиталын сыртка чыгаруу процесси, башкача айтканда банктар чет өлкөгө финансы капиталын чыгара баштады. Россияга, Кытайга, Латын Америка өлкөлөрүнө жана Борбордук Батыш Европанын ири державаларында банктык капиталдарын ири өлчөмдө чыгарып, бул мамлекеттерден инвестиция тартылып, алар менен тең ата келишимдерди түзө башташкан.

Дания менен Түндүк Герман союзунун ортосунда келишим түзүлүп, анын натыйжасында Дания Шлезбит жана Гольштейн провинцияларынан ажыраган. Мына ушул абал Дания үчүн абдан оор процесстин түзүлүшүнө алып келген. Анткени, бул провинциялардан Дания жолдуу типологияларды жана жогорку денгээлдеги органикалык жер семирткичтерди пайдаланып, түшүмдү мол алып туруу менен экономикалык өсүүгө ээ болуп турган эле. Айрыкча, бул мезгилде провинциялардан эт жана сүт багытында мал чарбачылык тармагы өнүккөн эле. Дания негизинен Европа өлкөлөрү үчүн эт жана сүт багытында сырьену берген. Анткени ,Дания башка провинцияларынан эт жана сүт багытындагы ишмердүүлүгүн күчөтүп, XX кылымдын башталышына карата ар бир уйдан жылына 2-2,5 миң литр сүт өндүрүүгө жетишкен. Даниянын айыл чарбасында эмгектенген колунда бар калктын көпчүлүк бөлүгү, дыйкандар жана фермерлер жогору билимдүү болушкан. Алардын өзүнүн жеке менчик жерлеринен эң көп жана тез пайда берүүчү чочколорду багышкан жана ушул мезгилде айыл чарбасында дүйнөлүк рынокто белгилүү болгон пиво кайнатуучу фирмалары ачылып, пиво заводдору да алдынкы орунда турган.

XIX кылымдын 70-жылдарынан баштап, Түндүк Европа өлкөлөрүнүн саясий тармагында ар түрдүү партиялардын түзүлүүсү менен шартталган.

Даниянын таптык түзүлүшү негизинен төмөндөгүдөй болгон. 1964-жылы аскерлеринин жеңилүүсүнөн кийин Даниянын

бийлигине консерватор помещиктер келген. Бул бийлик 1849-жылы конституцияны жокко чыгарууга аракет жасашты. 1866-жылдагы рикстагдын сессиясында конституцияны кайра карап чыгышкан. Падыша чексиз укукка жана рикстагга мыйзам чыгаруу укугуна ээ болгон.

1870-жылы Данияда жалпы улуттук саясий партиясы түзүлгөн. 1870-жылы помещик-консерваторлор оңчул буржуазиялык улуттук либералдар партиясы менен кабинет негиздешкен, алардын каршылаштары "бириккен оңчулдар партиясы - венстре" болгон жана бул партиянын негизин "дыйкандардын достору" коому, шаардык майда буржуазия, интеллигенциянын өкүлдөрү түзгөн. Венстре парламентти реформалоо, бийликтин парламент алдындагы жоопкерчилигине жана партия ичинде кабинет түзүү үчүн күрөшкөн. Буга парламеттин планында шайлоо укугун демократиялаштыруу жана бир катар феодалдык калдыктарды жоюу (кабель арендасы, десятина ж.б) кирген.

1860-жылдын аягында биринчи профсоюздар пайда болгон. 1871-жылы Копенгагенде таш ташуучулар ири иш таштоо уюштурушкан. 1876-жылы Даниялык социал-демократ партиясы түзүлгөн. Алар да өз программасын немис социал-демократ партиясынын үлгүсүндө түзүшкөн. 1884-жылы бул партия фолькетингде (төмөнкү палата) орун ээлеген. Социал-демократтардын жетишкендиги карыларга пенсия берүү (1891) жана оорулуулардын атайын кассасын түзүү жөнүндөгү мыйзамы болду.

1872-жылы Даниядагы төмөнкү мыйзам чыгаруучу палатасына шайлоо мезгилинде Венстре партиясы көпчүлүк добушка ээ болгон. Бирок, буларга каршы консерваторлордон өкүлдөрү пайда болуп, Хейре деп аталган оңчулдар партиясын түзүшкөн. Бул партиянын курамында ири жер ээлери, помещиктер, мамлекеттик чиновниктер, буржуазия болгон. Хейре оңчулдар партиясы аларга каршы көптөгөн иш-аракеттерди жүргүзгөн. Жетекчиси ал мезгилдеги өкмөттүк кабинетти жетектеген ири жер ээси помещик Эструп болгон. 1875-1894-жж. аралыгында Эструп өкмөттү жетектеп, Венстре солчулдар партиясына бир топ кысымдарды көрсөткөн.

XIX кылымдын 90-жылдарынан баштап, Данияда дыйкандарда массалык түрдө салык төлөөдөн баш тартуу процесси

болот. XIX кылымда Норвегиялык буржуазия жана дыйкандар унияны бөлүп жарууга жана системадагы тең башкарууну камсыздоону талап кылган.

Бирок, XIX кылым индустрилизациянын ийгилиги менен аяктаган. Жумушчулар табы түзүлгөн. Айылдарда социалдык жиктешүү башталган. Швеция жана Норвегиянын бийлиги тышкы саясатында башка-башка багытты алышты. Швед башкаруучусу ачык эле Германияга кызыктар болсо, Норвегия буржуазиясы экономикалык жактан Британия менен тыгыз байланышта болгон. Норвегиянын консервативдик башкаруучулары Швед-норвеж падышасын колдоп кубаттаган. 1873-жылы Стартинг Норвегиянын наместниктик (вице падыша) кызматын жоюуга жетишкен. 1884-жылы 12 жылдык күрөштөн кийин Норвегия министрлеринен падыша алдында эмес, стортингдердин алдында жооптуу экендиги жөнүндө мыйзам кабыл алынган. 1873-жылы дыйкан депутаттарынан жана буржуазия топторунан турган жаңы парламент "Венстре" кабыл алынган. Бул парламентке каршы "Хейре " деп аталган консервативдик партия калыптанган. Анын өкүлдөрү офицерлердин, помещиктердин, чиновниктердин кызыкчылыгын коргогон. Ал эми Венстре болсо, Норвегиянын акыйкаттуу бийлигин талап кылган. 1884-жылы Венстре өзүнүн лидери Свердруптун жетекчилиги астында бийликти түзүүгө жетишкен. Мында алар бир нече реформаларды жүргүзгөн: норвегиялык армия падышадан көз каранды эмес болгон, бирок эки өлкөнүн тең куралдуу күчтөрүнүн башкаруучусу болуп кала берген, шайлоо укугу кеңейтилген. Капитализм жана индустриализациянын тез темп менен өнүгүшү өлкөдө жумушчу кыймылынын жанданышына алып келген. 1872-жылы биринчи жолу профсоюз пайда болгон. XIX кылымдын 80-жылдардын башында 20 профсоюз уюму түзүлгөн. Бул убакта биринчи социалдык-демократтык союздар жана социалдык газеталар түзүлгөн.

XIX кылымдын 70-80-жылдарына карата өлкөдө демократиялык жана либералдык фракциялардын ортосунда рейхстагга катуу күрөш жүргөн. Анткени, Швециянын төмөнкү мыйзам чыгаруу палатасы болгон стортингде ким көпчүлүк мандатка ээ болсо, ошол өкмөттүк кабинетти түзүү укугуна ээ болгон. XIX кылымдын 90-жылдарында өлкөдө коомдук кыймылдар демократиялык принциптерди орнотуу үчүн элдик

чогулуштарды өткөргөн жана алардын таасири астында рейхстагга феодалдык мыйзамдардын баарын жокко чыгарууга жетишишкен. Мунун өзү өлкөдө капиталисттик мамилелердин чыңдалышына жана өнүгүшүнө мүмкүндүк берген. Швеция-Норвегиядагы капиталистик мамилелердин чыңдалышына Батыш Европа өлкөлөрүнүн таасири күч болгон жана Норвегияда гидроэнергетикалык ресурстарды өздөштүрүү жакшы жолго коюлган. Натыйжада, Норвегия Европада электр энергиясын чыгаруучу ири өлкөгө айланган. Мындан сырткары соода кемелери өнүгүп, жүктөрдү ташуу боюнча эң ири ийгиликтерге жетишкен.

Норвегия эли балык өндүрүп жана киттерди кармап, дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө экспорттогон. Норвегияда саясий-экономикалык реформалоо мезгилинде улуттук калыптануу процесси да жүргөн. Себеби, бул мезгилде падышачылыкта бир канча диалектиде сүйлөгөн мамлекеттик тилдер болгон. Риксимал мамлекеттик тили, Бунсмол китеп тили мындан сырткары бир канча өзгөртүлгөн даниялыктардын да тилдеринин анча-мынча сөздөрү да мамлекеттик тил болуп эсептелген. Нютемол жаңы норвегиялыктардын тили пайда болуп, бул тилде айылдыктар жана интелегенция сүйлөгөн. Мындай шартта улуттук тилди жалпылаштыруу үчүн көптөгөн интеллегенциянын өкүлдөрүнүн демилгеси менен XX кылымдын башталышында карата бирдиктүү норвегия тили пайда болгон.

Скандинавия өлкөлөрүнүн ичинен Норвегиядагы саясий процесстердин эң сапаттуу баалуулуктары менен айырмаланган. Анткени, бул өлкөнүн саясий аренасында ар түрдүү көз караштагы адамдардын бири-бири менен эриш-аркакта иш алып барган. Ал эми мамлекеттик бюрократия Стокольм шаарын бетке тутуп, Швецияга ыктоо менен саясат жүргүзгөн. XIX кылымдын 80-жылдарында Стортингдин жогорку мыйзам чыгаруу палатасында эки бири- бирине карама-каршы келген фракциялар пайда болгон. Хейре оңчулдар партиясы азчылыкты түзгөн, ал эми Венстре солчулдар партиясы көпчүлүктү түзгөн. 1887-жылы учредителдик сьезд болуп, анда норвеждик жумушчу партиясы негизделген. Профсоюздук борбордук уюмдарын социалистер жетектеген. Бийликке кайрадан "венстре" келген, алар жумушчулардын кысымы менен 1898-жылы жалпы шайлоо укугун киргизишти, ал эми аялдар бул укукка 1913-жылы жетишкен (финляндиядан кийин 2-болуп бул укукту берген өлкө).

Норвегиядагы улуттук боштондук кыймылына орус революциясы өз таасирин берген. Швециядан бөлүнүүгө бийликтегилер көп аракет кылган. Швед бийлиги булар түзгөн актыны кабыл алган эмес. Стокгольмдагы, Мальме жана Лундадагы жумушчулардын күчтүү көтөрүлүшү Швед бийлигин чындыкка көзүн ачышына чакырды. 1905-жылы шведдик шаар Карлстадда эки өлкөнүн бөлүнүүсүн кабыл алган. Чек аралары нейтралдуу зонага айланып, ал жерге аскер, куралдуу күчтөр турбаган. Эки өлкөдөн тең чек арадан товарлар салык төлөмсүз өткөн. Норвегия конституциялык монархия жолун тандаган. Падышачылыкка Хокон VII ысымын алган даниялык принц Фредрик Карл келди. Россия биринчилерден болуп мамлекет катары таанылган, андан кийин эле Англия жана башка өлкөлөр тарабынан таанылган. 1884-жылдагы парламеттик шайлоодо Венстре солчулдар партиясы көпчүлүк мандатты алып, өкмөттүк кабинетти түзүү укугуна ээ болгон. Бул фракциянын демилгеси менен парламентте жаңы шайлоо кодексин иштеп чыгып кабыл алышкан. Бирок бардык учурда бул мыйзамдар Норвегиянын падышасы Оскар IInин колу менен тастыкталган эмес.

Бирок, XIX кылымдын 90-жылдарынын башында Норвегия коомчулугунун кысымынан улам жаңы реформаланган шайлоо кодексин кабыл алынган. Өлкөдө гидроэнергетика жана чет элдик капитал менен ири гидростанцияларды куруу абдан өнүккөн. Оппозиция бийликтин чет жакага концессияга укук бергенине каршы чыгып, 1906-жылы өлкөнүн жаратылыш байлыгын концессиялоого жол бербөөчү мыйзамга жетишишкен. Концессиялар бийликтин түзмө-түз кийлигишүүсү менен болуп калды.

Ал эми Швециянын саясий жашоосунда 1867-жылы биринчи парламенттик реформадан соң риксдагга шайлоолор жүрдү. Швециянын жаны рикстагында эки саясий партия тирешип турган: өз позициясын кармап бийлеген концерванттар-алардын таянычы помещик, офицерлер, ири чиновниктер, буржуазиянын айрым бөлүгү болгон; жана оппазиция "айыл чарбачылар партиясы". Агрардык партия өзүнүн таасирин, пресса аркылуу калкка тийгизип турган. "айыл чара партиясындагы " өкүлдөрү жер салыгын төмөндөтүүнү, акылдуу жана камкор адмнистрацияны талап кылуу менен чыгышкан.

Партиялардын кагылышуусуна себеп аскердик реформалар болгон. Армияны кайрадан уюштуруу, салыктын көбөйүшүнө алып келген. 80-жылдарда соода эркиндиги боюнча талаш-тартыштар чыккан. Базарында германдык товарлар үстөмдүк кылып, швед товарларын сүрүп чыгара баштаган. Швецияга Россиядан жана Америкадан арзан баадагы буудайлар келген. Соода эркиндигин коргоочулар (фритреддер) кээ бир товарларды экспорттоого каршы чыгышты.

Фритреддердин айланасындагы күрөш агрардык жактан бөлүнүшүнө алып келген. Жаңы жана эски агрардык чарбалар пайда болгон. Жаңы агрардык чарбалар протексионизмди колдогон, эски аграрлар болсо аларга каршы турушкан. 1887-жылы ригсдагда көпчүлүк добушту протексионисттер алган, 80-90-жылдардын аягында буудайга, унга, чоюнга, болотко чоң өлчөмдөгү салык киргизилген. 1892-жылы жер салыгы алынып, ригсдаг милдеттүү түрдө аскердик окууга макул болгон. Агрардык чарба жана консерваторлордун көз караштарынын жакындашуусу өлкөдө сациалдык кыймылдын ийгиликтүү болушуна шарт түздү.

Швециядагы сациал-демократия жана жумушчу кыймылдар. Өлкөдө жумушчулардын бирикмелери 60-жылдары пайда болгон. Алар өздөрүн түптөө жана өз ара жардам берүүдөн башка тапшырма койгон эмес.1879-жылы Сундсвал аймагында жыгач иштетүүчү ишканаларда 7 миң жумушчу иш ташташкан, бирок аскерлердин күчү менен токтотушкан. Либералдык буржуазия жумушчу кыймылдарын бириктирип жана аларды пролетариаттын арасында маданий агартуучулук жолу менен (кружоктор жалпы билим берүүчү курстар жана спорт союздары ж.б.) бириктирип, аны зыянсыздандырууну көздөгөн. Бирок, бул жол менен жумушчу тапты алдай алган жок. 1880-жылдарда жумушчулардын кызыкчылыгын көздөгөн профсоюздар пайда болгон. Иш таштоолор профсоюздардын жетекчилиги менен жүргөн.

Ошентип, пролетариаттардын саясий партиясынын түзүлүшүнө шарт түзүлгөн. Шведдик социал-демократтык партиясынын негиздөөчүсү Ф.Палм болгон. Ал интеллегенцияны пролетариаттын душманы деп эсептеген. Палмдын тиешеси жок эле Стокголмдо 1884-жылы социал-демократтык клуб түзүлгөн. Анда көрүнүктүү ролду астроном Карл Янмартин ойногон. 1883-жылы борбордо профсоюздун борбордук комитетин буржуазиялык либерализм элесе, 1885-жылы алардын ордун

социалисттер элеген. Борбордук комитеттин программасына жалпы добуш берүү укугуну жана он сааттык жумушчу күнүнө саясий талап коюлган. Социал-демократтардын ийгиликтери реакциячыл күчтөрдүн тынчын алды. 1895-жылы ригстагдын консерватордук партиясы консервативдик борборго бириккен. Ошол эле мезгилде буржуазиялык либералдардын жана радикалдардын сол канаты калыптанган. Ал либералдык элдик партия деп аталды. 1896-жылы биринчи шведдик социалдык демократтык партиянын (ШСДП) депутаты болуп Брантинг келди. Бир нече жыл парламентте жалгыз социалист болгон, кийин гана рикстагда социалдык-демократтардын фракциясы түзүлгөн.

XIX кылымдын акырында Норвегия менен Швециянын ортосундагы саясий кризис бышып жетилген. Анткени, Норвегия Швециядан өз алдынча тышкы консулдук жана тышкы экономикалык саясат жүргүзүүнү өзүнө берүүнү талап кылган. 1905-жылы парламенттик шайлоолордон кийин Кристиани шаарында ар түрдүү фракциялардын өкүлдөрүнөн турган ар түрдүү каолициялык өкмөт түзүлгөн. Бирок, бул өкмөткө Швециянын падышасы Эдуард II вето койгон. 1905-жылы августта жалпы норвегиялык референдум өткөрүлүп, анда Норвегия Швеция униялык түрдөгү мамлекеттик жашоонун зарылчылыгы барбы деген маселе коюлган. Референдумдун жыйынтыгы менен көптөгөн норвегиялыктар, Норвегиянын өз алдынчалуугун колдоп добуш беришкен. Ошентип 1905-жылы сентябрь айында Швеция менен Норвегиянын ортосунда тынчтык келишиминин негизинде униялык түзүлүштөгү мамлекет таркатылып, өз алдынча көз каранды эмес суверендүү мамлекеттер пайда болгон. Норвегия ушул мезгилден баштап конституциялык монархиялык суверендүү мамлекетке айланган.

XIX кылымдын аягы XX башында Исландия калкы аз балыкчылар жана малчылар жашаган, жакыр, артта калган өлкө болгон. Алар көпчүлүк мезгилде деңиздин ары жагындагы монархиялардын кол алдында жашап келишкен. Исландиянын эч кандай укукка ээ болбогон провинциялары да болгон. 1814-жылга чейин норвегиялыктар, ал эми бул жылдан баштап, Даниянын провинциясы болгон, падыша тарабынан Копенгагенден жиберилген чиновниктер башкарган. 1872-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мыйзам чыккан, 1874-жылы өз алдынча башкарууга өткөн. Ал эми толук өз алдынча башкарууну

1904-жылы гана Исландия өз колуна алган. 1907-жылы биринчи саясий көз карандысыздык партия түзүлгөн. Биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде гана автономия алууга жетишкен. Дүйнөлүк рынок процесиинин пайда болушу менен Исландиянын өнүгүшү үчүн жагымдуу шартты түзүп, натыйжада анын экономикасы дүркүрөп өнүккөн.

Ал эми Финляндия 1808-жылга чейин Россия империясынын бийлик астында болуп, конституциялык анклавы бар Улуу Финландия княздыгы деген статусу бар Россия империясынын автономиясы болгон. Конституция катары бул жерде мурунку швед мыйзамдары иштеген. Финляндиянын өз алдынча өкмөтү атрибуттары (туу, герб) ички администрациясы, полициясы, мамлекеттик тили болгон. 60-жылдардан баштап, Финляндия өз алдынча финансылык системага ээ болгон. 60-жылдын башында бул жерде регулярдуу түрдө мыйзам чыгаруучу жыйын сейм иштеп турган.

XIX кылымдын 70-жылдары XX кылымдын башында фин элинин калыптануу процесси жүргөн, швед тилинде сүйлөгөн элдерди фин тилине өткөрүү болгон. Финляндияда өзгөчө индустриализм, индустриализация өнүгүүдө баштаган. 70-жылдары жыгач иштетүүчү өнөр жайлар өлкөнүн бардык аймагында өнүгө баштаган. XIX кылымдын аягында Финляндиянын экономикасында негизги ролду чет элдик капиталдар ойногон. Россиянын, Швециянын, Норвегиянын жана Германиянын капиталдары болгон. XIX кылымдын 60-жылдары саясий түзүлүштөр пайда болуп, эки саясий партия түзүлгөн.

1. Шведоман партиясы - швед тилинде сүйлөгөн элдерге таянып швед маданиятын колдогондор.

2. Финномандар партиясы - шведтерге каршы болуп фин тилинин өнүгүшүн жана фин маданиятын колдошкон.

XIX кылымдын аяк ченинде Россия императору Николай II Финляндиянын сейминин уруксатысыз эле 1899-жылы финн эли үчүн мыйзамдарды чыгаруу боюнча манифестке кол койгон. Бул мамлекеттик бурулуш болгон. Мындан соң, Петербургда бир канча мыйзамдар чыккан. Мында финдерди орус армиясында кызмат өтөөгө милдеттендирген. Бул жагдай "Финляндияны руссификациялоо" деп аталып, улуу княздыктын элин көтөрүлүшкө чыгууга мажбур кылган. Финляндиянын генерал-губернатору Бобриков көтөрүлүштү басууга аракет кылган жана

күч колдонуу менен уюшулган уюмдар таркатылган, газеталар жабылган, падышага керексиз ишкерлер камакка алынган. XIX кылымдын аягында Финландияда саясий жана профессианалдуу жумушчулар кыймылы калыптанган. 1899-жылы Финляндияда жумушчулар партиясы түзүлгөн. Бул партия 1903-жылы социал-демократиялык партия деп аталган бул партияда эки канат пайда болуп эки багытта иш жүргүзгөн.

1. Реформистик
2. Революциялык

1905-жылы массалык түрдө элдик кыймылдар болуп турган. Алардын талабы - антиконституциялык мыйзамды жокко чыгаруу, саясий түзүлүштө демократиялуулук болуу. Бул толкундоолор 1905-жылы октябрда жалпы элдик көтөрүлүшкө айланган. Николай II 4-ноябрда финндердин талаптарын канааттандырган манифестке кол койгон. Антиконституциялык актылар жокко чыккан, бийлик конституциялык блокко өткөрүлүп берилген. 1906-жылы июнда сейм жаңы уставын жана факты жүзүндө жаны коституциясын кабыл алган. 1 палаталуу парламент түзүлгөн. Дыйкандардын "Агрардык союз" деп аталган партиясы түзүлгөн, фин жана жаш финдер партиялары өз уставтарын кабыл алган. Швед элдик партиясы түзүлгөн. 1907-жылы парламентке биринчи жолу шайлоо болуп, социал-демократтар 80 добушка ээ болгон. Финляндияда эволюциялык толкундоолор болуп турган, алардын эң кичинеси 1906-жылдагы Свеаборгск көтөрүлүшү болгон. Мында орус моряктары жана солдаттары көтөрүлүш чыгарган. Революциялык толкундоолор токтогондон соң, Финляндияда кайрадан абал оорлой баштаган, Петербург тарабынан аны автономия кылууга аракеттер башталган. Николай II тез-тез парламентти таркатып турган, 1909-жылы сеймдин курамына орус аскерлери кире баштаган. Финляндияда орус мыйзамдары кеңири тарай баштаган, саясий репрессиялар күчөгөн. Финляндияда Россиядан бөлүнүп, улуттук өз алдынчалыкка өтүү идеалары пайда боло баштаган.

Скандинавия өлкөлөрүнөн Дания, Швеция жана Норвегия биринчи дүйнөлүк согушта нейтралдуулугун сактаган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

XI ЛЕКЦИЯ.

ТҮШТҮК ЧЫГЫШ ЕВРОПА ӨЛКӨЛӨРҮ

Негизги түшүнүктөр: 1875-1878-жылдардагы «Чыгыш кризиси». Австро- Венгрия курамындагы хорваттар, словендер, сербдер жана башка славян элдери. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Черногория, Болгария, Румыния. Босниядагы жана Герцоговинадагы көтөрүлүштөр. 1877-1878-жылдардагы Орус-түрк согуштары. 1878-жыл 3-марттагы Сан-Стефан тынчтык келишими. Хорваттардын улуттук бөштондук көтөрүлүштөрү. Босния жана Герцоговина Австро-Венгрия империясынын составында. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышындагы Түштүк славяндардын жерлери. Сербиянын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшү. Черногориянын социалдык-экномикалык жана саясий өнүгүшү. Болгария, социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшү. Румыния социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшү. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Румыния. Грециянын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшү. Македония, социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшү. Албаниянын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшү. 1912-1913-жылдардагы Балкан согуштары. Балкан жарым аралындагы өлкөлөр биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде. Түштүк славяндар жана Россия. Балкан согуштарынын натыйжасы. XX кылымдын башындагы Түштүк Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн элдери.

Лекция. Тарыхта белгилүү болгондой, чыгыш кризиси бул Түштүк Чыгыш Европа өлкөлөрү менен балкан элдеринин тарыхына байланыштуу. XIX кылымдын аягындагы бул элдердин тынымсыз көтөрүлүштөргө чыгуусу бир жагынын улуттук бөштондук күрөштөрүнүн күч алышы, экинчи жагынан Осмон империясынын улуттук саясаты туура эмес колдонгондугунан кабар берет. Анткени, улуттук азчылыкты түзгөн элдер эзүүнүн чордонунда турган. 1877-1878-жылдардагы орус-түрк согушу мезгилинде Австро-Венгриянын курамына кирген Босния, Герцоговиниянын жерлери дагы эле болсо габсбургдардын династиясынын бийлигинде кала берген. Анткени,, Босния, Герцоговиния территориялары габсбургдар үчүн Эгей деңизине

чыгууга жана соода ишине жакшы шарт түзүп берген. Бирок, бул аймактар формалдуу түрдө Осмон империясына караган.

1878-жылы Берлин конгресине ылайык Болгария өзүнүн Дунай дарыясынын жээгиндеги территорияларынан ажырап, экиге бөлүнүп калган. Бирок ошол эле мезгилде бул конгресс Румыния, Сербия, Черногориянын көз карандысыздыгын таануган. Австро-Венгриянын курамында турган хорваттар Берлин конгрессинен кийин өз алдынчалуулук күрөшүн күчөткөн. Бирок, алардын мусулман бөлүгүндөгү хорваттар Осмон империясы менен тыгыз байланышта өнүккөндүктөн өз элинин улуттук боштондук күрөшү өз максатына жеткен эмес. Натыйжада, Осмон империясынын ордуна габсбургдар өзүнүн эзүүсүн күчөткөн.

1867-жылы Австро-Венгрия бириккен монархиясы түзүлгөн, хорваттар бул монархиянын карамагында болгон. 1868-жылы Венгрия- Хорватия келишими түзүлүп, ал боюнча Хорватия автономияга ээ болгон, бирок саясий, экономикалык жактан Венгрияга көз каранды болуп калган. Келишимге нааразы болгон хорваттар 1871-жылы октябрда «Праваши» укуктук партиясын түзүшкөн жана партия лидери Е. Кватерник Австро-Венгриядан көз карандысыз болуу үчүн көтөрүлүшкө чыгышкан, бирок тез эле басылган. Словекия бүткүл Австрияга көз каранды болгон. Ошондон улам ага каршы бүткүл словян элдеринин жыйыны болуп, ага шаардык, айылдык эл катышып, словян жерлерин бириктирүү, салыктарды азайтуу жана тилдик тең укуктуулукту талап кылышкан.

Сербия XIX кылымдын 70-жылдарында Сербия княздыгы формалдуу түрдө Турциядан көз каранды болуп, негизинен майда дыйкандардын өлкөсү болуп капитализмдин жолунда өнүгүп бараткан. Бул жерде башкаруучу катмарды жер, айдоо, токой тилкелеринин бай ээлери, ири соодагерлер жана алып сатарлар түзгөн. Сербияны чиновниктик аппараты менен башкарып дыйкандарды ар кандай жолдор менен эксплуатациялаган. Бул эзүүлөргө каршы Турция менен Австро-Венгриянын бийлигинен эркиндикке чыгуу үчүн революционер демократтар чыккан. Алардын ичинен көрүнүктүүсү, социалист-утопист Светозар Маркович болгон. Бирок ал туберклез оорусунан эрте өлүп калган. Чернышевскийдин окучуусу болгондуктан, ошондой эле К. Маркс, Ф. Энгельстин чыгармалары менен жакшы тааныш болгон.

Босния жана Герцеговинадагы (1875-1878) көтөрүлүш Сербияга патриоттук дух берген. 1876-жылы июнда Сербия Осмон империясына согуш жарыялаган. Бирок, күчтөр тең болгон эмес, Турциядагы орус элчилиги согушту токтотуу жөнүндөгү талабы Сербиянын женилишинен куткарып калган. 1877-1878-жж. орус-түрк согушу Осмон империясынын Балкандагы саясий ролун бир топ азайткан. 1877-жылдын аягында согушка Сербия да кошулган жана 300 миндей калктуу жерди бошоткон. Сан-Стефан тынчтык келишими боюнча Сербия көз карандысыздыкты алган. Габсбургдар монархиясы Австрия Венгрияны басып алуу аракети менен болуп, батыш жагынан Сербияны курчап алган. 1880-жылдардын башында габсбургдардын темир жолу Сербия аркылуу өтүп Турциянын темир жолдору менен туташырылган. Бул темир жолдун курулушу Австро-Венгриянын Балкан жана Кичи Азияны басып алуусун женилдетти.

Сербия княздыгында Михаил Обренович (1860-1868) княз болуп, анын тушунда Сербия тышкы саясатта ийгиликке жеткен. Обренович Балкан жарым аралында Серб мамлекетин түзүү үчүн бүт балкан элин улуттук-бөштондук көтөрүлүшкө үгүттөгөн. Анын негизги багыты Осмон империясына каршы болгон. Улуу Сербия мамлекетин түзүп, аны Обреновичтер династиясы башкарууну көздөшкөн. 1867-жылы Россиянын жардамы менен Австрия-Пруссия өлкөлөрү менен дипломатиялык актыларды түзгөн. Тынчтык жолу менен түрк бийлигинен төрт чепти, ири аймактарды алып, көз карандысыздыкка жетишкен. 1866-жылы Черногория, Греция менен тынчтык келишимдерди түзгөн. 1868-жылы Румыния менен келишим түзгөн. Бул Балкан союзу деп аталган. Сербиянын тышкы саясатынын өнүгүүсү кайрадан түрк бийлиги менен мамилелерин курчуткан.

Өлкөдө дыйкандардын көтөрүлүштөрү болуп, 1868-жылы Михаил Обренович кутум аркылуу өлтүрүлгөн. Серб тактысы мураскорсуз калган. Армиянын кийлигишүүсү менен Михаилдин жээни Милан Обренович (1868-1889-жж.) өспүрүм курагында такка отурган. Либералдар убактылуу регент болуп, 1869-жылы өлкөнүн конституциясын кабыл алышкан. Өлкө конституциялык монархия болуп түзүлгөн, мыйзам чыгаруу бийлиги княз жана депутаттардын колунда болуп, депутаттарды княз дайындаган. Өлкөнүн ичиндеги революциялык, демократиялык киймылдардын натыйжасында Балкан союзу ураган.

1881-жылы княз Милан Вена менен жашыруун канвецияга кол койгон. Бул боюнча Сербия сырткы саясатын Австрия-Венгриянын макулдугун гана алып жүргүзө ала турган болгон. 1882-жылы Милан Обренович Сербияны монархиялык падышачылык, ал эми өзүн падыша деп жарыялаган. Серб соодагер буржуазиясы жана жер ээлери 1880-1890-жылдары эки партияга биригишкен: прогрессистер жана либералдар болуп, карапайым эл бул эки партияга тең душмандык маанайда эле. 1881-жылы майда буржуаздык радикал партиясы түзүлгөн. Прогрессистердин лидери Никола Пашич болуп, башкаларга салыштырмалуу парламенттик түзүлүштү түзүүгө, өзүн-өзү башкарууга, сүткорлукка каршы чыгуу талаптары менен чыгышкан. 1881-жылы Чыгыш Сербияда көтөрүлүш чыкканда радикалдар колдобой койушкан жана жеңилүүгө учурашкан. Улуттук көйгөй бардык партияларда биринчи планга чыккан. Радикалдар Россия менен достукта болууну колдошкон жана XX кылымда Антанта өлкөлөрүнө биригүүнү багыт алышкан:

1. Либералдар партиясы монархиялык бийликти жана буржуазияны колдогон;
2. Прогрессчилер партиясы соодагер, чиновниктерди колдогон;
3. Радикалдык партияга негизинен дыйкандар, майда буржуазия өкүлдөрү кирген.

1885-жылдагы Серб-Болгар согушунда Сербиянын женилип калышы Милан Обреновичтин аброюн төмөндөттү, ал 1888-жылы жаңы конституцияны кабыл алууга мажбур болгон. Сербия парламенттик монархия болуп түзүлгөн, 1893-жылы такка Александр Обренович келген. Ал бир жылдан соө 1894-жылы 1888-жылдагы түзүлгөн конституцияны 1869-жылдагы конституцияга өзгөрткөн. Өлкөдө катуу авторитардык режим орногон.

XX кылымдын башталышында түштүк славян элдери өздөрүнүн улуттук бошгондук күрөштөрүн күчөткөн. Бирок алардын бул иштери жүзөгө ашпай калганда террордук актыга чейин барышкан. Күчтөнүп алган буржуазия өлкөнү башкарып жаткандарды жактырбоо сезими менен көз салып турушкан.

XIX кылымдын аягына барып, Сербияда өнөр жай кыйла өнүгүү деңгээлине жеткен. Көбүнчөсү мануфактура тибиндеги мастерскойлор (тери, сыр чыгарчуу, жыгач иштетүүчү) болгон.

Жумушчу табы (1910-жылы жумушчулардын саны 60 миңге жеткен) түзүлгөн. 1874-жылдан 1900-жылга чейин шаар калкы 3 эсеге өскөн. Айылдарда да абал өзгөргөн. 70% дыйкандын 5 гектар жери болгон.

1903-жылы 25-мартта Белграддагы эмгекчилер демократиялык эркиндик жана жашоо шартынын жакшырышын талап кылып, демонстрация уюштурушкан. Демонстранттарды аскерлер талкалаган. Жек көрүүнүн күчөгөндөн-күчөшү 1903-жылы 29-майда түнү офицерлер тобу сарайга киришкен. Александар Обренович жана анын үй-бүлө мүчөлөрү өлтүрүлгөн.

XIX кылымда улуттук мамлекет үчүн күрөшкөндөрдүн кол башчысы Карагеоргиянын небереси Петр Карагеоргиевич падыша болуп дайындалды. 1888-жылдагы конституция калыбына келтирилип, либералдык режим орногон. 1904-жылы баажы тарифи киргизилген. Радикалдык партиянын башкаруучулары Венадан аскердик жактан көз карандылыктан куткарган. Мында француздар капиталын бере баштаган. Жалпы өнөр жайынын 1900-жылы 153 болсо, 1910-жылы 465ке жеткен. 1911-жылы австро-сербдик келишим түзүлүп, эки тарапка тең пайдалуу болгон.

Өнөр жайдын өнүгүүсү менен жумушчулар кыймылынын жанданышы XIX кылымдын 90-жылдарына туура келет. 1892-жылы бул жерде 1-Май бүткүл дүйнөлүк эмгекчилердин күнү майрамдалган, 1896-жылы биринчи профсоюздук уюмдары түзүлгөн. 1903-жылы Сербдик социал-демократтардын 1-сьезди болуп, Сербияда социалистердин көрүнүктүү башчысы Дмитрий Туцовия болгон. 1905-1907-жж. Россиядагы революцияны жакшы маанайда колдоорун серб тарап билдирген. Консервативдик топ "Да здравствует Российская империя" десе, социалистер "Да здравствует русская революция" деген чакырыктар менен чыгышкан.

Югославияны (түштүк славяндар) түзүү үчүн босниялыктар, сербдер жана башкалар көп аракеттерди жасашкан. Натыйжада, 1914-жылы 28-июнда Сараевада Австро-Венгриянын мураскору Франк Фердинанд сербдердин колунан өлтүрүлгөн (Бул биринчи дүйнөлүк согушка негизги шылтоо эле). Түштүк славян элдерине Россия бардык тараптан колдоо көрсөткөн. Бирок, чечүүчү мезгил келгенде агрардык Россия көп ийгиликке жетише алган эмес.

Черногориянын князы болуп 1852-жылы 1-мартта Данило I Петрович Негош келген. 1852-жылы өлкөдөгү светтик монархияны

түптөгөн. Мамлекеттик аппаратта жана армияда кара түзүүлөрдү жасап, уруулук бөлүнүүлөрдү чектеген. 1855-жылы "Черногориянын жалпы мыйзамдар жыйнагын" иштеп чыккан. Черногориянын суверинтетин эл аралык деңгээлде кабыл алуусуна жетишкен. Осмон империясына каршы согушка анын армиясы активдүү катышып, бирок Граховодогу салгылашууда талкаланган. Түштүк славян элдеринин улуттук-боштондук күрөштөрүн колдогон. Айрыкча, коңшусу Герцеговинаны колдогон.

1860-жылы Никола I Петрович-Негош бийликке келген. Ал Данило I Петрович-Негоштун жээни. Өзүнүн державалык багытын бекемдеген саясат жүргүзгөн. Тышкы саясатта Россияга багыт алган. Анын жетекчилиги астында Осмон империясына каршы 1862-ж. 1876-1878-жж. согуштарга катышкан. 1862-жылы Черногорияга түрктөрдүн кол салуусунун басандоосунан улам, Сербия менен мамиле түзө баштаган. 1866-жылы Сербия-Черногория келишими түзүлгөн. Өлкө 10 округа бөлүнгөн. Аскерге баруу милдеттүү болгон, жер иштетүү абдан кеңири тараган, дыйканчылыктын негизин жүзүмчүлүк түзгөн. Өлкөдө жери жоктор башка мамлекеттерге көчүп кете башташкан.

Осмон империясынан бошонгон Черногорияда ири жер ээлери көбөйдү. Алар көбүнчө башкаруучу топтон болуп, кол алдындагы жер 300 гектарга жеткен. Баштапкы жарым феодалдык мамиле сакталып калган, бирок чарба интенсивдүү түрдө тез өнүгө баштаган. Өлкөдө англиялык, италиялык жана башка чет жактан келген өндүрүштүү өнөр жайлары көбөйгөн. Сербиядагыдай эле соодада Австро-Венгрия башында турган. Орус субсидиясы өлкөнүн бюджетин колдоого алган, 1910-жылы аскердик конвенция боюнча Черногориянын аскерлерин камсыздандырууну Россия өз мойнуна алган.

Өзүн-өзү башкаруучу державанын таянычы аскерлер, помещикке айланган мурунку чиновниктер, бай дыйкандардын бир бөлүгү болгон. 1905-жылкы октябрь монифестинен соң, Россия жарандык укук боюнча конституция иштеп чыккан, буга байланыштуу Черногория князы Никола I Петрович-Негош да коомдук кыймылдардын кысымы астында 1905-жылы 19-декабрда конституция кабыл алууга мажбур болгон. Бирок, баштагыдай эле княз бойдон калды. 1906-жылы түзүлгөн оппозицилык улуттук партия парламенттик түзүлүштү киргизүү, ата мекендик өндүрүштү коргоо, Сербияга жакындоо чакырыктары менен

чыккан. Черногорияда жашыруун "Бомбаши" деген жаштардын тобу түзүлүп, куралданып Сербия менен биригүүгө чыгышты. Бул уюшулган топту бийлик жок кылып, өлүм менен жазалаган. Ушундан улам Никола I Петрович-Негош 1910-жылы 28-августта король титулун алган. Анын жетекчилиги астында Черногория 1912-1913-жж. Балкан согуштарына катышып, биринчи дүйнөлүк согушта да активдүү мүчөлөрдүн бири болгон. 1916-жылы январда Австро-Венгрия окупациясынан кийин Никола I Петрович-Негош Францияга качып кетип, бирок ал жакта армиясы аркылуу башкарууну уланта берген. 1918-жылы 26-ноябрда Сербия падышачылыгынын курамына официалдуу түрдө кошулган.

Болгария: 1866-1869-жж. Крит аралындагы түрктөргө каршы көтөрүлүштөр Балкандагы улуттук-боштондук күрөштү курчутту. 1870-жылы көптөгөн күрөштөрдөн улам Болгария чиркөөлүк көз карандысыздыкка жеткен. Түрк бийлиги болгарларга өз алдынча чиркөөгө негизделген автономиялуу область түзүүгө уруксат берген. Бийликти Константинополь патриархы башкарган. 1860-1870-жылдары көз карандысыздык үчүн күрөштөр революцияга өсүп жетген. Болгариялык революциялык кыймылды борбордук комитет башкарган. Анын максаты түрк бийлигинен биротоло бошонуу жана Дунайда эркин элдердин федерациясын түзүүнү каалашкан. Болгарияда жергиликтүү комитеттер (дыйкандардын, кол өнөрчүлөрдүн, соодагерлердин, интеллегенция өкүлдөрүнүн комитети) түзүлгөн. Комитеттер элди массалык көтөрүлүшкө үндөшкөн. 1872-жылы Бухарестте комитеттин алгачкы чогулушу болуп, уставы жана программасы кабыл алынган. Лидери Люблен Каравелов болгон. Ички революциялык уюмду Васил Левский жетектеген. 1872-жылы өсүп жетилген кыймылдын жетекчиси Васил Левский өлгөн соң начарлап, мүчөлөрүн массалык түрдө камашкан.

Болгария боштондукка чыккандан кийин өлкөдө саясий топтор пайда болуп, алардын бири көл өнөрчүлөрдүн, дыйкандардын, көпчүлүк буржуазиянын кызыкчылыгын көздөгөн *либералдар* жана финансы жана соода өкүлдөрүнөн түзүлгөн *консерваторлор* эле. 500 жыл Осмон империясынын кол алдында болгон Болгариянын тарыхы үчүн Улуттук мамлекеттин түзүлүшү абдан чон бурулуш болгон.

1874-жылы августта Болгария революциялык уюму убактылуу революциялык комитет болуп түзүлгөн. Аны

революционер - социалист Христо Ботев жетектеген. Болгарияда жогорку денгээлдеги революция элдик боштондук кыймылы өсүп жетилген. 1879-жылы Тырноводо либералдар үстөмдүк кылган Учредителдик жыйын болгон, 16-апрелде конституция кабыл алынган. Бул конституцияга ылайык жеке менчик, эркиндик жана 21 жаштан жогорку эркектер шайлоо укугун алган. Биринчи болгар князы болуп 1879-жылы немис канзаадасы Александр Баттенберг шайланган. Александр Баттенберг авторитардык режимдеги бийлик жүргүзгөн. Ал аскер министрлигинде кызмат кылган, орус генералдарына жакындоонун аракетине дайыма кам көргөн. Бирок Александр өзүнүн саясатын Англия жана Австро-Венгрияга багыттаган үчүн генералдар ортосунда конфликт жаралган. Александр 1883-жылы бийликти либералдарга өткөзүп берген. Бирок, кийинчерээк орус-болгар мамилеси начарлап кеткен. Ал габсбургдар династиясынын бир муунунан болуп, Австро-Венгриянын кызыкчылыгын көздөгөн саясат жүргүзгөн.

1881-жылы 27-октябрда княз Александр тарабынан конституция жоюлуп, либералдарды куугунтукка алышкан, мына ушундан тарта Россия менен мамиле начарлаган. 1885-жылы Сербия менен Болгария ортосундагы согушта Болгария жеңишке жетишкен. Австро-Венгриянын саясатын колдошкон Болгариянын Россия менен мамилесин начарлаткан. Россия-Болгария мамилесинин начарлашы менен орустарды колдогон офицерлер Александр Баттенбергди камап, кийин өлкөдөн чыгарып жиберишкен. 1885-жылы болгар бийлигинин жардамы менен Чыгыш Румелияда чукул өзгөрүлүш болгон, элдин жардамы менен область княздыкка кошулган. Сербиянын падышасы Миландын "тынчтыкты бузуу" шылтоосу менен Балкан тараптагы Болгарияга кирип келет, ал жаш Болгариянын аскерлеринен жеңилет. Бул болуп өткөн авантюра Балканда жаңы каршылыктын пайда болгонун көргөздү.

1886-жылы Александр Баттенберг оруташкан маанайдагы офицерлер тарабынан өлкөдөн чыгарылган. Элдик чогулуштун өкүлү Стефан Стамболов 1886-1894-жж. контрибуциялык бурулуш жасап, диктатурасын орнотконго жетишкен. 1886-1894-жж. Россия менен Болгариянын ортосундагы мамиле үзүлгөн. 1886-жылы немец канзадасы Фердинанд Кобургский княз болуп шайланган. Бул жаңы князды Англия, Германия, Австро-Венгрия колдогон.

Жалпылап алганда, 1880-жылдары Болгария падышачылыгынын саясатынын ийгиликсиздигин көргөзгөн.

Бийлик улуттук өндүрүштүн кызыкчылыгын көздөп, бир катар өлкөлөр менен келишим түзгөн. Өлкөдө темир жол куруу иштери башаталган (1914-жылга 2 миң км түзгөн). Бажы иштеринде жагымдуу шарттар түзүлгөн. Бир катар ишканалар салыктардан бошотулган. Мунун баары экономиканын өсүшүн шарттаган (эң негизи тери, тамеки, тамак-аш, жыгач иштетүү). Улуттук буржуазия эки лагерди түзүп калган. Австро-Венгриядагы либералдар партиясы Германиянын, ал эми "Народняки" деп аталган орто буржуазия – Россиянын, Англиянын, Франциянын саясатына ыкташкан. 1899-жылы дыйкандардын партиясы болгар дыйкандарынын элдик союзу аттуу партия түзүшкөн. (БДЭС)

БДЭСтин лидери Александр Стамболийский болгон. Бул мезгилде Болгариянын өндүрүштүү өнөр-жайларында 70 миңден ашуун жумушчулар эмгектенишкен. Мына ошондуктан жумушчулардын эсебинен 1894-жылы II Интернационалдын көрүнүктүү ишкерлери Дмитрий Благоев жетектеген Социал демократтык партиясы түзүлгөн. 1903-жылы бул партия "кең" жана "тар" болуп экиге бөлүнгөн.

Өлкөдө саясий бытырандычылыктан улам айыл чарбасы артта калган. Болгариянын улуттук мамлекетинин түзүлүшү бул элдин кылымдар бою ойлоп келген мүдөөсүнүн ишке ашышы болгон. XX кылымдын башталышына чейин Болгария формалдуу түрдө Автро-Венгриянын курамында кала берген. Европадагы батыш өлкөлөрүнүн дипломатиялык жол жана жигердүү аракетинин натыйжасында 1887-жылдан тарта князь катары башкарып келген Фердинанд I 1908-жылы Болгария көз каранды эмес мамлекет деп жарыялангандан кийин падыша болуп бийликке келген.

Румынияда Король I Гогенцолерн (1839-1914) 1881-жылдын 26-мартына чейин князь катары башкарып келген болсо, бул жылдан тарта өмүрүнүн аягына чейин король болуп, чексиз бийликтин ээси болгон. 1866-жылы конституция кабыл алып, ага ылайык эки палаталуу парламент, мыйзам чыгаруу органдары түзүлгөн. Король бардык саясий бийлик өкүлдөрүнө министрлерди, чиновниктерди, армия башчыларын дайындаган, талаш тартыш маселелерде жер ээлөөчүлөрдүн кызыкчылыгын колдогон. Ири жер ээлөөчү магнаттардын колунда жалпы жердин 80% болгон. Дыйкандар жерлерди арендага алып, жалданып иштешкен. 1871-

жылы консерваторлор партиясы княздын колдоосу менен бийликке ээ болгон, алар дыйкандарды, жумушчуларды, нааразы болгондорду катуу жазалашкан. Румыния дагы башка түштүк батыш өлкөлөрү сыяктуу эле Германияга жана Австро-Венгрияга экономикалык жактан көз каранды болгон.

1870-жылдарда княздык экономикалык өз алдынчалыгын бекемдөө максатында Порта королдун уруксатысыз эле бир катар соода мамилелерин бекиткен. Буга чейинки жылдык Стамбулга берилүүчү дан салыгы жана бир катар мамлекеттин суверинитетин чектеген саясаттар, өлкө үчүн оор эле болуп калбастан, басмырлоо катары кабыл алынган.

XIX кылымдын 70-жылдарында тышкы карызы ошол учурдагы өлкөнүн жылдык бюджетинен беш эсеге жогорулап кеткен. Румыния бул мезгилде Франция менен маданий байланышта өнүгүп келген. Румыния франктык-пруссиялык согуштун жыйынтыгын, Румыния жандуу таңыркоо менен тосуп алышкан. Салттык маданий байланышы, келип чыгуусу боюнча латындык жалпылыгы боюнча Францияга болгон саясий ыктоосу аябай күчтүү эле. Бирок франктык-германдык согуштун натыйжасында, Румыниянын келечекке болгон планы биротоло талкаланган.

1853-56-жылдардагы орус империясынын бир жагынан Улуу Британия, Франция, Осмон империясы жана экинчи жагынан Сардиния королдугу менен болгон согуштук аракеттеринде Румыния Россиянын позициясын колдоп, түрктөргө каршы согушкан. 1877-1878-жж. орус-турк согушу жана чыгыш кризисинде Румыния өз алдынча болуу үчүн шарт түздү. Бири-бирин тынымсыз алмаштырган осмон бийлиги бул маселени тынчтык жолу менен чечүү үчүн Порта менен сүйлөшүүлөргө барган, бирок өтө катуу талап менен баш тартуу болгон соң, алар орустарга жакындап, согуштарда орустардын тарабында согушкан.

1877-1878-жж. согушта союздаш болгон Румыния менен Россия тез эле бөлүнүштү. Себеби, Россия Крым согушундагы жеңилүүсүнөн кийин аскерлерин толуктоо максатында Румыниянын курамында турган түштүк Бессарабияны өзүнө тартып алган. Бирок Бухарестеги түштүк Бессарабия бул чечимге моюн сунушкан жок. 1883-жылы И. К. Брэиану Россияга каршы Австро-Венгриянын аскердик союзуна кошулат.

Румыниянын эл аралык кадыр баркынын өсүүсүнөн улам 1881-жылы Румыния официалдуу түрдө өз алдынча падышачылык болуп түзүлүп, суверендүүлүгүн жарыялоосун шарттады.

1883-жылдардан тартып Румыниянын тышкы саясатында Үчтүктөр союзуна жакындашуусу башталган. Австро-Венгрия, Германия, Италия менен жашыруун келишимдерди түзгөн. Бул мамлекеттердеги монархиялык системаны колдогон бийлик жумушчулардын көтөрүлүштөрүн мыкаачылык менен басып турган.

1888-жылы дыйкандардын ири көтөрүлүштөрү өлкөнүн көп аймагын кучагына алган. 1893-жылы Бухарестте Румыния социал-демократтар жумушчулардын партиясы түзүлгөн. Либералдар партиясынын лидери И. Братиану жумушчулардын кызыкчылыгын колдогон ири мыйзамдарды кабыл алган. Ушундан улам өлкөнүн өнөр жайлары өнүгүп, негизинен нефть өндүрүлгөн, темир жолдор курулган.

Көз карандысыздыкты алуу менен Румыниянын чарбасынын өнүгүшүнө жагымдуу шарт түздү. Жеңил жана тамак-аш өнөр-жайы өнүккөн. Темир жолдор курулган. Румыниянын аймагында нефтинин запасы көп эле, аны өндүрүп алуунун тездетиши жана өнүгүшүнүн натыйжасында кичинекей өлкө АКШ жана Россиядан кийинки 3-орунга чыккан. Экономикада банктар бекемделип, иш жүзүндө көзөмөлдү өз колуна алышты жана өндүрүштөгү негизги тармактарында немецтик капитал үстөмдүк кылган.

Агрардык комплексте жердин жарым аянты помещикердин менчиги болгон. Бул айыл-кыштактарда жердин аз болушуна жана калктын жакырланышына алып келген. 1888-жылы жана 1907-жылдары айылдарда карапайым калк көтөрүлүшкө чыгышкан. 1907-жылкы көтөрүлүш бүт падышачылыкты өз ичине камтып, бирок буржуаздык-помещиктик олигархия бул көтөрүлүштү аёосуз баскан. Айылдарды өрттөп көтөрүлүшчүлөрдү камап, башка жактарга айдап жана өлтүрүшкөн. Жалпы 11 миң адам өлтүрүлгөн. Бул көз карандысыздык үчүн күрөштөн да өлгөндөрдөн саны көп эле. Бийлик феодалдык калдыктарды жойбосо да, бир катар кабыл алынган мыйзамдар дыйкандардын жерди колдонуусун жеңилдеткен.

1893-жылы Социал-демократтык партия негизделген. XX кылымдын башында Австро-Венгрия жана Германия менен болгон аскердик союзу жоюла баштаган. Габсбургдардын монархиясынын

венгер бөлүгүндө жана Трансильванияда көп румын калкы ыңгайлуу жашашкан, бирок аларда улуттук теңдүүлүк жок эле. Буларга жардам берүү максатында Трансильваниянын улуттук уюму тарабынан бул жердегилерге румын тилин, билимин жана райондогу башкарууну киргизүү максатында жардам бериле баштаган, бул өз кезегинде румын падышачылыгынын колдоосуна ээ болгон. Румын жерлерин бириктирүү идеялары чыгып, пландар түзүлдү. Бул маалда Вена менен болгон союз анорхоизмге өткөн жана румын бийлиги жашыруун Антанта лагерине ориентация ала баштаган. 1913-жылы румын башкаруу чөйрөсү Түштүк Чыгыш Европанын картасы кайрадан түзүлүүсүнөн тынчсызданып жана Болгария, Сербия, Грециянын экинчи балкан согушуна аралашуусу, Румын аскерлерин каршылык көрсөтпөй туруп согушка кирүүсүнө түрткү болуп, 1913-жылы Бухарест тынчтык келишими боюнча түштүк Добуржа Румынияга өтөт. Румыния аймагы жана калкынын санынын көптүгү жана аймагынын кеңдиги боюнча Балкан мамлекеттеринин ичинен алдыңкы орунга чыккан. 1914-жылы 10-октябрда Фердинанд I (1865-1927) король болуп келген соң, биринчи дүйнөлүк согушта Румыния алгач бейтарап, 1916-жылдын 28-августунан Антанта тарабында согушкан. Согуштун жыйынтыгы менен ага Трансильвания, Бессарабия, Буковина бириккен

Греция. Улуттук жерлерди бириктирүү Грецияда доминанттык идеялардын бирине айланган. Даниялык Вилгельм 1863-жылы 30-мартта Георг I деген ат менен эллиндердин падышасы болду. Ал княгиня Ольга Константиновнага үйлөнүп, балдарын православдык духта тарбиялап, аялынын позициясын бекемдеп, өлкөдө өзгөчө атак-даңкка жеткен.

1867-жылы Крит аралындагылар Греция менен биригүүнү талап кылуу менен көтөрүлүшкө чыгышты. Грециянын Крит аралындагыларга кеңири жана аскердик жактан жардам берүүсүнө Осмон империясы жана Улуу Британия тоскоолдук кылды. 1878-жылдагы Берлинде болуп өткөн конгресске Греция толук катыша албаган. Ал эми 1881-жылы гана державалар Грецияга Фессалияны жана Эпирди кошуп, падышачылыктын чек арасын бир аз түндүккө карата кеңейтишти. 1897-жылы дагы криттиктер көтөрүлүшкө чыгышты,, гректер эми Осмон империясына чакырык таштоого чечим жасаган, бирок тез эле жеңилген.

Саясий аренада өзүнүн мыкты ишмердүүлүгүн көрсөткөн прогрессивчилдердин лидери Х.Ткупис жана улуттук партиянын лидери Т. Делиянис өлкөнүн өнөр жайын өнүктүрүүнү алдыга коюушкан, бирок чет жактан капитал алуу маселесине келгенде көптөгөн келишпестиктери көп болгон.

XIX кылымдын аягында Грецияда улуттук боштондук күрөш кеңири кулач жайган, бирок бардык эле мезгилде ийгиликке жетишкен эмес. Осмон империясы дайыма бул элдердеги чыккан көтөрүлүштөрдү аеосуз басып турган. Бирок XIX кылымдын аягындагы Осмон империясынын кризиси дайыма өзүнүн колонияларында бирдиктүү саясат жүргүзүүгө мүмкүндүк берген эмес. Мындай шартта Осмон империясынын колонияларында улуттук азчылыктар дайыма ички автономияга ээ болуп формалдуу түрдө гана салыктарды төлөп турган.

1909-жылы финансылык суверинитетти жоготуу, улуттук жерлерди бириктирүүдөгү кыйынчылыктар Афинадагы прогессивдүү маанайдагы офицерлердин, аскерлер лигасы жана башкалардын көтөрүлүшүнө алып келди жана бийликке либералдар партиясынан болгон, келип чыгуусу боюнча дыйкан болгон Э. Венизелостун келиши менен аяктаган. Ал бир катар реформаларды жүргүздү: салык төлөө боюнча, бул өлкө казынасына келчү кирешени көбөйттү, агрардык областта жер сатып алууну жеңилдетти жана адмнистартивдик реформаларды жүргүздү. Ал өзүнүн негизги идеясы болгон грек жерлерин бириктирүү максатында Балкан союзун демилгелеп, 1912-жылы түзүүгө жетишкен.

1912-13-жылдардагы Балкан согуштарында Осмон империясы өзүнүн саясий бийлигин бир канча эсе жоготкон. Натыйжада, Грециянын тактысына кароль болуп 1913-жылдын 18-мартында Константин I келгенден соң, анын курамында турган калк башка славян элдери сыяктуу дагы улуттук боштондук күрөштү күчөтүшкөн.

Албания. Осмон империясынын курамындагы эң артта калган Европа өлкөлөрүнүн бири болгон. Жердин көп бөлүгү түрк казынасына, албандык помещик-мусулмандарга (бейлер) жана мечиттерге тиешелүү болгон. XIX кылымдын аягынан Албания Австро-Венгрия, Англия, Германия жана Италия өлкөлөрүнүн күрөшүнүн негизги обьектисине айланган. Дыйкандар салык

төлөөдөн сырткары, XX кылымдын башында жол курулушунда, токой кыркуу жумуштарында иштешкен.

Албанияда XIX кылымдын аягында улуттук бөштондук үчүн күрөш уюшулган мүнөзүнө жетти. 1880-жылы жаңы эле түзүлгөн албандыктардын лигасы кыска убакытка Албанияны башкаруунун өз колдоруна алууга да жетишишкен. 1880-жылдары агартуучулук коомдор өз ишмердүүлүктөрүн көргөзүшкөн. Алар бир топ китептерди чыгарышты, улуттук биригүүгө өз алдынча болуу жана динге көз каранды болбоо идеяларын жазышкан. Радикалдуу топтор чет жакка кеткен фрашериндиктер Албаниянын көз карандылыгына жетишүү менен экономикасын жана маданиятын өнүктүрүү прогораммасынын астында биригишкен.

Ушул мезгилде Албанияда үч саясий агым түзүлгөн:

1. Буржуаздык-радикалдык топтор-булар дыйкандар менен бирге осмондук режимге каршы чыгышып, эркиндик үчүн күрөшүшкөн;

2. Буржуазиянын бай катмары жана помещиктер - султан менен сүйлөшүү аркылуу Албания автономиясын алууну колдошкон.

3. Жарым феодалдар - алар Осмон империясын талкалоо идеясына каршы болушкан алар бир канча реформалар менен чектелип калган.

Албания ушул мезгилдерге чейин картада географиялык түшүнүктө гана жашап келген болсо, мындар ары албандыктар өз алдынчалуулук үчүн күрөштү баштаган. Албанияда мусулман, православ жана католиктер дининин өкүлдөрү болгон. Бирок ошого карабастан XIX кылымдын аягында бул элдерде диний карама-каршылык байкалган эмес. 1908-жылдагы жаш түрктөрдүн революциясы албан конгрессинин чакырылышына түрткү берген жана бул конгресс ишинде көз каранды эмес албан мамлекетин түзүү принцибин жактаган.

Ал эми балкан согуштары Осмон империясынын көңүл борборунда болуп, 1912-жылы албандыктар Грециядан бөлүнүп, көз каранды эместигин жарыялаган. Бирок, Австро-Венгрия, Италия державалары Албаниянын мамлекеттүүлүгүн эмес, княздык бир бөлүк катары кароону туура көрүшкөн. Натыйжада, албандык биринчи князь болуп, габсбургдар династиясынын өкүлү Вилгельм Ветс дайындалган.

XX кылымдын башынан буржуазиялык-демократиялык улуттук боштондук кыймылдары күчөп, жумушчу массасынын капиталисттик эзүүгө жана феодализмдин калдыктарын жок кылуу үчүн болгон күрөштөрү менен коштолуп турган. 1905-1907-жылдагы Россияда болуп өткөн буржуазиялык-демократиялык революция да балкан элдерине өз таасирин тийгизип, натыйжада 1906-1907-жж. жер-жерлерде стихиялуу бир нече көтөрүлүштөр болгон, бирок бири да өз максатына толугу менен жетишкен эмес. Анткени, алардын баарынын эле оюнда бирдиктүү мамлекет түзүү эмес эле.

1909-жылы жаш түрктөр булардын улуттук уюмун катуу көзөмөлгө алды. Буга жооп катары 1910-1912-1913-жылдары жер-жерлерде көтөрүлүш болду. 1912-жылдагы биринчи балкан согушунда Сербия, Греция жана Черногориянын ортосунда Албанияны бөлүп алуу коркунучу турган. Бул шартта буржуаздык саясий ишмер Кемаль башында турган өлкөнүн райондорунун өкүлдөрү менен 1912-жылы 28-ноябрда сьезд болуп өткөн да, жыйынтыгында Валонада Албания көз карандысыз деп жарыяланган. 1914-жылы көптөгөн державалар Албаниянын көз карандысыздыгын тааныган.

Түштүк славян элдери. Австро-Венгрия түштүк славян элдерин бөлүп алган. Венгер падышачылыгынын курамына Хорватия кирген. Падшачылыктын түштүк бөлүгү Воеводинияда сербдер жашаган. Словен жана Далмация жерлеринде, негизинен хорваттар жашап, Австриянын курамында болгон. 1878-жылы Австро-Венгрия түштүк славян областтары Босния жана Герцеговинияны басып алган. Түштүк славян элдеринин өнүгүү деңгээлинин абалдары ар башка болгон. Хорватия автономия болуп (администрациясы, сот, чиркөө иши, агартуучулук), хорват тили официалдуу тил болгон. Словян жерлеринде бир гана Крайняда (борбору Любляна) жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары XIX кылымдын 80-жылдары гана словяндыктардын колуна өткөн. Воеводинияда Венгер бийлиги улуттук басмырлоо саясатын жүргүзүшкөн.

Югославиянын жерлери экономикалык өнүгүү деңгээли боюнча Балкан жарым аралындагы өлкөлөрдөн бир кыйла жогору турган. Ошондой эле, өндүрүшү дагы өнүккөн Словения болгон. Бул жерде металлургия, токой жана жеңил өнөр жайлары негизги ролду ойногон. Югославиянын жерлеринде өзгөчө венгердик

бөлүгүндө Габсбург монархиясында көптөгөн айдоо жерлери венгер жана австро-немистик магнаттарга таандык болгон жана ар түрдүү феодализмдин калдыктары сакталган: кайра иштетүү рентасы, экономикалык жана саясий ири помещиктердин кеңири укуктары. XX кылымдан баштап, бул жерлерде улуттук буржуазиянын бекемделиши, таптык жана улуттук боштондук күрөш күчөгөн. Бул жерде югославялык жаштардын коому түптөлүп, 1912-1913-жылдары атайын журнал чыга баштаган, мында түштүк славяндарды биригүүгө жана эркиндикке чыгууга үгүттөгөн чакырыктар тынымсыз басылып турган.

Хорватия. Бул жерлердеги башкалардан өзгөчөлөнткөн күчтүү боштондук үчүн болгон улуттук кыймыл бийликтегилерге көйгөй жараткан. Бийликтегилер хорваттар менен сербдердин биригип кетүүсүнөн коркушкан. XX кылымдан бекемделип калган хорват буржуазиясы финансы-экономикалык автономияны талап кылышкан. Дыйкандар да бул программаны кошумчалап салыктарды төмөндөтүүнү сурашкан, ал эми жакырланган калк арасында "Кудайдын жерин бөлүштүрүү" деген чакырык жайылган. 1903-жылдары шаарлар жана айылдарда элдик демонстрациялар күч алган. Жумушчулардын ири күрөштөрү 1905-1907-жж. жана 1911-жылдары болгон. Жыйынтыгында, өнөр-жайдын айрым тармактары 11 сааттык жумуш күнүн 8 сааттык жумушка өткөрүүгө жетишишкен.

Хорваттардын жана словяндардын социал-демократия партиясы 1894-жылы эле негизделген. Алар демократиялык эркиндик, Хорватиянын финансылык автономиясы жана 8 саттык жумуш күнү үчүн күрөшүшкөн. 1904-жылы Хорват дыйкандар партиясы (ХДП) түзүлгөн. Булар болсо дыйкандардын теңсиздигин жоюу, агрардык реформа жана жерди максимум 300 гектарга чейин менчикке алуу үчүн күрөшүшкөн. Улуттук суроодо хорваттардын жерин кеңейтүү жана автономияны алуу үчүн славяндар менен Габсбургдардын союзу (австрославиянизм) үчүн чыгышкан. ХДПнын лидери С.Радич, кийинчерек Югославиянын көрүнүктүү буржуаздык ишмери болуп калган.

Хорваттардын саясий жашоосунда маанилүү этап 1905-жылы "хорваттык-сербдик коалиция" түзүлгөнү менен байланышта. Бул каолиция венгердик оппозицияны колдошорун билдиришкен. Оппозиция Венгриянын Австриядан чек ара боюнча бөлүнүүсү үчүн аракет кылып жатышкан. Коалициянын негизги жетишкендиги

сербдер менен мамилеси жакшырды. 1908-жылы коалиция элдик жыйында көпчүлүк орунду ээлешкен. Вена бул коалицияны жоюуга аракет кылган. Бирок, Босния кризисинен соң бийлик Хорватиядагы абалды жакшыртууга киришкен. 1910-жылы коалиция менен макулдашууга барышкандан соң, шайлоо укугу кеңейтилген. 1912-жылы саясий багыттар өзгөргөн: бийлик диктатордук укугу бар "падышалык комиссарга" өткөн. Бул Хорватияда австро-венгриялык бийликтин туруксуз экенинен кабар берген.

Словения жерлери. Австро-немистик улутчулдардын бул жерлерге германизация процессин пландуу түрдө жүргүзүүсүнө словендиктер катуу күрөш жүргүзүп, туруштук беришкен. Улуттук саясий партиялар бул жерде XIX кылымдын 90-жылдары эле түзүлө баштаган. Либералдар Улуттук-прогрессивдүү партиясын түзгөн. Клерикал тобу болсо католиктик партиясын түзүшкөн (1905-жылы Словения элдик партиясы). Бул топ дин өкүлдөрүнө жана майда агрардык буржуазияга таянышкан. Клерикалдар либералдардай эле түштүк славян жерлеринин биригүүсүн каалашкан. 1896-жылы австралиялык социал-демократтык партиясынын негизинде словендик социал-демократиялык партиясы түзүлгөн. 1905-1906-жж. Австрия жана словения жерлеринде массалык демонстрациялар жүргөн. Алардын баары бардык шайлоо укугуна жана Люблянада жана башка бир топ шаарларында Россиядагы революция менен сый мамиледе экенин билдиришти.

Босния жана Герцеговина. XIX кылымдын баш чендеринде Босния жана Герцеговинияда түрк феодалдык системасынын саясатынын таркалышы тездеген. Өлкөдөгү феодалдар түрк реформаларына каршы тынымсыз көтөрүлүштөргө чыга башташты. 1821-жылы Босниянын Сребрениц, Мостар шаарларында көтөрүлүш күч алып, жыйынтыгында 300 феодал өлүм жазасына тартылган. Мына ошондон тарта көтөрүлүштөрдүн мүнөзү диний кырдаалга өзгөрүп, Хусейн Градашчевич башында турган босниялык аскерлер Косово талаасында жеңишке жетишкен. Ушундан улам түрк өкмөтү оппозициялык маанайды солгундатууну көздөп Босния жана ГерцоговинИЯны бөлүп таштаган. Эркиндик үчүн элдик көтөрүлүш (1875-1878-жж.) өз кульминациялык точкасына жеткен. Алар "элдик бийлик" деген программасы менен чыгышкан. Жүздөгөн орустар, украиналыктар, италиялыктар көчүп келип көтөрүлүшкө кошулушкан. 1878-

жылдагы Сан-Стефан тынчтык келишиминин натыйжасында автономияга ээ болгон. Бирок, 1878-жылдагы жана 1882-жылдагы болгон көтөрүлүштөр Австро-Венгрия тарабынан басылган жана герман трактатынын негизинде өзүнө көз каранды кылып алган. Бул жердеги бийлик губернатордун колунда болгон. Австрия капиталынын кириши менен кен казуу жана тамак өнөр жайында өнүгүү байкалган. Тамеки, мал чарбачылыгы, кайноолу, токой негизги тармактары болгон. Чет элдик капиталисттер бул жерге арзан жумушчу күчү жана сырёнун мол экендигине кызыгышкан. Габсбургдар жана алардын мамлекети тез аранын ичинде эле темир жолдордун, жыгач иштетүүчү заводдордун, көмүр кендеринин, тамеки жана жибек өндүрүшүнүн ээси болуп калды. Өндүрүштө мануфактура жана жер иштетүүчүлүк негизги орунда болду. Фабрикалык товарлар Австро-Венгриядан массалык түрдө эркин кире баштаган. Экономикалык жана аскердик-стратегиялык максатты көзөмөлгө алуу менен бирге мамлекетте темир жана авто жолдору өтө тез темп менен өнүгө баштады. Шаар калкы жана соода жүгүртүү бир топ өскөнүнө карабастан, жергиликтүү айыл-кыштактарда феодалдык түзүм дагы эле болсо сакталып калган. 1878-жылы Герцеговинада дыйкандардын толкундоолору чыгып, ал ири көтөрүлүшкө айланып, 1882-жылга чейин созулган. Бирок, жыйынтыгында максаттары ишке ашкан эмес. 1906-жылы өлкөнүн бардык аймактарында жумушчулардын иш таштоолору, көтөрүлүштөрү чыга баштаган.

1880-жылы австро-венгердик бийлик Константинополдук православдык чиркөөнүн таасири астында Босния жана Герцеговинияны баш ийдирип, бул мамлекеттин башчысын өздөрү тандоо укугуна ээ болушкан. Эгерде бул саясатка каршы боло турган болсо, сырьёсу бай аймагын берип кутулуу шартын койгон. Мына ошондуктан, 1881-жылы босниялык-герцеговиниялык мусулмандар «Улеме меджлис» деп аталган жогорку уюмду түзүшүп, анын мүчөлөрүн мамлекет дайындап жана тынымсыз көзөмөлгө алып турган. Католиктик чиркөөнүн ишмердүүлүгүнө бийлик жогору баа берип, аларга бир топ жеңилдиктерди берип, мамлекеттик байлыктардын ээси кылган. Бул көрүнүш сербдер жана мусулмандардын ортосундагы улуттук-диний жек көрүүчүлүктүн бышып жетилишин шарттаган.

1905-жылдан баштап, өлкөдө саясий жактан өзгөрүүлөр болгон. Буржуазиялык саясий партиялар түзүлүп, алгач диний

белгилери менен айрымаланып турган. 1909-жылы Босния жана Герцеговиниянын социал-демократиялык партиясы түзүлдү.

П.Кочич баштаган радикалдуу топчо дыйкандарга чоң терс таасирин тийгизген. Алар дыйкандарга жерлерин сатууну талап кылып чыгышкан. Ушундан улам 1910-жылы дыйкандар иш ташатоого барышып көпчүлүгү помещиктерге түшүмдүн үч бөлүгүн берүүдөн баш тартышкан. Ушул эле жылы өкүлдүк чогулуш "сабор" түзүлгөн. Бирок, провинциянын колониялдык статусу сакталуу бойдон калган. 1908-жылы 7-октябрда Австро-Венгрия Босния жана Герцеговинаны аннекциялагандыгын жарыялаган. Босния жана Герцоговиния коомчулугунун көп бөлүгү бул аймактын Австро-Венгриянын баскынчылык бийлигине каршы чыгышып, көз карандысыз болуу менен бирге эле Сербиянын башчылыгы астында бирдиктүү мамлекет түзүүгө аракеттене баштаган. 1913-1914-жылы «Млада Босна» деп аталган серб улуттук уюму түзүлгөн.

Балкан областтары Осмон империясынын кол астында. Македонияда 1878-жылы Осмон империясынын бийлигинин социалдык-саясий кризиси башталды. Дыйкандардын көпчүлүк бөлүгү жакырданды. Ошону менен бирге Македонияда да экономикасынын жанданышы башталган. Банктардын, сооданын, жалданма жумуштун, өнөр жайдын (тамеки, тамак-аш,текстиль) борбору катары Салоники, Битоль, Скопле шаарлары өстү. Македониянын улуттук курамында славяндар менен катар грек, албандар, түрк, куцо-влахи жана еврейлер жашаган. Бул өзгөчөлүккө карабай мугалим К.Мисирков 1903-жылы бирдиктүү Македониянын адабий тилин түзүүнү сунуш кылган. Түзүлүү процесси татаал жана жай болгон.

Эркиндик үчүн болгон кыймылдар күч алды. Натыйжада ички Македониялык Одриндик революциялык уюм (ИМОРУ) түзүлдү. Ар жерлерде бийлик менен күрөшүү башталган. 1903-жылы көтөрүлүшкө чыккандар полициялар менен беттешүүдө уюмдун лидери Гоце Делчев өлгөн. Бул уюмда негизинен демократтык жана социалистик топтордун таасири тийип турган.

Түрктөрдүн бирикмеси славян элдеринин 1913-жылы экинчи жолу Осмон империясына каршы согуш ачышкан. Натыйжада, Лондон конгресси чакырылып, конгрессте официалдуу түрдө Осмóн империясынын курамындагы Балкан элдеринин суверендүүлүгү бекйтилген. Бирок, конгрессте Осмон

империясынын чек арасы бекитилип, ал эми балкан элдеринин саясий эркиндиги толук чечилген эмес. Натыйжада, Түштүк Чыгыш Европа өлкөлөрү бул улуу державалардын колониалдык саясаттагы эксперменти болуп кала берген.

XIX кылымдын үчүнчү жарымы жана XX кылымдын башында Түштүк Чыгыш Европанын көп калкы дагы деле Австро-Венгрия жана Осмон империясынын кол адында калган. Габсбургдардын монархиясынын курамында хорватия, словения, албандардын жана Румыниянын жерлеринин бир бөлүгү кирген. Ал эми Турция болсо Албания, Македония жана Түштүк Славян, албан жана гректер жашаган райондордо өз бийлигин сактап калган.

Түштүк Чыгыш Европада Греция, Румыния, Сербия, Черногория сыяктуу улуттук мамлекеттер калыптанып бүткөн. Балкан өлкөлөрү европалык капиталистердин эксплуатациялоочу обьектисине айланган. Империализм мезгилинде Балкан жарым аралында империалистик блоктордун курч атаандаштыгы жүргөн. Чоң коркунуч Австро-Герман мамлекеттери тарабынан болуп турган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

XII ЛЕКЦИЯ.

XIXКЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ ЕВРОПАДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Негизги түшүнүктөр: XIX кылымдын аягындагы эл аралык мамилелер. Европадагы согуштук блоктордун түзүлүшү жана алардын максаты. Балкан кризиси жана эки согуштук блоктун тирешүүсүнүн күчөшү. II Интернационал жана мамлекеттик эмес кыймылдар. Франция менен Германиянын ортосундагы Франкфурт тынчтык келишими. Англия менен АКШнын мамилелери. Үчтүктөр блогунун түзүлүшү. Антанта союзунун түзүлүшү. «Панамерикалык союздун» идеологиясы. 1875-1878-жылдардагы «Чыгыш кризиси». 1878-жыл 3 марттагы Сан-Стефан тынчтык келишими. 1912-жылдын 18-декабрындагы Лозанна тынчтык келишими. Июль кризиси жана анын жыйынтыгы. XIX кылымдын аягындагы эл аралык мамилелер. Балкан кризиси жана эки согуштук блоктун тирешүүсүнүн күчөшү.

Лекция: Эл аралык мамилелерге жалпы мүнөздүү болгон дүйнөлүк саясий, экономикалык, социалдык, дипломатиялык, укуктук, согуштук жана гуманитардык байланыштардын жана коомчулуктун субьектилеринин ортосундагы мамилелердин жыйындысынын системасы. Мындай субьектилердин катарына элдер, мамлекеттер, коомдук уюмдар жана кыймылдар кирет.

XIX кылымдын аягына эл аралык мамилелерде региондордун жана мамлекеттердин кызыкчылыктарын камтыган көптөгөн чечилбеген маселелер мүнөздүү. Адамзаттын алдында жалпы коопсуздукту бекемдөө маселери турган.

Бул мезгилде карама-каршы турган улуу державалар дүйнөнү бөлүштүрүү саясатына кызыкдар боло башташты. Анткени, экономикалык абалын бир топ чыңдап алган мамлекеттер аймактык ээликтер боюнча ойлоно баштаган. Ушуну менен бирге эле улуттук маанай да жогорулай баштаган. Европа өлкөлөрүнүн бардык башкаруучу чөйрөлөрүнүн ар бири өздөрүнүн кызыкчылыктарын орнотуу менен бирге улуттук максаттарды башкы кылып көрсөтө башташты.

Аскердик кагылышуулар жана локалдык согуштар тынымсыз жүрүп жатты. Мындан да эң коркунучтуусу улуу державалардын ортосундагы Европадагы гегемондуулукка умтулуу максаты аркылуу колониялдык ээликтерди бөлүштүрүүдөгү жана ал жерлерде таасирин жогорулатуудагы чыр-чатактар эле.

XIX кылымдын 50-жылдарына карата Европа өлкөлөрүндө чыгыш кризиси деп аталган саясий кризис болгон, бул аталыштын өзүндө Осмон империясынын словян элдерине жасаган колониялдык саясатынан кабар берет. 1870-жылы түрктөргө каршы Балкан элдери көз карандысыздык үчүн көтөрүлүшкө чыгышкан. 1875-жылы Сетара-Загореде, 1876-жылы 18-майда болгар революционерлери көтөрүлүшкө чыгып, жетекчиси Христо Ботев каза болгон. 1876-жылы 30-июнда Сербия Осмон империясына каршы согуш жарыялайт. Россия Сербияга жашыруун түрдө колдоо көрсөтөт.

1876-жылы 18-июлда Чехияда рейхштад сарайында Александр II, Горчаков жана Франсио Иосиф, Андрашинин жолугушуусу өтөт. Россиянын демилгеси менен Константинаполдо Англия, Германия, Австро-Венгрия жана Франция катышкан конференция өткөн. Бул конференция 1876-жылы 11-декабрда башталып, 1877-жылы 30-январда аяктаган. 1877-жылы 21-мартта Руминия көз карандысыз эркин мамлекет деп жарыяланат да, алгачкы жолу 1877-жылы Дания менен Румыниянын ортосунда соода экономикалык келишими түзүлөт.

Бул улуу державалардын конференциясынын жыйынтыгында, Босния жана Герцоговиния, Болгария жана Македонияга эркиндик берүүгө макул болгон. Мында Англия менен Россия империясынын мамилеси жакындашып, муну Отто Фон Бисмарк Германияга каршы уюшулган союз деп баалап, эл аралык аренага жарыялаган. Отто Фон Бисмарк массалык маалымат каражаттарын саясий курал катары пайдалангандыктан, 1877-жылы Герман империясынын маалымат каражаттарына Франция Германияга кол салат деп кабар берген. Ошондон улам 1877-жылы Лондондо өткөн чогулушта Англия, Италия, Франция, Германия, Австро-Венгрия мамлекеттери бири-бирине кол салышпоо жөнүндөгү Лондон протоколуна кол коюшкан. Эгер алдыда дагы орус-түрк согушу чыкса, Австро-Венгрия нейтралитеттүү мамлекетке айлануусуна, ал эми Россия империясы жеңсе, Босния жана Герцоговинияны бергенге убада берет.

Бул процесстин себеби, Европа өлкөлөрү өз тышкы саясатында активдүү иштей баштаганы менен түшүндүрүлөт. Жакынкы Чыгыш жана Балканда өз таасирин күчөтүү максатында болгон 1853-жылы орус-түрк согушунда Англия, Франция Осмон түрктөрүнүн тарабында болгон, ал эми Австрия нейтралдуулукту сактаган, мындай шартта Россия түрктөрдөн жеңилип калган. 1856-жылдагы Орус-Түрк тынчтык келишими иштелип чыгып, анын шартында Россия Кара дениздеги аскер флотуна ээ болбой калган.

1877-1878-жылдары кайрадан орус-түрк согушу жүрүп, мында Россиянын жеңиши, эл аралык саясаттагы терс реакцияны жүргүзгөн. Европа мамлекетери эл аралык саясаттагы багытын аныктоого мезгил келгендигин даана түшүнүп башташты. Ошентип, 1877-1878-жылдары Орус-Түрк согушу балкан элдеринин эркиндикке чыгуусуна түрткү берген.

Англия, Австро-Венгрия, Германия бул согуштун жыйынтыгын жактырган эмес. Россия менен Австро-Венгриянын Босния жана Герцоговиня аймактарын талашуусунун натыйжасында, карама-каршылыктар күчөгөн. Мындан пайдаланып Германия Австро-Венгрияга жакындашуу саясатын жүргүзүп, натыйжада 1879-жылы жашыруун түрдө Австро-Венгрия жана Германиянын ортосунда согуштук келишим түзүлгөн. Кийинчерээк буга Италия кошулган.

XX кылымдын башына карата Германия милитаристтик басып алуучулук саясатын жүргүзүп, колонияларды кайрадан бөлүштүрүү маселесин койгон. Бул сөзсүз түрдө Англия, Россия, Франциянын колониялдык саясатында Германия менен эсептешүү зарыл экендигинен кабар берип, ушундан улам Англия менен Германиянын ортосунда карама-каршылыктар күчөгөн жана Англия, Франция, Россиянын жакындашуусуна шарт түзгөн. Анткени бул мезгилде колониалдык империялардын ириси Англияда болгондуктан, дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүү маселеси анын көбүрөөк тынчын алган. Лондон бийлиги ээликтерди эч кандай бөлүшүүнү каалаган жок. Мындан сырткары Улуу Британия жашоо үчүн башкы кепилдик алардын деңиз флоттору деп эсептеген жана деңиз соодасына түздөн-түз көз каранды болгон. Ошондуктан, Германиянын флотунун күч алып өнүгүүсү, англичандардын деңиздеги гегемондугуна чынында чоң коркунучту жараткан. XIX кылымдын аягында дале болсо Улуу

Британия "жаркын изоляция" принцибин кармоону улантып, Европадагы саясий кырдаалды андан да курчуткандыгы Лондон башкаруучуларынын алдына Германияга каршы ишенимдүү, күчтүү атаандаш издөө тапшырмасын койгон.

XIX кылымдын 70-жылдарына карата Европа, Америка өлкөлөрүндө болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөр жүрдү. Дүйнөнүн калкынын саны 1 миллиарддан 1,5 миллиардга чейин өскөн, товар жүргүзүү 4 эсеге, жалпы экономикасы 5 эсеге жогорулагандыгы белгилүү болгон. Мындан сырткары бул өлкөлөрдө байлыктар өсүп, рухий сапаттын деңгээли да жогорулаган.

XX кылымдын башына карата бул өлкөлөрдө төмөндөгүдөй тенденция байкалган.

1. Элдердин жаратылышты эффективдүү (сарамжалдуу) пайдалануу үчүн биригиши.

2. Ар бир инсандын өз керектөөсүн канааттандыруу үчүн болгон күрөшү.

Мындай шартка же өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болгон элдер эң көп ийгиликтерге жетишкен. Анткени, алар мамлекети жок элдерди аеосуз талап-тоношкон, элдерин эксплатациялап (аёосуз эзип), анан алардын эсебинен көптөгөн байлыктарды топтоого жетишишкен.

Германиянын түпкүлүктүү максаты бүтүндөй Европада өзүнүн гегемондук саясатын орнотуу болгон. Ал эми Англия жана Россиянын алдында бул мезгилде өзүнүн саясий багытын Орто Азияга жана Кавказга каратып, Ыраакы Чыгыштагы Япония менен Кытайдын коркунучунан кутулуу менен аларды куткаруу маселеси турган. Италия саясатын Жер ортолук деңизине багыттап, бул жерде эркин аралчага ээ болуу аракетин жасаган.

Ал эми АКШ бул мезгилде бүтүндөй Америка континентине ээ болууга аракет кылып, жандармения саясатын жүргүзгөн. АКШнын бул саясаты Америка континентиндеги элдердин эркиндигин коргойт деген шылтоолордун астында иш жүргүзгөн. Австро-Венгрия өз аймагын Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн эсебинен кеңейткен. Ал эми Англия жана Франция өздөрүнүн чыгышка карай колониялдык саясатын улантышкан.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында күн сайын эл аралык мамилелердин курчушуна бир эле колониялдык басып алуулар эмес, ошол эле мезгилде өздөрүнүн ички

мамилелериндеги жаңжалдардын чыгышы да себеп болгон. Анткени, алар колониялдык саясатты жүргүзүүдө бири-бири менен кагылышууларга барган. 1871-жылы Германия мамлекеттеринин түзүлүшү Европадагы саясий күчтөрдүн бөлүнүшүнө алып келген, ошондой эле Бириккен Италия падышачылыгын басып алгандан тартып, бул өлкө өзүнүн тышкы саясатында Германиянын таасири менен өнүгүп, натыйжада согуштук блоктун түзүлүшүн шарттаган. Бисмарктын Европада жүргүзгөн саясатынын негизи болуп, дүйнөдөгү Франциянын таасирин начарлатуу жана дүйнөнү кайрадан бөлүү идеасын көтөргөн.

1870-1871-жж. франктык-прусстук согушунун жыйынтыгында Германия империясы пайда болгон. Өнөр жайы күчтүү өнүккөн Германия Европага гегомондук кылуу ниетин дароо эле билдирип койду.

Франциянын согушта жеңилип калышы жана Франкфурт тынчтык келишиминин оор шарттары (5 млд контрибуция, Эльзас мене Лоторингиядан ажыроо) аны согуштук реваншка карай кайрадан умтултту. Германиянын күч-кубатынын артышы Англия менен Германиянын карама-каршылыктарын ого бетер курчутту, ошондуктан Англия Европадагы тең салмактуулуктун бузулушунан кооптонуп, Германиянын позициясынын чыңдалышына тосколдук кыла баштады. Аны туйган Отто Фон Бисмарк Францияны четтетип салуу үчүн Австрия-Вегрия жана Россия менен жакындаша баштады. Ал бул өлкөлөрдү монархиялык тилектештик идеясы менен кызыктырып, 1873-жылы үч императордун союзун түзүүгө (Германия, Австрия-Венгрия, Россия) жетишти. Бирок ал союз австрия-орус жана орус-герман чыр-чатактарынан улам 1887-жылы бузулуп калган.

1875-жылы Балкан элдеринин түрк үстөмдүгүнө каршы боштондук кыймылынын күч алышы менен Жакынкы Чыгыш кризиси башталган. Ага удаа 1877-1878-жж. жүргөн орус-түрк согушунда Туркия орустардан жеңилип калып, Россиянын оброю абдан арткан. Буга нааразы болгон Англия, Австрия-Венгрия, Германия орус-түрк согушунун бүтүшүндө кол коюлган Сан-Стефан тынчтык келишиминин шарттарын кайрадан кароо үчүн эл аралык конгрессти чакырууга жетишкен. Ошентип, 1878-жылы Берлин конгрессинин чечими боюнча Сербия, Черногория жана Румыния Туркияга салык төлөп туруучу көз карандысыз өлкөлөр катары таанылышкан, Түндүк Болгария Туркияга салык төлөп туруучу

автономиялуу мамлекет болгон, ал эми Болгариянын экинчи жарымы Чыгыш Румелия деген ат менен Осмон империясынын бийлигин астында болуп калган. Австро-Венгрия болсо, Боснияны жана Герцеговиняны оккупациялап алуу укугуна ээ болот, бул орус-австриялык мамилени ого бетер курчуткан. Австрия-Венгрияны өз саясатына бекем чырмап алууну көздөгөн Отто фон Бисмарк мына ушундай кырдаалдан пайдаланып кеткен. Ошентип, 1879-жылы октябрда Германия менен Австрия-Венгрия Россияга каршы багытталган жашыруун келишим түзүшкөн.

Франциянын Италия көз артып жүргөн Тунисти басып алышы Италияны Германия жана Австрия-Венгрия менен жакындашууга түрттү. Натыйжада, Италия 1882-жылы Германия жана Австро-Венгрия менен аскердик саясий союз түздү. Ал **үчтүктөр союзу** деп аталды. Үчтүктөр союзу Францияга жана Россияга каршы багытталып, 1915-жылга чейин өкүм сүрдү.

1899-1902-жж. Англия-Бур согушунун кесепеттеринен, Англиянын алсырай түшүшүнөн пайдаланган Германия өзүнүн колониялык экспансиясын күчөткөн. Ал Жакынкы Чыгышка кириш үчүн Багдат темир жолун курууга Түркияны макулдатат. 1898-жылы Германия аскер-деңиз флотун куруунун чоң программасын кабыл алат. Бул "деңиз ээси" болуп эсептелген Англияны кооптондурган. Ошентип, эки дөөлөттүн (державанын) ортосунда деңиздик куралдануу боюнча тымызын тирешүү башталган. Германиянын түздөн-түз кийлигишүүсү менен жүрүп жаткан континенттик Европадагы окуялар Англиянын башкаруу чөйрөлөрүн "жылма обочолонуу " саясатынан баш тартып, өзүнүн тышкы саясатынын доктринасынын түпкү негиздерин кайрадан караштырууга жана союздаштарды издештирүүгө мажбурлады.

1904-жылы Лондондо Англия менен Франциянын ортосунда Антанта (ыкластуу макулдук) деп аталган жашыруун макулдашууга кол коюлган. Анда кеп колониялык маселелер боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу жөнүндө жүргөнү менен (Англияны Египетке укуктуулугун таануу, Франциянын Мараккону басып алуусу жөнүндө), чындыгында ал Германиянын гегомондукка умтулуусуна каршы багытталып, ошол жөнүндө жашыруун сүйлөшүүлөр жүргөн.

Россиянын 1904-1905-жж. орус-япон согушунда жеңилип калышынан улам Англия ага карата мамилесин өзгөрттү,. Бул мезгилге чейин Россиядан коркунучтуу атаандаштыкты гана көрүп

келген Англиянын саясий мамилеси бир топ жумшарды. Ошондуктан Англия Германияга каршы туруу үчүн Россия менен да союз түзүүгө умтулду. Ошентип, 1907-жылы Петербургда Россия менен Англиянын ортосунда колониялык проблемалар боюнча макулдашууга кол коюлган. Макулдашуунун шартында Афганистан Англиянын таасир этүү чөйрөсү экендиги таанылган, ал эми Иран болсо Россия менен Англиянын таасир этүү чөйрөсүнө бөлүнгөн. Бул макулдашуу ал экөөнүн Франция менен өз-өзүнчө түзүлгөн келишимдери дагы бир жолу бекемдеген. Ошентип бул үч мамлекеттин ортосунда бирдиктүү бир келишим түзүлбөсө да, Европадагы экинчи аскердик саясий блок Антантанын түзүлүшү аяктаган. Бул окуя дүйнөлүк биринчи согуш башталган учурга туш келген.

Эки согуштук блоктун тең негизги максаты: дүйнө жүзүндө өз гегемондугун жүргүзүү же Европа мамлекеттериндеги бийликти өз колуна алуу жана тынчтыкта жашоо болгон. Эки согуштук блоктун элдеринин (үчтүктөр союзу жана антанта) көпчүлүгү католик динине ишенишкен. Ошон үчүн Рим папасы эл аралык саясатта чоң кадыр баркка ээ болуу менен бирге эл аралык кыймылдарга каршы күрөш жүргүзгөн. Бул мезгилге чейин 1864-жылы Рим папасы Пий IX илим жана техниканын жетишкендиктерин, коомдук гуманисттердин идеяларын кудай жолунан адашкандар деп эсептеген билдирүүсүн таратып, бир топ кадыр-баркын жоготуп алган. Анткени, Европа жана Америка өлкөлөрүндөгү бардык мамлекеттерде техникалык ири жетишкендиктер негизги өнүгүүнүн булагы болуп баштаган.

Ошондой эле, Рим папасы Пий IX Франктык-германдык согуш мезгилинде Ватикан, Латиран, Каштен жана Гондольфо оазистерине ээ болуп, ушул мезгилден тартып католик дининдеги модеринизациялоо динине тоскоолдук кылуу менен эскиче динге ишенгендерди колдонуп жатып, өлкөдөгү кадыр баркын жоготуу менен бардык котоликтик диний башчыларды дайындоо укугунан ажыраган болчу.

Ушул шартта Европадагы жумушчу кыймылдарды бириктирген II Интернационал өзүнүн негизги багыты катары биринчи дүйнөлүк согушту болтурбоо аракетин жүргүзгөн. 1889-жылы 14-июлда Парижде II Интернационалдын эл аралык конференциясы болуп, мындагы биринчи маселе дүйнөдөгү согуш коркунучун жоготуу жана социал-демократтардын идеаларын,

принциптерин таркатуу маселесин талкуулаган. Тарыхта белгилүү болгондой, II Интернационалдын идеологдору К.Маркс, Ф.Энгельс болгон. Мындан сырткары II Интернационалдын Борбордук Комитетинде ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү турган. XX кылымдын башына карата II Интернационалдын катарындагы калктын саны 1 миллиондон ашкан жана алардын көп бөлүгүн жумушчулар түзгөн. II Интернационал өз алдына согушту болтурбоо максатын койгону менен ал иш жүзүнө ашкан эмес. Ал эми Интернационалдын тарыхый мааниси төмөндөгүдөй болгон:

1. Жумушчуларды социалдык жактан коргоону ишке ашырган.
2. Мамлекетти башкарууда саясий партиялардын тааасирин күчөткөн.
3. Демократиялык принциптерди таркаткан.
4. Азчылыкты түзгөн улуттардын укуктарын коргой алган

Ушундан улам XIX кылымдын 80-жылдарына карата Подсифисттик кыймыл өскөн анын курамына ар кандай профессиядагы адамдар кирип, алардын биригүүсүнүн себеби жана негизги максаты болуп Европа өлкөлөрүндөгү бардык талаш маселелерди тынчтык жолу менен чечүүгө тийиш деп эсептелген. Европадагы Франко-Германдык согушту бул кыймыл сындап чыккандан кийин, Европанын бардык өлкөлөрүндө филиалдары ачыла баштаган. 1889-жылы июнь айында Парижде эл аралык подсифисттик кыймылдын конгресси болуп, бул конгресстин делегаты болуп 100дон ашуун Европанын башка мамлекеттеринен келген өкүлдөр катышып, алар Европаны согуш коркунучунан алыстоону талкуулашкан.

1888-жылы Германиядагы жаңы император Вильгельм IInин салтанаттуу таажы кийгизүү аземинен жана 1890-жылдагы Отто фон Бисмарктын отставкасынан кийин Германия ачык асман алдындагы аймактар үчүн күрөшүн дагы активдештирип, дүйнөлүк саясатта дагы чечкиндүү кадамдарды жасоо керек экендигине умтула баштаган. Өзүнүн экономикалык абалын жогорулатуу менен бирге эле аскердик кубаттуулукту чыңдап, күчтүү флот курууну баштаган. Германиянын башкаруучу чөйрөлөрү дүйнөнү түп тамырынан бери өзгөртүүнү каалап, дүйнөнү өз пайдасына карата бөлүштүрүүгө агресивдүү саясат жүргүзгөн.

Колониялдык дүйнөнү бөлүштүрүүнү негизги максат кылгандар, адамзат коомчулугун аскердик катастрофага түрттү. XIX кылымдын аягындагы эл аралык кризистер жана локалдык

согуштар мунун негизги күбөсү болуу менен бирге, Европанын перифериясынын (чет жакаларына) чегинен чыгуусуна алып келген. 1898-жылда биринчилерден болуп дүйнөнү бөлүштүрүү аракетинде испан-америка согушу келип чыккан. Согушта АКШ жеңишке жетишип, мурунку испан ээликтери Пуэрто-Рико жана Гуам аралдарын тартып алган. Ал эми Куба "көз карандысыз" деп жарыяланганы менен чынында АКШнын протектаратына өткөн. Америкалыктар Испанияга 20 млн. доллар өлчөмүндө компенсация төлөп, Филиппинди да басып алышкан.

1899-1902-жж. Англо-бур согушу болуп, жыйынтыгында Улуу Британия эки бурдук республика Түштүк-Африкадагы Трансваал жана Оранжевая республиканы басып алган. Бул аймактар алмазга жана алтынга өтө бай болгон. Англиянын бурлардын үстүнөн болгон жеңиши, Түштүк Африкадагы бардык ээликтерди барын топтоштуруп, массив кылып бириктирүүсүнө алып келген. 1905-1906-жж. Германия, Улуу Британия жана Франциянын ортосунда Мароккого бийлик жүргүзүү максатында биринчи Марокко кризиси курч чыр-чатакка алып келген. Бул бөлүштүрүүгө немистер катышпай, эч нерсеге ээ болбой калган. Мароккого Франция жана анын кичине бөлүгүнө Испания көзөмөл кылып калган.

1908-1909-жж. Босниялык кризис келип чыккан. Австро-Венгрия буга чейин эле аскердик күчтөрүн каратып алган Босния жана Герцеговинияны өз курамына кошуп алган соң, бул көрүнүш көз карандысыз Сербия мамлекетинин жашоосуна коркунуч туудурган. Сербия бардык басып алуучулук аракеттерге Россиянын жардамын эске алуу менен каршылык көрсөтүүгө даярдана баштаган. Бирок, Россия Германия артында турган Австро-Венгрия менен согушууга даяр эмес эле. Ошондуктан орус өкмөтүнө болгон ишеничи жоголгон Сербия Австро-Венгриянын Босния жана Герцеговиниянын үстүнөн болгон бийлигин тан алууга мажбур болгон.

1911-жылы экинчи Марокко кризиси жаралган. Германия Марокконун жээктерине өзүнүн согуштук кемелерин багыттап, Франция ээлик кылып турган бул өлкөнүн бир аймагын басып алуунун максат кылгандыгынан улам келип чыккан. Бул чыр-чатак согушка алып келүүсү мүмкүн эле. Бирок Германия Антанта менен кагылышууну каалабай, Марокко проблемасына кийлигишүүдөн баш тартууга мажбур болгон. 1911-жылы италян-түрк согушу (Триполитан) чыккан. Осмон империясынын алсыздыгынан пайдаланган Италия, Түндүк Африкадагы акыркы Осмон ээликтери

Триполитания жана Киренаикуну басып алган. Бул аймактардын базасында Ливияда Италиянын колониясы негизделген.

1912-жылы 19 өлкөдө 140 тан ашуун подсифисттик кыймылдар иш алып барып, ушул жылы Женева шаарында дүйнөлүк тынчтык конгрессин уюштурган жана ага 600дөн ашуун делегат катышкан. Подсифисттик кыймылдын ишмердүүлүгүнө биринчи болуп АКШнын Президенти Теодар Рузвельт жогору баа берип жана бардык мамлекет башчыларын бул кыймылды колдоого чакырган. Бирок, бул кыймыл биринчи дүйнөлүк согушту болтурбай коёо алган эмес жана ага тоскоол боло да алган эмес. Анткени, бул кыймылдын тарыхый маанисси дүйнөлүк прогрессте ойчул адамдардын көп экендигинен маалымат берген.

1914-жылга карата дүйнөдөгү улуу державалар экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча төмөндөгүдөй орундарда турган.

1. Англия
2. Германия
3. АКШ
4. Франция
5. Россия
6. Италия
7. Австро-Венгрия

1910-жылга карата империалисттик өлкөлөр өздөрүнүн колониялдык территориясын Азия жана Африка континенттеринин эсебинен көбөйтө баштаган. Кытай, Иран, Осмон империясы Европа өлкөлөрүнүн жарым колонияларына айланып, бул көрүнүштүн өзү дүйнөдөгү тез-тез мамлекеттер аралык жаңжалдардын келип чыгышына шарт түзгөн. 1912-13-жж. эки жолу Балкан согуштары болгон. Натыйжада мындай чыр-чатактар улуу держава өлкөлөр менен жарым колония болгон өлкөлөрдүн ортосунда тынымсыз болуп турган.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында эл аралык абал оордоп, империалистик державалар менен колонизаторлорго каршы күрөшкөн колониялардын элдеринин жана көз каранды өлкөлөрдүн ортосунда карама каршылык курчуду. Империалистик державалардын өздөрүнүн ортосундагы карама-каршылыктар күчөп, алардын ар бири барган сайын өздөрүнүн колониялык ээлигин жана таасирин көрсөтүүчү чөйрөсүн кеңейтүүгө далалат жасашкан. Экономикалык өнүгүүнүн бирдей

эместигинин натыйжасында империалистик державалар Германия, АКШ, Япония колонияларды жана таасир көрсөтүүчү чөйрөсүн кайра бөлүштүрүүгө жетишүүгө аракеттенип жатышты. Бирок башка империалистик державалар Англия, Франция өздөрү мурда басып алган жерлерин колдон чыгаргылары келген эмес. Бардык империалистик державалар дүйнөнү кайра бөлүштүрүү үчүн согушка даярдана башташты, эң ири капиталистик державалардын ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу 1914-жылы биринчи дүйнөлүк согушка алып келген.

Жыйынтыктап айтканда XX кылымдын башына карата Германиянын агрессивдүү саясатынан улам Европадагы эл аралык мамиле курч мүнөзгө ээ болуп, биринчи дүйнөлүк согуштун келип чыгышына шарт түзгөн.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

XIII ЛЕКЦИЯ.

БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ

Негизги түшүнүктөр: Биринчи дүйнөлүк согуштун себеби анын катышуучулары. Улуу державалардын негизги максаттары. Империализмдин өнүгүшү, империалисттик малекеттер ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу, Европа державаларынын согуштук саясий эки тобунун Антантанын жана Үчтүктөр союзунун ортосунда дүйнөнү кайра бөлүштүрүү аракеттери. Экономикалык империализм, аймактык жана экономикалык тартышуулар, соода тосколдуктары, милитаризм жана автократия, европалык мамлекеттердин милдеттемелери. Дипломатиялык согуш, ийгиликтер жана кемчиликтер. Австрия-Венгрия тактысынын мураскору Эрцгерцог Франц Фердинанддын өлүмү. Согушка катышкан мамлекеттердин өз ара ички дипломатиялык мамилелери. Колониялык ээликтер жана анын кайрадан бөлүштүрүлүшү. Австро Сербиялык жаңжал. Империялисттик өкмөттөр жана буржуазиялык, помещиктик партиялардын бардыгы талоончул, басып алуучулук, адилетсиз согушка катышуусу. II Интернационалдын бардык конгресстеринин резолюциялары. Германиянын "Шлиффен" планы. Германиялык "чагылгандай тез согуш" планынын кыйрашы жана Вердендеги кыргын. Россиядагы октябрь революциясынын жеңиши менен АКШнын согушка кириши. Согуштун жыйынтыгы Антанта союзунун жеңиши. Орусиядыгы Февраль жана Октябрь революциялары, Германиядагы Ноябрь революциясы, Осмон империясынын жана Австро-Венгриянын кыйроосу. Америкалык капиталдын Европага кире башташы.

Лекция: Биринчи дүйнөлүк согуш Борбордук державалар (Германия, Австро-Венгрия, Осмон империясы жана Болгария) менен Антантанын (Россия, Франция, Улуу Британия кийинчерээк Япония, Италия, Сербия, АКШ, Черногория, Белгия, Египет, Португалия, Румыния, Греция, Бразилия, Кытай, Куба, Никарагуа, Сиам, Гаити, Либерия, Панама, Гватамела, Гондурас, Коста-Рика, Боливия, Доминикан республикасы, Перу, Уругвай, Эквадор) ортосундагы каршылыктан улам келип чыккан адилетсиз империялык кагылышуу. Биринчи дүйнөлүк согуштун негизги

көйгөйү европалык улуу державалардын «дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүү» үчүн күрөшү эле.

XX кылымдын башында дүйнөдөгү ири державалардын ортосунда дүйнөнү бөлүштүрүү аяктаган. Колониялардын көпчүлүгүн Англия, Франция ээлеп алып, Германия, АКШ, Япония сыяктуу өнүгүп келе жаткан өлкөлөр жаңы рынок, арзан чийки зат булактары үчүн күрөш башташкан. Державалардын ортосундагы саясий-экономикалык, аймактык карама-каршылыктардын борбору Европада болгон, ошону менен катар согушка катышкан ар бир өлкө жаңы колонияларды жана таасир этүү чөйрөлөрүн басып алууну көздөгөн. Ушундан улам бул мамлекеттер дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүүгө аракеттенишкен. Германия 1879-жылы согуш блогун түзүүгө киришип, Австро-Венгрия менен согуштук өнөктөштүк түзгөн. 1882-жылы ага Италия кошулуп, Францияга жана Россияга каршы Германия башында турган Үчтүктөр өнөктөштүгү уюшулган (1914-жылы ага Осмон империясы, 1915-жылы Болгария кошулуп, ал эми 1915-жылы Италия өнөктөштүктөн чыккандыгына байланыштуу Төрттүктөр өнөктөштүгү болуп кайра түзүлгөн). Ал эми Англия, Франция жана Россия 1907-жылы аларга каршы согуш коалициясы Антантага биригишкен.

Согуштун чыгуу себептери негизинен төмөнкүлөр болуучу:

1) Франк-Германдык согуш дүйнөдө дагы бир жолу жаңжалдын сөзсүз түрдө болушун шарттаган;

2) Жаш империалисттик өлкөлөр колониалдык саясаттагы эксперманти катары болуп келген территорияларды кайрадан бөлүштүрүүгө умтулушкан;

3) Согуштук блоктордун түзүлүшү сөзсүз түрдө согуштун чыгышына шарт түзгөн;

4) Капиталисттик мамлекеттердеги жана ири олигархтардын традициялык түрдөгү калыптанып калган менталитеттеги арзан сырье, арзан жумушчу күчү;

5) Дүйнөлүк капитализм системасынын жалпы кризиске учурашы;

6) Капиталисттик өнүгүү улуу колониялдык державалардагы улуттук боштондук күрөштөрүнүн күчөшү жана башка ушул сыяктуу тарыхый бир топ окуялар.

Буга карабай дүйнөдөгү калктын көпчүлүк бөлүгү биринчи дүйнөлүк согушту болтурбоонун абалын алдын алууга аракеттенишкен, бул дүйнөлүк практикада колдонулуп келген

дипломатиялык мамиленин принциптери эле. Бул максатта Россия төмөнкүдөй иштерди алып барган. XIX кылымдын аягында чыгыш кризисинин натыйжасында Осмон империясы толук түрдө талкаланып, территориясы Россия, Австро-Венгрия, Англия, Германия тарабынан бөлүнүп алууга тийиш болгон. Бирок дипломатиялык жолдор аркылуу чыгыш кризисинин натыйжасында Россия империясы эч нерсеге ээ болбой калгандыгына нааразы болбогондугу менен түшүндүрүлгөн. 1898-жылы орус өкмөтү Николай II дүйнөнүн бардык державаларына жарыша куралдануунуу токтотуу чакырыгы менен кайрылган. Анын демилгеси боюнча 1899-жылы Гаагада эл аралык конгресс чакырылган. Бул конгрессте төмөнкү маселелер Россия тарабынан сунушталган.

а) жарыша куралдануунуу токтотуу

б) эркинен ажыратылган адамдарга карата колдонулуп келген газ менен уулантып, буу менен өлтүрүүчү жана тыткылап атып салууну токтотуу.

в) эки өлкөнүн ортосундагы чыккан талаш-тартыш үчүн атайын эл аралык көз каранды эмес жогорку сот системасын түзүү идеялары.

Империализмдин өнүгүшү, биринчи кезекте, империалисттик мамлекеттердин ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу, Европадагы державалардын согуштук саясий эки тобунун Антантанын жана Үчтүктөр союзунун ортосунда дүйнөнү кайра бөлүштүрүү максаттары биринчи дүйнөлүк согушка алып келди. 1914-жылы империалисттик державалардын ортосундагы карама-каршылыктар жогорку чекке чейин курчуду. Башкысы Германия менен Англиянын ортосундагы карама-каршылык болду. Германиялык империалисттер Англия менен Франциянын эсебинен жаңы колонияларды басып алууну, Франция менен Россияны начарлатууну, Европада өз үстөмдүгүн орнотууну көздөшкөн. Австрия-Венгрия Балканда өзүнүн таасир көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүгө жана өз эзип жаткан словян элдеринин улуттук-боштондук кыймылын басууга умтулган.

Англиялык империалисттер согуш менен Германиянын экономикалык жактан жогорулоосуна тоскоол болуу аркылуу германиялык колониялардын бир бөлүгүн басып алууга, Осмон империясын бөлүшүп алууга үмүттөнүшкөн. Француз

империалисттик топтор Үчтүктөр жана Антанта блогунун ортосундагы басып алуучулук адилетсиз согушу болгон. Революциялык кыймылдын коркунучунун өсүшү империалисттердин дүйнөлүк согушту тездетишине алып келген.

Согуштун үчүнчү жылына чейин АКШ нейтралитеттик позицияда турган. Бир гана Сербия Австро-Германдык агрессиянын обьектиси болуу менен бирге адилет жана боштондук күрөш жүргүзгөн. Бул согушта бир канча аскер фронттору түзүлгөн. Негизгилери: батыш жана чыгыш фронттору. Майдалары: Закавказья, Аравия, Балкан, Дарданел. Согушка даярдануу менен эки согуштук топтор өз пландарын иштеп чыгышкан. Германиянын генералдык штабы "Шлиффен планын" иштеп чыккан. Анда алгач Францияга сокку берип Белгиянын нейтралиттетигин бузуу болгон.

Согуш башталаары менен эле 2-Интернационалдагы буржуазиялык партиялар жумушчу табына чыккынчылык кылып, "мекенди, улутту, маданиятты коргоо" деген жалган ураан менен чыгышты. В.И. Ленин башында турган Россиядагы большевиктер партиясы гана империялисттик бул согушка каршы чыгып анын талоончулук максатын элге түшүндүрдү. Согушуп жаткан бардык өлкөлөрдүн эмгекчилерин бул согушка өздөрүнүн өкмөттөрүнүн жеңилүүсү үчүн күрөшүүгө, аны граждандык согушка айландырууга үндөдү.

1914-жылы июлдун аягында австрия-венгриялык аскерлер Сербиянын территориясына кирип, Белградды бомбалай башташты. Сербияга колдоо көрсөтөм деп убада берген Россия даярдана баштады. Россия империясы Сербияга жардам берүү максатында өлкөдө жалпы аскердик мобилизацияны баштаган, ал эми Германиянын башкаруучу чөйрөлөрүнүн Россиянын мындай кадамга баруусун токтотууну талап кылган ультиматумун четке каккан. Германиянын башкаруучу чөйрөлөрү 1914-жылы1-августта Россияга каршы согуш баштаарын жарыялаган, 2-августта герман аскерлери Люксембургду ээлеп, андан соң 3-августта Россиянын союздашы Францияга согуш жарыялаган. Францияга согуш ачууда Россиянын Сербияны колдоосун шылтоо катары пайдаланышты.

Дүйнөнүн бир бөлүгүн көзөмөлдөп турган Европанын эң ири империялисттик державалары согушка кириштн. Германиянын аскерлери Белгиянын аймагын басып алып, ал аркылуу Францияны

көздөй жөнөгөн. Белгиянын бейтараптуулугун сактоону талап кылуу деген шылтоо менен Англия 1914-жылы 7-августта Германияга каршы согуш жарыялады. Бир жагынан Германия жана Австрия-Венгриянын, экинчи жагынан Англиянын, Франциянын жана Россиянын ортосундагы согуш ушинтип башталды. Европалык державалар менен биргеликте алардын доминиондору жана колониялары да согушка тартылган. Германиянын кысымы менен Осмон империясы Антантага каршы согуштук аракеттерди баштаган. Антанта тарабында Осмон империясына каршы Англиянын көзөмөлү астында келген Египет согушка аттанган.

Бул согуш дүйнөлүк согуш болуп калды. Ага улам жаңы өлкөлөр тартылып жатты. Августтун аягында Япония Германияга согуш ачканы менен ал аскерлерин Европага жиберген жок, ал Германиянын Тынч океандагы ээликтерин басып алуу менен бирге Кытайды багындырып алуу үчүн пайдаланды. Октябрда Германия Осмон империясынын Россияга жана Антантанын башка державаларына каршы чыгуусуна жетишти. Закавказьеда, Сирияда жана Палестинада жаңы фронттор түзүлдү.

Согуштун башталышына карата Европада эң чоң армия Францияда (колонияларын кошкондо) болуп, саны 882 907 адамга жеткен. Мунун негизги себеби, 1913-жылдын 7-августундагы мыйзамдын негизиндеги аскер өтөө мөөнөтүн эки жылдан үч жылга узартуу жана аскерге чакыруу курагын 21 жаштан 20 жашка төмөндөтүүсү эле. Ушундай эле армияга Германия да ээ болуп 808 280 адам болгон. 1900-жылдары герман аскер башчыларынын айланасында флоттук армияны түзүүчүлөр жана кургакта жүрүүчү аскерди бекемдөөнү жактоочулар болуп, эки карама-каршы топтор пайда болгон. Англияга теңелген бекем тартиптеги аскердик деңиз флотун түзүү амбициялык программа жана ага өтө көп чыгым жумшаларын, баамдаган мамлекет башчылары каржылык абалды ырааттуу кармап туруу үчүн кургакта жүрүүчү аскердин курамын кеңейтүүгө аракеттерин башташкан. Бул өз учурунда аскер башчыларынын негизги бөлүгүнүн нааразычылыгын пайда кылып, 1912-1913-жылдары аскердик бюджетти кайрадан карап чыгуу маселесин койгон, көптөгөн дискуссиялар болгон. Флоттук аскердик бюджетти кеңейтүүчүлөрдүн тарапташтары мыкты деңгээлде пропаганда жүргүзгөндүгүнө байланыштуу 1913-жылдын аягында бюджеттен белгилүү бир өлчөмдө акча каражаты

бөлүнүп, каршылаштарынын бардык талаптарына туруштук бере ала тургандай бекем флот түзүүгө жетишкен.

Империялисттик өкмөттөр жана буржуазиялык, помещиктик партиялардын бардыгы согуштун талоончул мүнөзүн мекенди коргоо ураандары менен жашырышты. Алар келечектеги муундардын бактысы жана түбөлүктүү тынчтыгы үчүн согушуп жатабыз деп билдиришти. Алардын бул билдирүүлөрүн чиркөөлөр да колдоду. Улутчулдук активдүү пропагандаланды жана шавинизм күчөтүлдү. Бул үчүн басма сөз жана кино кеңири пайдаланылды.

Дүйнөлүк согуш эки жактан тең империалисттик, басып алуучулук, адилетсиз болгон. Ал согуш көптөгөн мамлекеттер менен элдердин тагдырын коркунучка кептеп койгон.

II Интернационалдын конгресстеринин резолюцияларына карабастан, эң ири жумушчу партияларынын оппортунисттери "өздөрүнүн" империалисттик өкмөттөрүнүн тынчтыкты сүйүүчүлүгү жөнүндөгү билдирүүлөрү менен көптөгөн жумушчуларды адаштырышты, согушка каршы чыгуулардын өсүшүн токтотуп турушту, согуш башталган учурда алар өз өлкөлөрүнүн империалисттери тарабына ачык өтүп кетишти, ар бир өлкөдөгү согушту коргонуучулук, адилетүү согуш деп жарыялашып, оппортунисттер "изденүүнүн" империалисттик өкмөттөрүнүн тынчтыкты сүйүүчүлүгү жөнүндөгү билдирүүлөрү менен көптөгөн жумушчуларды адаштырышты, согушка каршы чыгуулардын өсүшүн токтотуп турушту. Согуш башталган учурда алар өз өлкөлөрүнүн империалисттери тарабына ачык өтүп кетишти, ар бир өлкөдөгү согушту коргонучулук, адилеттүү согуш деп жарыялашып, оппортунисттер жумушчуларды өз өлкөлөрүнүн өкмөтүн колдоого чакырышкан жана "граждандык тынчтыкты", жумушчулардын буржуазияга каршы күрөшүн токтотууну жарыя кылышкан.

Оппортунисттер өздөрүн социалисттербиз деп эсептөөнү уланта беришти, бирок шовинисттер катары аракеттеништи. Ошондуктан аларды социал-шовинисттер деп аташкан. Германдык социал-демократтар-рейхстагдын депутаттары жана француз социалисттери депутаттар палатасынын мүчөлөрү бир эле күндө, 1914-жылы 4-августта согушту жүргүзүүгө каражат бөлгөн.

Германиянын "Шлиффен" планы күн мурунтан иштеп чыккан, ал план германдык генералдык штабдын көп жылдардан берки

жетекчисинин аты менен аталган, ал согуштан мурдараак өлүп калган. Планда Германия Люксенбург менен Бельгиянын начар корголгон чек арасын жарып өтүп Францияга кирип, Россия аскерлерин топтоштуруп алганга чейин Францияны кыңк этпей багынууга аргасыз кылууну көздөгөн. Андан соң кыска убакыт ичинде Россияны да талкалоо алдын ала болжолдонгон. Германиялык аскерлердин кубаттуу тобу белгиялык армияны сүрүп таштап, Францияга кирип барды.

1914-жылдагы Россиянын аскерлеринин чабуулу. Россияда мобилизация жай жүрдү. Франциянын өкмөтү Россияга тезирээк жардам сурап кайрылган кезде, аскерди тиешелүү орундарга жайгаштыруу, куралдандыруу жана топтоштуруу, аяктала элек болчу. Россия союздашына жардам көрсөтүп эки армиясы Чыгыш Пруссиянын территориясына кирип барып, анын кыйла бөлүгүн ээлеп алды да, пруссиялык помещиктерди дүрбөлөңгө түшүрдү. Орус армиясы Люзр көлүндө жеңилген, немистер экинчи армияны Чыгыш Пруссиядан сүрүп чыгышты.

Германиянын "чагылгандай тез согуш" планынын кыйрашы менен Франциядан аскерлердин бир бөлүгүн чыгышка жөнөтүүдөн улам немистердин армиясы Парижди айландыра курчап алууга араң күчү жетти. Немистер өзүнүн чабуул кою фронтун кыскартууга аргасыз болушуп, Париждин түндүк батыш жагындагы Морне дарясына чыгышты, ал жерде англия-франциялык ири күчкө кабылышты.

1914-жылы сентябрда Морнедеги салгылашууга эки тарапты чогуу алганда 1,5 миллиондон ашык адам катышты. Француздук жана англиялык аскерлер чабуулга өтүштү. 9-сентябрда Германиянын бүткүл фронт боюнча чегиниши башталды. Алар кысып кирип келаткан душманды Эна дайрасында гана токтото алышты. "Чагылгандай тез" согуш планы кыйроого учурады. Германия согушту эки фронтто жүргүзүүгө аргасыз болду. 1914-жылы аягында Батыш фронтту Түндүк деңизинен тартып швейцариялык чек арага чейин туруктуу болуп калды.

1915-жылы Германия жана анын союздаштары Россияны жеңилүүгө учуратты, согуштан чыгарууга, Россияга каршы негизги күчтү жибериштн. Англия менен Франциянын башкаруучу чөйрөлөрү Россиянын абалын жеңилдетүү үчүн эч нерсе кылышпады.

1915-жылы Германия Англияга кыйраткыч сокку урууга аракеттенип көрдү. Англияга зарыл болгон сырьелордун жана азык-түлүктөрдүн ташылып келишине тоскоол болуу үчүн биринчи жолу бир кыйла жаңы куралды суу асты менен сүзүүчү кайыктарды кеңири колдонду.

Вердендеги кыргында Россияны талкалоо үчүн өз күчүнүн алсыздыгына жана жетишсиздигине көздөрү жеткен Германиянын башкаруучу чөйрөлөрү Франциянын начарлантууга жетишүүнү чечишти. 1916-жылы 21-февралда германиялык аскерлер Вердендин жанындагы фронттун тар участогунда чабуулга өтүштү. Германиялык команда бул жерге аябаган зор күчтү топтоштурган жана Француз армиясына "кыргын салууга" үмүт кылган. Бирок, немистик жөө аскерлер чабуулга өткөндө, алар күтүүсүздөн француздардын жамгырдай огуна кабылышты. Жарым жыл бою салгылашуудан кийин германиялык аскерлер анчалык чоң эмес жерди басып алды.

Генерал каршылаш А.А.Брусиловдун двизиянын армиясын алсыратуу максатында дарыяны жарып өтүп жана Соммадагы уруштардын натыйжасында германиялык аскерлердин Вердендеги кысымы 1916-жылы мартта жана жайында орус аскерлеринин чабуул коюшу менен начарлады. Июнда генерал А.А. Брусиловдун командасы астындагы Түштүк – Батыш фронтунун аскерлери күч-кубаттуу артиллериялык даярдыктан кийин душмандын бекем чыңдалган позициясын жарып өтүштү да, 60-100 км. алга жылышты. Бул мезгилде чыгыш фронтунун абалы олуттуу болуп калды. Чыгыш фронтуна батыштан жеңиштик двизиялардын бир бөлүгүн жана Букавинаны ээлеп алышып, Карпатка киришти. Бирок ок-дарылардын жетишсиздиги алардын андан ары илгерилешине бөгөт болду. Немецтик Австрия-Венгриялык аскерлердин бир бөлүгү Антанта тарабында согушка кирген. Румынияга каршы коюлду.

Батыш фронтунда Германиянын күчүнүн начардыгынан пайдаланышып, француздук жана англиялык аскерлер июлда Сомма дарыясынан чабуул коюшту. Бул жерде англиялыктар менен француздар биринчи жолу согуштук танкаларды колдонушту "Вердендеги кыргын" миллиондогон немистик жана француздук солдаттар менен офицерлерди жутуп салды. Ушул мезгилде Германиянын башкаруучулары жеңишке болгон ишеними бошоңдоп, бирок алар жеңилбөөгө үмүттөнүштү.

1916-жылдын аягынан 1917-жылдын апрелине чейин Германия Австрия-Венгриянын жана Антанта өлкөлөрүнүн ресурстарынын түгөнүп бараткандыгынан жана да, башкысы ички карама-каршылыктар курчуп, революциялык кыймылдын өсүп жатышынан чочулай баштады. Жеңиштен үмүтүн үзүшүп, алар империалистик тынчтыкка карай бурулууга аракет жасап көрүштү. Германия согушту токтотуу жөнүндөгү өз оюн билдирип, Россия менен, андан соң Антантанын башка державалары менен да тынчтык сүйлөшүүлөргө киришүүгө аракеттенди.

Австрия – Венгрия Францияга тынчтыкты сунуш кылды. Ошентсе да алар талап-тоноп алгандарынан ажырагысы келишкен жок. Тынчтык жөнүндөгү келишимдин мүмкүн болчу шарттарын түшүндүрө келип, Вильгельм II бетпактык менен мындай деп билдирди: "Ал шарттар мындай болууга тийиш, биз душмандарыбыздын чөнтөгүнөн акча, сырье материалдарынын баарысын, пахта, май алабыз жана мунун баарын өз чөнтөгүбүзгө салабыз".

1917-жылдын февралындагы Германия тарабынан башталган чектөөсүз жүргүзүлгөн согушка жооп катары АКШ акыркы дипломатиялык мамилесин бузган. Ал эми качан Россияда буржуазиялык-демократиялык революциянын жеңиши болгондо жана өлкөдө империалисттик согуштан революцияга чыгууга бурулуш башталганда, АКШ өз пайдасын көздөп, согушка катышууга шашылган. 1917-жылы 6-апрелде алар Германияга согуш жарыялаган. Германиянын суу үстүндөгү кемелери АКШга катуу сокку бергенине карабастан Американын содаттары, куралдуу күчтөрү тынымсыз согушуу менен Антанта күчтөрүн жогорулаткан. Антанта армиясы америкалык солдаттар келгенге чейин батыш фронтко Аррас-Нуайон жана Суассон-Реймс багыттары аркылуу жүрүш жасаган. Бирок, француз армиясынын башчысы Нивель тарабынан жүргүзүлгөн ийгиликсиз согуш француз солдаттарынын толкундоосуна алып келген. Ошондуктан, чыгыш фронтуна Россиянын жүрүшүн Антанта убактылуу өкмөттөн талап кылган. Бирок, революциялык кыймылдар болуп турган Россия үчүн мындай жүрүш оңойго турган эмес.

Биринчи дүйнөлүк согушта 1915-жылы Үчтүктөр союзу бузулган. Анткени согуштун алгачкы этаптарында анын мүчөсү болгон Италия нейтралитетти сактаганы менен 1915-жылы

Антанта менен союз түзүп, Үчтүктөр союзунан чыккан. Үчтүктөр кулагандан кийин төрттүктөр союзу Австро-Венгрия, Германия, Турция, Болгарлар ортосунда түзүлгөн. Бул талоончул согуштун азаптары жана кесепети жумушчуларга оор таасирин тийгизди.

Биринчи дүйнөлүк согуштун саясий эң негизги жыйынтыгы капиталисттик системасынын жалпы кризисинин андан ары тереңдеши, дүйнө жүзүнүн карама-каршы эки системага - социалисттик жана капиталисттик системага бөлүнүшү болду. Анткени, Россия империялык мамлекеттердин катарынан бөлүнүп, анда Улуу Октябрь социалисттик революциясы жеңип чыкты. Колония жана көз каранды өлкөлөрдөгү улуттук боштондук кыймыл дүйнөлүк колониялизмдин кулай баштоосуна жол ачты.

Биринчи дүйнөлүк согуш адамзатты азап-тозокко, ачарчылыкка жана башка кыйынчылыктарга дуушар кылды, бардык өлкөлөрдүн экономикасын өтө начарлатты. Ал адегенде 732 миллион калкы бар Европада 8 мамлекетте башталса, бүтөр кезинде 1,5 миллиарддан ашык адамы бар 33 мамлекеттин кучагына тартты. Согушкан өлкөлөрдүн согуш чыгымдары жалпы 208 миллиард доллар болду. 10 миллионго жакын калк жугуштуу оорулардан жана ачарчылыктан өлдү. Миңдеген соода кемелери, жардамчы жана кемелери жок кылынды.

Согуштун башталышында 2 коалиция тарабынан 484 дивизия согушка киргизилди, бирок бул жетишсиз болуп калды. Биринчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүндө бардыгы болуп 68 миллион 477 миң адам мобилизацияланды. Миллиондогон адамдар курал-жарактарды чыгарууда жана башка иштерде иштешти. Төрт жыл үч айдан ашык созулган согуш Германиянын жана анын союздаштарынын жеңилиши менен бүттү.

1919-жылы 28-июнда Версалда (Франция) Биринчи дүйнөлүк согуштун бүткөндүгү жөнүндө Германия менен Версаль тынчтык келишиминде (1919-ж.) кол коюлду. Германиядан Европадагы бир топ жерлер алынып, Франция, Бельгия жана Польшага берилди. Германиянын бардык колонияларын жеңип чыккан державалар өз ара бөлүп алышты. Германиянын куралдуу күчтөрү 100 миң адам менен чектелди. Аскерге милдеттүүлүк алынып таштaлды. Согушка катышкан башка мамлекеттер менен да келишимдерге кол коюлду. Жеңилген мамлекеттер, Турция көп жеринен ажырап калды. Австрия-Венгриядан Австрия,

Венгрия, Чехословакия өз алдынча мамлекет болуп бөлүнүп чыкты. Австрия Венгрия жеринин бир бөлүгү кайрадан түзүлгөн, Польша жана Югославия мамлекеттерине кирди.

Февраль революциясынын натыйжасында Россияда падышалык бийлик кулатылып, 1918-жылы 3-мартта Россия Германия менен сепараттык Брест тынчтык келишимине кол койгон. Биринчи дүйнөлүк согуш Антанта өнөктөштүгүнүн жеңиши менен аяктады. Жалпысынан, Антанта жана анын өнөктөштөрү адам жана материалдык байлыктары боюнча Германия менен Австрия-Венгрияга салыштырмалуу бир топ артыкчылык кылган. Согуштун башталышында эле Антанта 11 млн аскерге ээ болсо, Германия менен Австрия-Венгрия 6,1 млн аскерге ээ эле. 1918-жылы 29 сентябрда Болгария, 30 октябрда Осмон империясы, 3-ноябрда Австрия-Венгрия, 11-ноябрда Германия капитуляцияланган. 3-ноябрда Германияда башталган моряктардын көтөрүлүшү революция менен аяктап, кайзер өлкөнү таштап чыгып кетти жана Германия республика болуп жарыяланган.

Биринчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүндө согушуп жаткан тараптар 74 млн. кишини согушка мобилизациялаган, 10 миллионго жакын киши курман, 20 миллионго жакыны жарадар болгон. Согуштук чыгымдар 266 миллиард долларды түзгөн.

Дүйнөлүк согуштун жыйынтыгында Россия, Германия, Австрия-Венгрия жана Осмон империялары кыйрап жок болгон. Биринчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыгын чыгарган жана анда жеңилген өлкөлөр менен тынчтык келишимдердин шарттарын иштеп чыгууга чакырылган Париж тынчтык конференциясынын жүрүшүндө Антанта өлкөлөрү менен Германия (Версаль), Австрия (Сен-Жермен), Венгрия (Трианон), Болгария (Нейи), Туркия (Севр) мамлекеттеринин ортосундагы тынчтык келишимдерге кол коюлган.

Адабияттар.

1. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1976 Просвещение с.560

2. Новая история 1871-1917. Под редакцией доктор исторических наук Н.Е.Овчаренко М.,1986 Просвещение с.544

3. Новая история. Второй период. Под редакцией Е.Е.Юровской, М.А. Полтавского М., 1984. Высшая школа

4. Новая история. 1870-1918. Под редакцией И.С. Галкин, Н.Е. Застенкер, В.М. Хвостов. М., 1973. Высшая школа.

5. История Европы и Америки 1870-1917. К.Л.Ефимович М., 1987. Высшая школа

6. Новая история. 1871-1917. И.М. Кривогуз . М., 1987. Высшая школа

7. Новая история. II часть В. М. Хвостова М., 1974. Высшая школа

ЛЕКЦИЯ XIV.

XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДАГЫ ИЛИМ ЖАНА ТЕХНИКАНЫН ӨНҮГҮШҮ

Негизги түшүнүктөр: Гуманитардык илимдин өнүгүшүндө индустриалдык коомдун тийгизген жагымдуу таасири. Техникалык жана табигый илимдердин өнүгүшү. Коомдук илимдердеги сапаттуу изилдөөлөрдүн башталышы. Илимди изилдөөдөгү усулдардын мааниси. Глобалдык маселелерди чечүүдөгү илимдин орду. Тарыхнааме жана дин таануу илимдеринин өнүгүшү. Тарыхый изилдөөлөрдүн усулу. Э.Тейлор анимизм концепциясынын негиздөөчүсү. Позитивисттик методологиянын талкаланышы. Укук таануу жана укуктук системалар принциптердин өнүгүшү. Философия жана анын принциптери. В.С.Соловьев - адамдын кудай таануу концепциясынын түзүүчүсү. Э. Дюркгейм диний чөйрөдөгү ар түрдүү агымдардын окуусунун негиздөөчүсү. Эки бир туугандар А.Вебер жана В.Веберлердин коомдук илимдерге кошкон салымы. Социология жана анын негизги максаттары. Психология жана анын коом тааануудагы ролу. З.Фрейд психоаналитикадагы сексуалдык концепциянын негиздөөчүсү. Илимий тармактагы глобалдык процесстердин башталышы. К.Э. Циолковский - космосттук изилдөө долбоорунун негиздөөчүсү. Д. Менделеевдин химиялык таблицасы. Альберт Эйнштейндин жаңы теориясы. Г.Мендель – муундан-муунга өтүүчү принциптин негиздөөчүсү. Табигый илимдердин өнүгүшү. Н.Бор - кванттык механиканын теориясын негиздөөчүсү. Буу кыймылдаткычын ойлоп табуу, автомобиль өндүрүшүнүн баштапкы башаты. Илимий техникалык революция (ИТР) жана фабрикалык өндүрүштүн башталышы. Электроэнергиянын жана электрониканын өнүгүшү. А.С.Поповдун радиону ойлоп табуусу. Геология жана микробиология тармактарынын өнүгүшү.

Лекция: XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында өндүргүч күчтөрүнүн ылдам өсүшү менен калктын жаңы катмарларын маданиятка жеткирүүгө жардам көрсөттү. Мунун өзү ар бир улуттун маданиятынын өнүгүшүнүн тездешине бир кыйла

түрткү берди, ал эми колониялар менен жарым колониялардын элдеринин маданияты болсо колонизаторлор тарабынан басылып а түгүл жоюлуп жок болуп жатты.

Сооданын кеңейиши жана байланыш каражаттарынын өнүгүшү менен бирге улуттар ортосундагы маданияттын жетишкендиктерин алмашуу кеңири жайылды жана уламдан-улам интенсивдүү боло берди, маданияттын интернационал-дашуусу тездеди. Бирок бул эзүүчү жана эзилүүчү улуттардын маданиятынын өнүгүшүндөгү ажырымдын тереңдешине жолтоо кылган жок.

Буржуазиялык коомдун маданий турмушу аябагандай карама-каршылыктуу болуп турду. Буржуазия илимий көркөм баалуулуктарды түздөн-түз түзүп жаткандарга кысым көрсөтүүсүн күчөткөн. Ал университеттерди каржылайт, - демек, профессорлор студенттерге буржуазиялык көз караштардын системасын үйрөтүүгө тийиш. Басылмалар буржуазияга тиешелүү, демек жазуучулар менен публицистер буйрут берүүчүлөрдүн көз каштары менен эсептешүүгө милдеттүү. Капиталист үйлөрдү сатып алат, демек архитектор алардын табитине баш ийүүгө мажбур болот.

Бирок бардык жерде, В.И.Ленин жазгандай: "анчалык өнүкпөгөн болсо да демократиялык жана социалисттик маданияттын элементтери болот, анткени ар бир улутта эмгекчиси жана эксплуатациялаган масса болот, бул массанын турмуш шарттары демократиялык жана социалисттик идеалогияны шексиз пайда кылат" Алардын өнүгүшү дүйнөлүк маданияттын үстөмдүк кылуучулугуна жеткен.

Жумушчу кыймылынын ийгиликтери маданият чөйрөсүндөгү процесстерге жумушчу табынын таасирин жогорулаткан. Бул мезгилде жумушчу табы жеңип алынган демократиялык укуктарды пайдалануу менен буржуазиялык мамлекетке жана үстөмдүк кылган таптарга көз каранды болбогон өзүнүн маданият мекемелерин түзгөн. Бир катар өлкөлөргө социал-демократиялык басылмалар пайда болгон, алар маркеттик адабияттарды, прогрессивдүү жазуучулардын, өзгөчө жумушчу акындардын чыгармаларын басып чыгарышкан. Марксизмди үйрөнүү боюнча ар түрдүү курстар, жекшемби күнкү же кечки социалисттик мектептер кеңири жайылтылган. Жумушчу партияларынын жана профсоюздардын өздөрүнүн адабият жана

искусство маселелери боюнча лекциялар менен дискуссиялар өткөрүлүчү клубтары бар болуучу, ал клубтар ошондой эле өздүк көркөм чыгармачылыгын борборуна айланган. Жумушчу хорлору, поэзия ийримдери, музыка, сүрөт тартуу пайда болгон.

Өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү эл агартуунун реформалоо зарылдыгын шарттады. Техникалык прогресстин шарттарында чиймелерди талдап билген, инструкцияларды окуп түшүнгөн, белгилүү бир эсепти чыгара алган жумушчулар зарыл болгондуктан, буржуазия жумушчулар массасынын белгилүү бир минимум билимди алышына таламдаш болгон. Бирок буржуазиялык өкмөттү реформага аргасыз калган башкы күч жумушчу табы болуп саналган. Батыш Европалык өлкөлөрдө 12-13 жаш куракка чейинки балдарды жалпыга милдетүү жана акысыз окутуу киргизилген, бул эмгекчилердин социалдык маанилүү жеңиши болгон.

Бирок жумушчулардын негизги массасынын жакырдыгы, эң жаман турак жай шарттары, бала чагынан тартып эле жашоо үчүн иштеп табуунун зарылдыгы көп балдарды экинчи же үчүнчү класстан кийин мектепти таштап коюга аргасыз кылган. Окутуунун программасы В.И. Лениндин сөзү менен айтканда "кожоюндарга" жана "начальниктерге" кыңк этпестен моюн сунган, "зээндүү жумушчуларды" даярдоого ылайыкталган. Бардык өлкөлөрдө дээрлик "кудайдын мыйзамын" окутуу милдетүү түрдө болгон. Мына ошентип, капитализм маданияттын бийлигине барууга калктын басымдуу көпчүлүгүнө, кала берсе өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдө да чек койгон. Башка мамлекеттерде башталгыч мектептин көлөмүндө да билим алуу помещиктерден, буржуазиялардын, чиновниктердин балдарына гана уруксат кылынган.

Ошентсе да капиталистик өлкөлөрдө узакка болсо да мектепте окушкан эмгекчилердин саны көбөйгөн. Алар сабаттуу болушкан жана газеталар менен китептерди окууга, өздөрүнүн билимин өз алдынча окуп толуктоого мүмкүнчүлүк алышкан. Көркөм жана илимий популярдуу адабияттарды окуй тургандардын аз болсо да театрларга, көркөм чыгармачылык көргөзмөлөрүнө, концерттерге, лекцияларга баруучулардын курамы кеңейди. Эң эле жөндөмдүү жумушчулардан азырынча аз сандуу "жумушчу интелегенциясын" катмары калыптанды. Анын көп өкүлдөрү маданий байлыктарды керектөөчүлөр гана

болбостон аны түзүүчүлөрдөн да болушкан, алар макалаларды жана ырларды жаза башташкан теориялык дискуссияларга жана өздүк көркөм спектакльдарга катышкан. Мунун өзү демократиялык жана социалисттик маданияттын элементтеринин күч алышына жардам берген.

Капитализмдин карама-каршылыктары канчалык тереңдеп, курчуган сайын, буржуазиянын келечегинен коркуу ошончолук көбүрөөк аймакты кучагына ала берди. Капиталисттик системанын кулай тургандыгы жакындап калганын алдын-ала сезип, буржуазия андан "акыр заманды", цивилизациянын кыйрашын көрүп тургандай болот. XVII-XVIII кылымдарда буржуазияга таандык болгон оптимизм күнү бүтүп бараткан таптын ишенимсиздикке, караңгылыкка түнөгөн сезимине ордун берди. Оптимизмдин "акылга сыйынуусун" жана тарыхтын жүрүшүндөгү мыйзам ченемдүүлүгүнө ишенимдин ордун пессимизм жана рацианалдуулукка жүгүнүү, коомдук өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн таануу ээледи, мунун өзү буржуазиялык моралдык кризисинен көрүлдү. Байлыктан жана жогорку артыкчылыктардан ажырап калуу коркунучу буржуазияны өзүн кандайдыр бир моралдык принциптер менен байланыштырбай, "бүгүнкү күндү пайдаланып калууга", "көз ачып жумганчакты " кармап калууга түрткү болду.

И.Г. Гердердин тарыхый-салыштырмалуулук ыкмасынын негизинде тарыхый баяндамалардын тематикалары бир топ башка нукка өзгөргөн. Адамзаттын бирдиктүү идеяларынан, улуттук келип чыгууну өнүктүрүүнүн идеяларына ыкташып, бүткүл дүйнөлүк тарыхка болгон кызыгуу жоголо баштаган. Романтизмдин тарыхый маданияты (историческая культура романтизма) пайда болгон.

К. Маркс, Ф.Энгельс, В.И. Ленин коомдун өнүгүү тарыхын жана теориялык иштеп чыккандыгы аркасында марксизм XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында буржуазиялык философияга, тарыхка, коомдук илимдерге жана социологияга ийгиликтүү каршы тура алды.

Буржуазиялык философтор дүйнөнү илимий жана сезим менен таанып билүүнүн артыкчылыгы жөнүндө бүтпөгөн жемишсиз талаштарды жүргүзө беришти. Жаңы социалдык-экономикалык процесстерди изилдөө күч алды. Ошентсе да изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү монополиялар менен банктар

прогрести алып жүрүүчүлөр, ал эми колонизаторлор болсо цивилизацияны таратуучулар деп жарыялап, изилдөөлөрдүн маңызын жана маанисин бурмалашты. Ошону менен бирге жумушчу табынын ролун төмөндөтүштү.

XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдагы философия антропоцентризмге ооду десек болот. Себеби, адам меселеси курч коюлуп, адам баласынын табият – тагдыры философиялык татаал проблема катары көңүлдүн борборун ээлей баштаган. Бытие маселеси ири алдыда адамдын бытиеси (болмушу) турпатында талдоого алынат. Илим, техника, цивилизация адам баласынын жашоо турмушунун түпкү маселесине байланыштуу иликтенет. Структурализмдин М. Фуко сымал өкүлдөрү «Адам жоголду. Адам идеясынын күнү бүттү» деп жар салганы менен иш жүзүндө бул багыт адам маселеси философия үчүн айланып өткүс, буйтап кеткис предмет экенин айгинеледи. Экинчиден, философиялык антропологияга адам туурасында айтылган – жазылгандын баары кире бербейт. Ал философиялык ой – пикирдин, рефлексиянын белгилүү бир деңгээли, түрү, атайлап негизделген, тарам-тарам болуп иштелип чыккан системасы. Ушул маанисинде анын башатын Д. Виконун, Х. Вольфтун окууларына такашат. Ошондон тартып адам жөнүндөгү философиялык окуу өз нугун таап, өзүнчө стиль күтүп өнүгө баштайт. Антропология адам жөнүндөгү илим катарында көп тармактан куралат, анын медицина, табият таануунун тиешелүү тармактары бар.

Диний жаатта В.С.Соловьев адамдын кудай таануу концепциясынын түзүүчүсү болгон. Влади́мир Серге́евич Соловьёв (1853-1900) орус диний ойчулу, акын публицист, адабий сынчы, императордук илимдер академиясынын ардактуу академиги. XX кылымдын башталышындагы орус "рухий кайра жаралуусунунда" булак болуп турган. Диний философияга чоң таасирин тийгизип, Николай Бердяевадин, Сергей Булгаковадун, Сергей жана Евгения Трубецкийлердин, Павел Флоренскийдин, Семңн Франктын, ошондой эле акын-символист Андрей Белогонун, Александр Блок жана башкалардын чыгармачылыгына өз салымын кошкон.

Владимир Соловьёв өзүнүнү илимий салымдары, бардык окумуштуулардын көз караштарына жана чыгармачыл интелегнциянын өкүлдөрүнө тийгизген таасири менен XIX

кылымдагы орус илиминдеги борбордук фигуралардын бири катары эсептелген.

Соловьёв, Владимир Сергеевич (1853—1900) — бардыгын кучагына алган философиялык системаны түзгөн, диний маанайдагы биринчи ири орус философу. Ал 29 томдон турган Россия Тарыхын жазган белгилүү тарыхчы Сергей Михайлович Соловьёвдун уулу болгон. Москва университетинин физико-математика факультетинде окуган. 1874-жылы «Батыш философиясынын кризиси (позитивисттерге каршы)» деп аталган магистрлик диссертациясын коргойт. Москва университетин бүткөндөн кийин бир жылга жакын убакыт Соловьёв Москвалык Диний Академияда окуйт.

Индиялык гностикалык жана орто кылым философиясы жагында, ошондой эле София проблемасын илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн Соловьёв Лондонго жөнөйт да, ал жерде Британ музейинде иштейт. Лондондон Египетке барат, бул анын көзүнө көрүнгөн мистикалык жышана менен байланыштырылат.Ушундай мистикалык жышананы ал бала чагында башынан өткөрүп, ал окуя анын андан кийинки бүткүл өмүрүнө таасирин тийгизген. Бул окуя анын он жаш курагында чиркөөдө сыйынып жаткан учурда көзүнө көрүнөт, бул анын эң биринчи жоопсуз калган сүйүүсүнө байланыштуу болгон. Экинчи жолу ага Лондондо жүргөндө аян берилет, бул аян ага Египетке барууга белги берет.

Соловьёвдун Египетке эмне себептен барганы эч кимге ачык белгилүү эмес, муну анын өзүнүн жеке максаттары менен гана түшүндүрүүгө болот. Каирге келип, бир нече күндөн кийин эле Каирден 200 километр аралыкта турган Фиваидага жөнөйт. Фиваида- египеттик жана христиан маданияттарынын эстеликтери сакталып калган байыркы жай. Фиваиданын мистикалык жашыруун сырлары ошол кезде каббалистика мотивдерине кызыгып жүргөн Соловьёвду өзүнө тартышы толук ыктымал. Соловьёв, ошондой эле, Кудай адамзат жөнүндөгү окууну да иштеп чыгат, бул анын диний системасында маанилүү орунду ээлейт. Бул окуу адамзат тарыхын жана коомдук турмушту талдап-түшүндүрүүгө багытталган. Соловьёв үчүн Кудай адам дегенибиз - бул бир эле убакта индивидум да, Кудай аркылуу бүткүл адамзатты кучагына камтыган универсалдуу жан да.

Христиан дининин милдети, Соловьёвдун ою боюнча, бүткүл дүйнөнү бир жандуу денеге, Кудай адамзаттын төп келишкен

организмине бириктирүү болуп саналат, ал эми ар бир эл өз алдынча бул милдетке кызмат кылат. Христиан саясатын ишке ашыруу менен ар бир эл экономикалык кулчулукту жана адамды адам эксплуатациялоону жок кылууга жетишүүгө, эмгектин жана бөлүштүрүүнүн адилеттүү уюштурулушуна жетишүүгө тийиш. Батыш менен Чыгыштын рухий маданияттарынын жакшы сапаттарын бириктирип, айкалыштыруу гана, Соловьёвдун пикири боюнча, христиан маданиятынын жана эркин теократиянын түзүлүшүнө алып келет. Адамзат коомунун өнүгүшүн үч түпкү күч башкарат: биринчиси - борборго умтулуучу күч, бул бүткүл адамзатты башкы башталышка алып келип баш ийдирүү, экинчиси - борбордон качуучу күч - бул жалпы түп негизди тануу. Үчүнчү күч өзүндө биринчи эки күчтү жаңы мазмун менен байытуу жана аларды биримдикке баш коштуруу мүмкүнчүлүгүн камтып, муну менен ал «жалпы адамзат организминин бир бүтүндүгүн» түзөт, ошондой эле ага ички бейкут турмушту камсыз кылат»

Дюркгейм Эмиль (1856–1917) – француз социологу жана философу, Францияда «Социологиялык жылнаама» (1896–1913) журналын басып чыгаруучу. Э. Дюркгеймдин ою боюнча, социологиянын предмети болуп, буга чейин эч бир илим изилдеп көрбөгөн өзгөчө реалдуулук эсептелет. Анын негизин түзгөн «социалдык фактылардын» мүнөздүү белгилери – индивидке көз карандысыз болгон жана ага таасир бере алган обьективдүүлүк. Ушундай ырааттуулукта жөнгө салынган адамдардын коомдогу жүрүм – туруму жекече себептер жана факторлор менен эмес, ар бир адамга тигил же бул иштерди жасоого шарт түзгөн социалдык факторлордун жыйындысы менен аныкталат. Э. Дюркгеймдин социалдык фактыларды коомдун «материалдык субстратын» (калктын жыштуулугу, адамдардын өз ара пикир алышууларынын интенсивдүүлүгү; жол катнаштарынын болушу ж. б.) түзгөн морфологиялык жана рухий, материалдык эмес (жыйындысы коллективдүү же жалпы аң – сезимди түзгөн «коллективдүү көз караштар») фактылар деп бөлүштүргөн. Э. Дюркгейм биринчи ирэтте коллективдүү аң-сезимдин, анын ар кыл формаларынын (диндин, моралдын, укуктун) маанисин изилдеген. Э. Дюркгеймдин концепциясы социологиядагы индивидуалистик номинализм жана социалдык атомизм мүнөздүү болгон психологизмге каршы багытталып, ал коомдук тилектештик идеясын негиздөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Э. Дюркгеймдин бүткүл чыгармачылыгы

мына ушул идеяга арналган. Негизги чыгармалары: «Коомдук эмгектин бөлүнүшү жөнүндө» (1893), «Социологиянын методу» (1895), «Өзүн өзү өлтүрүү» (1897), «Диний турмуштун эң жөнөкөй формалары» (1912).

Вебер Альфред (1868–1958) – немец социологу, экономисти, тарыхчы. А. Вебердин пикири боюнча социалдык (социалдык институттар менен структураларга), цивилизациялыкка (техника менен табият таануунун өсүп- өнүгүшү) жана маданий (чыгармачылык-искусство, дин жана философияга) процесстерге бөлүүгө болот. А. Вебердин «Тарых менен маданияттын социологиясы» аттуу чыгармасы жана чыгармачылык багыты, эң оболу агасы Макс Вебердин таасири астында жазылып жана калыптанган.

Вебер Макс (1864–1920) – Альфред Вебердин агасы, көз карашы неокантчылыктын астында калыптанган немец социологу, философу жана тарыхчысы. М. Вебердин ою боюнча, антикалык доор, феодализм менен капитализм – обьективдүү түрдө жашаган мамилелер эле эмес, аларды идеалдуу түргө келтирүүнүн ыкмасы, андыктан анын чыгармачылыгынын борбордук проблемасы болуп коомдун жана социалдык топтор менен диний аң- сезимдин идеологиялык байланыштарына анализ жасоо. Негизги эмгеги – «Протестанттык этика жана капитализмдин маңызы».

XX кылымда социологиялык, педагогикалык, юридикалык, структурачыл, культурологиялык антропология өндүү теориялык багыттар пайда болду. Ал эми философиялык багыт катары түптөлүп – өнүгүшүнө И. Кант зор салым кошкон. Өзүнүн окуу ал адамдарга, интеллектуалдарга кеңири маалым үч суроосунун («Эмнени таанып биле алам?», «Эмне кылышым керек?», «Эмнеден үмүт кылсам болот?») башын бириктирип, мунун баары түпкүлүгүндө бир эле «Адам деген ким?» деген суроону түзөт деп ырастаган. Чын – чынына келгенде философиянын маңызын этика, адамдын адеп-абийири туурасындагы илим аныктайт деп эсептеген.

Ал өзүнүн «Антропологияга прагматикалык көз караш» деген эмгегинде (1798-ж.) адам маселесине атайлап кайрылганы менен башка изилдөөлөрүндө да бул проблеманы төргө өткөргөн, өзгөчө орун берген. Үчүнчүдөн, өзгөчө мааниде философиялык антропология XX кылымдын туундусу саналат. Себеби, М. Шелер, А. Гелен, Х. Плесснер жана аларды ээрчиген башка философтордун

эмгектеринде адам маселесин иликтеген бөтөнчө багыт калыптанды. Эгер мурун адам туурасындагы билимдерди жыйнап, жалпылап, бир тармакка туташтырууга, системалаштырууга аракет жасалса, эми ушул милдет уланып, бирок аны менен катар антропологияны изилдөөнүн принциби (жол-жобосу) иретинде түшүнүү орноп, бул багыт теориялык ойломдун өзүнчө жолу, методу, стили экени да көрүндү.

Фрейд Зигмунд (1856–1939) – Австриялык невтропатолог, психиатр, психолог; психоанализдин негиз салуучусу. Вена университетинин профессору (1902). Австрияны фашисттик Германия басып алганда (1938) Улуу Британияга эмиграцияга кеткен. З. Фрейддин алгачкы эмгектери баш мээсинин физиалогиясына жана анатомиясына багышталган. 1880-жылдардын акырында Франциялык мектептик (Шарко, Бекинайм) таасиринин астында невроз проблемасы менен иштеген, 1890-жылдардын ортосунан психоанализди психотерапия жолу менен неврoздорду дарылоо методун иштеп чыккан. Ал метод эркин ассоциация техникасына негизделген жаңылыштык аракеттерди анализдөө жана түш көрүү акыл-эссиз өтүп кетүүчү жол катары экендигин иштеп чыккан. З. Фрейд биринчилерден болуп секуалдуулуктун өнгүшүнүн психологиялык аспектилерин изилдеген, аларды бир катар статияга бөлүштүргөн. З. Фрейд көз карашынын идеялык эволюциясын жыйынтыктаганда ал "физиологиялык материализмден" психикалык автономдуулукту бекемдөөгө өткөн жана жашоонун философиясынын натуралисттик жашоонун философиялык түзүүлөрдү жараткан.

Адам жалпы эле гуманитардык илимдердин изилдөө обьектиси болуп эсептелет. Педагогика аны билим – таалим берүү жагынан карайт. Тарых илими адамзаттын, коомдун өзгөрүп – өнүгүшүн убакыт алкагында сыпаттайт. Экономиканы адамдын мүдөө – талабы, эмгеги, өндүргүч күчү кызыктырат. Психология, лингвистика, эстетика ж. б. илимдер өз жобо, мыйзам категорияларына ылайык адам проблемасынын өзгөчө жаатына көңүл тигет. Бирок түпкүлүгү «адам теориясын» түзүш философиянын энчиленген милдети эсептелет.

Динге ишенгендер адамды Кудай жараткан деп түшүндүрсө, илимпоздор жер шаарынын шартында табигый абалда пайда болгонун ырастайт. Ал эми XX кылымда адам баласынын түп теги башка планетадан келген деген көз караш да таркай баштады.

Булар айтылып – делип кала берчү жөнөкөй ой-түшүнүктөр эмес. Кеп адамдын маңызы, табияты туурасындагы маселеге такалат. Дарвиндин эволюциячыл теориясы адам маймылдан чыккан деп далилдейт. Аны жактагандар – Геккель, Гексли, Фохт 1863-жылы «Жетишпеген бөлүк» (недостающее звено) деген ат менен кеңири тараган проблеманы коюшат.

Дарвин, анын артынан Ф.Энгельс ж. б. адамды эмгек жараткан деп эсептешет. Мээнет кылып жан багып, эмгек куралдарын жасап отуруп, «жетишпеген бөлүкчө» тик туруп, колдору ийкемдүү болуп, мээси күчөп, адамга айланганы ырасталат.

Жаңы мезгилдин философиясында табияттын прагматикалык элеси, образы түзүлөт. Эми табият илимий изилдөөнүн, практикалык иш-аракеттин предмети. Анын сырларын ачып, күчтөрүн ооздуктап, байлыгын пайдаланыш керек деген көз караш өкүм сүрөт. Табиятка ушундай пайдалуу мамиле жасаш уланып, күчөп отуруп, XX кылымдын чегине жетип, адамзат анын каарына калып, экологиялык аламатка (катастрофа) дуушар боломбу деп бушайман боло баштады. Табият менен «ынтымак» болуш, аны менен эсептешип, анын мыйзамдарын эске алып пайдаланыш зарылдыгын адам баласы түшүнүүгө өттү.

XIX кылымдын башында коом жөнүндөгү атайын илим катарында социология философиядан бөлүнүп чыгып, өз алдынча өнүгө баштаган. Аны түптөгөндөрдүн бири О. Конт (1798–1857) коом турмушундагы кубулуштардын обьективдүү негиздерин аныктоо милдетин коюп, философиядагы позитивизм багытына жол ачкан. XX кылымда социология дүркүрөп өнүгүп, коомдун ар тарабын өз кучагына тартып, өндүрүш жаатындабы, саясат, башкаруу жаатындабы ж. б. жүрүп жаткан процесстердин жалпы сүрөтүн даана көргөзүүчү илим катарында кадыр-баркы өстү. Адатта ал экиге – теориялык социология жана колдонмо (прикладная) социология болуп жиктелет. Биринчиси философияга жакын, өтмө катар байланышта. Коомдун теориясы жөнүндө кеп кылганда Карл Маркстын окуусун буйтап өтүш мүмкүн эмес. Марксизм социализмдин теориясы жана коммунизмдин идеологиясы кейпинде көздөгөн максатына жетпей, орто жолдо кыйраганы менен коомдук өнүгүштүн философиялык концепциясы иретинде гуманитардык илим-билимге зор салым кошту. Тарыхты материалисттик негизде түшүнүү (К. Маркстын окуусу) – күчтүү, жемиштүү, социалдык теориялардын бири. Анын илимге кошкон

салымы – коомдук кубулуштардын айрым обьективдүү шарттарын, механизмдерин ачканында.

Тайлор Эдуард Барнет (1832–1917) – антрополог англиялык алгачкы эволюционизмдин лидери. Э. Б. Тайлорду көбүнчө биринчи профессионал антрополог деп эсептешет. Ал атайын адистик билим алган эмес, өз алдынча эле байыркы тилдерди, тарыхый жана этнографиялык адабияттарды окуп изилдеген. 1861–1881-жылдарда бир катар эмгектерин басып чыгарган, анын ичинен 1871-жылы чыгарган «адепки маданият» аталган монографиясы аны дүйнөгө таанытат. Э. Б. Тайлордун эволюционизм теориясынын негизин түзгөн базалык идеяларды айткан. Ал боюнча адам маданиятынын тарыхы жаратылыш эволюциясынын ажырагыс бөлүгүн түзөт. Ошондуктан, адамзатты аныктоочу өнүгүүлөр, өзгөчө биологиялык өнүгүү, жаратылыш мыйзамдары менен көп окшош. Бардык маданий кубулуштар, анын ичинде материалдык обөекттер, салттар, дин ишенимдери жаныбарлар, өсүмдүктөр сыяктуу эле түрлөр, феномендер. Маданият жөнөкөй түрдөн татаал түр болуп өнүгөт. Бардык коомдор да өздөрүнүн тарыхында иреттүү үч стадияны - жапайылыкты, варвардыкты, цивилизацияны басып өтөт. Э. Б. Тайлор адамзат бирдиктүү биологиялык түрдү элестетет дейт, маданияттын түрдүү баалуулуктарын да ар түрдүү элдер эволюциялык процесс боюнча өздөрү менен кошо түзгөн болуш керек. Маданияттын элементтери элдерин өз ара байланыштары жана өздөштүрүшүүлөрү аркылуу таркалган. Э. Б. Тайлордун илимий мурасында диндин келип чыгуусу жана өнүгүүсү өзгөчө орун ээлейт. Ал боюнча дин адамдардын ой сезиминин эволюциясы менен кошо келип чыккан жана өнүккөн.

XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында коом таануунун методологиясына байланышкан маселелер курч коюлат. Табият илимдеринен айырмаланып, гуманитардык илимдер өз жол-жоболорун, коомдук кубулуштарды иликтеп-түшүнүүнүн өзгөчө ык-эптерин, каражаттарын табышы зарыл деген талап кеңири таркайт. В. Дильтей (1833–1911) баштаган философтор: табият таануу менен коом таануу түп тамырынан айрымаланат; табият кубулуштарын биз түшүндүрөбүз (обьяснение), ал эми коом окуяларын биз түшүнөбүз (понимание); бул таптакыр эки башка методология деп ырасташат. Азыркыга чейин коом жөнүндөгү теориялар катмарында талаш-тартыштар, кайчы көз караштар көп.

Философиянын ичинде ар кыл концепция, модель, парадигмалар кездешет. Демейде, коомдун философиясына карата «социалдык философия», «социалдык метафизика» өндүү түшүнүктөр колдонулат. Бул багытты «социофилософия» деп айтсак да жарашат.

Адам коомунун тарыхый өзгөрүп-өнүгүшүн башка жолжоболордун негизинде иликтегендер да аз эмес. Айталы, британиялык тарыхчы, ойчул А.Тойнби (1889–1975) коом тарыхын өз-өзүнчө өнүгүп-өсчү социалдык организм, бирдик, «цивилизациялардын» (кытай, индия, европа ж. б.) тарыхы катары баалайт да, ар бир «цивилизациянын» өз тагдыры, өз жолу бар, «жаралат», «өсөт», «кемийт», «алын жоготуп, кыйрайт» деп эсептейт.

Бебель Август (1840–1913) – немец социал-демократтык партиясынын, Интернационалды негиздегендердин жана жетекчилеринин бири. Тарыхый материализмди жактоо менен Бебель аялзат проблемасына өзгөчө көңүл бурган. Өзүнүн «Аял жана социализм» (1879) чыгармасында аялдын социалдык орду коомдогу болуп жаткан мамилелерден көз каранды катары караган. Бебель буржуазиялык идеологияга каршы күрөшкөн, идеализмди жана динди сындаган, улутчулдук ойлорго каршы чыккан жана улуттар биримдигин колдогон.

Буржуазияга ар дайым таандык болуп келген индивидуализм, эгоизмге, башканын кайгысына көңүл коштукка өсүп жеткен. Буржуазиянын психологиясындагы, моралындагы кадыр эсе аң сезиминдеги өзгөрүүлөр буржуазиялык маданияттын кризисинин бир көрүнүшү болгон жана ал өзгөрүүлөр буржуазиялык идеология да, искусствого процесстердин негизинде жаткан.

Бул мезгилди алып карасак химия деле ийгиликтүү өнүккөн, табигый илимдердин башка тармактарына салыштырганда көзгө көрүнүктүү болгон. Константи́н Эдуа́рдович Циолко́вский (1857-1935) советтик өзү үйрөнгөн-окумуштуу жана ойлоп табуучу, мектеп мугалими болгон. Теориялык жактан космоновтиканы негиздөөчүлөрдүн бири. Космоско учуу үчүн ракеталарды пайдалануу ойлоп таап, "ракеталык поезддерди" пайдалануу зарыл деген тыянакка келген. Анын негизги эмгектеринин бары аэронавтикага, ракетадинамикага жана космонавтикага арналган.

Англиялык физик Эрнист Резерфорд бирдик атомдордун салмактуу ядросу бир экендигин далилдеген. Ал ядронун ("күн")

айланасында электрондор ("планеталар ") айланып жүрө турганын көрсөтүүчү атомдун планетардык моделин түзгөн. Даниялык физик Нильс Бор түзөтүү киргизген: анын модели боюнча электрондор бир орбитадан экинчи арбитага секирик түрүндө түртүлүү жолу менен барат ошол учурунда энергиянын бир үлүшүнүн (квант) чыгарат деп айткан. Бул болсо закондору микро дүйнөгө туура келбей калган классикалык Исаак Ньютондук физика менен толук ажырашуу эле.

Ушуну менен бирге мейкиндик менен убакыттын өз ара катышы жөнүндөгү илимий түшүнүк өзгөрдү. 1905-жылы немец окумуштуусу Альберт Эйнштейн салыштырмалуулук теориясынын негизги идеяларын жарыялады. Телонун өлчөмү менен убакыттын узактыгы салыштырмалуу, мейкиндик менен убакыттын касиеттери материалдык обьектилердин кыймылына көз каранды, деп далилдеген. Жарыктын ылдамдыгына жакындаган ылдамдыкта убакыттын өтүшү акырындайт, ал эми телонун көлөмү азаят деп далилдеген.

Альберт Эйнштейн - залкар немец физиги, салыштырмалуулук теориясынын жана ошондой эле мейкиндик, мезгил, кыймыл, жарык, зат жана тартылуу жөнүндөгү түшүнүктөргө жаңы мазмун берип физикалык теорияларды ачкан XX кылымдын улуу окумуштуусу. Альберт Эйнштейн 1879-жылы 14-мартта Германияда Дунайдын сол жээгиндеги Улм жергесинде туулган. 9 жашка чыкканда ата-энеси аны Мюнхендеги католиктик даярдоо мектебинен, кийин гимназиядан окутушкан. Кийин Араудагы кантоналдык мектепти бүтүрүп келип, политехникалык институттун математика жана физика мугалимдерин даярдоочу педагогикалык бөлүмүнө экзаменсиз кабыл алынат. Студент болгондон кийин илимге болгон кызыгуусу артып, бир нече курстарга жазылып катыша баштайт. Улуу философтордун, физиктердин илимий эмгектери менен кеңири таанышат, окуудан бүт убактысын химиялык кабинеттин лабораториясында өткөрөт. 1900-жылы ал институтту эң жакшы деген баалар менен бүтөт. Бирок, туруктуу иш таба албай көпкө кыйналат. Германиядагы фашисттик террордун айынан А. Эйнштейн өз өлкесүнен кетүүгө мажбур болуп, АКШдагы Пристонду мекендеп, 1955-жылы дүйнөдөн кайткан.

Ошол убакта Берлинден чыгуучу «Физиканын анналдары» деген журналга анын теориялык физика боюнча макалалары

жарыялана баштайт. 1902-жылдан баштап Берлиндеги патенттик бюродо референт болуп иштеп жүрүп, Европадагы физика жана математика боюнча жаңы эмгектер, ачылыштар менен "таанышат, бул ага жакшы таасир берет. 1905-жылы жазган «Броун кыймылдары» деген эмгегинде молекулалардын жана алардын кыймылдарынын реалдуулугунун аныктыгын далилдеген.Ошол эле жылы фотондор теориясын жана салыштырмалуулуктун атайын теориясын иштеп чыгат жана аны 1916-жылы формулага салган.1933-40-жылдары окумуштуу талаанын гравитациялык жана башка физикалык талаалардын жаратылышын түшүндүрүүчү бирдиктүү теорияны иштеп чыгууга аракеттенген. Анын эмгектери азыркы физика менен техниканын ажырагыс бөлүгүн түзөт. Атомдук энергияны согуштук максатка пайдалануга чечкиндүү каршы чыккан. Окумуштуу дүйнөнүн көптөгөн академиясынын жана илимий коомдорунун мүчөсү, Нобель сыйлыгынын лауреаты (1921), СССР Илимдер Академиясынын ардактуу мүчөсү (1927) болгон.

1869-жылы Д.И. Менделеев элементтердин доордук системасын иштеп чыккан, мында башка мамлекеттердин окмуштууларынын эмгегтери эсепке алынган. 1875-жылы француз Лекок Де Буабодран галлийди ачкан, 1879-жылы швециялык Ларс Фредерик Нильсон скандийди ачкан, 1886-жылы немец Клеменс Винклер германийди ачкан. Д.И Менделеев бул элементтерди доордук системаны астынкы бөлүгүнө жайгаштырган. Д. И. Менделеевдин көп эмгектери холера, ич келте, туберклез жана башка жугуштуу оорулардын эпидемиялогиясына арналган. Ал организм баш аламан жашоо жана туура эмес тамактануудан өзүнөн өзү ууланып, адам эрте карыйт деп эсептеген.

Биология илиминин өнүгүшүнө эволюциялык окуулар жардам берген. 1868-жылы Ч. Дарвин "Бакма жаныбарлардын жана эгилме өсүмдүктөрдүн өзгөрүшү", 1872-жылы "Кишиде жана жаныбарларда эмоцияны туюнтулушу" деген эмгектерди илимий жактан далилдүү жазып чыккан. Ч. Дарвин "адамдын келип чыгышы" жөнүндө эмгегинде, ал ошол мезгилде адамдардын сөөктөрүн таап аны терең пайдалануу менен изилдеген.

1890-жылы Голландиялык Эжен Дюбуа Ява маймыл сымал питекантропту тапкан кийин узака созулган дискуссиялардан соң, аны маймылдан адамга өтүп жаткан мезгили деп айтылган. 1907-

жылы бул изилдөө Гейдельберг адамына таандык болгон. Биология илимине чоң салым кошкон дагы бир биолог бул Г.И. Мендель болгон. Ал узак убак тажрыйба жасоонун негизинде буурчактын 22 сортунан 10 миң арчын алган.

1866-1886-ж. И.И. Мечников, О.А. Ковалев менен бирге эволюциялык эмбриологиянын маселелерин иштеп чыккан. 1908-жылы Т. Эрлих менен Нобель сыйлыгын алган.

1831-жылы англиялык табият таануучу Чарлиз Дарвин натуралист катары "Бигл" кемеси менен дүйнө кыдырып (1831-1836-жж.) зоология, ботоника, геология , папеонтология, антропология, этнография боюнча эң көп байкоо жүргүзгөн, саякаттап келгенден кийин, жыйынтыктардын, маалыматтардын негизинде "изилдөөлөр күндөлүгү" 1839-жылы "Каралл Рифтеринин түзүлүшү жана бөлүнүшү", 1842-жылы "Жанар тоолуу аралдарга геологиялык байкоо жүргүзүү" деген эмгектерин жарыялаган. Анын эң көрүнүктүү эмгеги 1859-жылы жарык көргөн "Табигый тандалуу жолу менен түлөрдүн келип чыгуусу же жашоо үчүн күрөштө ыңгайлашкан пародалардын сакталышы " деген изилдөөсү эле.

Биологияда да түп тамырынан берки жылыштар болду. Дарвинизмдин идеялары бара-бара тууралыгын көрсөттү, бирок тукум куучулук механизми жөнүндөгү маселелердин татаал комплекси катарында кала берди. Г.И. Мендель тарабынан тукум куучулуктун кээ бир закондорунун ачылышы жаңы илимдин генетиканын өнүгүшүнө негиз салды. Өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнүн жана коомдун керектөөлөрүнүн жогорулашынын натыйжасындагы XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында физикада, химияда, биялогияда эң зор ачылыштар материянын түзүлүшү, мейкиндик, убакыт, кыймыл, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын эволюциясы, мурастык белгилердин өтүп турушу жөнүндөгү түшүнүктөрдү түп тамырынан бери өзгөрткөн.

Бул замандаштардын аң сезимине өтө зор таасир тийгизген табият таануу илиминдеги чыныгы революция болчу. Мезгилинде анын айрым бир натыйжалары гана практикалык иш аракетке пайдаланылган, бирок кылымдын чегинде жасалган бул ачылыштар XX кылымдын экинчи жарымынын илимий техникалык революциясына карай жол салып отурду. XIX кылымдын аягында билимдердин жаңы тармагы техникалык

илимдер көбүнчө мурдагы мугалимдин илимий жетишкендиктеринин негизинде өндүрүштү өркүндөтүүнүн проблемаларын изилдеген.

XIX кылымдын 60-жылдарында эле англиялык физик Дж. К. Максвелл электр магниттүү талаа теориясын иштеп чыккан, 1880-жылдардын аягында немец физиги Г. Герц лабараториялык шарттарда электромагниттүү толкундарын алган. Орус окмуштуусу А.С. Попов зымсыз байланышуу үчүн электр магниттүү толкундарды таратуунун жана кабыл алуунун жолун тапты жана ага ылайыктуу аспаптарды (бере турган жана кабыл ала турган аспаптар) түздү. Радионун негизи мына ошентип салынган.

Жүз жылдыктын аягында катод нурларынын ачылышы менен нурдануулардын жаңы түрлөрү ачылган. 1895-жылы немец окумуштуусу В.Рентген ар түрдүү предметтерге ар түрдүү даражада өтүп туруучу көзгө көрүнбөгөн нурлардын бар экендигин тапкан. Ал өзү аны икс нурлар деп атаган, азыр ал нурлар өзүнүн атында. Бул электр магнитүү толкундардын түрү "рентген нурлары" деп аталды. 1896-жылы бул кубулуштарды француз физиги А. Беккерель уран туздарын нурланышын изилдеп, урандын атомдору жакын турган телого өтүп кетүүчү нурларды өзүнөн өзү эле чыгара берерин аныктаган.

